ВЕСТНИК

# ПРОСТРАНСТВО УЧЁНЫХ В МИРЕ

ЭЛЕКТРОННЫЙ ПЕРИОДИЧЕСКИЙ НАУЧНЫЙ ЖУРНАЛ



Бишкек - 2026

# ВЕСТНИК ПРОСТРАНСТВО УЧЁНЫХ В МИРЕ / 2026 №2

**Электронный периодический научный журнал**

## ОСНОВНЫЕ РАЗДЕЛЫ:

**01.00.00 ФИЗИКО-МАТЕМАТИЧЕСКИЕ НАУКИ**

**02.00.00 ХИМИЧЕСКИЕ НАУКИ**

**03.00.00 БИОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ**

**04.00.00 ИННОВАЦИОННЫЕ ТЕХОЛОГИИ**

**05.00.00 ТЕХНИЧЕСКИЕ НАУКИ**

**06.00.00 СЕЛЬСКОХОЗЯЙСТВЕННЫЕ НАУКИ**

**07.00.00 ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ И АРХЕОЛОГИЯ**

**08.00.00 ЭКОНОМИЧЕСКИЕ НАУКИ**

**09.00.00 ФИЛОСОФСКИЕ НАУКИ**

**10.00.00 ФИЛОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ**

**11.00.00 ЮРИДИЧЕСКИЕ НАУКИ**

**12.00.00 ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ**

**13.00.00 МЕДИЦИНСКИЕ НАУКИ**

**14.00.00 ИСКУССТВОВЕДЕНИЕ**

**15.00.00 ПСИХОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ**

**16.00.00 СОЦИОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ**

**17.00.00 ПОЛИТОЛОГИЯ**

**18.00.00 КУЛЬТУРОЛОГИЯ**

**19.00.00 ВЕТЕРИНАРНЫЕ НАУКИ**

**20.00.00 НАУКА О ЗЕМЛЕ**

# ВЕСТНИК ПРОСТРАНСТВО УЧЁНЫХ В МИРЕ / 2026 №2

**Электронный периодический научный журнал**

## ГЛАВНЫЙ РЕДАКТОР

**БЕЛЕК УУЛУ ЭСЕНБЕК** – Учредитель компании ОсОО «БЭА ком». Генеральный директор ОсОО «БЭА ком». Главный редактор Вестник пространство учёных в мире. Начальник отдела редакции и наукометрического анализа. Председатель Совета молодых ученых (Бишкек, Кыргызстан)

## ЗАМЕСТИТЕЛЬ ГЛАВНОГО РЕДАКТОРА:

**ЧОРТОМБАЕВ УЛАН ТЫРГООТОВИЧ** – Доктор экономических наук, профессор, директор Кыргызского научно-исследовательского института ирригации при Министерстве сельского хозяйства Кыргызской Республики, заместитель главного редактора журнала Вестник пространство учёных мира (Бишкек, Кыргызстан).

**ЖОРОЕВА АЙНУРА МАМАТОВНА** – Кандидат экономических наук, доцент, начальник отдела науки Джалал - Абадского государственного университета имени Б. Осмонова. Заместитель главного редактора Вестник пространство ученых в мире (Джалал - Абад, Кыргызстан).

**КЕРИМОВ ТОЛОГОН КЕРИМОВИЧ** – Советник Генерального директора ОсОО «БЭА ком», Магистр экономических и политических наук, Заместитель Главного редактора, координатор Вестник пространство ученных в мире (Бишкек, Кыргызстан).

## РЕДАКЦИОННАЯ КОЛЛЕГИЯ:

**Умарова Мария Умаровна** - Доктор экономических наук, профессор, заведующая кафедрой прикладной информатики и информационных технологий Кыргызского национального аграрного университета им. К.И.Скрябина.

**Асаналиев Абдыбек Жекшеевич** - Доктор сельскохозяйственных наук, профессор кафедры растениеводство и защита растений, Кыргызского национального аграрного университета им. К.И.Скрябина

**Чортонбаев Тыргоот Джумадиевич** - Доктор сельскохозяйственных наук, профессор кафедры биотехнологии и химии Кыргызского национального аграрного университета им. К.И. Скрябина

**Омуралиев Нурбек Ашимканович** – Доктор социологических наук, профессор, Центр социальных исследований Национальный академия наук Кыргызской Республики

**Сабирова Умида Фархадовна** – Доктор социологических наук, профессор. Заместитель главного редактора журнала ВАК "Гуманитарные науки". Национальный университет Узбекистана имени Мирзо Улугбека

**Ажибаева Айнура Жакшимбековна -** Доктор педагогических наук, профессор. Таласский государственный университет

**Жумалиев Самат Субанкулович -** Доктор филологических наук, профессор. Таласский государственный университет

**Сулайманова Света Мукашовна -** Доктор физико-математических наук, профессор кафедры прикладная информатика и информационные технологии. Кыргызский национальный аграрный университет им. К.И.Скрябина.

**Тургунбаев Кубанычбек Токтоназарович** - Доктор сельскохозяйственных наук, профессор. Заведующий кафедрой лесоводства и плодоводства факультета агрономии и лесного хозяйства, Кыргызского национального аграрного университета им. К.И.Скрябина

**Жумалиев Тургунбек Жолдошалиевич** - Кандидат физико-математических наук, доцент, Декан факультета Экономики и менеджмента. Кыргызский национальный аграрный университет им. К.И.Скрябина

**Кудайбергенова Жылдыз Абыкановна** - Кандидат педогогических наук наук, доцент. заведующая кафедрой отделения среднего профессионального образования «Информационные технологии» Кыргызского национального аграрного университета им. К.И. Скрябина

**Андашев Улан Турдубекович** - Кандидат юридических наук, доцент кафедры гражданского, трудового и экологического права. Кыргызский национальный университет им. Ж.Баласагына

**Ибраева Нурила Мукашевна** - Кандидат экономических наук, доцент. Заведуюшая отделом аспиантуры и доктарантуры Кыргызского национального аграрного университета им. К.И. Скрябина

**Исмаилова Кульнара Джанчаровна -** Кандидат технических наук наук, доцент кафедры гидротехнического строительства Кыргызского национального аграрного университета им. К.И. Скрябина

**Исмаилов Аскарбек Кожомбекович** - Кандидат юридических наук, доцент, декан факультета Гуманитарных и естественных наук Международного Кувейтского университета

## РАЗДЕЛ: ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ

**УДК 39(575.2)(091)**

**Осмонов Өскөн Джусупбекович**
**Тарых илимдеринин доктору, профессор**
**Член - корреспондент НАН КР**
**К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети**

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН МАТЕРИАЛДЫК МАДАНИЯТЫ (XIX КЫЛЫМДЫН ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫ - XX КЫЛЫМДЫН БАШЫ)

**Аннотация.** *Макалада кыргыз элинин Россия империясына кошклгандан кийин материалдык маданиятынын абалы жана бул тармактагы айрым өзгөрүүлөр баяндалат. Кыргыздардын турак жайынын тиби, айыл-кыштактар, кийим-кече, элдик-колдонмо искусство, салттту тамак-ашы талдоого алынат.*

**Негизги сөздөр:** *материалдык маданият, турак жай, айыл-кыштак, кийим-кече, колдонмо искусство, тамак-аш.*

**Осмонов Оскон Джусупбекович**
**Доктор исторических наук, профессор**
**КР УИАнын корреспондент мүчөсү**
**Кыргызский национальный аграрный университет им. К. И. Скрябина**

# МАТЕРИАЛЬНАЯ КУЛЬТУРА КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА (ВТОРАЯ ПОЛОВИНА XIX ВЕКА - НАЧАЛО XX ВЕКА)

**Аннотация.** *В статье рассматриваются характер состояния и некоторые изменения в материальной культуре кыргызского народа после присоединения к Российской империи. Анализируются виды жилища, одежды, народное прикладное искусство, традиционное блюдо кыргызского народа.*

**Ключевые слова:** *материальная культура, жилище, юрта, айыл, одежда, прикладное искусство, пища.*

**Osmonov Oskon Dzhusupbekovich**
**Corresponding Member of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic,**
**Doctor of Historical Sciences, Professor**

# MATERIAL CULTURE OF THE KYRGYZ PEOPLE (SECOND HALF OF THE 19TH CENTURY - EARLY 20TH CENTURY)

**Abstract.** *This article examines the state and key transformations in the material culture of the Kyrgyz people following their incorporation into the Russian Empire. It analyzes dwelling types, clothing, folk applied arts, and traditional cuisine.*

**Keywords:** *material culture; dwellings; yurt; aiyl (village); clothing; applied arts; traditional cuisine.*

**Кириш сөз.** Материалдык маданиятка турак-жай, тамак-аш, кийим-кече жана үй-тиричилик буюмдары кирет. Көчмөн турмушта жашаган кыргыздардын материалдык маданиятына патриархалдык уруулук түзүлүш менен жашоо-шарты зор таасир тийгизген. XIX кылымдын экинчи жарымында Борбордук Азияны Россия империясынын акырындык менен басып алышы салттуу маданиятка жаңы көрүнүштөрдү киргизген. Ага бир мамлекеттин курамына кирген кыргыз, казак, өзбек, тажик жана орустардын ортосундагы байланыштардын бекемделиши да таасир тийгизген. Бирок, айрым өзгөрүүлөргө карабастан кыргыз элинин маданиятында бирдиктүү этникалык белгилер сакталып калган. XX кылымдын башына чейин кыргыз көчмөндөрүнүн негизги турак жайы боз үй болгон. Анткени, ал тез тигилип, тез чечилген жана көчкөндө унаага жеңил артылган. Боз үйдү жасоого негизинен жыгач менен кийиз колдонулган. Үйдүн негизги бөлүгү-босого, кереге, уук жана түндүгү атайын кургатылып боёлгон талдан жасалган. Керегенин жыгачы кайчылаштыра коюлуп, ашташкан жерлери көзөлгөн. Тешиктен өткөрүлгөн кайыш менен керегенин жыгачтары бири-бирине бекитилген. Мындай кереге тиккенде жазылып, жыйганда оңой бүктөлгөн.

Бир нече бөлүктөн турган кереге бири-бири менен атайын боолор жана таар тизгичтер менен бириктирилген. Түндүк менен кереге ууктар аркылуу бекитилген. Керегеге бекитилген босого эшиктин милдетин аткарган. Кийизден туурдук, үзүк, түндүк жабуу, эшик жабуу жасалган. Туурдук менен кереге курчалса, үзүк ууктардын үстүнө жабылган. Түндүк жабуу менен эшик жабуу атайын боолор аркылуу ачылып жана жабылып турган. Керегенин ички бети чий менен капталган. Боз үйдүн ички бөлүнүшү босого, төр, эр жак, эпчи жак жана коломтодон турат. Босогонун карама-каршы жагын төр дешип, ал жакка ала кийиз, шырдак төшөлүп, жууркан-төшөк жыйылган. Төргө сыйлуу жана улуу адамдар олтурган. Эшиктин сол жагы эр жагы деп аталып, эркектердин шаймандары-ээр токум, курал-жарак камчы ж.б. буюмдар коюлган. Оң тарабы эпчи жагы деп аталып, аялдардын тамак-аш даярдоого керектүү азыктары, идиш-аягы, буюм-тайымдары жана чыгдан жайгашкан. От жагылуучу коломто боз үйдүн ортосунда болгон.

**Материалдар жана ыкмалар.** Макаланы жазууда тарыхты материалисттик түшүнүү концепциясы жетекчиликке алынды. Тарых илиминрде колдонулган тарыхыйлык (историзм), объективдүүлүк, социалдык жактан талдоо, индукция-дедукция, салыштыруу өңдүү принциптер менен ыкмалар колдонулду.

Кыргыз элинин XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылымдын башындагы материалдык маданиятын бир катар окумуштуулар изилдеген. Тарых изилдөөчү М.Чокотегин “Боз үй - байыркы бабаларыбыздын мкрас турак жай” аттуу эмгегинде боз үй, анын жасалышы, тигилиши жана пайдаланышы жөнүндө баяндаган. Тарыхъчы Ө.Сааливдин “Кыргыз элинин салттык материалдык маданияты” деген китеби улуттук баалуулуктарды окуучуларга таанытуу максатында жазылган. Профессор С.Аттокуров “Кыргыздар XVIII кылымда” деп аталган монографиясында кыргыздардын кылым карыткан руханий жана материалдык маданиятынын өзгөчөлүктөрүнө токтолгон. Ал эмгегинде кыргыздардын боз үйлөрдөн турган айылынын жайгашуу тартиби, боз үйлөрдүн жасалгасы, кыргыздардын салттуу кийимдери, тамак-ашы жөнүндө баяндаган. Белгилүү этнограф А.Акматалиевдин “Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү” деген китебинде кыргыз элинин материалдык маданиятына байланыштуу каада-салты, үрп-адаты, ырым-жырымдары жөнүндө кеңири маалымат берилет. Профессор

Дж.Уметаливанын "Киргизский ворсовой ковер" аттуу монографиясы кыргыздардын килем токуу өнөрүн, килемдердин түрлөрүн илимий негизде изилдөөгө арналган.

Кыргыздардын аталган мезгилдеги материалдык маданияты Кыргызстандын тарыхы менен маданиятын чагылдырган энциклопедиялык эмгектерде, окуу китептеринде кыскача баяндалган.

**Изилдөөнүн натыйжасы. Турак жайдын тиби, айыл кыштактар.** Көчмөн кыргыздарда боз үй тибиндеги турак жайдын бир канча түрү болгон. Алсак, сайма алачык, буума алачык, кийиз алачык, жолум үй, чум, өргөө, ак ордо колдонулган. Сайма алачык учу алкакчага бекитилген таякчалардан туруп, сырты кийиз менен жабылган. Буума алачык бир нече түз таякчалардын башы буулуп, учтары тегерек формада жерге коюлуп, үстү жабылган. Керегеси жок ууктарды түндүккө бириктирип тигилгени жолум үй деп аталган. Мындай үйлөрдү жардылар жана малчылар пайдаланышкан. Өргөө менен ак ордо оокаттууларга жана уруу башчыларына таандык болгон. Алар кооз жасалып, конок тосууда, жыйын өткөрүүдө пайдаланылган.

Кыштоолордо боз үйдүн жанына таш короо, бодо мал үчүн бастырма курулган. XIX кылымдын башында кыштоолордо жер төлөлөр салынып, акырындык менен туруктуу жашаган кыштактар пайда болгон. Мындай кыштактар алгач өзбек, тажиктердин таасири менен Кыргызстандын түштүгүндө курулган. Россия империясынын курамына каратылгандан кийин отурукташкан кыргыз кыштактары көбөйгөн. Жер кепелер чийки кирпичтен курулуп, үстү жыгач менен бир, же эки жагына эңкейиш коюлган жана чопо менен жабылган. Эшик-терезеси чакан салынып, ичи, алды чопо менен шыбалган. Үйлөрдүн жанындагы короого мал сарай, бастырма ж.б. керектүү турак жайлар курулган.

**Архитектуралык эстеликтер, мавзолейлер.** Кыргызстанда бизге жеткен көптөгөн архитектуралык эстеликтер – шаарлардын урандылары, мунаралар, кербен-сарайлар жана мавзолейлер (күмбөздөр) бар. Алардын көпчүлүгү Борбордук Азиядагы архитектуралык курулуштардын үлгүсүндө курулган. Археологдордун маалыматы боюнча орто кылымдарда Кыргызстандын аймагында Баласагын (Бурана), Ак-Бешим, Красная Речка, Атбашы, Ош, Өзгөн сыяктуу ондогон ири шаарлар болгон. Монголдордун жортуулу учурунда шаарлар кыйратылып, урандылары гана калган. Шаарлардагы ири архитектуралык курулуштарга мунаралар кирет.

X–XI кылымдарда курулган Бурана жана Өзгөн мунаралары азыркы мезгилге чейин сакталып калган. Бышкан кирпичтерден цилиндр формасында курулган мунаранын бийиктиги 40–50 метрге жеткен. Ичиндеги айлампа түрүндөгү тепкич үстүндөгү аянтчага чыккан. Ал жерден азан чакырылган жана кароолчу аскерлер айлананы кайтарышкан. Бул эстеликтер курулуш өнөрү кыйла өнүккөнүн күбөлөп турат. Буранaнын айланасында үч мавзолей болгон. Ал жерлерге карахандар мамлекетинин башчыларынын сөөктөрү коюлган. Азыркы Ала-Бука районунда Шах-Фазил мавзолейи сакталып калган. Төрт бурчтуу дубалдын үстү түндүк түрүндө жабылган. Ичинде Курандын араб тилиндеги үзүндүлөрү жазылган. Чеберчилик менен курулган эстеликтер Борбордук Азия, анын ичинде Фергана өрөөнүндөгү архитектуралык курулуштарга окшош болгон.

Булардан сырткары соода жолдорунда кербен-сарайлар курулган. Ал жерлерге сапардагы соодагерлер токтошуп, эс алышкан. Археологдор тарабынан Кыргызстанда Ала-Бука, Сан-Таш, Таш-Рабат кербен-сарайлары изилденген. Ички Теңир-Тоодо, Ат-Башыдан 70 чакырым аралыктагы Кара-Коюн коктусунда жайгашкан. Таш-Рабат биздин

күнгө чейин сакталып калган. Бул кербен сарай төрт бурчтук формасында, жалаң таштан курулган. Эстелик XX кылымдын аягында реставрацияланып (оңдолуп), коргоого алынган тарыхый-маданий эстеликтердин тизмесине киргизилген. XIX кылымдын башында кыргыздардын Кокон хандыгынын экинчи жарымында Россиянын курамына кириши менен ахитектуралык курулуштарда өзгөрүүлөр башталган.

Кокон хандыгы тарабынан Кыргызстанда ондогон чептер курулган. Аларда Кокон хандыгынын башкаруучулары жана аскерлери турушуп, жергиликтүү элди башкарышкан. Алардын таасири менен кыргыз уруу башчылары да чептерди (коргон) курушкан. Алсак, Таласта, Чүйдө, Көлдө, Теңир-Тоодо, Кетмен-Төбөдө жана Алайда кыргыз коргондору тургузулган. Бул мезгилде уруу жетекчилерине топурактан, таштан төрт бурчтуу мавзолейлер (күмбөздөр) курулган. XIX кылымдын аягынан темирден жасалган эстеликтер да коюла баштаган. Мезгилдин өтүшү менен күмбөздөрдүн көпчүлүгү жаан-чачындан урап калган. Акыркы мезгилде алар калыбына келтирилип, же жаңы эстеликтер коюлуп жатат.

Архитектуралык эстеликтерге мечиттер менен медреселер да кирет. Алардын басымдуу бөлүгү түштүктө болгон. Мисалы, XIX кылымдын аягында Оштун айланасында эле 147 мечит 6 медресе болгон. Ошко Алымбек датка 1850-жылдардын аягында чоң медресе курулган. XX кылымдын башталышында Кыргызстандын түндүгүндөгү ири манаптар медреселерди курдурушуп, мектептерди ачышкан. Ошентип, кыргыз коомундагы өзгөрүүлөр материалдык маданиятына жаңы көрүнүштөрдүн кире башташына шарт түзгөн. Натыйжада, турак жайдын жаңы түрлөрү, отурукташа баштаган айыл-кыштактар, мавзолей түрүндөгү күмбөздөр, кыргыз коргондору жана чептер пайда болгон.

**Кийим. Салтуу кийим-кече.** Адам баласы пайда болгондон кийин жашоо-шартына жараша ысык-сууктан сактануу жана аялуу жерлерин жашыруу максатында кийимди ойлоп табышкан. Алар алгачкы кийимдерди жаныбарлардын терисинен жана жаратылыш чөп-чаптарынан даярдашкан. Коомдун өнүгүшү менен ар бир эл жашоо-шартына ылайыктуу кийим-кече кийишкен. Көчмөн турмушта, аба ырайы кескин өзгөрүп турган тоолорду мекендеген кыргыздардын салттуу кийим-кечеси жаныбарлардын терисинен жана жүнүнөн даярдалган. Алар кенен жана узун тигилип, атка минүүгө жана жерге олтурууга ылайыкташтырылган. Кийим түрүнө жараша ич жана сырт кийим, баш кийим жана бут кийим деп аталган. Бара-бара алар аткарган милдетине жараша күндөлүк кийим, майрамдык кийим жана каада-салттык кийимдерге бөлүнгөн. Ич кийим Кашкардан жана чет өлкөлөрдөн соодагерлер алып келген кездемелердин түрлөрүнөн тигилген. Сырт кийимди даярдоого кой-козулардын иштетилген терилери менен жапайы айбанаттардын терилери, ошондой эле кой менен төө жүнүнөн даярдалган материалдар пайдаланылган. Баш кийимдерди жүндөн жасалган кийизден, кымбат баалуу айбанаттардын терилери менен козунун көрпөсүнөн тигишкен. Бут кийимге төө, уй жана музоонун терисинен иштетилген кайыш колдонулган. Кыргызстандын Россиянын курамына каратылышы жана коңшу элдер менен байланыштарынын күчөшү кыргыздардын салттуу кийимдерин тигүүдө сырттан келген кездемелердин кеңири таралышына жана алардын түрлөрүнүн өзгөрүшүнө алып келген.

**Эркектердин кийими**. Эркектердин кийимине негизинен көйнөк, ычкырлуу шалбар (шым), бешмант, кемсел, чапан, чепкен, ичик, кементай, тон, тебетей, калпак, топу, өтүк, маасы, кенич, чокой, чарык, кур ж.б. кошумча жасалгалар кирет. Көйнөк ак

түстөгү чыттан же башка кездемеден көкүрөгү ачык бычылып, ага жака кошулуп тигилген. XIX кылымдын аягынан шымдын (шалбар) астынан жука чыттан тигилген дамбал кие башташкан. Анын үстүнө койдун же тоо текенин (кандагай) иштетилген терисинен бели кенен, багелеги ичке бычылган шым кийишкен. Белиндеги ычкыр оңой чечип кийүүгө, ичке этеги өтүктүн кончуна жеңил салууга шарт түзгөн. Кандагай шым өтө бышык болгондуктан эңиш, күрөшкө түшкөн балбандар да кийишкен. Жайкысын таардан же сырттан келген материалдардан тигилген шым колдонулган. Көйнөктүн үстүнөн эркектер узундугу тизеге жетпеген, ичи ичтелген, алды ачык кемсел же бешмант кийишкен. Анын үстүнөн күз, жаз айларында, тоолордо жайында да чапан же чепкен кийилген. Чапан гүлдүү чыттан же сатинден ичине кебез салынып шырылган. Чепкен таардан же кийизден даярдалган. Кышында тон, ичик жана кементай колдонулган. Тон кой, козунун ашатылып, ышкын түп менен боелгон терилеринен, жүнү ичине каратып, кол менен тигилген. Кенен жана узун даярдалган тон күнүмдүк турмушта көчмөндөрдү кышкы ызгаардан сактаган. Ичик дагы кой-козунун, ошондой эле карышкыр, сүлөөсүн, түлкүнүн терисинен даярдалып, сырты бышык мата (материал) менен капталган. Бул сырт кимдерге иймек түрүндөгү жазы жакалар салынган. Кементай төөнүн жана койдун күзгү жүнүнөн бекем бышырылган жука кийизден даярдалган. Адатта ичик менен кементайды уруу башчылары, нарктуу карыялар жана байлар кийишкен.

**Баш кийим.** Баш кийимдерине тебетей, малакай, калпак жана топу кирет. Тебетейдин үстү кымбат баалуу кездеме (баркыт, тукаба, чийбаркыт ж.б.) менен тышталып, жээги аң терси менен капталган. Карматылган терисине жараша "суусар тебетей", "кундуз тебетей", "сүлөөсүн тебетей", "карышкыр тебетей", "түлкү тебетей", "көрнө тебетей" ж.б. деп аталган. Булар сый баш кийимдин катарына кирген. Малакайды малдын терисинен тигишип, катардагы көчмөндөр кышында кийишкен. Калпак-кыргыздардын байыртадан бери кастарлап кийген баш кийими. Ал ак кийизден даярдалып, кышта жылуу, ысыкта салкынды, жаан-чачын менен күндүн ысыгынан сактоого ылайыкташтырылган. Төрт кайыктан кураштырылган калпактын ар түрдүү формалары болгон. Туюк, эки же төрт айчыктуу калпактын кырбуусуна ар түстөгү баркыт, чий баркыт капталган. Сый калпактардын төбөсү бийик келип, маңдай бетине оюу салынган. Топу же такыя кездемеден жарым тоголок формасында тигилип, сырткы баш кийимдин астынан кийилген. Бут кийимдерине өтүк, маасы, кепич, чокой, чарык кирет. Өтүк жана маасы жакшы иштетилген булгаарыдан ултарылган. Биринчисинин таманына катуу кайыш чапталып, артына така бекитилсе, маасы толугу менен жумшак ийилген териден ичтелип тигилген. Анын сыртынан булгаары кепич кийилген. Кепич үй-тиричилигинде сыртка кийип чыгуучу бут кийим да болгон. Чарыкты малчылар чала иштетилген терилерден өздөрү тигип алышкан. Чокойду жүндөн атайын калыпка салып ултарышкан.

**Аялдардын кийимдери**. Аялдардын ич жана сырт кийимдери, баш кийими көп түрдүү болгон. Алсак, баш кийимдерине шөкүлө, элечек, чач кеп, дурия жоолук, бөртмө жоолук, топу, тебетей ж.б. кирет. Шөкүлөнү адатта кыз турмушка чыгып жатканда кийгизишкен. Турмушка чыккандан кийин аял элечек кийген. Ал бир канча оролуп жасалгандыктан 25–30 метрге чейинки жеңил жана жумшак кездеме кеткен. Элечектин астына кийилген баш кийим чач кеп деп аталган. Элечек көркөмдүгү менен гана айырмаланбастан, көчмөн турмушка ылайыктуу келип, суук менен ысыктан, жаан-чачындан коргоп турган. XIX кылымдын аягынан Россия жана кошуна өлкөлөрдөн келген

жоолуктун түрлөрү жаш келиндер тарабынан кеңири колдонула баштаган. Турмушка чыга элек кыздар топу менен тебетейдин түрлөрүн кийишкен. Ачык түстөгү кездемеден тигилген мындай баш кийимдерге үкүнүн канаттары тагылган. Ич кийимдери бычылышы жагынан эркектердикине окшош келген ич көйнөк менен дамбалдан турган.

Сырт кийимдерине көйнөк, чыптама, бешманат, кемсел, чапан, ичик жана белдемчи кирет. Ар түрдүү ачык түстөгү жибектен, ал эми күнүмдүк турмушунда чыттан тигилген көйнөктөр менен кымча бел, кош этек көйнөктөр кеңири таралган. Жаштар кызыл, ак, көк, саргыч, түстөрдү тандашса, улуулары ак жана кара көйнөктөрдү кийишкен. Көйнөктүн үстүнөн дене бойго кыналып тигилген чыптама жана тизеге жеткен кыска жеңдүү бешманат кийилген. Аларда тукаба, баркыт, чийбаркыт ж.б. тыгыз кездемелерден тигишип, алдыңкы бетин күмүш топочулар, акак шурулар менен кооздошкон. Улуттук өзгөчөлүктү көрсөткөн белдемчи кара баркыттан тигилип, ар түрдүү саймалар менен кооздолгон жана жээги баалуу жүндүү тери менен капталган. Ал көйнөктүн сыртынан белге оролуп, жылуукту сактаган. Чапан жана ичиктин жалпы көрүнүшү эркектердикине окшош келип, суук мезгилде кийишкен. Аялдарга негизинен түлкү ичик таандык болгон. Бут кийимдерине булгаары өтүк, бөдөнө өтүк, маасы жана кепич кирген. Аларды өтүкчүлөр атайын буюртма менен ултарышкан. Жаштар такалуу өтүк, улуулар маасы, үстүнөн кепич кийишкен. Кыргыздардын салттуу улуттук кийимдери элдин нарктуу каада-салттарын, көркөм табитин жана эстетикалык туюмунун бийиктигин таасын чагылдырып турат.

**Кыргыздардын көркөм өнөрү.** Кыргыздардын ажайып кооз, бай жана нукура элдик көркөм өнөрү колдонмо мүнөзгө ээ. Андан элдин көркөм дүйнөсүнүн өзгөчөлүгү жана сулуулукту баалагандыгы ачык чагылдырылып турат. Байыртандан бери көчмөн турмушта жашагандыктан кыргыздардын көркөм өнөрү турак-жайынын жасалгасынан, кийиз буюмдарын даярдоодон, килем согуудан, сайма саюудан, үй-тиричилик буюмдарын жасоодон, жыгач иштетүүдөн, темир жана азем буюмдарды, ат жабдыктарын көркөмдөөсүнөн даана көрүнүп турат. Бул буюмдар көчүп-конууга ыңгайлуу жана бекем гана болбостон, элдин эстетикалык талаптарына да жооп берген.

Баардык буюмдар ар түрдүү оймо-чийме, сайма, чегилген же жабыштырылган сүрөттөр менен кооздолгон. Алар негизинен көчмөндөрдүн дүйнөнү кабылдоосун, ички туюмун жана жашоо-турмушун көркөм чагылдырып турат. Көркөм өнөрдүн өнүгүшүнө эл ичинен чыккан таланттуу инсандар белгилүү салым кошушкан. Ишмер жана чыгармачыл аялдарды урматтоо менен “чебер” же “уз” деп аташса, эркектерди жалпы жонунан “уста” дешкен. Алар ич ара “темир уста”, “жыгач уста”, “тери уста”, “күмүш уста” же “зергер” деп бөлүнгөн. Тиричиликтеги көркөм-колдонмо буюмдарды жасоодо жаратылыштан жана мал чарбачылыктан алынган каражаттар пайдаланылган. Алсак, жыгач, темир, чий жаратылыштан, ал эми тери, жүн малдан алынган.

**Көркөм тиричилик буюмдары жана анын кийизден даярдалган буюмдары.** Колдонмо көркөм өнөрдүн эң мыкты үлгүсү боз үй болуп саналат. Боз үйдүн сөөгүн (жыгачтан) жана босого-эшигине түшүрүлгөн кооз чиймелерин жыгач уста жасаган. Калган жасалгасын уз жетектеген аялдар даярдашкан. Биринчи кезекте кийизден үзүк, туурдук, түндүк жана эшик жабдууларын, ичине салганга ала кийиз менен шырдагын, эшилген түстүү жип менен чырмалган чийди ж.б. буюмдарын жасашкан. Эң негизгиси күзгө кыркылган кой жүнүнөн кийиз жасоо болгон. Аны даярдоо үчүн күн жылуу мезгилде уз аял башында турган бир уруктун аялдары, же коңшу-колоңдор ашар

уюштурушкан. Алар жүндү талпактын бетине салышып, табылгы сабоолор менен үлпүлдөтө сабашкан жана анын бир бөлүгүн түрдүү түскө боёшкон. Андан кийин даяр жүндү чийдин бетине салышып, экинчи катмарына түстүү жүндөрдөн оймо түшүрүшкөн. Төшөлгөн жүндүн бетине ысык суу себилип, чийге тыгыз түрүлгөн. Оролгон чийдин ортосунан өткөрүлгөн аркан менен аны ары-бери сүйрөшүп, аялдар же балдар тепкилешкен. Жүн кирип, кийизге айлангандан кийин чийден чыгарышып, бекемдөө үчүн аялдар билек менен басышкан. Андан кийин оролгон кийизди кайнак суу менен бышырышып, күнгө кургатышкан. Мындай түстүү оймо түшүрүлгөн кийиз "ала кийиз" деп аталган.

Ушундай эле ыкма менен ак, боз, күрөң түстөгү жана ар түрдүү калыңдыктагы кийиздер даярдалган. Алар боз үйдүн жабдууларын, кийим-кечектерди, кыргыз калпагын, ат жабдыктарын, үй-тиричиликке керектүү буюмдарды жасоодо колдонулган. Эки түскө боёлгон жука кийизден оймо кесилип алынып, алар белгилүү ыраатта мозаика түрүндө шырылган. Шырылган оймо жука кийиздин бетине бириктирилип, тигиштердин үстүнө түрдүү түстөгү эшилген жиптерди (шоона) бастырышкан. Оймолорду дал келтирүү жана көркөмдөө чебер уздардын колунан чыккан. Дүйнө таанымын көркөм чагылдырган ала кийиз менен шырдак жылуу жана бышык болуп, кылымдар сыноосунан өткөн. Уздар алардын баалуулугун жана көркөмдүгүн арттыруу багытында тынымсыз эмгектенип келишет. Боз үйдү жасалгалоодо түрдүү түстөгү эшилген жүн жиптен көркөм чырмоо менен жасалган чийлердин түрлөрү-чырмалган чий, чыгдан,эшик чий ж.б. буюмдар жасалган. Азыркы Ноокат, Баткен, Лейлек райондорунда сапаттуу жана көркөм килемдерди токушкан. Боёлгон койдун кылчык жүнүнөн килем токуу тажрыйбалуу чебер аялдын жетекчилиги менен ашар ыкмасында жүргүзүлгөн. Кыргыздарда өрмөк согуу жана сайма саюу өнөрлөрү да өнүккөн. Өрмөкчүлөр негизинен жүндөн жасалган жиптен боз үйдүн кооздолгон сызмаларын, куржун, кап, ат жабуу ж.б. үй буюмдарын, ошондой эле таарларды согушкан. Уздар кийимдерге, кездемеден жасалган үй буюмдарына ар түрдүү саймаларды сайышкан. Сайма түшүрүлгөн азем буюмдар жогору бааланган.

**Колдонмо-көркөм устачылык. Темир, жыгач, кайыш иштетүү. Зергер буюмдар.** Кыргыз усталары темирдин түрлөрүнөн, жыгачтан жана булгаарыдан эмгек шаймандарын, азем буюмдарын кооздоп жасашкан. Металл иштетүү кыргыздарга байыртадан бери эле белгилүү болгон. Темир усталар катуу металлдан аскердик курал-жарактарды, эмгек жана үй шаймандарын, зоот кийимдерди, үзөңгү, көмөлдүрүк ж.б. буюмдарды жасашкан. Күмүштөн азем буюмдар-шакек, билерик, сөйкө, топчу, эркектердин кемер куру ж.б. жасалып, ат жабдыктары кооздолгон. Жез, калай жана коргошундан үй-тиричилик буюмдарын, азем жасалгаларды жасап, аларды кооздоого пайдаланышкан. Металлды булгаары көөрүктө арчадан өчүрүлгөн көмүрдү кызыктуу менен ээритишкен. Устада буюмдарды жасоочу балканын түрлөрү, кычкуур, дөшү, аттиш, кайчы, кескич, тешкич, чөйчөк ж.б. шаймандары болгон. Кыргыз усталары жогорку көркөмдүктөгү буюмдарды жасашкандыктан элдин урмат-сыйына ээ болушкан. Кыргыз уламыштарында көркөм кол өнөрчүлүктүн колдоочу пири Дөөтү пайгамбар деп эсептеген.

Жыгач усталар жыгачтын түрлөрүнөн идиш-аяктарды, боз үйдүн сөөгүн (жыгачын), музыкалык аспаптарды, бешиктерди жасашкан жана ээрлерди чабышкан. Алар буюмдарды даярдоодо жыгачтын кандай түрлөрүн пайдаланууну жакшы билишкен. Мисалы, боз үйдүн уук, керегелерин даярдоодо тал колдонулса, комуз чабууда өрүк, ээр чабууда кара жыгач, жаңгак, идиш жасоодо кайың, кара жыгач ж.б. пайдаланылган.

Коздук үчүн буюмдарга оймолор түшүрүлүп, табигый боёктор (жошо,ышкын түп) менен боёлгон. Ат жабдыктарын жасоодо жыгач, кайыш, темир жана күмүш колдонулган. Жыгачтан ээр чабылып, кайыш менен капталган. Үзөңгү, көмөлдүрүк темирден жасалса, жүгөн, куюшкан, басмайыл кайыштан даярдалып, аларды көркөмдөө үчүн үстүнө күмүш жасалгалар тагылган. Мындай көп кырлуу эмгек устадан өзгөчө чеберчиликти талап кылган. Кайыш усталар малдын терисин жыдытып, ийлегенден кийин кайыш, булгаарынын түрлөрүн алышкан. Кайыштан ат жабдыктары, керегени бириктирүүчү көк, канжыга ж.б. даярдалса, булгаары ээр каптоодо, бут кийим ултарууда, кийим-кече ж.б. буюдарды жасоодо колдонулган. Териден идиш-аяктар – сабаа, көөкөр, чөйчөк сыяктуу үй-тиричилик эмеректери да жасалган.

Кыргыз элинин колдонмо көркөм өнөрүнүн өнүгүшүнө кошуна элдер менен болгон мамилеси да белгилүү таасир берген. Алсак, Кыргызстандын түштүгүндөгү көркөм өнөрүнө канатташ жашаган өзбек, тажиктердин оймо-чиймелери да кирген. Ал эми түндүктөгү казактар менен чектеш жашаган кыргыздарда окшош орнаменттер, ар түрлүү буюмдар таралган. Бирок, негизинен кыргыздардын колдонмо көркөм өнөрү улуттук нукура колоритти жана өзгөчөлүктү сактап калган.

**Тамак-аш маданияты.** Көчмөн кыргыздардын кылымдар сыноосунан өткөн тамак-аш даярдоо жана тамактануу маданияты болгон. Мал чарбачылык менен күн көрүп, табият менен шайкеш жашаган көчмөндөрдүн негизги азык катары эт, сүттөн даярдалган түрдүү даамдар жана жапайы өскөн мөмө-жемиштер болгон. Тамак-ашты аялдар даярдашкан. Биринчи орунда кайнатма тамактар турган. Күнүнө үч-төрт ирет тамактанышкан. Эртең мененки тамакка таруу көжө, сүт кесме, жупкан, сүттөлгөн чай, нан, сары май, каймак, айран же кымыз берилген. Түшкү тамакка адатта казанга эт асылып, бышкандан кийин сорпосу өзүнчө ичилип, эти майда тууралып, камырга аралаштырылган. Мындай беш бармак эттин аз, көптүгүнө каралбай жасалган. Кыш мезгилинде бодо малдан согум союлган. Жылкы, уй, топоздун эти атайын сүрсүтүлүп, күнүгө эт асылган. Кечки тамакка да эт азыктары тартылган. Баардык учурда дасторкон үстүндө нан, сары май, каймак коюлуп, суусундукка бозо, кымыз берилген.

Сүттү кайнатып, каймагын алгандан кийин айран уютушкан. Ичилген айрандан калганын баштыкка куюшуп, сүзмө алышкан. Андан курут жасашкан. Курутту азык катары пайдаланышкан жана керек учурда сууга эзип, суусундук катары ичишкен. Айран, сүзмө жана курутту сорпого аралаштырып “ак серке” даярдашкан. Көпчүлүк учурда аларга суу кошуп суусундукка колдонушкан. Топтолгон каймакты казанга сызгырып, сары май алышкан. Аны узакка сактоо үчүн койдун карынына куюшкан. Сүттөн быштак да даярдашкан. Ал эми жылкынын сүтүнөн кымыз жасашкан. Уй, кой-эчки жаңы тууганда сүтүнөн ууз жасашкан. Сүт азыктары көчмөндөрдүн негизги тамак-ашы болуп эсептелген.

Эт, сүт менен бирге кыргыздар жаратылыш байлыктарын кеңири пайдаланышкан. Жаз, жай айларында сооган, сарымсак, ышкын, балтыркан ж.б. пайдалуу чөптөрдү, ал эми күзүндө долоно, карагат, бүлдүркөн, кожогат ж.б. өсүмдүктөрдүн мөмөлөрүн терип жешкен. Мөмөлөрдү кургатышып, дары катары да пайдаланышкан. Буларды өзгөчө өспүрүм балдар жыйнашып, организмди керектүү витаминдер менен камсыз кылышкан. Кыргыздарда калыптанган тамактануу маданияты көчмөн турмушка ылайыкташкан. Эртең мененки тамак мал жайытка чыккандан кийин ичилсе, түшкүсү мал жуушаган маалда, кечки тамак мал короо-жайга киргизилгенден кийин берилген. Бул тартип үйгө

сыйлуу конок келгенде, куда-сөөк күтүүдө, аш-тойлордо бузулуп, күнүнө үч-төрт ирет кой жана жылкынын эти тартылган.

**Эт азыктары**. Кыргыздар колдо кармалган малдын баардык түрлөрүнөн эт азыктарын даярдашкан. Күнүмдүк жашоосунда семиз кой, козу, эчки, улактын этин пайдаланышкан. Аз сандагы конок же жолоочу келген учурда майда жандык союлган. Малдын ар бир жилиги ырааттуу чыгарылып, эркектин улуусуна жамбаш, аялга куймулчак тартылган. Калгандарга ирээти менен кар жилик, кашка жилик, жото жилик, далы, карчыга, тыштуу кабырга, арка тартылган. Күң жилик келинге, кара кабырга кызмат кылгандарга берилген. Төш кызга, баш жер шартына жараша улуусуна же кичүүсүнө ыйгарылган. Ар бир жиликтен ченеми менен кесилип алынган этти кызмат кылгандар майда туурашкан. Ага камыр жана сорпо аралаштырып, беш бармак даярдалган. Аны улуулата алып, колу менен жешкен. Койдун ич этинен жөргөм жасашкан. Кекиртеги менен бирге чыгарылган өпкөгө сүт, сары май же каймак куюп, “олобо” бышырышкан. Боорду жана куйрукту тикелеп кесип жана кабаттап “куйрук-боор” даярдашкан. Бул сый тамактар этке чейин берилген.
Аш-тойлордо жана куда-сөөк күткөндө негизинен тай же чоң жылкы союлган. Жылкынын эти жегенге жеңил жана суукта тоңгон эмес. Ич эти – казы, карта, карын жана жалы сый тамак болгон. Казысын тилкелеп кесип, туздагандан кийин жылкынын ичегисине салып, чучук даярдашкан. Ич эт кенен болсо муздак тамак катары дасторконго коюлган, ал эми көпчүлүк учурда эт менен кошо тартылган. Жылкынын эң сый жилиги – уча. Ал соорусунан атайы чыгарылып, эти майлуу жана жумшак келген. Андан кийинки орунда жамбаш, сый арка, кабырга турган. Жиликтери экиге бөлүнүп тартылган.

Кышында согумга уй, топоз, төө, жылкы союлган. Жиликтелген этти туздашып, атайын ыкма менен сүрсүтүшкөн. Адатта чучук да сүрсүтүлгөн. Кургатылган эт өзгөчө даамдуу келип, узакка сакталган. Кургатылган эт майда тууралып, сары майга аралаштырылган. Ал “гүлазык” деп аталып, жоокерчилик заманда тамак катары колдонушкан. Кыргыздар кошумча азык иретинде кийиктин этин пайдаланышкан. Атып, же капкан менен алган кайберендин этинен мергенчилер кесип алышып, карынга салып “таш кордо” бышырышкан. Белгилүү деңгээлде тоодак, кыргоол ж.б. канаттуулардын эттерин жешкен. Уруу-уруктук түзүлүштөгү кыргыз айылдарында мал союлган учурда боор, жүрөк, моюн ж.б. этинен куурдак жасашкан. Ошентип, кыргыздар эт азыктарын жогору баалашкан жана андан түркүм тамактарды жасашкан.

**Сүт азыктары.** Кыргыздар бээ, уй, топоз, төө, кой жана эчкинин сүтүн ичишкен, андан ар түрдүү азыктарды даярдашкан. Бээнин сүтүнөн кымыз ачытылган. Ал көчмөндөрдүн эң сүйүктүү суусундугу катары эрте жаздан кеч күзгө чейин даярдалган. Уй жана топоздун сүтүнөн уй кымыз, төөнүкүнөн бал кымыз жасашкан. Бул суусумдуктарды чийки сүттөн, идишке куюп бышуу аркылуу даярдашкан. Адатта жылкыдан башка малдын сүтү бышырылган. Бышырылган сүттүн каймагы алынып, жылуу кезинде ачытылган. Андан айран, сүзмө, эжигей, быштак, курут сыяктуу азыктар жасалган. Сүттү көжө, жупка, куурма чай, кесме ж.б. тамактарды даярдоодо колдонушкан. Каймакты сызгыруу аркылуу сары май, бышуу жолу менен жуулган май алышкан. Кой-эчкинин сүтүн көпкө кайнатуу менен коюу сары түстөгү эжигей жасашкан. Ал сырга окшош болуп, күн жылууда көп желген. Уй, кой-эчкинин сүтүнөн жасалган сүзмөдөн курут кургатышкан. Курут кыргыз дасторконуна дайыма коюлуп, жолго чыкканда азык катары алынган. Курут менен сүзмөнү муздак сууга кошуп, чалап даярдашкан. Ал

суусундуктун бир түрү болгон. Сүт кичинекей балдарга көп берилсе, андан жасалган азыктарды баардык курактагылар кеңири колдонушкан. Кыргыз аялдары сүттү кайра иштетүүнүн жана пайдалануунун жолдорун жакшы билишкен.

**Суусундуктун дагы бир түрү бозо болуп эсептелет.** Ал дан азыктары-таруу, жүгөрү жана өндүрүлгөн буудайды (угут) жаргылчакка тартып, бышыруу жана ачытуу жолу менен алынган. Ачыган шакка жылуу суу кошулуп, чыт кездемеге чемени менен салгандан кийин тарткы менен сүзүп алынган. Мындай суусундук кубаттуу болгон жана суук мезгилде көп ичилген. Бозо жана кымыз сый конокторго сөзсүз түрдө ичимдик катары да берилген. XIX кылымдын ортосунан тарта арпа менен жүгөрүнүн данынан жарма жана максым жасай башташкан. Жарма ачытылган эмес, ага айран, сүзмө катыктап суусундук катары ичишкен. Аны ачыткандан кийинкиси максым да суусундуктун катарына кирген. Алар дандан жасалгандыктан бир эле мезгилде тамак да болгон. Ошентип кыргыз тамак-ашы көп түрдүү, даамдуу жана калориялуу келген. Алар азыркы медицинанын талаптарына жооп берип, ден соолуктун чың болушуна шарт түзгөн.

## Корутунду

Жыйынтыктап айтканда, XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башындагы кыргыз элинин материалдык маданияты көчмөн турмуштун өзгөчөлүктөрүнө ылайык калыптанып, ошол эле учурда тарыхый-саясий өзгөрүүлөрдүн таасири астында өнүккөн. Кыргыздардын турак жайы, айрыкча боз үй, алардын жашоо образына толук жооп берген универсалдуу архитектуралык чечим катары өз маанисин сактап калган. Ушул мезгилде отурукташуу процесстеринин күчөшү менен бирге туруктуу кыштактар жана жаңы типтеги турак жайлар пайда боло баштаган. Кийим-кече, тамак-аш жана үй-тиричилик буюмдары табигый шартка жана чарбалык ишмердүүлүккө тыгыз байланышта өнүгүп, улуттук өзгөчөлүктү сактап келген. Элдик колдонмо көркөм өнөрү – кыргыз элинин эстетикалык табитин жана дүйнө таанымын чагылдырган маанилүү тармак катары жогорку деңгээлде өнүккөн. Кийиз буюмдары, килем токуу, зергерчилик жана устачылык өнөрлөр элдин чыгармачылык потенциалын айкын көрсөткөн.

Россия империясынын курамына кирүү менен кыргыздардын материалдык маданиятына жаңы элементтер кирип, отурукташуу, соода байланыштары жана коңшу элдер менен маданий алакалар күчөгөн. Натыйжада салттуу маданият айрым өзгөрүүлөргө дуушар болгону менен, өзүнүн негизги этникалык өзгөчөлүктөрүн сактап калган. Ошентип, каралып жаткан мезгилде кыргыз элинин материалдык маданияты тарыхый мурастын уландысы катары өнүгүп, улуттук иденттүүлүктү сактоодо жана коомдун социалдык-экономикалык турмушунда маанилүү роль ойногону аныкталды.

**Колдонулган адабияттар**


1. Чокотегин М. Боз үй-байыркы бабаларыбыздын мурас турак жай. – Б., 2007. -56 бет.
2. Саалаев Ө. Кыргыз элинин салттык материалдык маданияты. – Б., 2016. – 104 бет.
3. Аттокуров С**.** Кыргыздар XVIII кылымда. – Б. 2002. – 152 бет.
4. Акматалиев А. Кыргыздардын көөнөрбөс дөөлөттөрү. – Б., 2000. – 348 бет.
5. Уметалиева Дж. Киргизский ворсовой кавер. Ф., 1966. -100 с.
6. Кыргызстан: энциклопедия. 8-том. – 2015. 512-531-беттер.
7. Осмонов Ө.Дж. Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхы (IX кылымдан XX кылымдын башына чейин. – Б., 2025. – 202-213 – беттер.

УДК 94 (575.2)

Халматов К. А., Давлатбекова Д. Д.

# ТҮШТҮК КЫРГЫЗСТАНДА БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ӨНҮГҮҮ ЖОЛУ ЖАНА ЖАЛАЛ-АБАДДАГЫ ПЕДАГОГИКАЛЫК ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН ТАРЫХЫ

Халматов К. А., Давлатбекова Д. Д.

# ПУТЬ РАЗВИТИЯ ОБРАЗОВАНИЯ В ЮЖНОМ КЫРГЫЗСТАНЕ И ИСТОРИЯ ПЕДАГОГИЧЕСКИХ ШКОЛ В ДЖАЛАЛ-АБАДЕ

Khalmatov K. A., Davlatbekova D. D.

# THE DEVELOPMENT OF EDUCATION IN SOUTHERN KYRGYZSTAN AND THE HISTORY OF PEDAGOGICAL SCHOOLS IN JALAL-ABAD

**Аннотация.** *Бул макалада Түштүк Кыргызстандагы билим берүү системасынын калыптанышы жана өнүгүү этаптары тарыхый аспектте талданат. Изилдөө IX кылымдан баштап бүгүнкү күнгө чейинки мезгилди камтыйт. Алгачкы билим берүү формалары катары диний мектептер менен медреселердин ролу каралып, алардын коомдогу орду белгиленет. XIX кылымдын экинчи жарымында орус-тузем мектептеринин ачылышы менен билим берүүдө жаңы багыт пайда болгону көрсөтүлөт. Совет мезгилинде сабатсыздыкты жоюу, мугалимдерди даярдоо жана билим берүү системасын кеңейтүү процесстери өзгөчө баса белгиленет. Макалада Жалал-Абаддагы педагогикалык окуу жайлардын, айрыкча педагогикалык техникумдун жана мугалимдер институтунун тарыхый өнүгүүсү кеңири чагылдырылган. Ошондой эле бул окуу жайлар улуттук кадрларды даярдоодо маанилүү роль ойногону белгиленет. Эгемендүүлүк мезгилинде билим берүү тармагындагы реформалар жана жогорку окуу жайлардын ролу талданат. Изилдөөнүн жыйынтыгында Түштүк Кыргызстандагы билим берүү системасынын өнүгүүсү коомдун социалдык-экономикалык өсүшү менен тыгыз байланышта экендиги аныкталат.*

**Негизги сөздөр:** *билим берүү, Түштүк Кыргызстан, педагогикалык окуу жайлар, Жалал-Абад, тарых, медресе, орус-тузем мектептери, мугалимдерди даярдоо, агартуу, реформа.*

**Аннотация.** *В статье рассматриваются этапы становления и развития системы образования в Южном Кыргызстане в историческом аспекте. Исследование охватывает период с IX века до современности. Особое внимание уделено первоначальным формам образования — мусульманским школам и медресе, а также их роли в обществе. Показано, что во второй половине XIX века с открытием русско-туземных школ начался новый этап развития образования. В советский период ключевыми направлениями стали ликвидация неграмотности, подготовка педагогических кадров и расширение образовательной сети. В статье подробно освещается история педагогических учебных заведений Джалал-Абада, включая педагогический техникум и учительский институт. Подчеркивается их значительная роль в подготовке национальных кадров. Также анализируются реформы в сфере образования в период независимости и усиление роли высших учебных заведений. В результате исследования установлено, что развитие*

*системы образования в Южном Кыргызстане тесно связано с социально-экономическим развитием региона.*

**Ключевые слова:** *образование, Южный Кыргызстан, педагогические учебные заведения, Джалал-Абад, история, медресе, русско-туземные школы, подготовка учителей, просвещение, реформы.*

**Abstract.** *This article examines the formation and development of the education system in Southern Kyrgyzstan from a historical perspective. The study covers the period from the 9th century to the present day. Special attention is given to early forms of education, including Muslim schools and madrasas, and their role in society. It is shown that in the second half of the 19th century, the establishment of Russian-native schools marked a new stage in educational development. During the Soviet period, major efforts were directed toward eliminating illiteracy, training teachers, and expanding the educational system. The article provides a detailed analysis of the history of pedagogical institutions in Jalal-Abad, including the pedagogical college and teacher training institute. Their important role in the preparation of national specialists is emphasized. The reforms in the education system during the independence period and the increasing role of higher education institutions are also analyzed. The study concludes that the development of education in Southern Kyrgyzstan is closely linked to the socio-economic progress of the region.*

**Keywords:** *education, Southern Kyrgyzstan, pedagogical institutions, Jalal-Abad, history, madrasa, Russian-native schools, teacher training, enlightenment, reforms*

**Кириш сөз.** Элдин тагдыры – анын билим деңгээли менен аныкталат. Билим бар жерде аң-сезим бар, аң-сезим бар жерде өнүгүү бар. Кыргыз эли байыртадан эле «Билимдүүгө дүйнө жарык» деп, илимди ыйык туткан. Түштүк Кыргызстандагы агартуу ишинин тарыхы да дал ушул улуттук руханий мурастын уландысы болуп эсептелет [Айтманбетов Д, 1961: 176 б].

IX-кылымдын экинчи жарымынан тартып XX-кылымдын башына чейинки мезгилде аймактагы билим берүү иши татаал шарттарда өнүккөн. Көчмөн турмуш, диний борборлордон алыстыгы, тоолуу аймактардын катаал шарты билим берүүнүн кеңири жайылышына тоскоол болгон. Ошого карабастан эл арасынан чыккан ойчулдар, молдолор, агартуучулар билимдин үрөөнүн сээп келишкен [Бекбоев, 2002:34].

**Алгачкы мусулман мектептери жана агартуу салттары**

Түштүк Кыргызстанда XIX-кылымда билим берүү негизинен диний мүнөздө жүргүзүлгөн. Мектеп-медреселер элдин отурукташкан жерлеринде ачылып, балдарга араб арибин, куран окууну, шарият негиздерин үйрөтүшкөн [Шамсутдинов, Расулов, 1995:12].

Ош шаары XIX-кылымдын 70-жылдарында эле 150 мечитке жана бир нече медресеге ээ болгон. Медреселерде молдолор, диний кызматкерлер даярдалган. Алгачкы мугалимдер Бухара, Кокон, Хива сыяктуу ислам маданияты өнүккөн борборлордон билим алып келишкен [Арзыгулова, 2000:132].

Кыргыз элинин сабаттуулугу тууралуу совет доорунда бир жактуу пикирлер айтылып келген. Бирок тарыхый фактылар бул көз карашты толук четке кагат. Жусуп Баласагын, Махмуд Кашгари, Сайф ад-Дин Аксыкенти сыяктуу даанышмандар кыргыз элинин жазма маданияты терең экенин далилдеп турат [Баласагын, 1993:45; Кашгари, 1991:78].

**Орус-тузем мектептери жана жаңы агартуу багыты**

XIX-кылымдын экинчи жарымында падышалык Орусиянын колониялык саясатынын алкагында жаңы типтеги мектептер ачыла баштаган. Орус-тузем мектептери жергиликтүү калктын балдарына орус тилин үйрөтүү, арифметика, жазуу сабаттуулугун калыптандыруу максатын көздөгөн [Айтмамбетов, 1961:64].

Бул мектептерде сабак эки бөлүккө бөлүнгөн:

• биринчи бөлүгүндө орус мугалими орус тилинде сабак өтсө;

• экинчи бөлүгүндө молдо ислам дини боюнча билим берген [Бендриков, 1960:83].

Колониялык максаттарга карабастан, дал ушул мектептерден кыргыздын келечектеги чыгаан инсандары билим алышкан. Алардын катарында Касым Тыныстанов, Хусаин Карасаев, Абдыкадыр Сыдыков, Төрөкул Айтматов сыяктуу көрүнүктүү мамлекеттик жана илимий ишмерлер болгон [Тыныстанов, 1991:52; Сыдыков, 1970:91].

**Совет бийлигинин алгачкы жылдарындагы агартуу иши**

1917-жылдан кийин өлкөдө сабатсыздыкты жоюу мамлекеттик деңгээлде колго алынган. Түштүк Кыргызстан, анын ичинде Жалал-Абад аймагы бул процесстин активдүү борборуна айланган [Кыргыз ССР тарыхы, 1986:214].

1918–1919-жылдары Жалал-Абадда алты класстуу мектеп ачылып, педагогикалык курстар уюштурулган. Райондук элге билим берүү бөлүмү түзүлүп, мугалимдерди даярдоо иши системалуу мүнөз ала баштаган [Самарбекова, 1996:16].

1920-жылдары кыска мөөнөттүү педагогикалык курстар өткөрүлүп, жергиликтүү жаштар мугалимдик кесипке даярдалган. Бул курстар эл арасындагы сабатсыздыкты жоюуда олуттуу роль ойногон [Осмонкулов, 1974:23].

**XX-кылымдын ортосунда билим берүү системасынын кеңейиши**

XX-кылымдын ортосунда Түштүк Кыргызстанда билим берүү системасынын кеңейиши байкала баштаган. Бул мезгилде аймакта жалпы билим берүүчү мектептердин саны көбөйүп, билим берүү тармагында иштеген адистерге болгон муктаждык да өсө баштаган. Ошондуктан педагогикалык окуу жайлардын ишмердүүлүгү күчөтүлүп, мугалимдерди даярдоо иши мамлекеттик деңгээлде колдоого алынган [Бекбоев, 2002:210].

1950–1960-жылдары Жалал-Абад облусунда билим берүү мекемелеринин материалдык базасы да чыңдала баштаган. Жаңы мектеп имараттары курулуп, окуу класстары окуу куралдары менен камсыз кылынган. Бул мезгилде билим берүү системасына жаңы окутуу методдору киргизилип, окуучулардын билим деңгээлин жогорулатууга өзгөчө көңүл бурулган [Кыргыз ССР тарыхы, 1986:335].

**Аймактагы орто кесиптик билим берүү мекемелеринин ролу**

Түштүк Кыргызстанда билим берүү системасынын өнүгүшүндө орто кесиптик окуу жайлар да маанилүү роль ойногон. XX-кылымдын экинчи жарымында аймакта техникумдар жана кесиптик-техникалык окуу жайлар ачылып, алар экономика үчүн керектүү адистерди даярдоого багытталган.

Жалал-Абад облусунда зооветеринардык техникум, айыл чарба техникуму, ошондой эле бир катар кесиптик-техникалык окуу жайлар иштеп, жаштарды практикалык кесиптерге даярдоого көмөктөшкөн. Бул окуу жайларда окуган студенттер өндүрүштүк практикалардан өтүп, алган билимдерин иш жүзүндө колдонууга мүмкүнчүлүк алышкан [Осмонкулов, 1974:35].

**Билим берүү системасында улуттук кадрларды даярдоо**

Түштүк Кыргызстандагы билим берүү мекемелеринин негизги максаттарынын бири – улуттук кадрларды даярдоо болгон. Совет мезгилинде аймактагы мектептерде жана жогорку окуу жайларда кыргыз тилинде билим берүү акырындык менен кеңейип, жергиликтүү калктын балдары үчүн билим алуу мүмкүнчүлүктөрү көбөйгөн.

Аймактагы педагогикалык окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрү өлкөнүн ар кайсы аймактарындагы мектептерде иштеп, билим берүү системасын өнүктүрүүгө салым кошкон. Алардын көпчүлүгү кийин белгилүү илимпоздор, жазуучулар жана коомдук ишмерлер болуп чыгышкан [Сыдыков, 1970:156].

**Эгемендүүлүк мезгилиндеги билим берүү реформалары**

1991-жылы Кыргыз Республикасы эгемендүүлүк алгандан кийин билим берүү системасында олуттуу өзгөрүүлөр башталган. Жаңы билим берүү стандарттары иштелип чыгып, билим берүү мазмунун жаңылоо иштери жүргүзүлгөн.

Бул мезгилде жогорку окуу жайлардын ролу дагы да күчөп, алар илимий изилдөө иштерин жүргүзүү менен бирге өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүшүнө салым кошо баштаган. Жалал-Абад мамлекеттик университети да ушул процесстердин алкагында аймактагы билим берүү жана илим борборлорунун бири катары өнүгүп келет [Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, 2010:168].

**Жалал-Абад педагогикалык техникуму – тарыхый очок катары**

Жалал-Абад педагогикалык окуу жайынын башаты 1922-жылы Ош шаарында уюштурулган мугалимдерди даярдоочу бир жылдык курстан башталат [Бекбоев, 2002:156].

1924-жылы ал педагогикалык техникум болуп өзгөртүлүп, 1926-жылы Жалал-Абад шаарына көчүрүлгөн. Дал ушул окуу жай Түштүк Кыргызстан үчүн улуттук кадрларды даярдоонун негизги борборуна айланган [Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, 2010:84].

1929-жылы алгачкы бүтүрүүчүлөр «Эл мугалими» деген наам менен мектептерге жөнөтүлгөн. Алардын катарында Темиркул Уметалиев, Жоомарт Бөкөнбаев сыяктуу кийин элге таанылган инсандар болгон [Уметалиев, 1988:41].

Педтехникумдун алгачкы мугалимдери өз ишине берилген, чыгармачыл, улуттук аң-сезими бийик педагогдор болушкан. Алардын арасында Хусаин Карасаев, Азиз Исмаилов, Гапар Айтиев сыяктуу кийин илимде жана маданиятта чоң из калтырган инсандар бар [Карасаев, 1984:77].

**Согуш жылдарындагы билим берүүнүн абалы**

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында окуу жайдын имараты госпиталь катары пайдаланылган. Мугалимдер менен студенттердин көпчүлүгү фронтко аттанышкан. Айрымдары баатырдык менен курман болушса, айрымдары орден-медалдар менен кайтып келишкен [Токтогонов, 1972:22].

Ошого карабастан билим берүү иши токтогон эмес. Согуш жылдарында да жүздөгөн мугалимдер даярдалып, мектептерге жөнөтүлгөн [Кыргыз ССР тарыхы, 1986:318].

**Жалал-Абад мугалимдер институту**

1948-жылы Кыргыз ССР Министрлер Советинин токтому менен Жалал-Абад мугалимдер институту түзүлгөн [Токтогонов, 1972:18].

Институтта физика-математика, тил жана адабият, марксизм-ленинизм кафедралары иш алып барган.

1949–1954-жылдары институт жүздөгөн мугалимдерди даярдап чыгарган [Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, 2010:96].

1955-жылы институт жоюлуп, анын базасында кийинки окуу жайлар өнүгүүсүн уланткан.

**Жалал-Абад мамлекеттик университетинин түптөлүшү**

Жалал-Абад педагогикалык окуу жайынын тарыхый өнүгүүсү бара-бара жогорку билим берүү деңгээлине жеткирди. Ушул окуу жайдын негизинде Жалал-Абад мамлекеттик университети калыптанды.

Окуу жай 1926–1996-жылдары 32 миңге жакын орто билимдүү адистерди даярдаган. Алардын арасында Кыргыз Эл жазуучулары, илим докторлору, профессорлор, мамлекеттик ишмерлер, сүрөтчүлөр, коомдук ишмерлер бар [Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги, 2010:102].

## Колдонулган адабияттар


1. Айтманбетов Д. Дореволюционные школы в Киргизии. – Фрунзе: Изд-во АН Кирг. ССР, 1961. – 176 б.
2. Айтматов Т. Тандалган чыгармалар. – Бишкек: Кыргызстан, 1982. – 512 б.
3. Айтмамбетов Д. Дореволюционные школы в Киргизии. – Фрунзе: Изд-во АН Кирг. ССР, 1961. – 128 б.
4. Арзыгулова С. Состояние ислама в колониальном Туркестане (сер. XIX – нач. XX вв.) // Ош и Фергана: Археология, новое время, культурогенез, этногенез. – Вып. 4. – Бишкек: Учкун, 2000. – 132 б.
5. Баласагын Ж. Кутадгу билиг. – Бишкек: Адабият, 1993. – 560 б.
6. Байгазиев С. Ала-Тоодогу агартуунун кыскача тарыхынын очерктери. – Бишкек, 2005. – 24 б.
7. Бекбоев И. Б. Кыргызстанда билим берүү тарыхы. – Бишкек: Илим, 2002. – 320 б.
8. Бендриков К. Е. Очерки по развитию народного образования в Туркестане (1865–1924 гг.). – Москва, 1960. – 128 б.
9. Джафарзаде А. М. Азербайджанско-киргизские педагогические связи в XIX – начале XX в. // Русский язык в киргизской школе. – 1970. – № 5. – 50-б.
10. Карасаев Х. Тандалган эмгектер. – Бишкек: Кыргызстан, 1984. – 400 б.
11. Кашгари М. Дивану лугат ат-түрк. – Бишкек: Мектеп, 1991. – 576 б.
12. Комаров В. Т. Из истории организации народного образования в дореволюционном Узбекистане (1865–1917 гг.). – Ташкент, 1966. – 90 б.
13. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги. Кыргызстандагы билим берүү системасынын өнүгүү тарыхы боюнча материалдар. – Бишкек, 2010. – 210 б.
14. Кыргыз ССР тарыхы. 2-том. – Фрунзе: Кыргызстан, 1986. – 480 б.
15. Мамытов С. А. Кыргызско-татарские литературные связи второй половины XIX – начале XX в. – Бишкек, 1999. – 72 б.
16. Осмонкулов А. Кыргызстанда эл агартуу иштеринин жана эне тилин окутуунун тарыхынан. – Фрунзе, 1974. – 38 б.
17. Рыскулова Г. У., Сатыбалдыева Г. Ш. Идеи воспитания детей в эпосе «Манас» // Вестник Жалал-Абадского государственного университета. – 2015. – № 1(30). – С. 202–207.

18. Рыскулова Г. У., Сатыбалдыева Г. Ш. Барпы Алыкулов – народный педагог, истинный воспитатель // Вестник Жалал-Абадского государственного университета. – 2015. – № 1(30). – С. 207–212.
19. Рыскулова Г. У., Сатыбалдыева Г. Ш. (ошол эле авторлор жогорудагы макалалар).
20. Самарбекова А. Сабатсыздыкты жоюудагы алгачкы кадамдар // Кыргыз китепканасы. – 1996. – № 4. – 16-б.
21. Сыдыков А. Кыргыз элинин агартуу тарыхынан. – Фрунзе: Кыргызстан, 1970. – 256 б.
22. Токтогонов С. А. Становление и развитие социалистической культуры советского Кыргызстана (1917–1958 гг.). – Фрунзе, 1972. – 22 б.
23. Тыныстанов К. Тандалган эмгектер. – Бишкек: Илим, 1991. – 350 б.
24. Уметалиев Т. Чыгармалар жыйнагы. – Бишкек: Адабият, 1988. – 420 б.
25. Шамсутдинов Р., Расулов Б. История школ и медресе Туркестана. – Андижан, 1995. – 12 б.
26. Халматов К. Мырзакул болуш. Жалал-Абад, билимкана. 2014, 56-бб.

**Авторлор жөнүндө маалымат:**

**Халматов Кудратбек Абдувохобович** – Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Жалал-Абад шаары, Кыргыз Республикасы, т.и.к., ага окутуучу, 0552404460. kudrat-73@mail.ru

**Халматов Кудратбек Абдувохобович** - Жалал-Абадский государственный университет имени Б. Осмонова, город Джалал-Абад, Кыргызская Республика,
к.и.н., старший преподаватель, 0552404460, kudrat-73@mail.ru

**Khalmatov Kudratbek Abduvokobovich** - Jalal-Abad State University named after B. Osmonov, Jalal-Abad city, Kyrgyz Republic,
Ph.D., Senior Lecturer, 0552404460, kudrat-73@mail.ru

**Давлатбекова Динара Давлатбековна,** Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад шаары, магистпант, davlatbekovadinara3@mail.ru, + 996 776 89 09 09

**Давлатбекова Динара Давлатбековна,** Жалал-Абадский государственный университет имени Б. Осмонова, Кыргызская Республика, город Жалал-Абад, магистрант, davlatbekovadinara3@mail.ru, , + 996 776 89 09

**Davlatbekova Dinara Davlatbekovna,** B. Osmonov Jalal-Abad State University, Kyrgyz Republic, Jalal-Abad ci, davlatbekovadinara3@mail.ru, + 996 776 89 09

**УДК 94.37.575.1**

**Темирова С. М.**

# К. П. ФОН КАУФМАНДЫН ТҮРКСТАНДА ОРУСИЯЛЫК БИЛИМ СИСТЕМАСЫН ТҮЗҮҮДӨГҮ ОРДУ ЖАНА РОЛУ

**Темирова С. М.**

# МЕСТО И РОЛЬ К. П. ФОН КАУФМАНА В СОЗДАНИИ РОССИЙСКОЙ СИСТЕМЫ ОБРАЗОВАНИЯ В ТУРКЕСТАНЕ

**Temirova S. M.**

# THE PLACE AND ROLE OF K. P. FON KAUFMAN IN THE CREATION OF THE RUSSIAN EDUCATION SYSTEM IN TURKESTAN

**Аннотация.** *Макала Россия империясы тарабынан Түркстанда орустук билим берүү системасын орнотуу процессинде генерал-губернатор Константин Петрович фон Кауфмандын ишмердүүлүгүнө арналган.Орус империясы Түркстандагы билим берүү системасын орнотууда жергиликтүү калкты орус маданиятына жана баалуулуктарына ылайыкташтырууга аракет кылган. Билим берүү стратегиясын иште чыгуу боюнча К.П. Фон Кауфмандын ойлору жана пландары болгон.Анын бул багыттагы караштары жана ишмердүүлүктөрү жергиликтүү калктардын рухий турмушуна кийлигишпөө саясатына негизделген. Ал орус-тузем мектептерин түзүүнү жана анын жардамы менен жергиликтүү калкты империяга берилгендиктин духунда тарбиялоону көздөгөн.Анын бул ойлору көзү өткөндөн кийин кеңири ишке ашырылган.Макалада фон Кауфмандын орусиялык билим берүү системасын орнотуудагы орду жана ролуна баа берүүгө аракеттер жасалды.*

**Ачкыч сөздөр:** *К.П. Кауфман, Түркстан, орусиялык билим берүү, система, орду, ролу.*

**Аннотация.** *Статья посвящена деятельности генерал-губернатора Константина Петровича фон Кауфмана в процессе становления Российской империей системы российского образования в Туркестане. Создавая систему образования в Туркестане, Российская империя стремилась адаптировать местное население к русской культуре. К.П. У фон Кауфмана были мысли и планы по реализации образовательной стратегии.Его взгляды и деятельность в этом направлении основывались на политике невмешательства в духовную жизнь местного населения. Он намеревался создать русско-туземные школы и с их помощью воспитывать местное население в духе преданности к империи. Его идеи получили широкое распространение после его смерти. В статье предпринята попытка оценить место и роль фон Кауфмана в становлении российской системы образования.*

**Ключевые слова**: *К.П. Кауфман, Туркестан, русское образование, система, место, роль.*

**Annotation.** *The article is devoted to the activities of Governor General Konstantin Petrovich von Kaufman in the process of establishing the Russian education system in Turkestan by the Russian Empire. By creating an education system in Turkestan, the Russian Empire*

*sought to adapt the local population to Russian culture. K.P. von Kaufmann had thoughts and plans for the implementation of the educational strategy.His views and activities in this direction were based on a policy of non-interference in the spiritual life of the local population. He intended to create Russian-native schools and, with their help, educate the local population in the spirit of devotion to the empire.His ideas became widespread after his death. The article attempts to assess the place and role of von Kaufmann in the formation of the Russian education system.*

**Key words:** *K .P. Kaufman, Turkestan, Russian education, system, place, role.*

**Кириш сөз.** Тарых таразасында бир жактуу гана жакшы жактары же тескерисинче өнчөй жаман жактары гана айтылып келаткан инсандар жокко эсе. Мындай баа берүүлөр анын ишмердүүлүгүнүн кайсы бир өңүтүнүн каралып жаткандыгына, мезгил убакыт ченемдерине жана автордун субьективдүү ой жорууларына байланыштуу экендиги айкын. Ушул өнүттө тарыхтын таасын баасын алууда талаш-тартыш жараткан инсандардын катарына Түркстан аймагын каратуучусу жана түзүүчүсү Константин Петрович фон Кауфманды кошууга болот. Бир катар изилдөөлөрдө анын катышуусу менен сүйлөшүүлөр жана согуш аракеттери аркылуу Түркстандын бир топ ээликтери каратылып, Россиянын курамына киргендиктери даңазаланат же тескерисинча ага айып тагууга негиз болот. “Кауфманга тагылган эң кеңири таралган айып – анын “колонизатордук” саясаты, жергиликтүү калкка болгон ырайымсыздыгы ж.б. Анын Кокон хандыгына каршы аракети, жыйынтыгында бул мамлекеттин жок болушу жана 1876-жылы Түркстан крайынын аймагына бириктирилишине алып келгендиги «жазалоочу» катары мүнөздөлөт, ал эми да анын кол алдындагы М.Д.Скобелевдин ырайымсыз аракеттери үчүн айыпталууда Кауфман да күнөөлөнөт”[7, 168-169]. Албетте бул инсан биринчи кезекте мамлекеттик ишмер болгон жана орус императорунун көрсөтмөлөрүн жоопкерчилик менен аткарган. Бул жогоруда сөзгө алганыбыздай маселенин бир тарабы. Экинчи тараптан генерал-губернатор аннексияланган аймактарды талап-тоноо менен эмес, бул аймакты өнүктүрүү менен алектенгендиги анын өтөлгөлүү иштеринин өңүтүн ачып берет. Алардын бири аталган инсандын Түркстанда орорчулук орустук окуу системасынынын стратегиясын түзүүдөгү омоктуу ойлорунун жана аны орнотуудагы ишмердүүлүгү болуп саналат. Маалым болгондой ал тарабынан мурдагы жардамчысы П. Хомутовго 1867-жылдын 7-ноябрынан 1881-жылдын 25-мартына чейинки убактарды камтыган “Проект всеподданнейшего отчета ген.-адьютанта К. П. фон Кауфмана I по гражданскому управлению и устройству в областях Туркестанского генерал-губернаторства” аттуу документ даярдоого көрсөтмө берилген. Эмгек аяктап калган мезгилде оорусунун күчөп кеткендигине байланыштуу “Катнаш жолдору жана курулуштар “Элге билим берүү, эл адеби жана корутунду” бөлүгү ал тарабынан окулуп жактырылган, бирок кол коюлбагандыгы маалым. “XIX кылымдын аягы XX кылымдын башындагы Түркстан чөлкөмүнүн саясий, экономикалык жана маданий өнүгүүсү боюнча эң маанилүү тарыхый булактардын бири катары да караган изилдөөлөр белгилүү[5, 273-284]. Көлөмдүү отчет таризиндеги бул эмгекте Түркстанда окуу-агартуучулук иштердин тутумун түзүүнүн колго алынышы тууралуу даректүү маалыматтар берилген.Ал бул маселеге киришүүдө “Крайга келип андагы элге билим берүүнүн абалын билгенден кийин мен аскер-губернаторлорго сунуштарым менен кайрылып, бул предметке өзгөчө маани берип кароолорун эскертип: 1.Орустар жашаган аймактарда башталгыч мектептерин ачуу;

2. Коомчулукту кеткен чыгымдарды жабууга тартуу;
3.Мектептерге кол өнөчүлүккө үйрөтүүнү киийрүү;
4.Мектептерди бөтөн элдердин балдарына жеткиликтүү кылуу;
5. Мүмкүнчүлкүккө жараша аялдар арасында билим берүүнү жайылтуу боюнча орус элдик мектептерин уюштуруу үчүн жакынкы милдеттерди көрсөттүм" [4, 433-434],- деп белгилеген.Анын айтымында дал ушул көрөтмөлөрдүн аткарылышы крайдагы билим берүү системасынын башатынын өзөгүн түзүп калган. Комиссия карап чыккандан кийин анын билим берүү долбоору тууралуу ойлору 1873-жылдын аягында кароого коюлган."Долбоордун негизинде мусулман калктарын орустар менен бириктирүүдө туземдиктердин учурдагы рухий жана билим берүү мекемелерине кийлигишпөө принцибин кармануу сунушталды. Диний маселеге тийбестен бөтөн элдердин орустар менен бирге окуучу окуу мекемелерин ачуу сунушталды"[4,425-436]'- деп белгиленген отчетто. Долбоордо мында сырткары фанатизми күч отурукташкан элдин таасиринде калган көчмөндөрдү алардын таасиринен ажыратуу жана араб жазуусун орус алфвити менен алмаштыруу боюнча ойлор да айтылган. "Билим берүү аркылуу көчмөн калктарды отурукташкан мусулман калктарынын таасиринен чыгаруу максаты көздөлгөн"[1, 64].

1874-жылдан баштап аймактагы билим берүү иши Согуш министрлигинен Агартуу министрлигинин карамагына өткөн. Окуу ишин жолго коюудагы кадрдык жана каржылык маселелерди чечүүдө анын бел чечпей иштегендигин байкоого болот. Башкысы ал билим берүүнун башатында туура жолду жана мамилени тандап алууга катуу аракет кылган.Бул тууурасында "Ушундай жолдор менен мусулман мектептерине дегеле мусулманчылкка карата жогоруда айтылган тажрыйбадан өткөн мамилени колдонуу калды.Бул мамиле-этибарга албоо"[4,437-438],-деп рухий турмушка кийлигишпөө саясатынын алкагындагы этибар бербөө прицибинин жетекчиликке алынгандыгын белгилеген.Эске салсак, К.П. фон Кауфман тарабынан империянын конфессиялык саясатындагы кийлигишпөө, диний көтөрүмдүүлүк принциптерине ылайык келген "исламга этибарга бербөө" концепциясы сунушталган жана башкаруу курсу катары колдонулууга киргизилген болчу. "Мында негизги мамиле этибар бербөө саясатынын багыттарына шайкеш келген рухий турмушка кийлишпөө саясаты болгон. К.П. фон Кауфман орус тили, маданияты жана билим берүүсү аркылу жергиликтүү элди исламдык фанатизмден кайтарса болот деп үмүттөнүп, мусулман окуу жайларын материалдык жактан камсыз кылбаса алар өзү кыйрап жок болот деп эсептеген"[2, 126]. Маалым болгондой Кауфман 1873-жылы падышалык өкмөткө «Түркстан чөлкөмүндө окуу бөлүмдөрүн жана элге билим берүүнү уюштуруу планын» тапшырган. Анда региондо элге билим берүүнүн өнүгүшү калктын экономикалык жагын анын жарандыгын өнүктүрүүгө, Россиянын мамлекеттик турмушунун негиздерине тилектештигине жуурулуштурууга багытталган орус таламдарынын багытында жүрүүгө тийиш болуусу көрсөтүлгөн.

Мындан улам Түркстандын биринчи генерал-губернатору, генерал-адъютант К.П. Фон Кауфман бул аймактын уюштуруучусу жана агартуунун дем берүүчүсү катары каралып келет. Анын пикиринде окутууда диний ажырым болбостон, баарына бирдиктүү тартип киргизилүүсү керек эле.Түркстандагы бөтөн калктардын билим алуусун жолго коюу үчүн ал Н.И. Ильминскийди Түркстанга чакырып жергиликтүү калктын өзгөчөлүктөрү менен жакындан таанышып, крайдагы билим берүү жобосун иштеп чыгууну суранган. Н.И. Ильминский(1822 – 1891) Россия империясынын курамына негизинен монгол, түрк жана фин элдерин камтыган чет элдиктерди окутуунун өзүнүн

системасын түзүп ошол учурда даңазасы таш жарып жаткан агартуучулардын бири болуп калган болчу. Генерал Кауфман аталган инсанды эл агартуу министри граф Д.А.Толстой аркылуу жакшы билген. Белгилүү газак агартуучусу, жазуучу, фольклорчу, коомдук ишмер, этнограф Ыбрай Алтынсарин(1841-1889) Н.И.Ильминскийдин таасиринде болгон. Ал орус графикасынын негизинде казак алфавитинин варианттарын түзгөн жана казактарды орус тилине окутуу боюнча алгачкы колдонмону даярдап, орус-казак окуу жайларын негиздеген.. Анткени араб алфавитин орус арибине алмаштырууну Россиянын айрым аймактарында Н.Ильминский иштеп чыгып, ишке киргизген болчу. Орус жана жергиликтүү балдарды биргелешип окутуу үчүн Кауфман сунуш кылган мектеп бир аздан кийин бир аз өзгөртүлгөн формада ачылган.Ал эми миссионердик жагына келгенде албетте генералдын принциптерине туура келмек эмес. Кийлигишпөө принциби тууралуу "Генерал-губернатор эски мусулмандык мектептерине тийбестен, аны өз алдынча калтырып, ага мусулмандардын өзүнө карата кабыл алынган этибар бербөөчүлүктү кармануунy чечти»[3, 165]'- деп жазган. Маданий жуурулушуу анын натыйжасында орусташуу ишке ашпагандыгын падышачылыктын Түркстан чөлкөмүндөгү билермандарынын ичинен миссионер, ислам таануучу жана агартуучу Н.П. Остроумов (1846-1930) сындап чыккан. 1877–1881-жылдары ал край башчысынын туруктуу жана эң ишенимдүү кызматкери болгон. Мындан улам генералдын жергиликтүү элге билим берүү тармагына тиешелүү пландарын жана анын билим берүүү стратегиясындагы ишмердүүлүгүн ошондой эле элге билим берүү программасын бардык майда-чүйдөсүнө чейин билген. Анын сыпаттоосунда ал жогорку даражада гумандуу жана ар тараптуу билимдүү адам катары өзүнүн ишмердүүлүгүндө башкаруунун аскердик бөлүгү менен гана чектелбестен, жаңыдан басып алынган аймактын мамлекеттик жана коомдук турмушунун башка тармактарын кеңири камтыган. Алардын катарында крайды башкарып турганда эл агартууга ар дайым өзгөчө көңүл буруп келген. Агартуучу Н.П. Остроумов генералдын бул жаатта: «Аймакты руханий жактан багынтууга эл агартуу менен гана мүмкүн, эч бир курал да, мыйзамдар да да муну кыла албайт, муну мектеп, бир гана мектеп гана жасай алат" [6,54-55],-деп айткандыгын белгилеген. Ал К.П.Кауфмандын аймактагы агартуу иштерин мамлекеттин кызыкчылыгында өнүктүрүүгө жана тийиштүү деңгээлге көтөрүүгө аракет кылып, аларды Россия менен жакындатууну эң мыкты каражаты катары орус мектеби идеясын жергиликтүү калк арасында мүмкүн болушунча кеңири жайылтууга камкордук көргөндүгүнө баа берген. Белгилей кетсек аталган агартуучунун Кауфман менен бир катар маселелерде анын ичинде Түркстан аймагындагы диний саясат жана эл агартуу боюнча олуттуу пикир келишпестиктери болгондугуна карабастан анын иш аракеттерин позитив менен эскерген.

## Корутунду

Окуу ишин колго алуудагы анын аракеттери генералдын көзү өткөндөн кийин кеңири ишке аша баштаган. 1886-жылы гана Түркстан генерал губернаторунун ходатайсвтосунан кийин Түркстандын калкына өзгөчө типтеги орус тузем мектептерин ачуу боюнча жарлык чыккан. Ушул учурдан тартып түркстандагы бөтөн элдик билим берүүнүн жаны тарыхыйэтабы башталган. Мындай мектептерге жергиликтүү элдер кооптонуу жана ишенбестик менен карашкан болсо да кийинчерээк ага айрымдары тартыла башташкан. Бирок, ал калктын кеңири катмарына жеткиликтүү болбогон. Ал эми окутуунун программасы, усулдары жөнүндөгү маселе өзүнчө каралууучу жагдай болуп

саналат. Жогорудагы агартуучулардан сырткары край башчысынын мураскорлору да генералдын билим берүү стратегиясына карата ар кандай мамиледе болушкан. Ага карабастан XX кылымдын баш чендерине чейин кауфмандык принциптер улантыла берген. Качан гана Түркстандын түпкүлүктүү калкынын табийгый жол менен ассимиляцияланаууусуна карата ишеним азайганы сезиле баштаган учурда крайлык администрация радикалдуу ыкмаларды кабыл алууга киришкен.

### Колдонулган адабияттар


1. Авазов Э., Умарова М. Падыша өкмөтүнүн Фергана өрөөнүндөгү билим берүү саясатынын айрым маселелери// Вестник МНУ имени К.Ш.Токтомаматова №1, 2023. С 64.
2. Авазов Э.А. Падышачылыктын Түркстандагы колониялык саясатын ишке ашырууда орус-тузем мектептеринин орду жана ролу (Анжиян көтөрүлүшүнө чейинки жана кийинки мезгилдерде)// Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Жарчысы, -2014, N1(28), 126-б.
3. Граменицкий С.М. Краткая историческая записка об устройстве инородческого образования в Туркестанском крае Туркстаский сборник. 1908.Том 481. с. 165
4. Кауфман К.П. Проект всеподданнейшего отчета по гражданскому управлению и устройству в областях Туркестанского генерал-губернаторства [Текст] / К.П. Кауфман. — СПб.: Военная типография, 1885, 503 с.
5. Коломейцева О.А. Проект всеподданнейшего отчета К. П. Кауфмана как исторический источник по развитию Туркестанского края конца xIx - начала XX века // Преподаватель XX ВЕК3 / 2018 273-284
6. Остроумов К истории народного образование в Туркестанском крае. К.П. фон Кауфман. Личные воспомиания Н.ОстроумоваТашкент, 1899. С.54-55
7. Почекаев Р. Ю. Эволюция взглядов на личность и деятельность первого Туркестанского генерал-губернатора К.П. Фон какуфмана в отечественной историографии // КУНСТКАМЕРА.- ) 2019.- № 2 (41) с.168-169


**Автор тууралуу мааалымат:**


**Темирова Сайкал Мамадовна** - Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Тмаг-1-24- тайпасынын магистранты, E-mail: temirovasaikal91@gmail.com, тел.0779097809

**Темирова Сайкал Мамадовна** - Жалал-Абадский государственный университетимени Б.Осмонова, магистрант группы Тмаг-1-24, E-mail: temirovasaikal91@gmail.com, тел. 0779097809

**Temirova Saikal Mamadovna** - Jalal-Abad State University named after B.Osmonov, Manas city, magistrant of Tmag-1-24 group, E-mail: temirovasaikal91@gmail.com tel. 0779097809

УДК 94(575.2):323.281(47+57)

**Токтосун кызы Зебикан**
**Т-маг-24 тайпасынын**
**магистранты,**
**Б. Осмонов атындагы Жалал – Абад мамлекеттик университети,**
**илимий-билим берүү өндүрүштүк комплекси**
**Кыргызстан, Жалал-Абад, Базар-Коргон**

**Анарбаева Г. А.**
**Илимий жетекчиси т.и.к., доцент**
zebikan2000@gmail.comru

**ТҮШТҮК КЫРГЫЗСТАН РЕПРЕССИЯ ЖЫЛДАРЫНДА**

**Токтосун кызы Зебикан**
**магистрант группы Т-маг-24,**
**Жалал-Абадский государственный университет имени Б. Осмонова,**
**научно-образовательно-производственный комплекс,**
**Кыргызстан, г. Жалал-Абад, Базар-Коргон**

**Анарбаева Г. А.**
**научный руководитель, к.и.н., доцент**
zebikan2000@gmail.com

**ЮЖНЫЙ КЫРГЫЗСТАН В ГОДЫ РЕПРЕССИЙ**

**Toktosun kyzy Zebikan**
**Master's student of group T-mag-24,**
**Jalal-Abad State University named after B. Osmonov,**
**Scientific, Educational and Production Complex,**
**Kyrgyzstan, Jalal-Abad, Bazar-Korgon**

**Anarbaeva G. A.**
**Scientific Supervisor,**
**Candidate of Historical Sciences, Associate Professor**
**zebikan2000@gmail.com**

**SOUTHERN KYRGYZSTAN DURING THE YEARS OF REPRESSIONS**

**Аннотация:** *Бул макалада Түштүк Кыргызстанда советтик тоталитардык башкаруу учурунда, өзгөчө 1930-жылдардан 1950-жылдарга чейинки репрессия жылдарында болгон саясий куугунтуктун тарыхый, саясий жана социалдык аспектилери изилденет. Илимий изилдөөдө негизинен архивдик маалыматтарга, репрессия курмандыктарынын жеке таржымалдарына жана тарыхый булактарга таянып, бул региондо репрессиялардын масштабы, себептери жана кесепеттери жөнүндө кеңири талдоо жүргүзөт. Айрыкча, интеллигенциянын, диний ишмерлердин жана бай-манап катмарынын куугунтукка алынуусу жана анын коомдук аң-сезимге тийгизген таасири кеңири баяндалат. Макаланын максаты – тарыхый адилеттүүлүктү орнотуу, репрессия*

*курмандыктарынын тагдырын чагылдыруу жана бул окуялардын бүгүнкү күндөгү маанисин талдоо. Изилдөөнүн жыйынтыгында, Түштүк Кыргызстанда репрессиялардын регионалдык өзгөчөлүктөрү жана алардын тарыхый мурасы тууралуу терең маалымат берилет.* **.** *Ошондой эле кыргыз элинин мамлектүүлүгүнун түптөлүшүнө жана калыптанышына чоң салым кошкон тарыхый инсандарыбыздын татаал тагдырына басым жасалып, алардын жолу жаштарга үлгү жана сабак экендиги көрсөтүлөт. Кылымдарды карыткан кыргыз эли эгемендүүлүкө жетишкенден баштап рухий баалуулуктары да бир топ жогорулады. Ар бир элдин, ар бир мамлекеттин тарыхында элдин эсинде жана архивдерде калтырылбаган, айтыйбаган жашырылган же бурмаланган учурлар болот. Мындай учурлар «тарыхтагы ак тактар» деп аталат. Алардын бир бөлүгү – саясий репрессияга кабылган инсандар жана алардын тагдыры. Бул көрүнүш, айрыкча, Совет доорунда, сталинизм учурунда курч болгон. Негизинен,макалада ушул өксүктү тарыхый маалыматтардын негизинде тактоо аракети жасалып,талдоо жүргүзүлдү. Рухий баалуулуктун өнүгүшүндө азыркы күндө илим-билимдин, тарбиянын, тилди, маданиятты жана инсан таануу маселелерин окуп үйрөтүүнүн жаштарга тийгизген таасири өтө чоң болушу керек. Кыргыз элинин улут болуп калыптанышында, кыргыз мамлекетинин түптөлүшүндө бир катар тарыхый инсандарыбыз кырчындай гүлдөгөн мезгилинде өмүрлөрүн кыйышты, көптөгөн адам чыдагыс азаптарды чегишти. XX кылымдын 20–50-жылдар аралыгы СССР тарыхында эң караңгы жана трагедиялуу доорлордун бири болуп эсептелет. Бул жылдарда совет бийлигинин жүргүзгөн саясий репрессиялары жүз миңдеген адамдардын тагдырын талкалаган. Кыргызстан да, анын ичинде Түштүк аймагы да бул кайгылуу процесстен четте калган эмес. Макаланын максаты — Түштүк Кыргызстандагы репрессиялардын тарыхый себептерин, формаларын жана кесепеттерин изилдөө аркылуу коомдук аң-сезимге тийгизген таасирин ачып берүү.*

**Ачкыч сөздөр:** *Үңгужол, мамлекеттүүлүк, патриоттуулук, репрессия, инсан таануу, үркүн, совет бийлиги,агартуучулук.*

**Аннотация.** *В этой статье исследуются исторические, политические и социальные аспекты политических преследований, имевших место в Южном Кыргызстане во время советского тоталитарного правления, особенно в годы репрессий с 1930-х по 1950-е годы. В научных исследованиях, основанных в основном на архивных данных, личных историях жертв репрессий и исторических источниках, проводится обширный анализ масштабов, причин и последствий репрессий в этом регионе. В частности, подробно описывается преследование интеллигенции, религиозных деятелей и богатых аристократов, и его влияние на общественное сознание. Цель статьи-установить историческую справедливость, проиллюстрировать судьбу жертв репрессий и проанализировать значение этих событий сегодня. В результате исследования будет представлена подробная информация о региональных особенностях репрессий в Южном Кыргызстане и их историческом наследии. Они также внесли большой вклад в становление государственности киргизского народа. С момента обретения кыргызским народом независимости духовные ценности значительно возросли. Влияние науки, воспитания, обучения чтению языку, культуре и личностным знаниям на развитие духовной ценности в настоящее время должно быть огромным. В период расцвета кыргызского народа, становления кыргызского государства ряд наших исторических*

*личностей погибли, пережили много невыносимых страданий. Это были образованные, грамотные, красноречивые, доскональные знатоки кыргызского слова, знающие историю, изучающие язык до нитки иголки, остроумные, проницательные, многогранные, упрямые ученые, стремящиеся к науке. Период 20-50-х годов XX века считается одним из самых мрачных и трагических в истории СССР. Политические репрессии советской власти в эти годы постигли судьбы сотен тысяч людей. Кыргызстан, в том числе южный регион, не остался в стороне от этого трагического процесса. Цель статьи-раскрыть влияние репрессий на общественное сознание посредством изучения исторических причин, форм и последствий репрессий в южном Кыргызстане.*

**Ключевые слова:** *государственность, патриотизм, репрессии, идентичность, советская власть, просвещение.*

**Кириш сөз.** “Кыргыз эли баатыры миң, башчысы бир болуп, тар жол, тайгак кечүүдө, душмандардын сан коркунучтарынан сактап, куттуу мекенин дайыма коргоп келди”. Карт тарыхтын катаал жолуна кыргыз эли менен үзөңгүлөш чыккан эчендеген элдер бүгүн дүйнөнүн этносаясий айдыңында жок. Алардын аталыштары тарых барактарында гана калды. Ар бир доордо жашап өткөн даанышмандардын, улуу ойчулдардын жараткан акыл-ой корутундулары, элдик макал-лакаптар, учкул сөздөр элибиздин демине дем кошуп, келечекке багыт берген уңгужол милдетин аткарды. Кыргыз эли баатырлары Роза Айтматовнанын “Тарыхтын актай барактары” деген китебинде ак тактар боюнча толук маалымат жазылган.“Ак так” деген бул тарых илиминде колдонулган түшүнүк. Ал мамлекет тарабынан цензурага алынган, элден жашырылган, же болбосо атайылап бурмаланган окуяларга же адамдарга байланыштуу колдонулат. Совет мезгилинде мындай “ак тактар” абдан көп кездешкен. Көптөгөн көрүнүктүү инсандардын ысымдары айтылбай калган, аларды жада калса тарыхтан өчүрүүгө аракет жасашкан.“Ак тактар” тарыхта — бул белгилүү бир доор, окуя же инсан тууралуу маалыматтардын жоктугу же атайылап бурмаланып, жашырылып келген учурлар. Бул түшүнүк көбүнчө советтик жана постсоветтик тарыхый изилдөөлөрдө кеңири колдонулат. Кыскача айтканда, “ак тактар” — бул тарыхта изилденбей калган же объективдүү чагылдырылбаган темалар.

Ак тактардын чыгуу себептери:

1.Цензура жана пропаганда — бийликтин кызыкчылыгына каршы келген маалыматтар жашырылган.

2.Документтердин жоктугу — архивдердин жоголушу же жок кылынуусу.

3.Коопсуздук жана купуялуулук — аскердик же мамлекеттик сыр болгон учурлар.

4.Илимий көңүл коштук — айрым темаларга кызыгуу болбой калышы.

Мисалы: Репрессия – мамлекеттик зомбулуктун куралы Саясий репрессия – бул мамлекет тарабынан өз жарандарына каршы колдонулган күч. Мисалы, 1930-жылдарда СССРде Иосиф Сталин башында турган бийлик көптөгөн адамдарды “эл душманы” деген жалаа менен камап, атып, сүргүнгө айдаган. Бул репрессиянын негизги максаты – бийликке каршы тургандарды жок кылуу, коркутуу, элди баш ийдирүү болгон.Кыргызстан да бул репрессиядан четте калган эмес. 1937-38-жылдары эле 30 миңден ашуун кыргыз жараны репрессияланган. Анын ичинде акын-жазуучулар, илимпоздор, мугалимдер, саясий ишмерлер болгон.

**Изилдөөнүн натыйжалары.** Сталиндик репрессиялар негизинен 1920-жылдардын аягынан башталып, 1937–1938-жылдарда эң жогорку чегине жеткен. Бул мезгилде "эл душманы", "контрреволюционер", "улутчул", "панисламист" деген жалаа менен миңдеген адамдар камалып, айрымдары атууга өкүм кылынган. Кыргызстанда репрессиялар 1920-жылдардын этегинде башталган болсо, 1930-жылдардын орто ченинде күчөп, интеллигенциянын, диниятчылардын, бай-манаптардын жана кадрлардын ири катмарына жайылган.

Түштүк Кыргызстан (Ош, Жалал-Абад, Баткен) аймактарында репрессиялар айрыкча ислам дининин таасири күчтүү болгондуктан, диниятчыларга жана жергиликтүү кадыр-барктуу адамдарга карата катуу жүргүзүлгөн. Көптөгөн мечиттер жабылып, молдолор, шейхтер "панисламисттик кыймылга тиешеси бар" деген шек менен камакка алынган. Айрыкча, Баткен жана Өзгөн райондорундагы диний лидерлер катуу көзөмөлгө алынган. Ошондой эле, өз мезгилинин билимдүү инсандары, мугалимдер, жазуучулар жана коомдук ишмерлер "улутчул идеяларды жайылткан" деген негизде куугунтукталган. Айрым учурларда бул аймактардагы этникалык өзгөчөлүктөр да шек туудуруп, тынч жашаган элдер арасында коркунуч, ишенимсиздик жаралган. Репрессиялардын натыйжасында бүтүндөй бир муун билимдүү адамдарынан айрылып, коомдо кайгы, коркуу, ишенимдин жоголушу орун алган. Интеллигенциянын жок кылынуусу билим берүү, маданият, илим сыяктуу тармактарда чоң боштук жараткан. Адамдар бири-бирине шек менен карап, айлана-чөйрөдө донос маданияты жайылып кеткен. Репрессиядан жабыр тарткандардын тагдырын ачыктоо жана тарыхый акыйкатты орнотуу бүгүнкү күндө да актуалдуу маселе бойдон калууда. Кыргызстан эгемендүүлүккө жеткенден кийин гана бул багытта айрым кадамдар жасала баштады. 1991-жылы кабыл алынган "Реабилитация жөнүндө" мыйзамдын негизинде көптөгөн адамдар акталды. Бирок дагы эле толук изилденбеген архивдер, унутта калган ысымдар көп.

Репрессиянын кесепеттери:

1.Интеллигенциянын жок кылынышы

1937–1938-жылдары советтик бийлик миңдеген мугалимдерди, жазуучуларды, саясатчыларды, диний ишмерлерди жана илимпоздорду "эл душманы" катары атып салган же лагерлерге айдаган. Бул Кыргызстандын илимий, маданий, саясий өнүгүшүнө чоң бөгөт болду. Илим тармагындагы муундар үзүлдү. Мисал: Төрөкул Айтматов (Чыңгыз Айтматовдун атасы), Касым Тыныстанов, Ишеналы Арабаев ж.б.

2.Эл ичинде коркуу жана шектенүү атмосферасы.

Көпчүлүк адамдар бирөөнү "эл душманы" деп айтып койсо эле, камалып же атып салынышы мүмкүн эле. Коомдо ишеним жоголуп, адамдар бири-биринен күмөн санап жашаган. Бул — улуттук биримдикке олуттуу доо кетирген.

3. Үй-бүлөлөрдүн трагедиясы.

Репрессияланган адамдардын балдары "эл душманынын баласы" деп катуу дискриминацияланган. Мектепке, жогорку окуу жайга кирүү, ишке орношуу — баары тоскоолдуктарга туш болгон. Айрымдар фамилиясын өзгөртүп, жашынып жашаган.

4. Коомдук тарыхтын бурмаланышы. Репрессиялар тууралуу маалымат жабык болгон.

Окуу китептеринде чыныгы окуялар айтылбай, элди адаштырган тарых жазылган. Репрессияланган адамдар акталганга чейин (айрымдары 1980-жылдардан кийин) алардын атын атаганга да тыюу салынган.

5. Массалык депортациялар жана калктын көчүрүлүшү. Айрым этностор – мисалы, немистер, корейлер, крым татарлары – Кыргызстанга мажбурлап көчүрүлгөн. Кыргызстандын өз эли да, бул көчүрүлгөн элдер да психологиялык жана социалдык жактан жабыр тарткан.
6. Экономикалык жана социалдык кесепеттер.Кулактарды (бай-манаптарды) сүргүнгө айдоо айыл чарбаны кыйратты.Кооперативдер менен колхоздор элдин мүлкүн тартып алган.Эл жакырчылыкта жашап, андан кийин сталиндик башкарууну мактоого аргасыз болгон.
Жалпылап айтканда репрессиянын кесепети ошол мезгилде өтө оор болгон. Элдин аң-сезими басынып, коркуу күчөгөн. Көптөгөн үй-бүлөлөр кыйраган, айрымдары өз мекенин таштап кеткенге мажбур болушкан. Ошондой эле маданият, илим, билим берүү тармактары өнүкпөй калган. Акын-жазуучулардын, окумуштуулардын үнү өчүрүлгөн.
Тарыхты актоо жана акыйкатты калыбына келтирүү максатында:Совет Союзу кулагандан кийин, мурдагы жабык болгон архивдер ачыла баштады. Репрессияланган инсандар актала баштады. Кыргызстанда да атайын комиссиялар түзүлүп, көптөгөн тарыхый инсан кайрадан элге таанытылды. Алардын урматын калыбына келтирүү – тарыхый адилеттүүлүк.Мисалы, Ч.Айтматов өз атасы.Төрөкулдун тагдырын иликтеп, коомчулукка алып чыккан.

## Жыйынтыктоо

Бүгүнкү күндө репрессияга кабылган инсандардын арбагын эскерүү үчүн эстеликтер, китептер жана тасмалар жарык көрдү. Көрсө, адамга чыдамкайлык, айкөлдүк, даанышмандык убакыттын өтүшү менен келет экен. Кыргызстандагы репрессия жана укук бузуулар менен байланышкан бир нече маанилүү окуялардын борбору болгон. Бул аймакта укук коргоо органдары тарабынан адам укуктарынын бузулушу, айрыкча этникалык өзбектерге карата, кеңири документтештирилген.Мындан сырткары Базар-Коргон районунан дагы репрессияга кабылып үй-бүлөсүнөн ажырап оо дүйнө болгондор да бар болгондугу боюнча Базар-Коргон районунда “№10 түзөтүү колониясы” ачылгандыгы тууралуу жаңылык бар – бул учурда түзөтүү абагы; бирок ал жөн эле абак мекемеси болуп, ал жерде саясий репрессиянын курмандыктары кармалган-тирелген деп белгилүү болгон маалыматтар жокко эсе же жакшы изилденбей калган.Бирок ошол мезгилде түштүк аймактарда укук коргоо органдарынын зомбулугу жана мыйзамсыз аракеттери кеңири тараган. Жогоруда сөз кылган адамдардын тагдырлары тектеш болуп тарыхта ополтоодой oорду бар, мындай инсандардын басып өткөн жолу жаштарды патриоттулука, ата-мекенин сүйүүгө тарбиялоодо чөң роль ойномокчу. Антсе да, эрктүү мамлекетибиз болсо деген элдин кылымдардан берки көксөөсүн ишке ашыруу үчүн күрөшүп, Союздук тутумдагы кыргыз-совет мамлекеттүүлүк идеясынын пайдубалын түптөшкөн ушул муун кыргыз эли үчүн руханий чөйрөнү жаратып, көз карандысыздык идеясын түптөөгө аракет кылышкан. Андыктан, алардын көбү ошол бийлик саясий куугунтукка алып, партиядан чыгарып, керек болсо «эл душманы» деп атып жатканда да өз эрктери менен эркин мамлекеттин келечегине берилген бойдон калышкан. Бүгүнкү бийиктиктен алып караганда, тарыхтан калган сабак, өткөндөн калган өкүт катары кабылдашыбыз зарыл. Президентибиз Садыр Нургожоевич Жапаровдун жарлыгында баса белгиленген-“Кыргыз Республикасынын "Улуттук дем - дүйнөлүк бийиктик" уңгужолу уланып улутубуздун жүзү болгон бул аталар дайыма эскерилип, даңкталып муундан-

муунга жеткирилип туруусу абзел. Кыргыз эли кылымдарды карыткан, эч ким аны өчүрө албайт тарыхтан. Советтик репрессиялар Түштүк Кыргызстанда терең из калтырган. Бул окуялар азыркы коомубуздун тарыхый эс тутумунда өз ордун ээлеши керек. Репрессия курмандыктарын эскерүү, алардын ысымдарын жандандыруу жана жаш муунга бул тарыхый чындыкты жеткирүү — бул биздин жалпы милдетибиз. Изилдөөлөр улантылып, дагы көптөгөн көмүскөдө калган тагдырлар ачыкка чыгат деп ишенебиз.

**Колдонулган адабияттар**


1. Асанов, Ү. "Саясий репрессиялар: Тарых жана тагдырлар", Бишкек, 2003.
2. Ташматов, Ж. "Кыргызстандагы сталиндик репрессиялар", Тарых журналы, №2, 2015.
3. Мамытов, А. "Түштүк аймагындагы диний саясат жана репрессиялар", ОшМУ илимий эмгектер жыйнагы, 2018.
4. Кыргыз Республикасынын Улуттук архиви. Репрессияга байланыштуу документтер жыйнагы, 1937–1939.
5. Жээнбеков, С. "Тарыхый адилеттүүлүк маселеси", "Азаттык" аналитика, 2021.

**УДК: 947.5(575).339**

**Саркарова Д. М.**

# ПАДЫШАЧЫЛЫК РОССИЯНЫН ТҮРКСТАНДАГЫ СООДА - ЭКОНОМИКАЛЫК САЯСАТЫНЫН МҮНӨЗҮ ЖАНА НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ

**Саркарова Д. М.**

# ХАРАКТЕР И ОСНОВНЫЕ НАПРАВЛЕНИЯ ТОРГОВО-ЭКОНОМИЧЕСКОЙ ПОЛИТИКИ ЦАРСКОЙ РОССИИ В ТУРКЕСТАНЕ

**Sarkarova D. M.**

# THE NATURE AND MAIN DIRECTIONS OF THE TRADE AND ECONOMIC POLICY OF TSARIAN RUSSIA IN TURKESTAN

**Аннотация**. *Макалада XIX кылымдын экинчи жарымы — XX кылымдын башында Падышачылык Россиянын Түркстандагы соода-экономикалык саясатынын мүнөзү жана негизги багыттары каралат. Колониялык көзөмөл шартында Россия империясы Түркстанды жалпы империялык экономикалык системага кошууну максат кылып, аны негизги чийки зат булагы жана өнөр жай товарларын сатуу рыногу катары колдонгон. Пахта өндүрүшүн стимулдаштыруу империянын текстиль өнөр жайы үчүн чийки зат менен камсыздоодо маанилүү роль ойногон. Ошол эле учурда протекционисттик саясат жүргүзүлүп, орус өндүрүүчүлөрүн жана соодагерлерин коргоо максат кылынган. Макалада транспорттук инфраструктураны өнүктүрүү, товарлык-каржылык байланыштарды кеңейтүү жана алардын Түркстан элинин экономикасына жана социалдык-экономикалык абалына, аймактын салттуу чарба түзүмүнүн өзгөрүшүнө тийгизген таасири талданат.*

**Ачкыч сөздөр:** *падышачылык Россия, Түркстан, соода, экономика саясат, мүнөзү, негизги багыттары.*

**Аннотация.** *В статье рассматриваются характер и основные направления торгово-экономической политики царской России в Туркестане во второй половине XIX — начале XX века. В условиях колониального подчинения региона российская империя стремилась интегрировать Туркестан в общеимперскую экономическую систему, используя его в качестве источника сырья и рынка сбыта промышленных товаров. Стимулирование производства хлопка имело важное значение для обеспечения сырьём текстильной промышленности империи. Одновременно проводилась политика протекционизма, направленная на защиту российских производителей и торговцев. Анализируются меры по развитию транспортной инфраструктуры, расширению товарно-денежных отношений, а также их влияние на экономику и социально-экономическое положение народов Туркестана в ходе трансформации традиционной хозяйственной структуры региона.*

**Ключевые слова**: *царская Россия, Туркестан, торговля, экономика, политика, характер, основные направления.*

**Annotation.** *The article examines the nature and main directions of the trade and economic policy of Tsarist Russia in Turkestan during the second half of the 19th century and*

*the early 20th century. Under conditions of colonial subjugation, the Russian Empire aimed to integrate Turkestan into the imperial economic system, using it as a primary source of raw materials and a market for industrial goods. Stimulating cotton production played a significant role in supplying raw materials to the empire's textile industry. At the same time, a protectionist policy was implemented to safeguard Russian producers and merchants. The article analyzes measures to develop transport infrastructure, expand trade and financial relations, and their impact on the economy and socio-economic condition of the peoples of Turkestan amid the transformation of the region's traditional economic structure.*

**Key words**: *Tsarist Russia, Turkestan, trade, economy, politics, character, main directions*

**Кириш сөз.** Россия империясынын Борбор Азиядагы мусулман ээликтерин каратып алгандан кийин өзүнүн эконмикалык кызыкчылыктарын ишке ашырууга киришкендиги белгилүү.Албетте биринчи кезекте кошулган жерлерди империялык тизимге кийрүү, коопсуздукту камсыз кылуу маселелери коюлганы менен анын жүрүшүндө экономикалык иш чаралар да ишке ашырыла берген.Жаңы аймактардын каратылышы империя үчүн тышкы өлкөлөр менен байланышуу жолдорун көбөйткөн. "Орто Азияны басып алганы менен Россия өзүнүн аскерий-саясий жана дипломатиялык позицияларын, башкысы колониялык держава катары бир топ күчөтүп Казакстан жана Түркмөнстан менен Каспий деңизинин жээгине, Афганистан, Кытай, Иран жана Индия менен чек араларга чыгууга бир катар пайдалуу нерселерди алды"[1, 9]. Россиянын протекционисттик саясаты Борбордук Азияга өнөр жай товарларын экспорттоого жана ал аркылуу өткөн соода жолдорун көзөмөлдөөгө мүмкүнчүлүк берген. Бул дегендик Россиянын өзүнүн экономикасын коргоо максатында башка өлкөлөрдүн товарларына, кызматтарына чектөө киргизүүсү болгон. Мисалы, импорттук бажы төлөмдөрүн жогорулатуу, квоталарды киргизүү, чет элдик товарларга чектөө коюу ж.б. Ошондой болсо да пахтачылыкты өнүктүрүүнүн стимулятору катары калыптанышына жардам бергенин белгилей кетүү керек. Тышкы соодада орус Түркстаны орус буржуазиясынын плацдармы болуп калган, жергиликтүү көпөстөрдүн жардамы менен Батыш Персиянын базарларын өздөштүрүүгө шарттар жаралган. Мындан улам падышачылыктын соода экономикалык мүмкүнчүлуктөрү кеңиген жана Түркстандагы соода сатык иштеринде сырткы атаандаштыкты көзөмөлдөп турууга жетишкен. Ошол убактагы курчуп турган англо-орус атандашуусунун шарттарында бул кадамдар абдан мааниге ээ болчу. Эске салсак, аталган аймактар каратылганга чейин эле орус падышачылыгы чыгыштагы мусулман ээликтери менен соода сатык мамилелерин жүргүзүп келген. Падышачылык соода ишин жандандыруу менен саясий таасирин күчөтүүнү көздөп, Хива менен Бухарага бир нече ирет өз адамдарын жиберген. Мындан улам 1841—42-жылдары эле үч расмий визит жасалган. Ушундай жолдор менен бир катар сүйлөшүүлөрдөн кийин, 1868-жылы 29-январда Кудаяр хан менен К.П. Кауфман соода келишимине кол коюшкан. Документ соодага арналганы менен анын түпкү максаты башкада болгон[2, 187].Бул келишим иш жүзүндө Кокондун Орусияга вассалдык көз карандылыгын алып келген. Мындай кадамдардын баары орус соодасына экономикалык кызыкчылыкка караганда алгач саясий мүдөөлөр коюлгандыгынан кабар берет. Түзүлгөн геосаясий кырдаалда улам Россия империясы чыгышка илгерилеп жылуусунда соодага олуттуу маани берген. Орто Азиянын экономикасын жана аны империянын кызыкчылыгында кайра куруунун жолдорун активдүү изилдөөгө алынган. XIX кылымдын 20-30-жылдарында эле орус

саякатчыларынын эмгектери пайда болуп, анда аймактын жаратылыш байлыктары жана аны пайдалануу жолдору кеңири сүрөттөлгөн.Бул ланда Фергана өрөөнүнө бир топ илимий экспедициялар жөнөтүлүп, алардын жыйынтыгында тарыхый-географиялык жана этнографиялык ж.б. тариздеги эмгектер жаралган. Экинчиден Россия менен товар алмашуу да күчөтүлгөн.

**Изилдөөнүн натыйжалары.** 1850-жылдары Орто Азия чөлкөмүндөгү орус соодасынын келечегин талдоого алган атайын тарыхый-экономикалык эмгектер пайда болгон. Мисалы, П.Н. Небольсиндин [3] эмгектеринде Орто Азия хандыктарындагы сооданын абалы, өндүрүштүн деңгээли, акча жүгүртүүсү тууралуу кызыктуу фактылар келтирилген. П.И. Пашино[4] аттуу автордун изилдөөсүндө Түркстан аймагы менен сооданы өнүктүрүү, ошондой эле аймактагы соода жүгүртүүнү жана керектөөнү көбөйтүү проблемасы тууралу саякатчынын ойлору баяндалган. Бул эмгектердин баарына аймактын экономикалык турмушун сүрөттөө мүнөздүү болгон. XIX кылымдын 60-80-жылдарында Орто Азияда жана Жакынкы Чыгышта XIX кылымдын экинчи жарымы – XX кылымдын башында англо-орус атаандаштыгы туу чокусуна жетип, Орто Азия маселеси ушул мамилелердин алкагында баяндала баштаган. Акырындап Түркстандын каратылышы менен соода байланыштарында нукура экономикалык кызыкчылыктар алдыга чыга баштаган.Мындан улам XIX кылымдын 90-жылдарынан баштап райондо пахтачылыкты, жибекчиликти жана ирригацияны өнүктүрүүгө арналган атайын эмгектер пайда болгон. Экономикалык өнүгүүнүн тынчтык фазасы Түркстан аймагынын айыл чарба маселелерин чагылдыруу багытында императордук тарыхнааманын мүнөзүн аныктаган. Бир топ изилдөөлөрдө ошол учурларда Россиянын рыногу Түркстандын пахтасына аябай муктаждыгы тууралуу көз караштар үстөмдүк кылган.Албетте XX кылымдын башында мындай чийки заттын жарымы Орусияга чет өлкөлөрдөн – Египеттен, Британиялык Индиядан, АКШдан жана башка өлкөлөрдөн ташылып келген. Бирок Россия үчүн Түркстан абдан ыңгайлуу болгон. Ушул жагдайды эске алып айрымдары Россиянын Борбор Азияга “пахтадан” көз карандылыгы жөнүндө айтууга эч кандай негиз жоктугун назарга алышат. 1867-жылы Туркстан генерал-губернаторлугу түзулгөндөн кийин орус өкмөтүнун соода саясатында активдүү өзгөрүүлөр башталган. Түркстанды биртоло Орусиянын түбөлүктүү курамына киргизүүнү максат кылган орус өкмөтү биринчи күндөн Туркстанган экономикалык үстөмчүлук орнотуунун негизги рычагы катары соодага өзгөчө көнүл бөлгөн Түркстандагы орус көпөстөрү 15 жылга чейин бажы салыгынан, аскерге кызмат кылуу жана башка мамлекеттик милдеттерден кутулушкан. Азиялык соодагерлердинмурунку жеңилдиктери жоюлган., бирок зекет систе6масы сакталып кала берген[5, 369-370]. Аймак Россия империясына кошулгандан кийин, падышалык мыйзамдардын жөнгө салынышына өткөндүктөн, аны менен соода кылуунун мүнөзү табигый түрдө өзгөргөн. 1886-жылда кабыл алынган «Жобо» боюнча Түркстан чөлкөмүндө соода иштери негизинен жергиликтүү аскер бийликтери тарабынан жөнгө салынган, алар соода операцияларында аймактык өзгөчөлүктөрдү эске алышкан.Тактап айтканда, Россиянын Түркстанында «жергиликтүү» соодагерлер жана ишкерлер үчүн соода жана кол өнөрчүлүк укугуна күбөлүк алуу системасы түзүлгөн, ченөө, өлчөө жана таразалардын бирдиктүү системасы киргизилген. Аймакта соода төлөмдөрү киргизилген, бирок бир катар товарлар үчүн алымдар алынып салынган. Негизинен аймактагы сооданы көзөмөлдөөнү кийинчерээк Орто Азия хандыктарында да иштеген орус бажы мекемелери жүргүзгөн.

Кыргызстады түштүк аймактарынан айырмаланып түндүк жергелеринде ярмаркалар уюштурулган. Өкмөттүн орус жана жергиликтүү соодага болгон стимулдары, базарларды өнүктүрүүгө колдоо көрсөтүү, жарманке, соода түйүндөрүн ачууга көмөктөшүү, бажы чектөөлөрүн жоюу чөлкөмдү экономикалык турмушуна оң таасирин тийгизген. "Жарманкелер негизинен барууга жана товарды жеткирииүгө ыңгайлуу көчмөндөрдүн көчүү маршруттарынын тоомдоруна, уюштурулуучу. Кыргызстандын шартында жарманкелер түндүктө гана пайда болгон. Бизге Ат-Башы, Каркыра жана Олуч-Ата талаа жарманкелери, Пишпек, Токмок, жана Прежевал шаар жарманкелери белгилүү"[5, 371]. Ал эми Фергана өрөөнүндө базарларды көбөйтүү колго алынган. XIX кылымдын аягы – XXкылымдын башында базар соодасы да өнүккөн. Шаардык эле эмес, айылдык базарлар да ири соода жүгүртүүсү менен өзгөчөлөнүп турган. 1914-жылы Түштүк Кыргызстандын аймагында эле 19 базар пункту болгон [6,73].

Россиянын курамына кирүү менен Борбордук Азиянын экономикалык модернизациясынын эң маанилүү шарты бул жерде адамдарды жана жүктөрдү тез жана масштабдуу ташууну камсыз кылган орус темир жолдорунун пайда болушу болгон. Айрыкча бул байланыштар Закаспий жана Оренбург-Ташкент темир жолдору курулгандан кийин чыңдалып, ал Европалык Россия менен Түркстан чөлкөмүнүн ортосундагы сооданы көбөйтүүнүн катализатору болуп калды. Анткени жергиликтүү жана орус текстиль өнөр жайы абдан муктаж болгон пахта өндүрүү жана сатып алуу маанилүү болгон. Пахта менен соода жүгүртүү тынымсыз өсүүгө багыт алган. "Экинчи жагынан алар пахта эгүүчү райондорго жакын өтүп, ал жактан пахтаны экспорттоо оңой болгон. Ошондой эле күрүч, кургатылган мөмө-жемиш, пахта майы, минералдык сырье, түстүү металлдар, май, мазут, керосин, туз, жибек, жүн жана башка көптөгөн товарларды экспортко чыгарышкан"[7, 96-103]. Түркстанда темир жолдор курулгандан кийин улуттук деңгээлдеги товар жүгүртүү жаралып, өнүгүп, ички бирдиктүү рыноктун калыптанышында маанилүү фактор болгон[8, 147].

Орто Азиядан Россияга пахтадан тышкары жибек да ташылып турган. 1892-1907-жылдарда Орто Азиядан жибектин экспорту 6,1 миң пуддан 84,7 миң пудга чейин өскөн Фергана облусу жибек өстүрүүнүн негизги аймактарына кирген[9,153]. Россия Түркстандан пахта продукциясын (75%), мал жандыктарын (10%), кургак жана жаңы азыктарды (4%), пахта майын (3%), балыкты (2,5%) ташып турган. Түркстанга Россиядан жарым фабрикат жана даяр текстиль буюмдары (41%), тамак-аш азыктары (13%), металл буюмдары (11%), нан азыктары (7%), химиялык продуктылар, айнек жана фарфор буюмдары алынып келип турган[10, 137].

**Корутунду.** Жыйынтыктап айтканда Россиянын Түркстандагы соода-экономикалык саясаты ири өзгөрүүлөргө алып келген.Бирдиктүү акча, чен өлчөм системасы, бажы төлөмдөрү киргизилип, банк ишмердүүлүктөрү, насыя берүү жана инвестиция жолго коюлган. Бирок, бул саясатта протекционистик мүнөз орун алган. Анын негизги өзгөчөлүктөрү империялык соода кызыкчылыктарын коргоодо жана Түркстанды Россияга сырьё берүүчү гана аймак катары кармоо саясатында ачык байкалат.

Фергана өрөөнүндө байыртадан бери калыптанып калган соода сатык иштериндеги карым-катыштагы тең салмактуулук бузула баштаган. Эгерде мурда көчмөн кыргыздар менен отурукташкан өзбек, тажик калктарынын ортосунда соода сатык мамилелери тарыхый жактан калыптанган жол менен жүргөн болсо эми жаңы коңшулар пайда болгон.

Соода мурдагыдай эле отурукташкан жамааттардын өкүлдөрүнүн колунда калган. Аларга орус соодагерлери жана бай отурукташкандар кошулган. Мал чарбасы мурдагыдай эле көчмөндөрдүн колунда калганы менен акырындап орус жана жергиликтүү соода буржуазиясынын көзөмөлүндө болгон рынокко көз каранды болуп калган.

### Колдонулган адабияттар


1. Исхаков Ф. Национальная политика царизма в Туркестане (1867 – 1917) / Ф.Исхаков. Ташкент: Фан, 1997. -С. 9.
2. Кененсариев Т. Кыргызстандын XIX кылымдын 50-70-жылдарындагы саясый өнүгүүсү. Бишкек-2009.-187-б.
3. Небольсин П.Н. Очерки торговли России со Средней Азией.СПб.: ИРГО, 1855.456 с.
4. Пашино П.И. Туркестанский край в 1866 году. Путевые заметки. СПб. : Тип. Тиблена и К° (Неклюдова), 1868. 179 с.
5. Кененсариев Т.Кыргызстан оторчулук доорунда (1855-1917)-Б., 2019. 369-370-б.
6. Статистический обзор Ферганской области за 1914 год. – Скобелев, 1917. – С. 73.
7. Авазов, Э. А. Железные дороги в политической и социально-экономической жизни Ферганской долины в конце XIX - начале XX вв // Индустриальное строительство в Центральной Азии: историческое значение для региона: материалы международной научной конференции, посвященной 90-летию со дня открытия Туркестано-Сибирской железной дороги, Барнаул, 29 октября 2020 года. – Барнаул: Алтайский государственный университет, 2020. – С. 96-103.
8. Волков И.В. Торгово-экономические связи России с Туркестаном (вторая половина XIX – начало XX вв.) // Вестник СГСЭУ. Саратов. 2010. № 3.с.147
9. Авазов Э.А. Фергана өрөөнүндө индустриялаштыруунун башаты жана өнүгүшү(XIX кылымдын аягы XX кылымдын башы)// А. Мырсабеков атындагы ОшМПУ жарчысы илимий-усулдук журналы. 2022-ж. №2. 153-б.
10. Алимджанов Б. А. Экономическая политика Российской империи в Туркестанском генерал-губернаторстве: вторая половина XIX – начало XX вв.: дис. … канд. ист. наук. 07.00.03 – Всеобщая история. Санкт-Петербург, 2016. -С.137


### Автор тууралуу маалымат:


**Саркарова Давлатхон Махамадовна** - Б.Осмонов атындагы Жалал-Абадмамлекеттик университети, Тмаг-1-24 гр. магистранты. e-mail: D75707154 gmail.com .тел.: 0557 110026

**СаркароваДавлатхон Махамадовна** - магистрант группы Тмаг-1-24, Жалал-Абадского государственного университета имени Б.Осмонова,
e-mail: D75707154 gmail.com тел: 0557 110026

**Sarkarova Davlathon Mahamadovna** - Master's student of group Tmag-1-24, Jalal-Abad State University named after B. Osmonov, E-mail: D75707154gmail.com phone: 0557 110026

**УДК: 94(575.2)**

**Сатарова Дильфуза, Исакова Назира, Сулайманов Эртабылды**

# СУЗАК ТОПОНИМИ ЖАНА БУЛ АЙМАКТАГЫ ОРУСТАРДЫН ОТУРУКТАШУУ ТАРЫХЫ

**Сатарова Дильфуза, Исакова Назира, Сулайманов Эртабылды**

# ТОПОНИМ СУЗАК И ИСТОРИЯ ОСЕДАНИЯ РУССКИХ В ЭТОМ РЕГИОНЕ

**Satarova Dilfuza, Isakova Nazira, Sulaymanov Ertabyldy**

# THE TOPONIM SUZAK AND THE HISTORY OF RUSSIAN SETTLEMENT IN THIS REGION

**Аннотация.** *Бул макалада авторлор тарыхый, тарыхый-публицистикалык, архивдик, статистикалык маалыматтарга таянуу менен Сузак топониминин маанисине, бул райондо орус калкынын отуруктаошуу тарыхына жана урбанизациянын учурдагы этнодемографиялык өзгөрүүлөргө тийгизген таасирине сэреп салышты.*

**Ачкыч сөздөр.** *Сузак, топоним, район, тарых, аймак, айыл округдары, эл, этнос, этникалык демография, калктын курамы, Көк-Жаңгак, шаарлашуу.*

**Аннотация.** *Авторы, опираясь на исторические, историко-публицистические, архивные и статистические материалы попробовали изложить значение топонима Сузак, историю оседания и освоения русскоязычного населения на территории современного Сузакского района, а также постарались обратить внимание на происходящие в настоящее время этнодемографические процессы в связи с урбанизацией.*

**Ключевые слова.** *Сузак, топоним, район, история, аймак, народ, этнос, этническая демография, состав населения, Көк-Жаңгак, урбанизация.*

**Annotation.** *In this article, the authors, relying on historical, historical-journalistic, archival, and statistical data, analyze the meaning of the toponym Suzak, the history of the settlement of the Russian population in this region, and the impact of urbanization on current ethnodemographic changes.*

**Key words:** *Suzak, toponym, district, history, area, rural districts, people, ethnicity, ethnic demography, population structure, Kok-Zhangak, urbanization.*

## Сузак топоними жөнүндө.

Сузак кыштагы - Сузак районунун жана ушул аталыштагы айыл округунун борбору [1; 10; 11; 15; 16; 17]. Кыштактын аты өзбекче (тагыраагы - иранча) сув-суу, зах-ным, нымдуу, саздак жер деген маанидеги түшүнүктү билдирет. Кыштактын даңкы алыстарга кетип, Фергана өрөөнүндө өзүнүн кооз табияты менен атактуу болгон. Кыштак түндүк-батыш тарабында мистелер өсүп жаткан адырлар, чыгышта Көк-Арт дарыясы, түштүгүндө Көк-Арт менен Чаңгет кошулушкан дарыя менен адыр туташкан Томого деген жерге чейин созулуп барган.

Сузак - Ош, Өзгөн шаарлары сыяктуу эле өткөн кылымдарда да Улуу Жибек жолунан орун алган ушул аймактын белгилүү соода жана маданий борборлорунун бири болгон.

Карыялардын айтымында, Х1Х кылымдын экинчи жарымында Фергана өрөөнүнүн казыларынын сыязы (съезд) да ушул Сузакта болуп өткөн.

Сузак - облустун борбору Жалал-Абад шаарынан (азыр - Манас шаары) жана ал жердеги темир жол бекетинен 7 км аралыкта. Негизги чарбасы - пахта, жүгөрү, мөмө-жемиш өстүрүү, мал багуу. Бул жерде шаардык инфраструктурага дээрлик жооп бере турган шарттар түзүлгөн: орто мектептер, жеке менчик лицейлер, бала бакчалар, клубдар, мончолор, маданият үйү, кинотеатр, оорукана, үй-бүлөлүк дарыгерлер борбору, санитария-эпидемологиялык станциясы, турмуш-тиричилик комбинаты, китепканалар, райондук жана борбордук жума мечит жана башкалар бар. Сузакта Социалисттик Эмгектин Баатырлары Абдурашид Абдукадыров, Сабиткул Мамарасулов ж. б. туулган.

Бул топоним азыркы адабияттарда Сузак деп аталганы менен, мурунку учурда эл аны Созок катары атап келишкен. Бул аталыш бир эле биздин жерде учурабастан, башка өлкөлөрдө (Казакстан, Өзбекстан, Туркмөнстан ж. б.) да кездешет.

**Пикирлер:**

- Казак окумуштуусу А.Абдрахмановдун пикири боюнча, бул этнотопоним, ал байыркы түрк жана грек тарыхый маалыматтарында “апасиак”, (Созак /су+сак – водный сак) б. а. “суу сактары” деген маанини берет [2, с. 188]; Бул көз карашты кыргыз окумуштуусу К.Коңкобаев анчейин колдой бербейт жана күмөндүү деп эсептейт [3, с. 28]. Дагы бир казак окумуштуусу Е.К.Койчубаевдин пикири боюнча, созок – бул байыркы түрк термини, айыл деген мааниде колдонулат [4, с. 196] . Байыркы түрк тилинде (Х к. “Алтун Яруг”) sozag, sozagtarta деген сөздөр – “айыл”, “айылда” деген мааниде колдонулган [7, с. 509].
- “Созок” – “ичке өрөөн, эки тоо же эки тектирлер ортолугундагы жер” деген маанини да билдирген [5, с. 121; 6, с. 278].
- **Суу+зак; зак – сырость; отсыреть;** Суу (кырг.) – суутек менен кычкылтектин эң жөнөкөй бирикмеси, жытсыз, даамсыз, түссүз, тириликке эң керектүү суюктук;

Жети кабат жер астын, жарып чыккан аккан суу.

Ааламдын баарысын, багып чыккан аккан суу (Жеңижок) [8, 248-б.].

- **Зак (ир.)** – дат, ным; [8, 115-б.];
- Демек, Сузак - суу+зак деген маанини берген сөздөн келип чыкканын көпчүлүк окумуштуулар гана тастыктап тим болбостон, анын калк арасында да кеңири тараганын байкоого болот. Мындан тышкары, ушул аймакта ачы суулуу Ачы жергесинин жайгашып калышы да бекеринен эместир.

**Сузак районунда орус калкынын калыптанышы жана изилдениши**

Бул илимий-популярдуу макала Сузак районунда орус калкынын калыптанышынын тарыхый, демографиялык жана маданий өзгөчөлүктөрүн изилдөөгө арналган [9; 10; 11; 12; 13; 14; 15; 16; 17].

Сузак району боюнча туруктуу калк:

76300 (1959-ж.), 102042 (1970-ж.), 123567 (1979-ж.), 147911 (1989-ж.), 190209 (1999-ж.), 241198 (2022-ж.).

1989-жылдагы Бүткүл Союздук калк каттоодо Сузак району боюнча
147911 адам катталган болсо, анын ичинен: кыргыздар - 81498 (55,1%), өзбектер – 51240 (34,6%), орустар – 2519 (1,7%), татарлар – 481 (0,3%), тажиктер – 372 (0,3%), украиндер – 1083 (0,7%), түрктөр – 3783 (2.6%), уйгурлар – 303 (0,2%), күрттөр – 5301 (3,6%),

азербайжандар – 87 (0,1%), немецтер – 617 (0,4%), казактар – 69 (0,1%), башкорттор – 55 (0,1%), корейлер – 15 (0.01%), мордва – 7 (0,01%) ж. б.

**Сузак району боюнча айылдык жана шаар калкы:**

1970-ж. жалпы – 118159; а.и. шаар калкы – 16003 (13,8%), Айыл калкы – 102156 (86,2%);

1979-ж. жалпы – 141123; а.и. шаар калкы – 17281 (12,3%), Айыл калкы – 123842 (87,7%);

1989-ж.: жалпы – 167832; а.и. шаар калкы – 18928 (11,3%), Айыл калкы – 142904 (88,7%);

1999-ж.: жалпы – 200232; а.и. шаар калкы – 10743 (5,3%), Айыл калкы – 189489 (94,7%);

2009-ж.: жалпы – 220675; а.и. шаар калкы – 9276 (4,3%), Айыл калкы – 211399 (95,7%);

2022-ж.: жалпы – 241198; а.и. шаар калкы – 12234 (8,7%), Айыл калкы – 307107 (91,3%);

Райондо калктын саны да жыл санап өсүп бара жатат. Муну эгер 1989-жылы райондо 167832 адам жашаган болсо, 1999-жылы калктын саны 200232, 2022-жылы - 241198 адамга жеткендигинен байкоого болот.

Сузак – көп улуттуу район. Азыр (2022-жылдагы эл каттоо боюнча) райондо кыргыз (147662), азербайжан, армян, белорус, грузин, дунган, еврей, казак, корей, латыш, молдова, немец, орус (1061) тажик, татар, түрк (4654), күрт (1561) түркмөн, өзбек (83551), уйгур, украин, чечен, эстон ж. б. улуттардагы адамдар өмүр кечиришүүдө.

**Калкы** [16, 228-б.]

| Бардык калк: анын Ичинде | Калктын саны | | | Жалпы калк ичиндеги үлүшү % |
|---|---|---|---|---|
| | Жалпы | Эркек | Аял | |
| | 241198 | 121582 | 119616 | 100 |
| Кыргыз | 147662 | 74286 | 73376 | 61,2 |
| Өзбек | 83551 | 42342 | 41209 | 34,6 |
| Түрк | 4654 | 2411 | 2243 | 1,9 |
| Күрт | 1561 | 769 | 792 | 0,6 |
| Орус | 1061 | 488 | 573 | 0,4 |
| Азербайжан | 875 | 434 | 441 | 0,4 |
| Уйгур | 410 | 220 | 190 | 0,2 |
| Татар | 361 | 135 | 226 | 0,2 |
| Тажик | 319 | 161 | 158 | 0,1 |
| Хемшил | 254 | 126 | 128 | 0,1 |
| Казак | 171 | 67 | 104 | 0,1 |
| Украин | 128 | 61 | 67 | 0,1 |
| Ж. башка улуттар | 191 | 82 | 109 | 0,1 |

Табл. Шаардык жана айылдык туруктуу калктын аймактар боюнча саны (адам).

| жылдар / калк | 1989 | 1999 | 2009 | 2022 |
|---|---|---|---|---|
| Жалал-Абад облусу: анын ичинен: | 743279 | 869259 | 1009889 | 1292420 |
| Шаардык калк | 221378 | 200752 | 228301 | 328047 |
| Айылдык калк | 521901 | 668507 | 781588 | 964373 |
| Сузак району: анын ичинен: | 166748 | 200936 | 241198 | 319341 |
| Шаардык калк (Көк-Жаңгак) | 18837 | 10727 | 10451 | 12234 |
| Айылдык калк | 147911 | 190209 | 230747 | 307107 |

Ошентип, Сузак районунун болгон калкы эл каттоолор аралыгында төмөндөгүдөй өзгөргөн: 1999-жылы 1989-жылга салыштырмалуу – 119,3%; 2009-жылы 1999-жылга салыштырмалуу – 110,2%; 2022-жылы 2009-жылга салыштырмалуу 119,4%. Анын ичинен, шаар калкы: 1999-жылы 1989-жылга салыштырмалуу – 56,8%; 2009-жылы 1999-жылга салыштырмалуу – 86,3%; 2022-жылы 2009-жылга салыштырмалуу – 118,3%. Айыл калкы: 1999-жылы 1989-жылга салыштырмалуу – 127,3%; 2009-жылы 1999-жылга салыштырмалуу – 111,6%; 2022-жылы 2009-жылга салыштырмалуу – 107,4%.

Х1Х кылымдын акырында Россия империясында А.П.Столыпиндин ысмы менен байланышкан агрардык реформа жана көчүрүү саясаты Орто Азияга орус калкынын көчүшүн жана отурукташуу процессин расмий баштаган. Кыргызстан аймагында, анын ичинде азыркы Жалал-Абад облусунун Сузак районунда бул көрүнүш экономикалык жана социалдык өзгөрүүлөргө себеп болгон.

**Орустардын отурукташуу тарыхы.**

Сузак районуна жакын аймактарда орус дыйкандары жана адистери 1890-жылдардын аягынан тартып көчүп келип, жаңы кыштактарга негиз салышкан. Алардын ичинен эң белгилүүсү - 1897 -жылдары түзүлө баштаган Благовещенка кыштагы. Алгачкы 300гө жакын үй-бүлө Россиянын түштүк аймактарынан (Негизинен, Киев губурниясынан) көчүп келишкен. Кийинки жылдары Көк-Арт аймагында Архангельск (1902-жылга чейин Жоон-Күңгөй), Дмитриевка (мурун – Таран-Мазар), Сафаровка (Мурун - Бостон, Гүзар), Михайловск (мурун – Жергетал), Октябрьск ж. б. поселоктор негизделген. 1934-жылга карата азыркы Сузактын тегерегинде жети орус поселогу болуп, орусташкан калк жалпы журттун 15% түзүүгө жетишкен. Алар негизинен дыйканчылык, багбанчылык жана кол өнөрчүлүк менен алектенишкен.

**Индустриализация жана Көк-Жаңгак**

**Көк-Жаңгак** – Жалал-Абад областындагы шаар (1943-жылдан), темир жол станциясы. Фергана тоо тизмегинин түштүк-батыш этегинде. Көгарт суусунун сол куймасы Коргон-Таш суусунун боюнда деңиз деңгээлинен 1500 м. Бийиктикте жайгашкан. Жалал-Абад шаарынан 28 км жана Оштон 88 км түндүк-чыгыш тарапта. 1896-жылы негизделген. Калкы көп улуттуу: кыргыз, орус, өзбек, татар, украин, күрт, казак ж. б. жашайт.

**Көк-Жаңгак таш көмүр кени** – Жалал-Абад областынын Сузак районунда. Орто Азиядагы ири таш көмүр кендеринин бири. Көк-Жаңгак шаарынын түштүк тарабында, Акман тоосунда жайгашкан. Жергиликтүү элге илгертен белгилүү. Кен аймагын силур-девондун чөкмө тектери жана юра менен бор мезгилдеринин континеттик чөкмөлөрү түзөт. Көмүр юра мезгилинин гравелит, кумдук жана чополуу катмарларынын арасында жатат. Мында 14кө чейин көмүр кабаттары бар. Калыңдыгы – 1,0 – 15,8 м. Көмүр гумустуу, узун жалын менен күйүүчү таш көмүр тобуна кирет. Көмүрдөн кокс алууга болот. Жалпы запасы 159,1 млн тонна. Көмүрдүн казып алынышы Октябрь революциясына чейин эле (1890, 1914-16-жылдары) жүргүзүлгөн.
Өнөр жайлык мааниде 1931-жылдан казыла баштаган.

XX кылымдын башында Көк-Жаңгак аймагында көмүр кендеринин иштетилиши орус адистеринин, инженерлеринин шахтерлорунун катышуусунда башталган. 1910-жылы шаар негизделип, 1943-жылы расмий шаар статусун алган, ошол мезгилден тартып көмүр казуу өнөр жайынын өнүгүшү аймактын этникалык түзүлүшүнө олуттуу таасир эте баштаган [18].

Совет доорунда эле бул чакан шаарда шаардык инфраструктура түзүлгөн: орто, башталгыч, кечки мектептер жана кесиптик-техникалык окуу жайы, китепканалар, оорукана, поликлиника, кинотеатрлар калкты социалдык жактан камсыздап, кийим тигүү фабрикасы, турмуш-тиричилик комбинаты, нан заводу иштеп турган.

Көк-Жаңгакта 1985-жылы “Күжүрмөн эмгекке даңк” музейи ачылган. Совет бийлигин орнотууда, басмачылар менен болгон күрөштө жана Улуу Ата Мекендик согушта курман болгондорго эстелик тургузулган.

**Көк-Жаңгак гипс кени** – Жалал-Абад областынын Сузак районунда, Көк-Жангак шаарынын түштүк тарабында Акман тоосунда жайгашкан. 1926-жылы табылып, 1952-жылы изилденген. Кен аймагын палеоген мезгилинде пайда болгон кумдук, чопо, алевролит, аргиллит, доломит тектери түзөт. Пайдалуу катмар чопо тектеринин арасындагы кант сымал массивдүү аппак гипстен турат. Калындыгы - 90 – 95 м. Гипстен кооз көркөм буюмдарды жасоого болот. Запасы – 403 миң куб метр.

## Демографиялык абал

2009-жылдагы калк каттоонун маалыматына ылайык, Сузак районунда жалпы 241 198 киши жашап, анын ичинен орус улутундагылар - 1 061 киши же жалпы калктын 0,4 пайызын түзгөн болсо, 2022-жылдагы калк каттоодо райондо 319341 адам катталган. Ал эми Көк-Жаңгак шаарында жалпы 10 500 киши катталып (2009-ж.), алардын 540 адамы орус улутундагылар болсо, 2022-жылы калктын саны 12234 адамды түзүп демографиялык өсүү бар экендигин көрсөткөн.

Орустар Сузак районунун өнүгүшүнө, айрыкча өнөр жай жана айыл чарба тармактарында чоң салым кошушкан. СССР таркап, Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан баштап орус калкынын басымдуу бөлүгү миграция агымынын таасири менен Россияга кайтып, Кыргызстанда алардын үлүшү азайган.

Сузак районунда орус калкынын калыптанышы - бул көп жылдык тарыхый, демографиялык, маданий жана социалдык процесстердин жыйынтыгы.

**Колдонулган адабияттар**


1 Сузак району: мезгил жана инсандар. /Түзүүчүлөр: С.Стамбеков, А.Акжолов, М.Аширбаев. – Бишкек, 2009

2 Абдрахманов, А.А. Отражение этнонимов в топонимике Казахстана. – Всесоюзная конференция по топонимике СССР. /Тез. Докл. и сообщ. – Л., 1965, с. 188.

3 Коңкобаев К. Топонимия Южной Киргизии. – Фрунзе, 1980, с. 28.

4 Койчубаев, Е.К. Краткий толковый словарь топонимов Казахстана. – Алма-Ата, 1974, с. 196.

5 Корнилов, Г.К. О типах топонимов в агглюлитивных языках. – ВЯ, 1967, № 1, 121;

6 Поянчин, В.И. Словообразовательные модули оронимов Башкирии. /Ономастика Поволжья, вып. 3, - Уфа, 1973, с. 278.

7 Древнетюркский словарь. – Л., 1969, с. 509.

8 Карасаев, К.К. Өздөштүрүлгөн сөздөр. – Фрунзе, КСЭ, 1986, - 248-б.; 115-б.

9 Жалал-Абад облустук архиви, фонд № 24, 58.

10 suzak.kg.jalal-abad.gov.kg.

11 ky.wikipedia.org/wiki/Сузак району.

12 - ru.wikipedia.org/wiki/Кок-Джангак

13 - ru.wikipedia,org/wiki/Благовещенка (Кыргызстан)

14 cyberleninka.ru/article/n/stanovlenie-gornodobyvayuschey-promyshlennosti-v-kyrgyzstane

15 Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети. 2009-жылдагы эл каттоо.

16 2022-жылдагы Кыргыз Республикасындагы эл жана турак жай фондун каттоо: 3-китеп (таблицаларда). Кыргыз Республикасынын региондору. Жалал-Абад облусу. Статистикалык жыйнак. – Бишкек, 2023, - 228 б.

17 - Жалал-Абад облусу [Текст]: энцикл. / А.Касымалиев. - Бишкек: Кыргызстан, 2004. -365с.

18 Кыргыз жергеси. Энциклопедия. – Фрунзе, 1990, 161-б.


**Авторлор тууралуу маалыматтар:**


**Исакова Назира** – Б. Осмонов атындагы ЖАМУнун магистранты, ТМаг-1-24; Naziraisakova933@gmail.com

**Сатарова Дильфуза** – Б. Осмонов атындагы ЖАМУнун магистранты, ТМаг-1-24; satarovadilfuza3@gmail.com

**Сулайманов Эртабылды Жолдошович** – тарых илимдеринин кандидаты, Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун профессору. sulertab@gmail.com

**УДК: 94(571.57).033**

**Эрбаева Л. К.**

# XIX КЫЛЫМДЫН АЯГЫ — XX КЫЛЫМДЫН БАШЫНДА БАЗАР-КОРГОН ЖЕРГЕСИНДЕ АЛГАЧКЫ ОРУС КЫШТАКТАРЫНЫН ПАЙДА БОЛУШУ

**Эрбаева Л. К.**

# ПОЯВЛЕНИЕ ПЕРВЫХ РУССКИХ ПОСЕЛЕНИЙ НА ТЕРРИТОРИИ БАЗАР-КУРГАНА В КОНЦЕ XIX — НАЧАЛЕ XX ВЕКА

**Erbaeva L. K.**

# THE EMERGENCE OF THE FIRST RUSSIAN SETTLEMENTS IN THE BAZAR-KORGON REGION AT THE END OF THE 19TH — BEGINNING OF THE 20TH CENTURY

**Аннотация**. *Падыша өкмөтү Фергана өрөөнүн катарып алгандан кийин Кыргызстандын түштүк аймактары империянын курамына бириктирилген. Жаңы аймактарды империяга биротоло бириктирүү максатында жана ички-саясий жана экономикалык жагдайлардан улам падыша өкмөтү орус дыйкандарын көчүрүү саясатын ишке ашырган. Бул процесс айрым учурларда өз бетинчелик менен коштолгон.Макалада падыша өкмөтүнүн дыйкандарды көчүрүү саясатынын алкагында Базар-Коргон жергесинде XIX кылымдын аягында жана XX кылымдын башында алгачкы орус кыштактары пайда болуу тарыхы изилдөөгө алынган. Автор тарабынан анын өзгөчөлүктөрүн жана жыйынтыктарын чагылдырууга аракет жасалган. Бул тарыхый процесстин региондун өнүгүүсүндө маанилүү этап болгондугу көрсөтүлдү.*

**Ачкыч сөздөр**: *падышачылык доор, Базар-Коргон аймагы, орус кыштактары,тарыхы.*

**Аннотация**. *После покорения Ферганской долины царское правительство включило южные регионы Кыргызстана в состав Российской империи. С целью окончательного закрепления новых территорий в составе империи, а также ввиду внутренних политических и экономических факторов, царская администрация реализовывала политику переселения русских крестьян. Данный процесс в ряде случаев сопровождался самовольными инициативами переселенцев. В статье исследуется история возникновения первых русских поселений в Базар-Коргонском районе в конце XIX — начале XX века в рамках политики переселения крестьян царским правительством. Автор ставит целью выявление особенностей и итогов этого процесса. Показано, что этот исторический процесс был важным этапом в развитии региона.*

**Ключевые слова**: *царская эпоха, Базар-Курган, русские поселки, история.*

**Abstract**. *After the conquest of the Fergana Valley, the Tsarist government incorporated the southern regions of Kyrgyzstan into the Russian Empire. In order to firmly consolidate the new territories within the empire, as well as due to internal political and economic factors, the Tsarist administration implemented a policy of resettling Russian peasants. This process was, in some cases, accompanied by unauthorized initiatives of the settlers. The article examines the history of the emergence of the first Russian settlements in the Bazar-Korgon region in the late*

*19th - early 20th centuries as part of the policy of resettling peasants by the tsarist government. The author aims to identify the characteristics and outcomes of this process.. It is demonstrated that this historical process was a significant stage in the development of the region.*
**Keywords**: *Tsarist era, Bazar-Korgon region, early Russian villages, emergence*

**Кириш сөз.** XIX кылымдын аягында Түркстан чөлкөмүндө анын ичинде азыркы Кыргызстандын аймактарында славян тектүү орустар, украиндер, белорустар жана немецтердин отурукташа баштагандыгы менен байланыштуу экендиги талашсыз. Базар-Коргон жергеси 1876-1917- жылдар аралыгындагы падышачылык доордо Туркстан генерал- губернаторлугунун Анжиян уездине караган. Падыша өкмөтүнүн административдик саясатына ылайык туземдик же болбосо жергиликтүү калктарды башкаруу администрациянын тартибине ылайык Базар-Коргон участкасынын карамагында болгон. Анткени 1867-жылы кабыл алынган «Жобого» ылайык, 1000-2000 түтүн бир болуштукту, 100-200 түтүн бир айылды түзүүсү белгиленгендиги маалым. Падыша бийлиги орнотулгандан кийин түзүлгөн Анжиян уезди: Каракол,Сарысуу, Кенкол-Каракыр, Көк-Арт, Майлы Сай, Чангет, Айым, Базар-Коргон, Масы, Ноокен, Жалал-Абад болуштуктарынан турган. Мындан улам Базар-Коргон аталышы бул аймактар Россияга кошулганга чейин эле колдонулуп келгендигин белгилөөгө болот. Базар-Коргон участкасына Базар-Коргон, Ноокен, Кокон-Кыштак жана Майгыр болуштуктары кирген[5,10]. 1900-жылга карата Анжиян уездинде 19 болуштук, 115 жамаат жана 2 орус поселкасы болгон[5, 13]. Жери түшүмдүү көчмөндүк жана отурукташкан жашоого ыңгайлуу болгон Фергана өрөөнүндөгү тоо токойлор курчаган, суусу мол бул аймакка падыша өкмөтүнүн орус тектүү дыйкандарды көчүрүү саясатын ишке ашырууда зор маани берилген. 1890-жылдардын башында Орусиянын борбордук губернияларында катуу ачарчылыктын натыйжасында агрардык кризис күчөп кеткен да, Түркстанга өтө көп сандагы кедей оторчулар келишкен. ”Оторлоштуруу толкун сымал жүргөндүгүн эске алып, анын төмөнкү 5 этабын белгилөөгө болот: 1) Орусиянын Борбордук губернияларындагы 1891-1893- жылдардагы ачкачылык менен байланышкан оторлоштурунун башталышы; 2) 1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшү басылгандан кийин Фергана өрөөнүндөгү коопсуздукту бекемдөө иш чараларынын алкагында оторлоштурууну күчөтүү мезгили; 3) 1906- 1910-жылдардагы агым, П.А. Столыпиндин реформасынын ишке ашыруу мезгили; 4) 1912-жылдагы оторлоштуруудагы жаңы багытка өтүү мезгили; 5) Биринчи дүйнөлүк согуштун башталашы менен башаламан жүргүзүлгөн жыйынтыктоочу мезгили” [1, 173].

**Изилдөө натыйжалары.** Башка аймактар сыяктуу эле аталган аймакта алгачкы орус кыштактары пайда боло баштаган. Анжиян уездинин Базар-Коргон группасына Александровский, Воздвиженский, Благодатный, Шатрак, Балканский кыштактары кирген. 8-15 кожолуктан турган өзүнчө топторго бөлүштүрүлгөн[2, 263-б.]. Базар-Коргон группасынын курамына Александровка, Воздвиженское, Преображенское, Мариинское, Благодатное, Алексеевка, Шатрак (Ново-Александровка), Балканское кыштактары кирген. Тоолордун өрөөндөрүндө жана капчыгайларында чоң аймакка чачырап жайланышкан конуштар көбүнчө 8-15 кожолуктан турган. Бул аймак бөлүнүп турган, деңиз деңгээлинен бийиктиги 1200-1500метр болгон. Бөлүнгөн жерлерге жайыт катары пайдаланылган тик тоо капталдары да кирген. Бул жерде отурукташкандар дыйканчылык

менен катар мал чарбасы жана балчылык менен алектенишкен[3,77]. Ошол кездеги В.П.Вощинин аттуу автордун изилдөөсүндө бул аймактагы орус келгиндеринин конуштары тууралуу кызыктуу маалыматтар учурайт. Автор бул процесстин оң да, терс да жактарын изилдеп, колонизациянын жергиликтүү калк үчүн экономикалык жана социалдык кесепеттерине көңүл бурган. Аталган автор : "Көгарт өрөөнүнөн бардык жерге ылдый жактан орус конуштары жайылып, алардын келип чыгышына эч кандай шек туудурбаган сыңары Багратионовский, Черняевский, Скобелевский, Отрадное, Бородинский, Кутузовский, Крутье Горький ж.б. ошол сыяктуу эле Благодатныйдагыдай бийиктикте болушунча чачырап кеткен хуторлорду эсепке албаганда, Платовское, Поречье, Гаврилово, Мариинское, Лески, Александровское, Петропавловское, Новоселье, Холмы жана башка кыштактарды көрүүгө болот"[4, 58],- деп бүтүндөй келгин орустардын кыштактарын мисал келтирген. Анын бул изилдөөсүндө келгин дыйкандардын чарбачылыгы сүрөттөлгөнү менен алардын так саны келтирилбеген. Бул конуштардын көбү токой тилкелерин талкалоо менен дыйканчылык жерлерге айландырылган. Аталган автор ага жаны кейип мындай деп жазган: "Тоонун оң жээги менен Чарвактан Арстанбапка чейин ат жолу өтөт, ал эми сол жээкти бойлой бийик жана мөмөлүү дарактардын арасында жайгашкан сулуу, буудай, б.а., орус дыйкандарынын менчиги... Менин биринчи таасирим такыр эле жагымдуу болгон жок: мен, албетте, жок боло турган бакчаларга боорум ооруду; бул жерде айыл чарбасын киргизүү, ал тургай орустук болсо да, мага вандализм сыяктуу сезилди"[4, 58].Автор белгилегендей токойлуу жерлер келгиндер тарабынан жашоого ыңгайлаштырыла баштаган.

Аталган кыштактардын бир тобу убактылуу болгон. Биротоло поселок тибине айлангандары саналуу гана. Алсак Шатрак жана Преображенский поселоктору эл каттоонун жүрүшүндө мындан ары белгиленбегендигин байкоого болот. Маалым болгондой 1919-жылы Фергана областынын бардык орус кыштактарынын дыйкандары Совет бийлигине каршы Монстров жетектеген көтөрүлүшкө катышкан. Ага арналган П.Алексеенковдун Ферганадагы дыйкандардын көтөрүлүшү жөнүндөгү эмгегинде Преображенский, Благодатное, Александровский, Багаратионовский, Пожарского, Бугры, Бородинский, Ипатьевский, Зарайский кыштактары эскерилген. Мындан улам басмачылык күрөштөр курчуп турган мезгилде да аталган кыштактар жашап турушкандыгын көрүүгө болот.

"1900-жылы Фергана областында 5 орус поселогу болгон. Ош уездинин Куршаб болуштугунда Покровское поселогунда 186 түтүн, 1150 адам, Наманган уездинин Багыш болуштугунда Успенское поселогунда 76 түтүн , 277 адам, Анжиян уездинин Базар-Коргон болуштугунда Николаевское поселогунда 50 түтүн 277 адам, Анжиян уездинин Жалал-Абад болуштугунда Благовещенское поселогунда 76 түтүн, 281 адам, Спасский выселкасында 20 түтүн, 88 адам, Маргалан уездинин Мархамат болуштугундагы Русское село поселогунда 201 түтүн, 812 адам. Баары 600 түтүн, 2835 киши"[5,20]. Мындан улам Базар-Коргон болуштугунда калкы боюнча кыргыздар үстөмдүк кылышкан. "1908-жылы берилген Фергана облусунун губернаторунун отчетунда көрсөтүлгөн айрым цифраларга да токтоло кетүү зарыл. Мисалы, кыргыздар басымдуулук кылган болуштуктарга төмөнкүлөр кирген. Анжиян ойозунда : Базар-Коргон- 97 процент, Наукент -94 процент, Көк-Арт – 65-процент, Өзгөн 75 процент"[6,64].

Кыргыздардын көчүп-конуп жашоо кечириши келгиндердин жерлерди өз бетинче ээлеп алууларына шарт түзгөн. Андыктан алардын отурукташуусуна караганда көчмөндүк

жашоону улантуулары бийликтер үчүн ыңгайлуу болгон. "Мындай саясатты Анжиян ойозунун Базар-Коргон болуштугунун бир айылында жашаган 140 көчмөн кыргыздардын отурукташууга өтүү жөнүндөгү суранычы, алар сураган 1000 танап жер, 1899-жылы эле Түркстан генерал-губернатору М.С. Духовскийдин буйругу менен казыналык токой чарбасынын карамагына өткөрүлүп берилгендиктен четке кагылгандыгын көрсөтүп турат"[6,322].

Башка аймактар сыяктуу эле түздүк аймактар пахтазарларга айландырылган. Айыл-кыштактардын көбүндө өзүнүн базарлары болгон. Түштүк аймактарда атайын соода менен гана шүгүрлөнгөн кыштактар да калыптанган. Алар отурукташкан элдер менен көчмөн калктар салттуу товар алмашып алганга ыңгайлуу кербен жолдорунун тоомунда жайгашкан. Мындай айыл кыштактарга Арван, Исфана, Өзгөн, Базар-Коргон, Масы жана башкаларды киргизүүгө болот. Белгилүү журналист И.И. Гейер өзүнүн "Туркестан" деген эмгегинде аймакта пахта өстүрүүнү кеңейтүү маселесин чечүү үчүн жеке ишкердик жана өкмөттүн кызыкчылыктарын макулдашууну сунуштаган .Мындан улам Базар-Коргон аймагынын дыйканчылык тилкелерине келгиндерди жайгаштырууга уруксат берилбеген.Себеби пахта аянттарын кеңейтүү зарыл болгон. Бул жагдайды Келгиндер башкармалыгынын өзгөчө тапщырмалар боюнча чиновниги Н. Гаврилов Туркстанга жасаган сапары боюнча жазган отчетунда: "Чет элдиктерди байыткан пахта жана шалы талаалары менен аймактын эң жакшы, эң түшүмдүү, түз жеринде 1906-1910-жылдары орустар отурукташкан жер болгон эмес"[7, 118], -деп белгилеген. Ушундан улам орус келгиндери канатташ Көгарт өрөөнүнө көбүрөөк жайгашышкан.Базар-Коргондун түздүк жерлери пахтазарга мерчемделген. Россиянын өнөр жайы пахта буласына болгон муктаджыгы жогору болсо да жергиликтүү дыйкандарга пайда алып келбеген. Пахтаны сатып алуудагы баалардын төмөндүгү, жогорку өлчөмдөгү кредиттер, ортомчулардын сүткорлугу элдин турмушун начарлатып жиберген. Жергиликтуу ортомчунун иш-аракети бул капитал үчүн белгилүү деңгээлде тескери натыйжа берген: эбегейсиз зор проценттик ссудалар дыйкандардын экономикасын начарлаткан.

**Корутунду.** Маалым болгондой оторчулук доордо Базар-Коргон аймагында орус кыштактарынын пайда болушу, анда жашаган калктын саны боюнча маалыматтар сейрек. Өз алдынча келип жайгашкан келгиндер тууралуу мааалыматтар да аз. Бирок, жери түшүмдүү жаратылышы кооз бул аймака, айрыкча тоо жерлеринде келгиндердин конуштары бир топ эле болгон. Дыйкандардын келиши менен жергиликтүү элдин ортосунда чарбалык байланыштар калыптанган. Бал аарычылык өнүккөн жана жер иштетүүдө тажрыйба алмашуулар жүргөн. Албетте экономикалык жактан мурдагы Кокон хандыгына караганда бир кыйла кубаттуу болгон падышачылык Россиянын үстөмдүгү мезгилинде Базар-Коргон жергесинде өзгөрүүлөр болгондугу талашсыз. Бир катар инсандар болуштук, катчылык кызматтарга тартылышып,бийликтердин жер жерлердеги ишенимдүү адамдарына айланышкан.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Авазов Э.А. Фергана өрөөнүндөгү падышачылыктын көчүрүү саясатынын ишке ашырылуусунун негизги этаптары// Известия ВУЗов Кыргызстана, Бишкек, 2017, -№12 .-173, 175-б.
2. Авазов Э.А Падышачылыктын Фергана өрөөнүндөгү оторлоштуруу саясаты жана орус кыштактарынын пайда болушу // Bulletin Jalal-Abad State University. – 2013. – No. 1(27). – P 263.
3. Фомченко А.П. Русские поселения в Туркестанском крае в конце XIX —начале XX вв. (Социально-экономический аспект).- Издательства «Фан» УзССР. Ташкент .-1983. С.77
4. Вощинин. В. Очерки нового Туркестана: Свет и тени русской колонизации. — СПб., 1914. С.58.
5. Обзор Ферганской области за 1900 год. Новый Маргелан ; Скобелев : Тип. Ферган. обл. правления 1901 , с.10,13,20.
6. Кененсариев Т. Кыргызстан оторчулук доорунда (1855-1917).Б-. 2019.- 64, 322-б.
7. *Отчет* по *служебной поездке* в *Туркестан осенью 1910 года чиновника особых поручений при Переселенческом управлении Н. Гаврилова. Спб., 1911 с.*118.

**Автор жөнүндө мааалымат:**

**Эрбаева Луиза Калысбековна** - Б.Осмонов атындагы Жалал-Абадмамлекеттик университети, Тмаг-1-24 гр. магистранты. тел.: 0707 061 217

**Эрбаева Луиза Калысбековна** - магистрант группы Тмаг-1-24, Жалал-Абадского государственного университета имени Б.Осмонова, тел.: 0707 061 217

**Erbaeva Luiza Kalysbekovna** - Master's student of group Tmag-1-24, Jalal-Abad State University named after B. Osmonov.phone: 0707 061 217

**УДК: 94(597.15):37**

**Абдылдаева Наргиза Бекмаматовна**
**«Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад**
**мамлекеттик университети» илимий**
**билим берүү өндүрүштүк комплекси**
**Тмаг-1-24-тайпасынын магистаранты**

**Анарбаева Гулнара Абдуманаповна**
**илимий жетекчиси,**
**тарых илимдеринин кандидаты, доцент**
**Анарбаева Гулнара Абдуманаповна**
**E-mail: nabdyldayeva08@gmail.com**

# КОКОН ХАНДЫГЫНЫН САЛТТУУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫ ЖАНА АЛАРДЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

**Аннотация.** *Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн тарыхынын татаал доорлорунун бири бул – кыргыздардын Кокон хандыгынын курамында жашап келген мезгили болгон. Азыркы учурда Кокон хандыгынын түптөлүшү, башкаруу чөйрөсүнүн калыптанышы, мамлекеттин улуттук курамы салтуу билим берүү маселелери кыргыз элинин басымдуу бөлүгү болгон түштүк кыргыздарынын Кокон хандыгына карата жарандык мамилеси кыргыз тарыхчыларынын арасында бир катар талаш маселелерди туудуруп келет. Белгилей кетсек Кокон хандыгындагы салттуу билим берүү системасынын түпкү негиздери бир нече кылым мурда пайда болгондугу маалым. Мындай билим берүү системасы коңшу ээликтерде да таралган. Кокон хандыгынын тарыхын изилдөөдө бул жагдай толук изилденбеген. Макалада Кокон хандыгы доорундагы салттык билим берүү мекемелери — медреселер, мечит жанындагы мектептер жана үйлөрдө окутуунун ишмердүүлүгү жана коомдогу орду каралат. Кокон хандыгында билим берүү диний негизде жүргүзүлгөнүн, медреселердин диний илимдер менен катар айрым диний эмес сабактар да окутулгандыгына басым жасалат. Ошондой эле мындай билим берүү мекемелери падышачылык доордо өз ишмердүүлуктөрүн ургаалдуу жүргүзгөндүгүнө тарыхый маалыматтардын негизинде токтолот.Жыйынтыгында Кокон хандыгындагы салттык билим берүү тутумунун өзгөчөлүктөрү ачып берилген.*

**Ачкыч сөздөр**: *Кокон хандык,салттык билим берүү, мекеме, медресе, мечит,агартуучулук, ишмердүүлүк.*

**Абдылдаева Наргиза Бекматовна**
**Жалал-Абадский государственный**
**университет имени Б. Осмонова,**
**научно-образовательный комплекс**
**Магистрант группы Тмаг1-24**

**Анарбаева Гулнара Абдуманоповна**
**научный руководитель,**
**кандитат исторических наук, доцент**
**E-mail: nabdyldayeva08@gmail.com**

# ТРАДИЦИОННЫЕ ОБРАЗОВАТЕЛЬНЫЕ УЧРЕЖДЕНИЯ КОКАНДСКОГО ХАНСТВА И ИХ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ

**Аннотация.** *Одним из сложных периодов в истории кыргызской государственности был период пребывания кыргызов в составе Кокандского ханства. В настоящее время формирование Кокандского ханства, формирование сферы управления, национальный состав государства вопросы традиционного образования гражданское отношение к Кокандскому ханству южных кыргызов, где преобладает кыргызский народ, вызывает ряд споров среди кыргызских историков. Известно, что основы традиционной системы образования в Кокандском ханстве были заложены несколько столетий назад. Подобная система образования была распространена и в соседних владениях. Однако при изучении истории Кокандского ханства данный аспект исследован недостаточно полно. В статье рассматриваются традиционные образовательные учреждения периода Кокандского ханства — медресе, школы при мечетях, а также домашнее обучение, их деятельность и роль в обществе. Автор отмечает, что образование в ханстве осуществлялось на религиозной основе, при этом в медресе наряду с религиозными преподавались и некоторые светские дисциплины. Также подчёркивается, что такие учреждения активно функционировали и в период царской власти. В итоге раскрываются особенности традиционной системы образования Кокандского ханства.*

**Ключевые слова**: *Коканд, ханство, традиционное, образование, учреждение, деятельность.*

**Abdyldaeva Nargiza Bekmamatovna**
**Jalal-Abad State University named after**
**B. Osmonov, scientific and educational complex**
**Master's student of group Tmag1-24**

**Anarbayeva Gulnora Abdumanopovna**
**scientific supervisor,**
**Candidate of Historical Sciences, Associate Professor**
**E-mail: nabdyldayeva08@Gmail.com**

# TRADITIONAL EDUCATIONAL INSTITUTIONS OF THE KOKAND KHANATE AND THEIR ACTIVITIES

**Annotation**. *One of the most difficult periods in the history of Kyrgyz statehood was the time when the Kyrgyz were part of the Kokand Khanate. Currently, the formation of the Kokand Khanate, the formation of the sphere of government, the national composition of the state, and the traditional education of the southern Kyrgyz, where the Kyrgyz people predominate, are the subject of much debate among Kyrgyz historians.It is known that the foundations of the traditional education system in the Kokand Khanate were established several centuries ago. Similar educational systems were also widespread in neighboring territories. However, this aspect has not been fully explored in studies of the Kokand Khanate's history. This article examines the traditional educational institutions of the Kokand Khanate period — madrasas, mosque-attached schools, and home-based education — their functions and roles in society. The author notes that education in the khanate was conducted on a religious basis, and that*

*madrasas taught not only religious subjects but also some secular disciplines. It is also emphasized that such institutions continued to operate actively during the Tsarist period. As a result, the article reveals the distinctive features of the traditional education system of the Kokand Khanate.*

**Keywords**: *Kokand, khanate, traditional, education, institution, activity.*

**Кириш сөз.** Көп улуттуу Фергана өрөөнүндөгү калктардын башын коштурган Кокон хандыгынын тарыхын изилдөө иштери падышачылык мезгилден алгач башталган бери бүгүнкү күнгө чейин улантылып келет. Кокон хандыгынын изилденүү тарыхын шарттуу түрдө колониялдык мезгилге, советтик мезгилге жана эгемендүүлүк дооруна бөлүп кароого болот. Падышачылык доордо А. Кун, В. Наливкин сыяктуу бир топ орус изилдөөчүлөрүнүн эмгектеринде булак таанууга байланыштуу баалуу фактылык материалдар кеңири берилген. Алардын макалаларындагы жана очерктериндеги Кокон хандыгынын саясий, социалдык жана экономикалык турмушу ар тараптуу чагылдырылганы менен баалуу. Ал эми А. Бобровников,Н.П. Остроумов, Ф.М. Керенскийдин изилдөөлөрүндө жергиликтүү калктардын билим алуусу, мусулманчылык берүү мекемелеринин ролу жана таасирлери сөзгө алынган. А.Л. Троицкаянын бир топ эмгектеринде Кокон хандыгындагы медреселерге байланыштуу материалдар, аларга түшкөн каражаттар, мударистер жана мутавалилер тууралуу маалыматтар берилет. Советтик мезгилде Кокон хандыгынын тарыхы Р. Н. Набиев, П. П. Иванов, В. Плоских, Х. Бабабеков, Т. Бейсембиев, А. Хасанов жана К. Усөнбаев сыяктуу көрүнүктүү илимпоздор тарабынан иликтенип, бир топ көлөмдүү монографиялык эмгектер жарык көргөн. Бул изилдөөчүлөр хандыктын саясий өнүгүүсүн толук кандуу камтыбаса да, аймактык кеңейүүсү, салык системасы жана элдик кыймылдар сыяктуу маанилүү тарыхый маселелерге өзгөчө көңүл бурушкан. Ал эми калктын маданий турмушу В.В. Бартольддун[1] эмгектеринде чагылдырылган. Советтик тарыхнаамада 1960-80-жылдарда бул багытта изилдөө иштери жанданган. Алардын катарына билим берүү маселелерин изилдеген Д.О. Айтмамбетов [2], К.Е. Бендриков [3] сыяктуу авторлорду кошууга болот. Советтик доордогу дээрлик изилдөөлөрдүн көпчүлүгүндө билим берүүнүн тарыхын мусулманчылык маселеси менен менен байланыштырып келишкен. Исламдык билим берүү мекемелеринин жашоодогу ролу жана мааниси жана алардын маңызы ачылган эмес жана бир беткей бааланган. Постсоветтик доордогу Кыргызстандын тарыхнаамасында Т.Кененсариев, Т. Өмүрбеков, Д. Сапаралиев, Б. Абытов, Ж. Алымбаев, К. Молдокасымов, Т. Өмурзакова жана башка бир катар илимпоздор тарабынан Кокон хандыгына байланыштуу илимий изилдөөлөр жүргүзүлгөнү белгилүү. Бул окумуштуулардын эмгектери хандыктын саясий жагдайларын жана ал доордогу белгилүү кыргыз инсандарын изилдөөгө багытталган. Аталган хандыктын тарыхнаамасына сереп салууда маданий жагдайлардын, анын ичинде билим берүү жана агартуучулук маселелеринин терең изилденбегендигин байкоого болот. Соңку изилдөөлөрдө XIX к. – XX к. башындагы билим берүүнүн жана агартуучулуктун калыптанышынын жана өнүгүшүнүн проблемалары Кыргызстандын мисалында чагылдырылган изилдөөлөр жаралды. Алардын катарына М.Ш.Султанова, М.Б.Асипбаева, А.Э.Кубатова, жана А.Карыева, Э.Авазов, Б. Зулуев ж.б. изилдөөлөрүн кошууга болот. Алсак, тарыхчы-педагог Б.Зулуевдин[4] изилдөөсүндө Кокон хандыгына караштуу медреселердин, Алымбек датканын, Молдо Кыргыздын, Молдо Нияздын, Мырзакул болуштун медресеси

сыяктуу Кокон, Ош, Андижан, Наманган, Маргалаӊ, Канибадам ж.б. Фергана өрөөнүндөгү ондогон шаарлардагы медреселердин ачылыш тарыхы, окуу процессинин өзгөчөлүктөрү, каржылык булактары, мутавали-мударистери, талабалары тууралуу маалыматтар анализденген. Ал эми А.Карыеванын изилдөөсүндө агартуучулуктун алкагында хандыктагы билим берүү жагдайларына сереп салынган[5].

Кокон хандыгы XVIII кылымдын баш ченинде негизделгени менен, бул аймактагы салттуу билим берүү системасынын түпкү негиздери бир нече кылым мурда пайда болгондугу маалым. Мусулман дүйнөсүндөгү алгачкы мектептер XI кылымда Багдад шаарындагы жума мечиттеринин алдында уюштурулуп, анда ислам дини жана диний илимдер боюнча талкуулар өткөрүлүп турган. Ушундан улам, араб тилиндеги "мектеп" деген сөз түзмө-түз "жазуу (үйрөнүү) жайы" дегенди түшүндүрөт. Бул маалыматтардан улам, Борбордук Азияда жана коӊшу өлкөлөрдө мектепке чейинки билим берүү функциясын аткарган окуу жайлар бир топ натыйжалуу иш алып барганын көрүүгө болот. Борбордук Азиянын башка мамлекеттериндей эле, Кокон хандыгында калыптанган билим берүү жана тарбиялоо тартиби ислам дини жана маданияты менен тыгыз байланышта өнүккөндүгү талашсыз. Албетте башкалар  сыяктуу эле Кокон хандыгында да билим берүү системасына таандык өзгөчө аспектилер болгон. Кокон хандыгынын тарыхына арналган «Тарих-и Фаргона» аттуу эмгекте Кокондогу медреселердин, мечиттердин, аркалардын, архитектуралык эстеликтердин курулушу тууралуу кеӊири маалыматтар камтылган. Кокон хандыгынын тарыхын изилдөө жана талдоо үчүн маанилүү тарыхый булак болуп саналат. Айрыкча, хандыктын аймагында медреселер, мектептер, карыхандар, далоилхандар, дабиристандар жана мечиттердин жанындагы мектептер кеӊири таралган. Бул окуу жайлар баштапкы, мектепке чейинки билим берүүнүн милдетин аткарышкан. Кокон хандыгынын билим берүүчү мекемелери коӊшу хандыктар сыяктуу  салттуу мектептерден турган жана  Борбордук Азияда үстөмдүк кылган көп деңгээлдүү салттуу билим берүү системасына негизделген. Кокон хандыгында да билим берүү төмөнкү баскычтарга бөлүнгөн:1). мектептер; далоилхандар; медреселер. Кокон хандыгынын аймагында мекемелердин ишмердүүлүгүнө жана жайгашкан жерине жараша үч типтеги  билим берүү мекемелери  иш алып барган:”1. Шаарларда жана айылдарда курулган окуу жайлар; 2. Мечиттер алдында түзүлгөн окуу жайлар; 3. Жеке үйлөрдө уюштурулган жеке менчик окуу жайлары”[6,87].  Аталган билим берүү баскычтарынан көрүнүп тургандай, Кокон хандыгында үзгүлтүксүз билим берүүчү өзгөчө система калыптанган жана окутуу ар түрдүү деңгээлдерде жүргүзүлүп турган. Бул билим берүү системасы көп кылым мурун эле түзүлгөнүнө карабастан, бул типтеги окуу жайларда атайын иштелип чыккан окуу пландары же бирдиктүү окуу китептери болгон эмес. Ошентсе да, хандыктагы бардык билим берүү мекемелеринде мугалимдер кайсы бир конкреттүү окуу китебин гана колдонуп сабак өтүүгө милдеттүү болушкан эмес. Анткени алар ар кыл диний, илимий жана жергиликтүү аалымдар тарабынан ар кыл мезгилдерде түзүлгөн булактарды жана адабияттарды кеӊири колдонушкан. Мусулман укугу жаатында VII-IX-кылымдарда эле түзүлгөн Куранга жана канондук салттарга негизделген укуктук нормалардын жыйнагы негизги колдонмо болгон. Мектеп орто кылымдагыдай эле толугу менен мусулман дин кызматкерлеринин колунда болуп, окуу  программасына светтик предметтерди киргизүүгө уруксат берген эмес. Медреселерде теологияга түздөн-түз тиешеси жок сабактардын ичинен араб тилинин грамматикасы, логикасы, риторикасы, арифметиканын алгачкы төрт эрежеси, ошондой эле алгебра жана геометриянын

башталгычтары окутулган. Акырындап көп кылымдык тажрыйбанын негизинде, ар бир окуу жайга ылайык окутулуучу негизги программалык китептердин тизмеси калыптанган. Ошол доордо XIX к. мектептерде окуу процессин уюштуруу жана жүргүзүүдө ишмердүүлүгүнө жараша эки формасы болгон[7, 27]. Алардын биринчиси негизинен мечиттердердеги төмөнкү мектептер болгон. Экинчиси, шаарлардагы жана ири айылдардагы жогорку окуу жайлары Алар мамлекеттик, жеке менчик болуп бөлүнгөн,шаардык жана айылдык мектептер уюштуруу иш-аракеттери боюнча жеке мектептерде көбүнчө бай үй-бүлөлөрдун балдары окутулган. Мындай окуу жайларда окуган балдардын саны4-5 адамды түзгөн [8, 13].

Окутуунун ыкмалары примитивдүү болгон. Мектепте тартип жана эмгекчилдик таяк менен сакталган. Оор тартип бузуулар болгон учурда тартип бузгандары буттарынан жип менен байлап коюшкан, экинчисинде таяк менен таманга урушкан, ал эми үчүнчүсүндө окуудан четтетилген. Мугалимдердин балдарды ур-токмокко алуусу ата-энелер тарабынан кеңири практикаланып, колдоого алынган. [9, 328]. Көбүрөөк жөндөмдүү балдар окуу курсун төрт жылда бүтүрсө, башкалары үч -алты жылда окушчу. Мектепти аяктагандар окуган китептерин механикалык түрдө гана окуп, жазып жана түп нускасынан көчүрө алышкан. Көбүнчө имамдардын аялдары башкарган кыздар үчүн менчик мектептер да болгон. Бул мектептерде бай үй-бүлөлөрдүн кыздары билим алышкан. Мазмуну окуучулардын жаш курагына туура келбесе да, алар араб жана Куранга азыраак, ал эми перс жана түрк поэзиясына көбүрөөк көңүл бурушкан. Ошентип, башталгыч мектеп Орто Азияда XX кылымга чейин сакталып калган типтүү орто кылымдагы мектеп болгон. Диний билимди тереңирээк алууну каалагандар, Бухарага же Коконго, ал тургай Түркия менен Египетке да барышкан. Медресенин толук курсун бүтүрүү кази, муфтий же алам сыяктуу ардактуу жана пайдалуу кызматтарга жол аччу, бирок көбүнчө окугандар окуусун толук бүтүрбөй, мечит имамы (баш имам) сыяктуу жөнөкөй кызматтарга кетишчү[9]. Медреселер ээлик кылган вакф жерлеринен түшкөн киреше менен жан багышкан. Мындан улам окуучулардын ата-энелери түрдүү белектерди тартуулап турушкан. Мындан тышкары, кайрымдуулук аркылуу түзүлгөн мектептер,вакф фондунун мүлкүнөн түшкөн кирешенин эсебинен каржыланган .Хандыктын аймагындагы бардык мектептерде балдардын жаш курагы катышуусу, мектептерге канча убакыт баруу мөөнөтү да чектелген эмес. Ушул себебптүү баланын мектепке баруусу анын деңгээлине жана материалдык абалына түздөн-түз байланыштуу болгон[7, 35]. Белгилүү жана таасирдүү инсандардын демилгеси менен медреселер курулган. Кокон шаарындагы хандыкка караштуу Омор хандын апасы Иззат-бүбү салдырган «Миң-айым» медресеси, Омор хандын зайыбы жана Мадали хандын апасы Магляр айым курдурган эки медресе, Шералы хандын аялы жана Кудаяр хандын апасы Аким айым (Жаркынайым) салган медреселер, Нарботонун медресеси хандык медреселер катары кабыл алынган, алардын илим, билим берүү, адабият, маданият тармактарын өнүктүрүүгө кошкон салымдары жогору болгон[4,6-7]. Кыргызстандын аймагында медреселер Фергана өрөөнүн башка аймактарына караганда алда канча кийинчерээк, б.а. XIX кылымда кеңири жайыла баштаган. Алгач медреселер калк отурукташкан түштүк аймакта пайда болгон. Ал эми көчмөн чарбачылык менен жашашкан Кыргызстандын түндүгүндө медресе, мектептер атайын бир жерге жайгашкан эмес[5, 11]. Окуу курсун толук бүтүргөн же жарым-жартылай болсо да уккандар көбүнчө казылардын, алардын жардамчыларынын же

мечиттердин имамдарынын кызматтарын ээлешкен, калгандары медреседе калып, андан кийин мударристердин (мугалимдердин) кызматтарын ээлешкен.

Хандыктын билим бер системасы жана тартиби XIX кылымдын акыркы чейрегиндеги падышачылык доордогу мусулмандык билим берүүнүн сакталышына жана өнүгүшүндө башталгыч окуу жайлар болуп саналган мектептер менен медреселер маанилүү роль ойногон. Крайдын биринчи башкаруучусу мусулманчылык фанатизмдин жана жергиликтүү билим берүүчү мектеп-медреселердин акырындык ме-нен таасиринин азайышына ишенип, жергиликтүү элдин рухий турмушуна кийлигишүүнүн зарылдыгы жок деп эсептеген. Анын бул идеясы 1898-жылдагы Анжиян көтөрүлүшүнө чейин практикада жетекчиликке алынып келген [10,6]. “Мусулманчылык маселесинин жанаданышынан улам айрым чектөөлөргө, тыюу салууларга карабастан мусулмандык билим берүү системасы модерницацияланып, крымдык татар агартуучуларынын таасири астында жадидизм кыймылы келип чыккан. Анын таасири шаар жерлеринде күчтүү болгон.”[11, 22]. Падыша өкмөтү мезгил мезгили менен жаңы мусулман мектептеринин ачылуусуна бөгөт болуучу чараларды кабыл алып турган. Медреселердин саны 1892-жылы Ферганада 120 болсо, 1911-жылы 204кө жеткен. Мунун баары элдин өзү тарабынан курулган жана алардын эсебинен кармалып турган[10, 8].

**Корутунду.** Жыйынтыктап айтканда хандыктагы агартуу системасынын калыптанышы жана өнүгүшү көп кылымдык тарыхка ээ экендигин белгилөөгө болот. Кокон хандыгынын билим берүүчү мекемелери коңшу хандыктар сыяктуу салттуу мектептерден турган жана Борбордук Азияда үстөмдүк кылган көп деңгээлдүү салттуу билим берүү системасына негизделген. Кокон хандыгында да билим берүү баскычтарга бөлүнгөн. Билим берүү мекемелеринин финансылык жана окутуунун усулдук камсыздалышы боюнча маселелери толтура болгон.Негизинен мусулман калктарынын колдоосу менен ишмердүүлүгүн жүргүзүшкөн.Мындай ыкма советтик доордо, ал гана турсун учурдагы мусулмандык билим берүүдө колдонулуп келе жатат. Хандык кыйрап, анын ээлигинде падышачылык бийлик орногону менен калыптанып калган билим берүү системасы бир аз жаңылануога дуушар болгону менен мурдатан келаткан салттык билим берүү сакталып кала берген.

### Колдонулган адабияттар

1.Бартольд В. В. История культурной жизни Туркестана. - Л.: Изд. АН СССР, 1927. - 256 с.

2.Айтмамбетов Д. Дореволюционные школы в Киргизии. Фрунзе, 1961. 128 с.

3.Бендриков К.Е. Очерки по истории народного образования в Туркестане (1865-1924 годы). М.: Издательство Академии педагогических наук РСФСР, 1960. - 509 с.

4.Зулуев Б.Б. *XIX кылымдын экинчи жарымындагы жана XX кылымдын башындагы билим берүү тармагынын тарыхый өнүгүшү (Фергана өрөөнүнүн мисалында):* Педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын авторефераты. – Бишкек, 2019. – 6–7-б.

3.Карыева А. К. Кыргызстанда агартуучулуктун калыптанышы жана өнүгүшү (XIX – XX к. башы): Дисс. ... тар. и. д-ры: 07.00.02 – Ата Мекендин тарыхы. – Бишкек, 2017. – 11- б.

6.Гафуров Х.Х. О системе образования в Кокандском ханстве и ее особенностях//Социально-педагогические науки//Ученый XXI века .-2020.- № 12-1 (71) -С. 87.
7.Алихожиев М.О. Система образования в Кокандском ханстве и роль имущества фонда вакф в ней. Т.: 2013. -С.27.
8.Алимов И.А. Школы и медресе Андижанского бекства Кокандского ханства XIX века. История Узбекистана. Т., 2007. -С.13 .
11. Авазов, Э. А. Орусия империясынын Түркстандагы “мусулманчылык маселесине” карата мамилеси / Э. А. Авазов // Чыгыш таануунун маселелери. – 2024. – №1. – С. 22.
12. Кененсариев Т. Кокандское ханство как форма государственности кыргызов.// Диалог цивилизаций. Вып.III. Развитие государственности в условиях взаимодействия кочевых обществ и оседлых оазисов в зоне шелкового пути. -Бишкек,2003. -129-133-бб.
13. Кененсариев Т. Кыргыздар жана Кокон хандыгы.– Ош: ОшМУ,1996.
14. Наливкин В. Краткая история Кокандского ханства.- Казань, 1886.

РАЗДЕЛ: ГУМАНИТАРНЫЕ НАУКИ

УДК 347.2/3

Жорошова К. А.

# ТАЛАШ-ТАРТЫШТАРДЫ МЕДИАЦИЯ АРКЫЛУУ ЖӨНГӨ САЛУУ

Жорошова К. А.

# РЕГУЛИРОВАНИЕ СПОРОВ ПОСРЕДСТВОМ МЕДИАЦИИ

Joroshova K. A.

# DISPUTE RESOLUTION THROUGH MEDIATION

**Аннотация**: *Бул макалада медиация аркылуу талаш-тартыштарды жана чыр-чатактарды жөнгө салуунун ыкмалары изилденген. Медиация талашып-тартышкан тараптардын убактысын, акчасын үнөмдөйт, талашып-тартышкандардын жеке кызыкчылыктарын сактайт, тараптарды бири-биринин талаптарын түшүнүүгө жана кабыл алууга мажбурлайт, тараптардын таламдарына жооп берген келишимдерге жетишүүнү жөнгө салат.Медиациянын төмөнкүдөй ыкмалары бар: фасилитативдүү (көйгөйгө багытталган), трансформативдүү, түшүнүү, нарративдүү (тарыхый), эко-тутумдуу (үй-бүлөлүк багыттагы), валютативдик (баалоочу). Медиациянын ыкмалары медиатордун чыр-чатакты чечүүгө катыштыгынын даражасына жараша болот. Ыктыярдуулук, медиация тараптарынын кызматташтыгы жана тең укуктуулугу, медиатордун бейтараптыгы, купуялуулук медиациянын ынанымдары болуп саналат. Чыр-чатактарды жана талаш-тартыштарды жөнгө салууда медиатордун компетенттүүлүгү чоң роль ойнойт.*

**Ачкыч сөздөр:** *медиация, талаш-тартыштар, чыр-чатактар, жөнгө салуу, ыкмалар*

**Аннотация:** *В данной статье исследуются методы урегулирования споров и конфликтов посредством медиации.*
*Медиация позволяет экономить время и финансовые ресурсы сторон, сохраняет их личные интересы, способствует взаимопониманию и принятию требований друг друга, а также помогает достигать соглашений, отвечающих интересам всех участников спора. Существуют следующие методы медиации: фасилитативный (ориентированный на проблему), трансформативный, понимающий, нарративный (исторический), экосистемный (семейно-ориентированный), а также evaluative (оценочный). Выбор методов медиации зависит от степени участия медиатора в процессе разрешения конфликта. Добровольность, сотрудничество и равноправие сторон медиации, нейтральность медиатора и конфиденциальность являются основными принципами медиации. В процессе урегулирования конфликтов и споров важную роль играет компетентность медиатора.*

**Ключевые слова:** *медиация, споры, конфликты, урегулирование, методы.*

**Annotation:** *This article examines methods for resolving disputes and conflicts through mediation.*
*Mediation helps save time and financial resources of the parties, protects their personal interests, promotes mutual understanding and acceptance of each other's demands, and facilitates reaching agreements that meet the interests of all parties involved in the dispute. The following mediation methods are distinguished: facilitative (problem-oriented), transformative, understanding-based, narrative (historical), ecosystemic (family-oriented), and evaluative. The choice of mediation methods depends on the degree of the mediator's involvement in the conflict resolution process. Voluntariness, cooperation and equality of the mediation parties, mediator neutrality, and confidentiality are the fundamental principles of mediation. In the process of resolving conflicts and disputes, the competence of the mediator plays an important role.*

**Key words:** *mediation, disputes, conflicts, resolution, methods.*

**Кириш сөз.** Медиация – латын тилиненен алынган сөз, кыргызча арачы, ортого түшүү дегенди түшүндүрөт. Талаш-тартышты жоюуда талаш-тартышка кызыктар болбогон калыс адам ортого түшүп (медиатор), тараптардын таламдарына жооп берген келишимге жетишүү менен тараптардын каалоолорунун негизинде талаш-тартышты сотко жеткирбей тараптарды жараштырат. Демек, медиация медиатордун катышуусу менен талаш-тартыштарды ийкемдүү, ыкчам чечүүнүн формасы. Медиатор талашкан тараптардын убактысын, акчасын үнөмдөп, талаш-тартышты тез жана натыйжалуу чечилишине жардам берет. Талашып-тартышкан бир туугандардын, ата-эне менен балдардын жана башка жакын адамдардын талаш-тартыштарын ырбатып соттоштурбай, соттук териштирүүгө жеткирбей элдештирет.

**Материалдар жана ыкмалар.** Медиация аркылуу талаш-тартыштарды жөнгө салуучу, Бириккен Улуттар Уюмунун чечимдерине, Европа Кеңешинин сунуштарына таянып, өлкөлөрдө Медиация мыйзамдары кабыл алынган. Кыргызстанда дагы талаштарды жөнгө салуу боюнча медиацияны колдонуу үчүн укуктук негиздерди түзүү, жарандардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого көмөк көрсөтүү, өнөктөштүктүн иштиктүү мамилелерин өнүктүрүү, иштиктүү карым катнаш этикасын калыптандыруу, социалдык мамилелерди шайкештөө максатында 2017-жылы жарандык, үй бүлөлүк, эмгек талаш тартыштарын жана кылмыш иштерин чечүү үчүн "Медиация жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынып, 2018-жылы күчүнө кирген [2]. Ал эми 2025-жылы Кыргыз Республикасынын медиация чөйрөсүндөгү айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөр киргизилген жана толукталган.

**Изилдөөнүн натыйжалары.** Медиацияны колдонууну Туркиянын тажрыйбасынан үйрөнсөк болот. Туркияда медиаторлор жылына 60 млнго чейин иштерди карайт. Балдар медиатору, соода тармагындагы, деңиз тармагындагы медиаторлор ийгиликтүү иштеп жатат. Мисалы, класстарда медиатор окуучу болот, ал жаңжалдашкан окуучуларды жараштырат, достоштурат.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда 400гө жакын медиатор бар. 2017-жылдан бери 1500гө жакын гана иш каралган.

Медиациянын төмөнкүдөй ыкмалары колдонулат:

Трансформативдүү ыкма чыр-чатакка катышкан эки адамдын мамилеси бузулган учурда колдонулат, башкача айтканда адамдар өз алдынча мамилелешип, чечимге келе албай калганда медиатор чыр-чатакты ырбатпай катышуучуларга конструктивдүү мамилеге келүүгө көмөк көрсөтөт. Тараптарга пайда болгон көйгөйлөрдү өз алдынча чечүү мүмкүнчүлүгүн жаратып, жаңы жаралган психологиялык, экономикалык, жана социалдык шарттарга ыңгайлаштырат. Медиатор тараптардын өз-ара моюнга алуу менен түшүнүүдөн пайда болгон мамилесинен чыр-чатак чечилет. Медиатор бул учурда активдүү угуу техникасын колдонот.

Түшүнүү ыкмасында медиатор тараптарга түшүнүү менен чогуу чечим кабыл алууга көмөктөшөт. Кандайдыр бир аракеттен башка бир тарап жабыр тартып калганда эки тарап тең жоопкер экендигин түшүнүү үчүн бирге отуруп иштөө маанилүү экендигин талашкан тараптарга жеткирүүдө медиатордун эмоционалдык, коммуникативдик, чыр-чатактык компетенттүүлүгү чоң мааниге ээ.

Нарративдүү (тарыхый) ыкма. Чыр-чатактын башталышына себеп болгон фактыны, аракетти талдап, аныктаганга чейин мамилени калыбына келтирүүгө мүмкүн эмес. Фактыны чечмелөөгө жараша окуялар өзүнчө мааниге ээ болот. Нарративдүү медиатор тараптар жактан коюлган талашты чечүү үчүн суроолорду коюуу техникасын колдонот.

Фасилитативдүү (көйгөйгө багытталган) ыкма. Медиатор келечекке басым жасоо ыкмасын колдонуп, көйгөйдү чечүү үчүн тараптардын кызыкчылыктарын аныктап алып, тараптарга пайдалуу чечимдерди кабыл алууга жардам берет.

Эко-тутумдуу (үй-бүлөлүк багыттагы) ыкма үй бүлөнүн кызыкчылыктарын бир бүтүн катары караган узак мөөнөттүү комплекстүү келишимдерди иштеп чыгууга багытталат. Экограмма техникасы (үй-бүлөдөгү байланыштар, таасирлер, ар биринин кызыкчылыгы, мамилелер бир бүтүн катары каралат), ийкемдүүлүк ( үй-бүлөнүн өзгөрүүлөрдү кабыл алууга даярдыгы жөнүндө), тараптардын жакындыгы (эмоционалдык колдоо көрсөтө ала турган бирөөнүн бардыгы) үй-бүлөлүк медиацияда көмөктөшөт.

Валютативдик (баалоочу) ыкмада медиатор кандайдыр бир тармака эксперт болот жана баа берет.

Медиацияда ыктыярдуулук, тараптардын кызматташтыгы жана тең укуктуулугу, медиатордун бейтараптыгы, купуялуулук принциптери сакталат.

Медиатордун чатакташкан тараптардын кызыкчылыктарын, максаттарын, чыр-чатактын өнүгүү баскычтарын аныктоо, чатакташкан тараптардын позициялары менен иштөө жөндөмдүүлүгү медиатордун чыр-чатактуулук компетенттүүлүгү деп аталат.

Медиатордун коммуникацияны (маалыматты берүүчү жана кабыл алуучунун ортосунда маалымат алмашуу) уюштуруу жана башкара билүүсү, маалыматты уга жана түшүнө билүүсү, өз оюн жеткире билүүсү башкача айтканда, коммуникативдик компетенттүүлүгү дагы талаштарды жөнгө салууда чоң мааниге ээ.

Медиатордун процедуралык компетенттүүлүгү медиация жол жобосуна даярдоону уюштура алуусунда, медиациянын жол жобосунун бардык этаптарында иштей алуусунда жана медиациянын жыйынтыктоочу баскычында аракет жасай биүүсүндө көрүнөт.

Медиатордун сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү компетенттүүлүгү сүйлөшүүлөр жараянынын уюштура алуусу, сүйлөшүүлөрдү даярдап өтөрө алуусу, сүйлөшүүлөр техникасын билүүсү болуп саналат.

Медиация жол жобосун колдонуучулук мүмкүнчүлүгүн көрө билүүсү, талаштын маңызын аныктай билүүсү, медиацияны колдонуу жөнүндө келишимди, медиациялык

макулдашууну түзө билүүсү  өзгөчө маанигее ээ жана медиатордун укуктук компетенттүүлугү деп аталат.

Ошондой эле, медиатордун эмоционалдык компетенттүүлүгү дагы медиацияда чон роль ойнойт. Медиатор өзүнүн, тараптардын эмоцияларын түшүнө билүүсү, өзүнүн, тараптардын эмоцияларын башкара билүүсү  керек.

2025-жылдагы жаңы мыйзам боюнча Кыргызстанда милдеттүү медиация киргизилди (мурда ыктыярдуу болучу). Сот милдеттүү түрдө медиацияга жөнөтөт,  башкача айтканда тараптар медиацияга милдеттүү түрдө баруусу керек. Жаңы мыйзам боюнча  мүлк, мурас, укук, үй-бүлөлүк (зомбулукка кирбеген) талаштар дагы  медиация аркылуу жөнгө салынат.

Медиатор менен тараптардын алгачкы жолугушуусу акысыз болот. Кийинки этаптарда медиатордун акысын Медиаторлор Палатасы бекитет. Көптөгөн мамлекеттерде юридикалык билими барлар медиатор болот. Ал эми биздин мыйзам боюнча жашы 25тен жогору болгон жогорку билими бар, 120 сааттан кем эмес базалык кесиптик даярдыктан өткөн адам медиатор боло алат. Медиация процесси 60 күнгө чейин гана созулат.

Кыргызстанда сот системасынын  жүктөмдөрүн азайтуу үчүн медиация институтун өнүктүрүү зарылдыгы жөнүндө 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында :

“Ар бир жарандын укугун соттук коргоого кепилдик берүү үчүн мамлекет жарандардын жана адамдын укуктарын жана эркиндктерин соттон тышкаркы жана жана сотко чейинки коргоо ыкмаларын, түрүн жана жол жоболорун өнүктүрүүнү камсыз кылат.

Медиация институтун өнүктүрүү сот системасынын жүктөмдөн бошонуусуна алып келет жана бейтарап соттордун институтун өнүктүрүүгө күч аракеттер жумшалат”-деп белгиленген [4.72].

2023-жылы сот системасын реформалоого багытталган мамлекеттик максаттуу программаны Президент Садыр Жапаров бекиткен. Аталган программада дагы адам укуктарын жана эркиндиктерин коргоонунун соттон тышкаркы жана сотко чейинки методдорун, формаларын жана ыкмаларын өнүктүрүү милдети коюлган.

**Колдонулган адабияттар**

1.Кыргыз Республикасынын Конституциясы. Бишкек, 2021.

2. КРнын “Медиация жөнүндө” Мыйзамы. Бишкек, 2025.

3. КРнын Министрлер Кабинетинин №750 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында  медиацияны 2024-2030-жылдарга  өнүктүрүү концепциясы”. Бишкек, 2024.

4. Кыргыз Республикасында 2018-2040-жылдар аралыгында Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы. Бишкек, 2018.

5. “2023-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги системасын өнүктүрүү” мамлекеттик максаттуу программасы. Бишкек, 2023.

**Авторлор жөнүндө маалымат:**
**Жорошова Канайым Абдыганыевна,** Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Кыргыз Республикасы, магистрант 0998732573**,** Joroshova @gmail.com
**Жорошова Канайым Абдыганыевна,** Жалал-Абадский государственный университет имени Б.Осмонова, город Жалал-Абад, Кыргызская Республика, магистрант, 0998732573**,** Joroshova @gmail.com
**Joroshova Kanaiym Abdyganyevna**, Zhalal-Abad state university named after B.Osmonov, Zhalal-Abad, Kyrgyz Republic, undergraduate student, 0998732573**,** Joroshova @gmail.com

**УДК 347.2/3**

**Жорошова К. А.**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА МЕДИАЦИЯНЫН ӨНҮГҮҮ ТЕНДЕНЦИЯЛАРЫ

**Жорошова К. А.**

# ТЕНДЕНЦИИ РАЗВИТИЯ МЕДИАЦИИ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

**Joroshova K. A.**

# TRENDS IN THE DEVELOPMENT OF MEDIATION IN THE KYRGYZ REPUBLIC

**Аннотация**: *Бул макала Кыргыз Республикасында медиациянынын өнүгүү тенденциялары жөнүндө жазылган. Талашкан тараптардын кызыкчылыктарын макулдашуу жолу менен жөнгө салууда, адамдын укуктарын жана эркиндиктерин коргоодо медиацияны колдонуу тартышкан тараптардын жеке кызыкчылыктарын сактайт, тараптардын таламдарына жооп берген келишимдерге жетишүүнү камсыз кылат, чыр-чатактарды тынчтык жолу менен чечүү маданиятын өнүктүрөт, коомдук ишенимди бекемдейт. Адистер медиацияны өнүктүрүү үчүн мыйзамдык база, медиаторлордун соттор менен тыгыз байланышта иштөөсү жана медиаторлор жөнүндө эл арасында жетиштүү маалыматтар болуусу, медиация чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты түзүү жана ишке ашыруу, медиация маселелери боюнча ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу зарыл деп белгилешет. Ошондой эле медиациянын өнүгүшү медиациянынын практикада колдонулуштарына, медиаторлордун кесиптик даярдыгын камсыз кылууга да көз каранды.*

**Ачкыч сөздөр:** *медиация чөйрөсү, медиатор*, *талаш-тартыштар, чыр-чатактар, сот, өнүгүү тенденциясы*

**Аннотация:** *В данной статье рассматриваются тенденции развития медиации в Кыргызской Республике. Применение медиации при урегулировании интересов спорящих сторон путем достижения согласия, а также при защите прав и свобод человека позволяет сохранять личные интересы сторон, обеспечивает достижение соглашений, отвечающих их интересам, способствует развитию культуры мирного разрешения конфликтов и укреплению общественного доверия. Специалисты отмечают, что для развития медиации необходимо наличие прочной законодательной базы, тесное взаимодействие медиаторов с судами, достаточная информированность населения о деятельности медиаторов, формирование и реализация государственной политики в сфере медиации, а также разработка нормативных правовых актов по вопросам медиации. Кроме того, развитие медиации зависит от ее практического применения и обеспечения профессиональной подготовки медиаторов.*

**Ключевые слова:** *медиации сферасы, медиатор, споры, конфликты, суд, тенденции развития.*

**Annotation:** *This article examines the trends in the development of mediation in the Kyrgyz Republic. The use of mediation in resolving the interests of disputing parties through mutual agreement, as well as in protecting human rights and freedoms, helps preserve the personal interests of the parties, ensures the achievement of agreements that meet their interests, promotes the development of a culture of peaceful conflict resolution, and strengthens public trust. Experts note that the development of mediation requires a solid legal framework, close cooperation between mediators and courts, sufficient public awareness of mediators' activities, the formulation and implementation of state policy in the field of mediation, and the development of regulatory legal acts on mediation issues. In addition, the development of mediation depends on its practical application and on ensuring the professional training of mediators.*

**Key words:** *mediation field, mediator, disputes, conflicts, court, development trends.*

**Кириш сөз.** Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 61-беренесинин 3-бөлүгүндө "Мамлекет адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоонун соттон тышкаркы жана сотко чейинки усулдарын, түрлөрүн жана ыкмаларын өнүктүрүүнү камсыз кылат"-деп жазылган [1]. Кыргыз Республикасын 2018-2040 жылдар аралыгында өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясында да бул жобо тастыкталган [4].

2024-жылы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин №750 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында медиацияны 2024-2030-жылдарга өнүктүрүү концепциясы" кабыл алынган [3].

Жогорудагы кабыл алынган мамлекеттик документтерди жетекчиликке алып, Кыргызстанда медиация жана сүйлөшүүлөр борбору, медиация жана укук борбору, талаштарды альтернативдүү чечүүнүн Борбордук Азия борбору, медиациянынын улуттук борбору сыяктуу медиация өкүлдөрү медиация чөйрөсүндөгү проблемаларды чечүүнүн жолдорун аныктап, медиацияны өнүктүрүү концепциясын иштеп чыгышкан. Юстиция министрлиги Кыргызстанда медиацияны өнүктүрүү үчүн жумушчу жол картасын даярдаган.

**Материалдар жана ыкмалар.** 2023-2026-жылдарга Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги системасын өнүктүрүү" мамлекеттик максаттуу программасынын алкагында сот системасына оорчулукту азайтуу максатында талаш-тартыштарды чечүүнүн сотко чейинки жана соттон тышкаркы формаларын өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулууда.

**Изилдөөнүн жыйынтыктары.** Келечекте медиацияда 20дан ашык иштердин категориялары каралат, медиаторлор бардыгы жеке медиатор болот, медиаторлордун этикасына баш ийет, медиация нотариустан күбөлөндүрүлгөн болсо, медиатордун чечими юридикалык күчө ээ болот.

Кыргызстанда медиацияны өнүктүрүүнүн негизги тенденциялары:

- укуктук мамилелердеги талаш-тартыштарды сотко чейин чечүүдө милдеттүү медиацияны киргизүү жана Кыргыз Республикасында милдеттүү медиаторлор палатасын түзүү;
- медиаторлордун квалификациясын жогорулатуу жана кесиптик адистештирилген окууларын туруктуу планга бекитилген бүт тармактар (баалуулуктар, психология, конфликтология, социология) боюнча окутуу;
- мүлк талаштарына дагы медиацияны колдонуу;
- бизнести жана инвестициялык климатты жакшыртуу;

-медиациялык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатуу үчүн медиаторлорду адистештирүүнүн милдеттүү талаптарын мыйзамдаштыруу, медиативдик кызмат көрсөтүү стандарттарын иштеп чыгуу жана турмушка ашыруу;

-жарандык, үй-бүлөлүк, эмгектик, укуктук мамилелер ошондой эле, кылмыш-жаза процессуалдык мамилелерден келип чыгуучу талаш-тартыштар боюнча сотко чейинки тартипте талаш-тартыштарды чечүү үчүн милдеттү чара катары медиацияны киргизүү;

- улуттук жана эл аралык медиация боюнча маалымат компаниясын түзүү;
- натыйжалуу медиация инфраструктасын түзүү;
- алтернативдүү талаш-тартыштарды чечүү тажрыйбасын киргизүү жана башкалар.

Медиацияны өнүктүрүүнүн азыркы этабында медиаторлорду коммерциялык жана калыбына келтирүүчү медиация жаатында адистештирүүгө өзгөчө көңүл бурулууда.

Бириккен улуттар уюмунун медиация аркылуу эл аралык келишими, Сингапур Конвенциясы коммериялык чатактарды алтернативдүү чечүүнүн эл аралык келишими, коммерциялык талаштарды медиациянын жардамы менен жөнгө салуучу бүткүл дүйнөлүк эл аралык Конвенция.

Учурда Кыргызстан расмий турдө Медиация натыйжасында жетишилген эл аралык тынчтык келишимдер жөнүндө БУУнун Сингапур конвенциясына кошулууга даярданууда. Бул дүйнөдөгү биринчи көп тармактуу келишим, коммерциялык талаштарда медиация аркылуу жетишилген тынчтык келишимдерди таануу жана аткаруу боюнча бирдиктүу эрежелерди аныктайт, бизнес жана инвесторлор үчүн түшүнүктүү жана ачык шарттарды түзүп, өлкөнүн укук системасына болгон ишенимди жогорулатат жана эл аралык кызматташтык үчүн жаңы мүмкүнчүлуктөрдү ачат, юридикалык тоскоолдуктарды жоюп, талаш-тартыштарды чечүү процессин жөнөкөйлөтөт жана тездетет. Кыргызстан үчүн улуттук мыйзамдарды эл аралык стандарттарга шайкеш келтирүүгө маанилүү кадам болуп саналат.

**Колдонулган адабияттар**

1.Кыргыз Республикасынын Конституциясы. Бишкек, 2021

2. КРнын “Медиация жөнүндө” Мыйзамы. Бишкек, 2025.

3. КРнын Министрлер Кабинетинин №750 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында медиацияны 2024-2030-жылдарга өнүктүрүү концепциясы”. Бишкек, 2024.

4. Кыргыз Республикасында 2018-2040-жылдар аралыгында Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы. Бишкек, 2018.

5.Сингапурская конвенция о медиации. Нью-Йорк, 2018.

**Авторлор жөнүндө маалымат:**

**Жорошова Канайым Абдыганыевна,** Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Кыргыз Республикасы, магистрант 0998732573**,** Joroshova @gmail.com

**Жорошова Канайым Абдыганыевна,** Жалал-Абадский государственный университет имени Б.Осмонова, город Жалал-Абад, Кыргызская Республика, магистрант, 0998732573**,** Joroshova @gmail.com

**Joroshova Kanaiym Abdyganyevna** , Zhalal-Abad state university named after B.Osmonov, Zhalal-Abad, Kyrgyz Republic, undergraduate student, 0998732573**,** Joroshova @gmail.com

**УДК 37.091.3 : 53**

**Молдокеримова Эктибар Карабековна,**
**п.и.к., ЖАМУнун доценти**
**Машрапова Айымкыз Жеңишбековна,**
**ЖАМУнун магистранты**

**8-КЛАССТА КАТУУ НЕРСЕЛЕРДИ ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ**

**Молдокеримова Эктибар Карабековна,**
**к.п.н., доцент ЖАГУ**
**Машрапова Айымкыз Женишбековна,**
**Магистрант ЖАГУ**

**ТЕХНОЛОГИИ ОБУЧЕНИЯ ТВЕРДЫХ ТЕЛ В 8 КЛАССЕ**

**Moldokerimova Ektibar Karabekovna,**
**PhD, Associate Professor, JAGU**
**Mashrapova Ayimkyz Zhenishbekovna,**
**Master's Student, JAGU**

**TECHNOLOGIES FOR TEACHING SOLID BODIES IN GRADE 8**

**Аннотация**: Бул макала 8-класста катуу нерселер, алардын түрлөрү жана өзгөчөлүктөрү, кристаллдар жана аморфтук заттар, кристаллдык торчолор, моно жана поликристаллдар, кристаллдардын изотроптук жана анизотроптук касиеттери, алардын түзүлүшү, жылуулуктан кеңейиши, салыштырма жылуулук сыйымдуулугу, эрүүсү, катуулануусу жөнүндө билимдерди берүүнүн, катуу нерселер боюнча теориялык билимин практикада колдонуунун технологиялары жөнүндө жазылган. Мугалим физика боюнча виртуалдык лабораториялык иштерди колдонуп, тажрыйбаларды көрсөтүү, лабораториялык ишти аткартуу менен окуучулардын физикалык куралдарды пайдалануу көндүмдөрүн калыптандырат, өлчөөчү куралдардын жана жабдыктардын түзүлүштөрүн жана иштөө принциптерин үйрөтөт, окуучулар физикалык кубулуштарга байкоо жүргүзүү, лабораториялык иштерди аткаруу жана түшүндүрүү ыкмаларына ээ болот. Ошондой эле, презентациялар аркылуу окуучулар катуу нерселердин турмуштагы жана техникадагы колдонулушу, монокристаллдарды жасалма түрдө өстүрүү менен алардын практикалык колдонулуштарын изилдөөдө кристаллдар физикасы боюнча кыргызстандык адис Аскарбек Алыбаковдун лабораториясында өстүрүлгөн монокристаллдардын лазердик нурларды чыгаруучу куралдарда пайдаланылышы боюнча маалыматтарды өздөштүрөт.

**Ачкыч сөздөр:** физика, катуу нерселер, түрлөрү, өзгөчөлүктөрү, монокристаллдар, поликристаллдар, окутуу, технологиялар.

**Аннотация:** В данной статье рассматриваются технологии формирования знаний у учащихся 8 класса о твёрдых телах, их видах и свойствах, кристаллах и аморфных веществах, кристаллических решётках, моно- и поликристаллах, изотропных и анизотропных свойствах кристаллов, их строении, тепловом расширении, удельной теплоёмкости, плавлении и кристаллизации. Также описываются технологии применения теоретических знаний о твёрдых телах на практике. Учитель, используя виртуальные

лабораторные работы по физике, демонстрирует опыты и организует выполнение лабораторных работ, формируя у учащихся навыки работы с физическими приборами. Школьники изучают устройство и принципы действия измерительных приборов и оборудования, приобретают умения наблюдать физические явления, выполнять и объяснять лабораторные работы. Кроме того, с помощью презентаций учащиеся изучают применение твёрдых тел в быту и технике, а также практическое использование искусственно выращенных монокристаллов. Они знакомятся с информацией о применении монокристаллов, выращенных в лаборатории кыргызстанского специалиста Аскарбек Алыбаков, в приборах, излучающих лазерныелучи.
**Ключевые слова:** физика, твёрдые тела, виды, свойства, монокристаллы, поликристаллы, обучение, технологии.

**Annotation:** This article discusses technologies for developing knowledge in 8th-grade students about solid bodies, their types and properties, crystals and amorphous substances, crystal lattices, mono- and polycrystals, isotropic and anisotropic properties of crystals, their structure, thermal expansion, specific heat capacity, melting, and solidification. It also describes methods for applying theoretical knowledge about solids in practice.

Using virtual physics laboratory work, the teacher demonstrates experiments and organizes laboratory activities, thereby developing students' skills in working with physical instruments. Students study the structure and operating principles of measuring devices and equipment, and acquire the ability to observe physical phenomena, perform laboratory experiments, and explain their results. In addition, through presentations, students learn about the application of solid materials in everyday life and technology, as well as the practical use of artificially grown single crystals. They become familiar with information about the use of single crystals grown in the laboratory of Kyrgyz specialist Askarbek Alybakov in devices that emit laser beams.
**Key words:** Physics, solid bodies, types, properties, single crystals, polycrystals, teaching, technologie

**Кириш сөз.** 8-класста катуу нерселерди окутууда окуучулар кристаллдар жана аморфтук заттар, катуу нерселердин жылуулуктан кенейиши, катуу нерселердин салыштырма жылуулук сыйымдуулугу, эрүүсү жана кристаллдашуусу жөнүндөгү билимдерди окуп үйрөнүшөт, окуучулар өзүнүн окуу ишмердүүлүгүн өз алдынча уюштурат, катуу нерселердин касиеттерин, талдап, жыйынтык чыгарып, алган теориялык билимин практикада колдонушат. Окуучулардын катуу нерселер боюнча демонстрацияларды, техникалык каражаттарды, дидактикалык материалдарды колдонуу жөндөмдүүлүгү, санариптик сабаттуулугу өнүгөт. Берилген маселелерди чыгаруу менен катуу нерселер жөнүндөгү теориялык алган билимин бышыктайт. “Катуу нерселердин салыштырма жылуулук сыйымдуулугун аныктоо” деген лабораториялык ишти аткаруу менен окуучулардын физикалык куралдарды пайдалануу көндүмдөрү калыптанат, өлчөөчү куралдардын жана жабдыктардын түзүлүштөрүн жана иштөө принциптерин билет, физикалык кубулуштарга байкоо жүргүзүү жана түшүндүрүү ыкмаларына ээ болот.

**Изилдөөнүн натыйжалары.** Катуу нерселер аморфтук жана кристаллдык нерселер болуп экиге бөлүнөт. 1.Аморфтук нерселер - заттардын атомдору жана молекулалары иретсиз жайланышкан катуу нерселер. Аморфтук нерселердин физикалык касиеттери

бардык багыт боюнча бирдей болот. Башкача айтканда, изотроптук касиетке ээ, жылуулук өткөрүмдүүлүгү, бышыктыгы бардык багыттар боюнча бирдей болот. Аморфтук нерселердин изотроптук касиетин ырастаган тажрыйбаны, металл шарчаны ысытканда кеңейип шакекчеден өтпөй калган тажрыйбаны жасап, аморфтук нерселердин физикалык касиеттерин тажрыйбалык жол менен түшүндүрүүгө болот.

2. Кристаллдар – атомдору жана молекулалары иреттүү тартип менен жайгашкан катуу заттар. Кристаллдар монокристаллдар (жеке, кардын, алмаздын, наваттын, кремний ж.б. өлчөмү боюнча көзгө көрүнүүчү чоң кристаллдар, анизотропиялык касиеттерге ээ, б.а. кристаллдардын физикалык касиеттери багыттары боюнча ар башка болот, жылуулук өткөрүмдүүлүгү багыттары боюнча ар түрдүү мааниге ээ болот) жана поликристаллдар (көп, металлдар, көзгө көрүнбөгөн өтө майда кристаллдардан турат) болуп бөлүнөт.

Монокристаллдарды жасалма жол менен өстүрүүгө болот. КРнын Улуттук илимдер Академиясында профессор А.Алыбаков монокристаллдарды жасалма жол менен өндүрүп, учурда лазер нурларын чыгаруучу куралдарда пайдаланылууда.

Поликристаллдар изотроптук касиетке ээ. Поликристаллдарды түзгөн монокристаллдар баш аламан жайланышып, алардын касиеттери бардык багытта бирдей болот.

Катуу нерселер жылуулуктан кеңейет. Катуу нерселерге жылуулуктун берилиши менен анын бөлүкчөлөрүнүн термелүүсү күчөйт жана бөлүкчөлөрдүн арасындагы түртүү күчтөрү чоңойгондо, бөлүкчөлөрдүн арасындагы аралыктар чоңоюп, нерсе кеңейет. Металл шарчаны шакекчеден өткөрүп, тажрыйба көрсөтөбүз. Металл шарча муздак кезинде шакекчеден оңой эле өтүп кетет, шарчаны ысыткандан кийин шакекчеден өтпөй калат, себеби, металл шарчасы жылууулуктан кеңейип кетет.

Бирдей эле шартта нерселердин кеңейүүсү сызыктуу же көлөмдүк коэффициенттери менен бааланат. Нерсе 1 градуска ысыганда анын узарган узундугун же кеңейген көлөмүн анын баштапкы узундугуна же баштапкы көлөмүнө бөлүп, сызыктуу же көлөмдүк кеңейүү коэффициенттерин табабыз. Катуу нерселерди ысытуу менен кеңейтип, андан ары эритүүгө болот. Аморфтук нерселерди ысытканда нерсе жумшарып, анан суюктукка айланат жана белгилүү эрүү температурасына ээ эмес. Ал эми кристаллдарды ысытканда анын температурасы көтөрүлүп белгилүү температурада эрий баштайт. Катуу нерселердин бул касиетин дагы тажрыйба аркылуу көрсөтөбүз. Кристаллдык катуу нерселерди ысытканда бөлүкчөлөрүнүн термелүүсү күчөп, берилген жылуулук кристаллдык торчолордун бузулушуна алып келет, бирок анын температурасы өзгөрбөйт. Катуу нерселер эрип муздаганда кайра катуу абалга өтөт, бул процесс кристаллдашуу деп аталат. Бул кубулушту дагы слайддар аркылуу тажрыйбада көрсөтүүгө болот. Катуу заттарга арналган сабактардын натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн интерактивдик досканы, слайддарды, тесттерди, сүрөттөрдү, виртуалдык тажрыйбаларды, дидактикалык оюндарды колдонуп, сабактын көргөзмөлүүлүгүн, жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга болот. Дидактикалык оюндар аркылуу окуучулардын таанып-билүү кызыкчылыгын өнүктүрсө болот [4.98]. Окуучу катуу заттар жөнүндөгү маалыматтарды угуу, кабыл алуу, ойлоо процесстери аркылуу таанып билет. Ал эми дидактикалык оюндар окуучунун таанып билүү кызыкчылыгын өнүктүрө тургандыгы педагог-психолог окумуштуулардын эмгектеринен белгилүү. Төмөндө катуу нерселерди окутууда колдонулуучу дидактикалык оюндарга токтолобуз. “Физикалык алфавит” оюнунда окуучулар кезеги менен А, Б, С, Д жана башка тамгалар менен башталган катуу нерселерге байланыштуу сөздөрду айтышат. Мисалы, А -атом, аморфтук нерселер, анизотропия...

“Интервью”- бул оюнда окуучулар бири-бирине катуу нерселер боюнча суроолорду берип, жоопторду алышат. Мисалы: Катуу нерселердин турмуштагы мааниси жөнүндө айтып берсеңиз. Катуу нерселердин техникада колдонулушу кандай мааниге ээ? Катуу нерселер кантип эрийт? ж.б.

“Чын же жалган” оюну. Мугалим катуу заттарга байланыштуу сүйлөмдөрдү окуйт, окуучулар чын же жалган экенин айтат. Мисалы, катуу заттар кристаллдар жана аморфтук заттар болуп экиге бөлунөт (чын). Аморфтук заттар кристаллдык түзүлүшкө ээ (жалган). Кристаллдардын бөлүкчөлөрү белгилүү тартип боюнча жайгашат (чын) ж.б.

«Миллионер» оюну**.** Бул оюнду өткөн сабакты кайталоо же бышыктоо учурунда колдонсо болот. Окуучулар сабакка активдүү катышуу менен өз алдынча изденет. Карточкага катуу заттарды бышыктоого арналган суроолор жазылат. Окуучулар эки-экиден доскага чыгып, карточкага жазылган суроолорго жооп беришет. Оюндун аягында кайсы окуучу канча карточкадагы суроого туура жооп бергендиги боюнча мугалимге отчёт берет. Мугалим окуучулардын отчётун талдап, класстагы окуучулардын пикирин эске алып, окуучуларды баалайт жана “миллионерди”(эң көп карточка утуп алган окуучуну) аныктайт.

**Жыйынтыкоо.** Катуу нерселердин турмуштагы жана техникадагы колдонулушу боюнча даярдалган презентациялар аркылуу монокристаллдарды жасалма түрдө өстүрүү, алардын практикалык колдонулуштарын изилдөө жөнүндөгү маалыматтар окуучулардын ойлоосун өстүрөт. Кристаллдар физикасы боюнча кыргызстандык адис окумуштуу Аскарбек Алыбаков Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясындагы лабораториясында өстүргөн монокристаллдар, учурда лазердик нурларды чыгаруучу куралдарда пайдаланылып жаткандыгы жөнүндөгү маалыматтар окуучуларды кайдыгер калтырбайт жана окуучуну мекенчилдикке тарбиялайт.

## Колдонулган адабияттар

1.Мамбетакунов Э., Мурзаибраимова Б.Б., Мамбетакунов У.Э. Физика. 8-класс.: жалпы билим берүү уюмдары үчүн окуу китеби / -Б.:Учкун, 2023.-240 б.

2. Предметтик стандарт. “Физика. Астрономия” жалпы билим берүүчү уюмдардын 7-12-класстары үчүн. Бишкек.-2025, 19 б.

3. Молдокеримова Э.К., Дөөлөталиева А.С. Физика-математикалык билим берүүдө дидактикалык оюндарды колдонуу.-Б.:Техника, 2014.-140 б.

4. Молдокеримова Э.К. Развитие познавательного интереса к физике. [Текст]. / Э.К.Молдокеримова // Вестник Жалал-Абадского государственного университета. - 2003/1.-97-99 стр.

5. Виртуальные лабораторные работы по физике. httsp://efizika.ru

**Авторлор жөнүндө маалымат:**
**Молдокеримова Эктибар Карабековна,** Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад Мамлекеттик университети, Жалал-Абад шаары, Кыргыз Республикасы, педагогика илимдеринин кандидаты, Физика жана информатика кафедрасынын доценти, 0 770 52 64 06, moldokerimovaektibar@gmail.com
**Машрапова Айымкыз Жеңишбековна** Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Кыргыз Республикасы, магистрант

**Молдокеримова Эктибар Карабековна,** Жалал-Абадский государственный университет имени Б.Осмонова, город Жалал-Абад, Кыргызская Республика, кандидат педагогических наук, доцент кафедры Физики и информатики,
**Машрапова Айымкыз Жеңишбековна,** Жалал-Абадский государственный университет имени Б.Осмонова, город Жалал-Абад, Кыргызская Республика, магистрант

**Moldokerimova Ektibar Karabekovna,** Zhalal-Abad state university named after B.Osmonov, Zhalal-Abad, Kyrgyz Republic, Candidate of Pedagogical Sciences, assistant professor
**Mashrapova Aiymkyz Zhenizhbekovna,** Zhalal-Abad state university named after B.Osmonov, Zhalal-Abad, Kyrgyz Republic**,** Master’s Student

**УДК 373.167.1**

**Молдокеримова Эктибар Карабековна**
**п.и.к., ЖАМУнун доценти**
**Тагаева Мырзагүл Калдарбековна,**
**ЖАМУнун магистранты**

## ФИЗИКА БОЮНЧА КЛАССТАН ТЫШКАРКЫ ИШТЕР АРКЫЛУУ ОКУУЧУЛАРДЫ ФИЗИКАГА КЫЗЫКТЫРУУНУН ЖОЛДОРУ

**Молдокеримова Эктибар Карабековна,**
**к.п.н., доцент ЖАГУ**
**Тагаева Мырзагүл Калдарбековна,**
**Магистрант ЖАГУ**

## СПОСОБЫ ЗАИНТЕРЕСОВАТЬ УЧАЩИХСЯ ФИЗИКОЙ С ПОМОЩЬЮ ВНЕКЛАССНЫХ ЗАНЯТИЙ ПО ФИЗИКЕ

**Moldokerimova Ektibar Karabekovna,**
**PhD., Associate Professor JASU,**
**Tagaeva Myrzagul Kaldarbekovna**
**Master's Student, JAGU**

## WAYS TO INTEREST STUDENTS IN PHYSICS THROUGH EXTRACURRICULAR PHYSICS CLASSES

**Аннотация**: *Бул макалада мектепте физиканы окутууда класстан тышкаркы иштер аркылуу окуучуларды физикага кызыктыруунун жолдору изилденген. Класстан тышкаркы иштер мектепте окутуунун, тарбиялоонун, өнүктүрүүнүн, калыптандыруунун, физикага кызыктыруунун методу, формасы, каражаты болуу менен окуучунун физикага болгон кызыгуусун жогорулатат, теориялык алган билимин турмушта, практикада колдоно алууга үйрөтөт. Мектепте физиканы окутууда негизги класстан тышкаркы иштер катары физикалык ийримдер, олимпиадалар, жумалыктар, дубал газеталар, физикалык кечелер, конкурстар, викториналар, конференциялар колдонулат. Сабак учурунда убакыт чектелүү болгондуктан, физика боюнча класстан тышкаркы иштерде окуучунун физика боюнча билим алууга каалоосу, өз алдынча билим алууга умтулуусу дагы жогорулайт. Келечектеги кесип тандоосуна дагы жардам берет. Ошондуктан, окуучуну физикага кызыктырууда, билимин тереңдетүүдө жана окуучуну турмушка активдүү катыштырууда, физиканы окутуунун натыйжалуулугун жогорулатууда класстан тышкаркы иштерди колдонуунун мааниси чоң.*
**Ачкыч сөздөр:** *физика, окутуу, класстан тышкаркы иштер, окуучу, колдонуу, физикага кызыктыруу, өнүктүрүү*

**Аннотация:** *В данной статье исследуются пути повышения интереса учащихся к физике через организацию внеклассной работы при обучении физике в школе. Внеклассная работа, являясь методом, формой и средством обучения, воспитания, развития и формирования личности, а также средством повышения интереса к физике, способствует усилению познавательного интереса учащихся к предмету. Она учит применять полученные теоретические знания в жизни и на практике. В качестве*

*основных форм внеклассной работы по физике в школе используются физические кружки, олимпиады, предметные недели, стенгазеты, физические вечера, конкурсы, викторины и конференции. Поскольку во время урока время ограничено, во внеклассной деятельности по физике у учащихся возрастает стремление к получению знаний и к самостоятельному обучению. Это также помогает в выборе будущей профессии.*
*Таким образом, использование внеклассной работы имеет большое значение для повышения интереса к физике, углубления знаний учащихся, их активного участия в жизни и повышения эффективности обучения физике.*
**Ключевые слова:** *физика, обучение, внеклассные занятия, ученик, применение, интерес к физике, развитие*

**Annotation:** *This article explores ways to increase students' interest in physics through the organization of extracurricular activities in school physics education.*
*Extracurricular work, serving as a method, form, and means of teaching, upbringing, development, and personal formation—as well as a tool for increasing interest in physics—enhances students' cognitive interest in the subject. It teaches them to apply the theoretical knowledge they have gained in real life and practice. The main forms of extracurricular work in physics at school include physics clubs, олимпиадs (academic competitions), subject weeks, wall newspapers, physics evenings, contests, quizzes, and conferences. Since classroom time is limited, extracurricular activities in physics increase students' motivation to gain knowledge and encourage independent learning. They also help students in choosing their future profession.*
*Thus, the use of extracurricular activities plays an important role in increasing interest in physics, deepening students' knowledge, encouraging their active participation in life, and improving the effectiveness of physics education.*
**Key words:** *physics, education, extracurricular activities, student, application, interest in physics, development*

**Кириш сөз.** Тынымсыз өнүгүп жаткан технологиялар мектепте окуучулардын өз алдынчалыгын, билгичтиктерин, жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнү талап кылууда. Ошондуктан, физиканы окутууда да заман талабына жараша окуучуларга билим, тарбия берүүнүн натыйжалуулугун жогорулатууга көнүл буруу зарыл.

Мектепте физикалык билим берүүдө физикалык билим берүүнүн мазмунун илим менен техниканын жетишкендигинин учурдагы абалына жараша жеткиликтүү мүнөздө түзүү, физикалык билим берүүнү теория менен практиканынын айкалышында жүргүзүү, физиканы окутуу менен окуучуларга политехникалык билим берүүнү камсыздоо, физиканы тектеш предметтер менен тыгыз байланыштырып окутуу сыяктуу принциптерин ишке ашырууда класстан тышкаркы иштердин мааниси, орду өзгөчө.

Эгерде физика мугалими окуучуларга физика предмети боюнча кызыктуу, пайдалуу билим бергиси келсе, сөзсүз түрдө класстан тышкаркы иштерди уюштуруунун үстүндө болот [5.3]. Демек, класстан тышкаркы иштер окуучуларды физикага кызыктырууда, аларга жаратылыш кубулуштарын билүү турмушка пайдалуу экендигин үйрөтүүдө мааниси чоң.
Окуу, тарбия процессинде окуучуларды ар бир коюлган маселени чыгармачылык менен чечүүгө көнүктүрүү, алардын окуу предметтерине болгон кызыгууларын арттырат [4.3].

Физика боюнча класстан тышкаркы иштерде да окуучулар чыгармачылык менен иштөөгө көнүгөт, предметке кызыгуусу жогорулайт.

Класстан тышкаркы иштер окуучулардын дүйнө таанымын өнүктүрөт жана калыптандырат, окуучуларды турмушка практикалык жактан даярдайт, өзүнүн көз карашын коргоого, ар түрдүү жагдайларда өз алдынча чечим кабыл алууга үйрөтөт. Коомдун өнүгүшү үчүн илим менен техниканын жетишкендиктерин колдонуунун зарылдыгын түшүнөт. Физикадан алган билимдерин жана билгичтиктерин турмуштагы практикалык маселелерди чечүүдө колдонот, жаратылышты пайдаланууну жана экологияны коргоону үйрөнөт.

Класстан тышкаркы иштердин массалык, группалык, жекече түрлөрү бар. Массалык класстан тышкаркы иштерге мектепте, мектептер арасында өткөрүлгөн кечелер, конференциялар, конкурстар, олимпиадалар, физикалык көргөзмөлөр кирет.

Мектепте колдонулган айрым физика боюнча класстан тышкаркы иштерди уюштуруп өткөрүүгө токтололу.

**Физикалык кечелер**. Физикалык кечелер тематикалык жана юбилейлик кечелер болуп бөлүнөт. Тематикалык кечелерде физикага байланышкан темадагы кечелер уюштурулат. Ал эми, юбилейлик кечелерде окумуштуулардын юбилейлерине, физикалык закондун ачылышына, физиканын тарыхына арналган кечелер өткөрүлөт.

Физикалык кечени даярдап өткөрүүдө адегенде кеченин темасын, өткөрүү убактысын аныктоо керек. Андан кийин, программасын түзүп, алып баруучуну, кызыктуу тажрыйбаларды, көргөзмөлөрдү даярдоо сунушталат.

Кечени кызыктуу, окуучуларды кечеге активдүү катыштыруу үчүн кызыктуу конкурстарды, викториналарды колдонуу маанилүү. Мисалы, төмөнкүдөй мазмундагы кызыктуу суроолордон түзүлгөн викторинаны сунуш кылабыз [2.48]:

1.Улуу композитор Бетховен өмүрүнүн аягында дүлөй болуп калса да музыканы жазган жана уккан. Кантип?

2. Жер шарында табигый шартта эң чоң температура канча жана кайсыл жерде байкалган?

3. Нобель сыйлыгын алган биринчи физик ким?

4. Нобель сыйлыгына эки жолу татыктуу болгон физик ким?

5.Тыйын чычкандын куйругу эмне кызмат аткарат?

6.Крокодил физик ким?

7. Эмне үчүн Күн өтө ысып кеткенде өсүмдүктөрдү сугарууга болбойт? ж.б.

Кечеге бир жума калганда кулактандырууну мектептин көрүнөө жерине, окуучулардын көңүлүн бура тургундай, кечеге катышууга кызыктыра тургандай кылып даярдап илүү зарыл.

Калыстар тобун түзүүдө мектептин жетекчилеринен сөзсүз кошуу керек, анткени, кечеде директор же анын орун басарлары катышса, окуучулардын канааттануусу, кечеге активдүү катышуусу, тапшырмаларды аткарып жатканда жоопкерчиликтүүлүгү жогорулайт.

Жеңүүчүлөргө белектерди даярдоодо ата-энелерди, бизнесмен бүтүрүүчүлөрдү тартуу менен ата-энелердин, бүтүрүүчүлөрдүн мектеп менен байланышы бекемделет, окуучулар дагы ата-энелерден, биснесмендерден белек алып кубанышат, ата-энени, бүтүрүүчүлөрдү сыйлоо сезими жогорулайт.

Кечени жогорку деңгээлде жыйынтыктоо менен окуучулардын физикага болгон кызыгуусун, жоопкерчилигин жогорулатууга болот. Кечеге катышкан мектеп

жетекчилеринин, ата-энелердин, бүтүрүүчүлөрдүн окуучуларга айткан мактоолору, ишенимдери, берген белектери окуучулардын сыймыктануу сезимин пайда кылат жана келечекте кесип тандоосуна үмүт, шык берет.

Ар бир физикалык кечеге тематикалык газета, викторина даярдоо менен окуучулардын кругозору кеңейет, интеллектуалдык потенциалы, интернет булактары, физикалык адабияттар менен иштөөгө кызыгуусу жогорулайт.

**Физикалык ийримдер**. Физикалык ийримге катышкан окуучулардын колунан жасалган буюмдардын, жазган физикалык макалалардын, докладдардын, дилбаяндардын көргөзмөсүн уюштуруу менен окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө, ык-машыгууларын, билгичтиктерин, тапкычтыгын, изилдөөчүлүгүн калыптандырууга, топтордо иштөөгө, ынтымакка, биримдикке, жоопкерчиликке тарбиялоого болот.

Группалык класстан тышкаркы иштердин негизги түрү ийримдер. Ийримдер мектептерде системалуу уюштурулат. Ийримдердин темалары актуалдуу болуп, окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн эске алуу керек.

Физикалык ийримдерге катышкан окуучулар физикалык кечелерге, конференцияларга материалдарды даярдашат. Окуучулардын ийримде колдо жасаган буюмдары көргөзмөлөрдө колдонулат, макалаларды конференцияларда окушат, докладдарды, дилбаяндарды кечелерге даярдашат.

**Физика боюнча олимпиадалар.** Олимпиадага даярдоо үчүн атайын бурч уюштуруу, окуу жылынын башында олимпиаданы өткөрүү боюнча комиссия түзүү, олимпиаданын жобосун иштеп чыгуу талап кылынат.

Окуучу олимпиадада жеңишке жетүү үчүн олимпиадалык бурчту жума сайын жаңылап туруу чоң мааниге ээ. Бурчка олимпиадалык маселелерди илип коюп, жума сайын жыйынтыгын чыгарып, жеңүүчүнү аныктап, окуучулар чыгара албай калган маселелерди ийримде талкуулап чыгарып туруу окуучулардын маселе иштөө билгичтигин, жөндөмдүүлүгүн жогорулатат.

Олимпиаданын жыйынтыгы боюнча мектепте окуучуга, мугалимге сыйлыктарды уюштуруу менен алардын маселе иштөөгө кызыкчылыктары жогорулайт, маселе иштөө көндүмдөрү калыптанат. Райондун, облустун, республиканын деңгээлиндеги олимпиадаларга катышууга ынтызарлыгы, кызыгуусу күчөйт. Жеңишке жетүүгө умтулуусу, каалоосу пайда болот.

Тилекке каршы, көпчүлүк мектептерде физика боюнча класстан тышкаркы иштерди уюштуруу, колдонуу маселесине жакшы көңүл бурулбагандыгы байкалат. Физика боюнча класстан тышкаркы иштер окуучуну предметке кызыктырат, билимин тереңдетет, чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн өнүктүрөт, ык-машыгууларын, билгичтиктерин, тапкычтыгын, изилдөөчүлүгүн калыптандырат, топтордо иштөөгө, ынтымакка, биримдикке, жоопкерчиликке тарбиялайт. Ошондуктан, мектептерде физика боюнча класстан тышкаркы иштерди колдонуу зарыл деп ойлойбуз.

**Колдонулган адабияттар**

1. Койчуманов М.К., ж.б. Мектеп физикасы боюнча класстан тышкаркы иштер. Бишкек, 2016.
2. Молдокеримова Э.К. Аудиториядан тышкаркы сабактарда студенттердин кесиптик компетенттүүлүгүн калыптандыруу. [Текст]. / Э.К.Молдокеримова // Жалал-Абад Мамлекеттик Университетинин жарчысы. –№1(26) 1-бөлүм.-2012.-46-49-бб
3. Молдокеримова Э.К., ж.б. Физика боюнча класстан тышкаркы иштер.-Жалал-Абад, 2015.-41 б.
4.Молдокеримова Э.К. Орто мектепте физиканы окутууда дидактикалык оюндар аркылуу окуучулардын таанып билүү ишмердүүлүгүн активдештирүү. Автореферат, 2014.-24.
5.Эмилбеков А.Э. Физика предмети боюнча класстан тышкаркы иштерди уюштурууга арналган окуу материалдары.-Бишкек, 2018.-244 б

**Авторлор жөнүндө маалымат:**

**Молдокеримова Эктибар Карабековна,** Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад Мамлекеттик университети, Жалал-Абад шаары, Кыргыз Республикасы, педагогика илимдеринин кандидаты, Физика жана информатика кафедрасынын доценти, 0-770-52 64 06, moldokerimovaektibar@gmail.com
**Тагаева Мырзагүл Калдарбековна,** Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Кыргыз Республикасы, магистрант

**Молдокеримова Эктибар Карабековна,** Жалал-Абадский государственный университет имени Б.Осмонова, город Жалал-Абад, Кыргызская Республика, кандидат педагогических наук, доцент кафедры Физики и информатики,
**Тагаева Мырзагүл Калдарбековна,** Жалал-Абадский государственный университет имени Б.Осмонова, город Жалал-Абад, Кыргызская Республика, магистрант

**Moldokerimova Ektibar Karabekovna,** Zhalal-Abad state university named after B.Osmonov, Zhalal-Abad, Kyrgyz Republic, Candidate of Pedagogical Sciences, assistant professor
**Tagaeva Myrzagul Kaldarbekovna,** Zhalal-Abad state university named after B.Osmonov, Zhalal-Abad, Kyrgyz Republic, undergraduate student

**УДК 376: 37.08.1**

**Ризашова Манзура Байбуваевна,**
**Маматкеримова Адина Маматкеримовна**

# АКЫЛ-ЭСИ ӨНҮГҮҮСҮ АРТТА КАЛГАН БАЛДАРДЫН СОЦИАЛДЫК ЖАНА КОГНИТИВДИК ӨНҮГҮҮСҮНДӨ АТА-ЭНЕНИН РОЛУ

**Аннотация**: *Бул илимий макалада акыл-эси өнүгүүсү артта калган балдардын социалдык жана когнитивдик өнүгүүсүндө ата-эненин ролу талданат. Изилдөөнүн негизги максаты — ата-эненин баланын өзгөчөлүгүн кабыл алуусу, тарбиялоодогу жоопкерчилиги жана адистер менен үзгүлтүксүз кызматташуусу баланын өнүгүүсүнө кандай таасир тийгизерин аныктоо. Макалада ата-эненин психологиялык даярдыгы, үй-бүлөдөгү колдоочу чөйрө түзүүнүн мааниси, ошондой эле педагогдор, дефектологдор жана психологдор менен биргелешкен иш-аракеттердин натыйжалуулугу каралат. Ошондой эле акыл-эси өнүгүүсү артта калган балдардын когнитивдик жөндөмдөрүн жана социалдык көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган практикалык-методикалык сунуштар берилет. Изилдөөнүн жыйынтыктары ата-энелер үчүн гана эмес, атайын билим берүү тармагындагы адистер жана тарбиячылар үчүн да практикалык мааниге ээ.*

**Ачкыч сөздөр:** *ата-эненин ролу, социалдык өнүгүү, когнитивдик өнүгүү, ата-эненин катышуусу, инклюзивдүү билим берүү, үй-бүлөлүк колдоо, адистер менен кызматташуу, коррекциялык-педагогикалык иш, методикалык колдоо.*

**Ризашова Манзура Байбуваевна,**
**Маматкеримова Адина Маматкеримовна**

# РОЛЬ РОДИТЕЛЕЙ В СОЦИАЛЬНОМ И КОГНИТИВНОМ РАЗВИТИИ ДЕТЕЙ С ИНТЕЛЛЕКТУАЛЬНОЙ НЕДОСТАТОЧНОСТЬЮ

**Аннотация:** *В данной научной статье анализируется роль родителей в социальном и когнитивном развитии детей с интеллектуальной недостаточностью. Основной целью исследования является выявление влияния принятия родителями особенностей ребенка, ответственности в процессе воспитания и их постоянного взаимодействия со специалистами на развитие ребенка. В статье рассматривается значение психологической готовности родителей, создания поддерживающей семейной среды, а также эффективность совместной деятельности педагогов, дефектологов и психологов. Кроме того, представлены практико-методические рекомендации, направленные на развитие когнитивных способностей и социальных навыков детей с интеллектуальной недостаточностью. Результаты исследования имеют практическую значимость не только для родителей, но и для специалистов и воспитателей в сфере специального образования.*

**Ключевые слова:** *роль родителей, социальное развитие, когнитивное развитие, участие родителей, инклюзивное образование, семейная поддержка, сотрудничество со специалистами, коррекционно-педагогическая работа, методическая поддержка.*

**Rizashova Manzura Baybuvaevna,**
**Mamatkerimova Adina Mamatkerimovna**

# THE ROLE OF PARENTS IN THE SOCIAL AND COGNITIVE DEVELOPMENT OF CHILDREN WITH INTELLECTUAL DISABILITIES

**Abstract:** *This scientific article analyzes the role of parents in the social and cognitive development of children with intellectual disabilities. The main objective of the study is to determine how parental acceptance of the child's condition, responsibility in the upbringing process, and continuous cooperation with specialists influence the child's development. The article examines the importance of parents' psychological readiness, the creation of a supportive family environment, as well as the effectiveness of collaborative work among teachers, special educators, and psychologists. In addition, practical and methodological recommendations aimed at developing cognitive abilities and social skills of children with intellectual disabilities are presented. The results of the study are of practical significance not only for parents, but also for specialists and educators in the field of special education.*

**Keywords:** *parental role, social development, cognitive development, parental involvement, inclusive education, family support, cooperation with specialists, corrective pedagogical work, methodological support.*

**Кириш сөз.** Азыркы коомдо акыл-эси өнүгүүсү артта калган балдарды окутуу жана социалдаштыруу маселеси билим берүү системасынын жана социалдык саясаттын маанилүү багыттарынын бири болуп саналат. Мындай балдардын өнүгүүсү биологиялык факторлор менен гана чектелбестен, алардын өсүп-өнүгүүсүнө таасир тийгизген социалдык чөйрө, үй-бүлөлүк тарбия жана атайын педагогикалык колдоо менен тыгыз байланышта болот. Ушул контекстте ата-эненин ролу өзгөчө мааниге ээ, анткени баланын биринчи социалдык тажрыйбасы үй-бүлөдө калыптанат.

Акыл-эси өнүгүүсү артта калган балдарды натыйжалуу окутуу ата-энелердин педагогикалык жана психологиялык даярдыгын талап кылат. Баланын өзгөчөлүгүн туура кабыл алган, анын мүмкүнчүлүктөрүн реалдуу баалаган ата-эне гана адистер менен үзгүлтүксүз кызматташууга, коррекциялык иш-чараларды үй шартында улантууга жана өнүгүүгө ыңгайлуу чөйрө түзүүгө жөндөмдүү болот. Ата-эненин мындай даярдыгы баланын когнитивдик жөндөмдөрүнүн өнүгүшүнө жана коомго ыңгайлашуусуна түздөн-түз таасир этет.

Бул маселенин коомдук жана мамлекеттик мааниси да зор. Акыл-эси өнүгүүсү артта калган балдардын билим алуусу жана социалдык интеграциясы алардын келечектеги өз алдынчалуулугуна, эмгекке аралашуусуна жана социалдык көз карандылыктын азайышына шарт түзөт. Натыйжада мамлекет үчүн социалдык чыгымдар кыскарып, коомдо толеранттуулук жана инклюзивдүү маданият калыптанат. Ушул себептен улам ата-эненин ролун илимий негизде изилдөө, эффективдүү методикаларды иштеп чыгуу жана практикада колдонуу актуалдуу маселе болуп саналат

**Негизги бөлүк:** Ата-эне менен баланын өз ара аракеттенүүсүн изилдеген илимий көз караштар. Акыл-эси өнүгүүсү артта калган балдардын өнүгүүсүндө үй-бүлөнүн ролу бир катар белгилүү психологдор жана педагогдор тарабынан изилденген.

Л. С. Выготскийнин маданий-тарыхый теориясына ылайык, баланын когнитивдик өнүгүүсү социалдык өз ара аракеттенүү аркылуу ишке ашат. Окумуштуу «жакынкы

өнүгүү зонасы» түшүнүгүн киргизип, баланын мүмкүнчүлүктөрү ата-эне жана адистер тарабынан көрсөтүлгөн максаттуу колдоо аркылуу кеңейерин далилдеген. Бул көз караш ата-энени баланын өнүгүү процессинин активдүү катышуучусу катары кароого негиз берет.

А. Р. Лурия нейропсихологиялык изилдөөлөрүндө когнитивдик функциялардын бузулушу компенсациялык жолдор менен жөнгө салынышы мүмкүн экенин көрсөткөн. Ал ата-эненин күнүмдүк турмуштагы туура уюштурулган аракеттери баланын эс тутумун, көңүл буруусун жана ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүдө маанилүү роль ойной турганын белгилеген.

Дефектология тармагында М. С. Певзнер жана В. И. Лубовский акыл-эси өнүгүүсү артта калган балдарды окутууда үй-бүлөлүк фактордун таасирин баса белгилешкен. Алар ата-энелердин педагогикалык сабаттуулугу коррекциялык иштердин натыйжалуулугун жогорулатарын илимий негизде далилдешкен.

Ата-энелер менен иштөөнүн натыйжалуу методикалары

Заманбап атайын педагогикада ата-энелерди коррекциялык процесске тартууга багытталган бир катар эффективдүү ыкмалар колдонулат. Алардын бири — ата-энелерди педагогикалык окутуу (parent training). Бул ыкма баланын өзгөчөлүктөрү, өнүгүү этаптары жана үй шартында колдонулуучу көнүгүүлөр боюнча системалуу маалымат берүүгө багытталган.

Индивидуалдык билим берүү программасы (ИРП) дагы маанилүү методикалык инструмент болуп саналат. Бул программа педагогдор, дефектологдор, психологдор жана ата-энелердин биргелешкен ишинин негизинде түзүлөт. Ата-эне ИРПны ишке ашырууда активдүү роль аткарып, көндүмдөрдү күнүмдүк турмушта бекемдейт.

**Үй шартында натыйжалуу колдонулган методдордун катарына:**

- күн тартибин так сактоо;
- жөнөкөй тапшырмаларды этап-этабы менен берүү;
- позитивдүү бекемдөө (мактоо, колдоо);
- социалдык көндүмдөрдү турмуштук кырдаалдарда үйрөтүү кирет.

Бул ыкмалар баланын өз алдынчалуулугун жогорулатып, социалдык адаптациясын жеңилдетет.

**Атайын окуу жай менен үй-бүлөнүн кызматташуусу**

Атайын билим берүү мекемелеринде жүргүзүлгөн изилдөөлөр көрсөткөндөй, ата-эне менен адистердин ортосундагы үзгүлтүксүз байланыш коррекциялык иштердин туруктуулугун камсыздайт. Психологдор жана дефектологдор ата-энелерге баланын жетишкендиктери жана кыйынчылыктары тууралуу маалымат берип, үй шартында колдонулуучу практикалык сунуштарды сунуштайт.

Мындай кызматташуу:

- баланын өнүгүүсүндө бирдиктүү талапты түзөт;
- окуу менен тарбиялоонун үзгүлтүксүздүгүн камсыздайт;
- ата-эненин өзүнө болгон ишенимин жогорулатат.

Натыйжада баланын когнитивдик жана социалдык өнүгүүсүндө оң динамика байкалат.

**Жыйынтыктоо**

Бул макалада акыл-эси өнүгүүсү артта калган балдарды өнүктүрүүдө ата-эненин, өзгөчө үй-бүлөлүк чөйрөнүн мааниси каралды. Баланын өнүгүүсү бир гана атайын окуу жайдагы сабактар менен чектелбестен, үйдөгү мамиле, колдоо жана түшүнүү менен тыгыз байланышта экени аныкталды. Ыңгайлуу жана коопсуз чөйрө түзүлгөн үй-бүлөдө бала өзүн эркин сезип, жаңы көндүмдөрдү өздөштүрүүгө көбүрөөк мүмкүнчүлүк алат.

Ата-эне менен адистердин үзгүлтүксүз жана ишенимдүү байланышы баланын өнүгүүсүндө маанилүү роль ойнойт. Педагогдор жана психологдор берген сунуштарды ата-энелер күнүмдүк турмушта колдонгондо коррекциялык иштердин натыйжалуулугу жогорулайт. Ошондой эле эненин психологиялык абалы жана коомдук колдоосу өзгөчө мааниге ээ. Эгерде эне жакындарынын, жолдошунун жана коомдун колдоосуна ээ болсо, ал балага кам көрүүгө, өнүгүүсүнө шарт түзүүгө көбүрөөк мүмкүнчүлүк табат.

Демек, өзгөчө балдарды өнүктүрүүдө үй-бүлө, адистер жана кеңири социалдык чөйрө биргеликте аракеттенгенде гана оң натыйжага жетүүгө болот.

**Колдонулган адабияттар**

1. Выготский Л. С. — “Психология обучения и развития”* (Орус тилинде: "Проблемы обучения и умственного развития в школьном возрасте"бөлүмүндө) 1984-ж.252-255-беттер - Виготскийдин изилдөөлөрү акыл-эси өнүүгүсү начар балдарды окутууда маанилүү орунду ээлейт. Ал баланын акыл-эси өнүгүүсүнүн социалдык шарттарына жана алардын психологиялык өзгөрүүлөрүнө көп көңүл бурган. (1920-1930-ж)

2. Пиаже Ж. «Психология интеллекта» (1952-ж. 102-110бет.) - Пиаже балдардын акыл-эсинин өнүгүүсүн сатылап түшүндүрөт, бул өзгөчө акыл-эси өнүүгүсү начар балдарды окутууда пайдалуу болот. (1936-ж)

3. Шевченко В. «Дефектология: теория и практика» - Акыл-эси өнүүгүсү начар балдардын билим алуусун жана өнүгүүсүн караган китеп. (1974-ж)

4. Исаев И. «Психология отклоняющегося поведения» - Бул изилдөөлөр акыл-эси өнүүгүсү бар балдар үчүн психологиялык жардам берүү жөнүндө кеңештерди сунуштайт. (1992-ж)

5. Петровский А. «Основы дефектологии» - Дефектология жана психологиялык жардам боюнча негизги изилдөөлөр. (1981-ж)

6. А. Р. Лурия — "Высшие корковые функции человека и их нарушения при локальных поражениях мозга"(Адамдын жогорку мээ функциялары жана алардын бузулуусу мээнин локалдуу жабыркашында) Чыгарылган жылы: 1969 Басылма: Москва, «МГУ» басмасы Беттер:5–25-беттеринде — нейропсихологиялык методдордун негиздери ( 1969-ж. 285-бет)

7. Гогоберидзе М. «Дефектология и педагогика» - Акыл-эси өнүүгүсү начар балдарга арналган педагогикалык жана психологиялык методдор жөнүндө китеп. (1984-ж)

8. Воскобович В. «Коррекционная педагогика» - Балдардын акыл-эсине таасир этүү жана акыл-эси өнүүгүсү бар балдар үчүн окуу ыкмалары. (1991-ж)

9. Матвеева Е. «Психология образования» - Балдардын билим алуу процессиндеги индивидуалдык өзгөчөлүктөрү жана үйрөнүү процессиндеги негизги маселелер. (2004-ж)

10. Савенкова Н. «Дефектология в системе специального образования» - Специальдык билим берүүдө акыл-эси өнүгүсү начар балдарга жардам берүү боюнча методикалык сунуштар. (2001-ж)

11. Соколова Е. «Основы психологии и педагогики детей с ограниченными возможностями» - Акыл-эси өнүгүсү начар балдардын өзгөчөлүктөрү жана аларды окутуу жолдору. (2000- ж)

12. Барская А. «Коррекционная работа с детьми с нарушениями интеллекта» - Интеллекттуалдык өзгөчөлүктөрү бар балдар менен иштөө ыкмалары. (1993-ж)

13. Акимова В. «Психология и педагогика детей с отклонениями в развитии» - Психологиялык жана педагогикалык аспектилерде балдарды окутуу. (1995-ж)

14. Морозова И. «Развитие психики детей с нарушениями интеллекта» - Акыл-эси өнүгүсү бар балдарга арналган психологиялык жана педагогикалык анализдер. (1996-ж)

15. Шимкевич О. «Психология ребенка с нарушениями интеллекта» - Баланын акыл-эсинин өнүгүшүнүн психологиялык аспекттери. (1997-ж)

16. Чуркова Н. «Психолого-педагогическая диагностика детей с интеллектуальными нарушениями» - Диагностика жана акыл-эси өнүгүсү бар балдарды түшүнүү боюнча иш. (2003-ж)

17. Лозова Н. «Коррекционная работа с детьми с интеллектуальными нарушениями»

- Иштеп чыгуучу методдор жана стратегиялар жөнүндө маалымат. (2005-ж)

18. Бакирова Т. «Социально-педагогическая работа с детьми с ограниченными возможностями» - Балдарга жана алардын ата-энелерине социалдык жана педагогикалык колдоо көрсөтүү. (2000-ж)

19. Энциклопедияда акыл-эси өнүгүсү бар балдарды окутуу жана тарбиялоо боюнча кеңири маалымат берилген. (1998-ж)

20. Иванова Л. «Дефектология в системе современного образования» - Бул китеп акыл-эси өнүгүсү бар балдарды окутуунун жаңы принциптерин жана теорияларын карайт. (2010-ж) Интернет-ресурстар жана онлайн-материалдар:

1. Российская государственная библиотека - [https://www.rsl.ru](https://www.rsl.ru) — бул сайтта акыл-эси өнүгүсү бар балдар боюнча ар кандай изилдөөлөрдү жана колдонмо материалдарды табууга болот

2. Google Scholar –

[https://scholar.google.com](https://scholar.google.com) — Педагогика жана дефектология боюнча изилдөөлөрдү табуу үчүн эң чоң ресурс.

3. Научная электронная библиотекаeLIBRARY

- [https://elibrary.ru](https://elibrary.ru) — Академиялык издүүлөр жана макалалар үчүн платформа.

**Авторлор жөнүндө маалымат:**

**Ризашова Манзура Байбуваевна** педагогика илимдеринин кандидаты, Жалал-Абад Заманбап Эл Аралык Университетинин педагогика жана социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын доценти, Жалал-Абад шаары, Пушкина-154 Б тел.0558388896 manzurarizashova1@gmail.com

**Маматкеримова Адина Маматкеримовна** Жалал-Абад шаарындагы Заманбап Эл Аралык университетинин магистранты, Жалал-Абад шаары, Пушкина көчөсү, 154 Б тел.0774059605 mamatkerimovaadina@gmail.com

**Ризашова Манзура Байбуваевна** кандидат педагогических наук, доцент кафедры педагогики и социально-гуманитарных дисциплин Джалал-Абадского Международного Современного университета, г. Джалал-Абад, Пушкина-154 С. тел.0558388896 manzurarizashova1@gmail.com

**Маматкеримова Адина Маматкеримовна** магистрант Международного Современного университета в г. Джалал-Абад, г. Джалал-Абад, ул. Пушкина, 154 Б тел.0774059605 mamatkerimovaadina@gmail.com

**Rizashova Manzura Baibuvaevna** Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor of the Department of Pedagogy and Social and Humanitarian Disciplines of the Jalal-Abad International Modern University, Jalal-Abad, Pushkina-154 p. tel.0558388896 manzurarizashova1@gmail.com

**Mamatkerimova Adina Mamatkerimovna** Master's student at the International Modern University in Jalal-Abad, Jalal-Abad, Pushkina str., 154 B tel.0774059605 mamatkerimovaadina@gmail.com

## РАЗДЕЛ: ПЕДОГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ

**УДК 81.362**

**Батырбекова Мырзайым Каныбековна**
**ФББ(АТ)маг-1-24 тайпасынын магистранты, ЖАМУ,**

**Дарбанов Беркут Ерматович**
**НТФАЧТ кафедрасынын профессору, ЖАМУ**

# КЫРГЫЗ ЖАНА ОРУС ТИЛДЕРИНДЕГИ УБАКЫТ МААНИСИН ТУЮНТКАН ФРАЗЕОЛОГИЗМДЕР

**Батырбекова Мырзайым Каныбековна**
**магистрант группы ФББ(АТ)маг-1-24, ЖАГУ,**

**Дарбанов Беркут Ерматович**
**профессор кафедры НиМИЯ ЖАГУ**

# ФРАЗЕОЛОГИЗМЫ СО ЗНАЧЕНИЕМ ВРЕМЕНИ В КЫРГЫЗСКОМ И В РУССКОМ ЯЗЫКЕ

**Batyrbekova Myrzaiym Kanybekovna,**
**master student group ФББ(АТ)маг-1-24 JASU**

**Darbanov Berkut Ermatovich**
**professor of German and Interfaculty Foreing Languages JASU**

# IDIOMS RELATED TO TIME IN KYRGYZ AND RUSSIAN LANGUAGES

**Аннотация:** *Макалада кыргыз жана орус тилдериндеги убакыт маанисин туюнткан фразеологизмдер каралат. Убакыт – адам акылынын негизги категориясы болуп, дүйнөнү кабылдоодо жана жашоо процесстерин түшүнүүдө маанилүү роль ойнойт. Фразеологизмдер – туруктуу сөз айкаштары, алар убакыттын ылдамдыгы, цикличдүүлүгү жана кайтарымсыздыгы сыяктуу объективдүү өзгөчөлүктөрүн гана эмес, ошондой эле убакытка карата эмоционалдык баа берүүчү, этикалык жана философиялык көз караштарды да чагылдырат. Кыргыз тилинде, көчмөн турмуштун салттарына жана табият менен тыгыз байланышына негизделген убакыт табигый, цикликалык процесс катары кабыл алынат. Көптөгөн фразеологизмдер чыдамкайлыкты, өз убагын күтүүнү, табияттын ритмдери менен гармонияны жана сөзсүз нерсени кабылдоону баса белгилейт. Орус тилинде болсо, убакыт көбүнчө чектелген ресурс катары каралып, рационалдуу жана натыйжалуу пайдаланууну талап кылат, бул өзгөчөлүк фразеологизмдерде өзгөчө басымдуулук менен чагылдырылган. Салыштырмалуу анализ эки тилдеги жана маданияттагы убакытты кабылдоонун маанилүү айырмачылыктарын көрсөтүп, тарыхый, социалдык жана маданий факторлордун тилдик билдирүүлөрдүн түзүлүшүнө таасирин ачып берет. Мындан тышкары, макала фразеологизмдерди изилдөөнүн глобалдашуу шартында маданият аралык түшүнүктү жана эффективдүү коммуникацияны өнүктүрүүдөгү ордун белгилейт. Изилдөө тил жана маданият аркылуу улуттук менталитеттерди тереңирээк түшүнүүгө жана убакытты кабылдоонун ар түрдүүлүгүнө салым кошот.*

**Ачкыч сөздөр:** *фразеологизмдер, убакыт, кыргыз тили, орус тили, лингвокультурология, убакыт концепти, маданият аралык коммуникация*

**Аннотация:** *В статье рассматриваются фразеологизмы со значением времени в кыргызском и русском языках как отражение культурно-семантических и ментальных особенностей двух народов. Время выступает одной из фундаментальных категорий человеческого сознания, через которую формируется картина мира и восприятие жизненных процессов. Фразеологизмы, будучи устойчивыми языковыми единицами с переносным значением, отражают не только объективные характеристики времени — быстротечность, цикличность, необратимость, — но и эмоционально-оценочные, этические и философские аспекты отношения к нему. В кыргызском языке, основанном на традициях кочевого образа жизни и тесной связи с природой, доминирует восприятие времени как естественного, цикличного процесса. Многочисленные выражения подчёркивают терпение, ожидание своего часа, гармонию с природными циклами и философию принятия неизбежного. В русском языке время чаще рассматривается как ограниченный ресурс, требующий рационального, эффективного использования, что отражается в фразеологизмах с акцентом на срочность, активность и ответственность. Сравнительный анализ выявляет значимые различия в концептуализации времени в двух языках и культурах, демонстрируя влияние исторических, социальных и культурных факторов на формирование языковых средств выражения. Кроме того, статья подчеркивает роль изучения фразеологизмов для межкультурного понимания и эффективной коммуникации в условиях глобализации. Исследование способствует углублению знаний о национальных менталитетах через призму языка и культуры, а также расширяет представления о многообразии восприятия времени.*

**Ключевые слова:** *фразеологизмы, время, кыргызский язык, русский язык, лингвокультурология, концепт времени, межкультурная коммуникация*

**Annotation:** *This article examines phraseological units expressing the concept of time in the Kyrgyz and Russian languages, reflecting the cultural-semantic and mental characteristics of the two peoples. Time is a fundamental category of human consciousness through which the worldview and perception of life processes are formed. Phraseological units, being stable linguistic expressions with figurative meanings, reflect not only objective features of time—such as transience, cyclicity, and irreversibility—but also emotional, ethical, and philosophical attitudes toward it. In Kyrgyz, based on nomadic traditions and a close connection with nature, time is perceived as a natural, cyclical process. Many expressions emphasize patience, waiting for the right moment, harmony with natural rhythms, and acceptance of the inevitable. In Russian, time is more often viewed as a limited resource requiring rational and efficient use, which is prominently reflected in phraseological units emphasizing urgency, activity, and responsibility. Comparative analysis reveals significant differences in the conceptualization of time in the two languages and cultures, demonstrating the influence of historical, social, and cultural factors on the formation of linguistic expressions. Moreover, the article highlights the role of studying phraseological units in fostering intercultural understanding and effective communication in conditions of globalization. The research contributes to a deeper*

*comprehension of national mentalities through language and culture and expands understanding of the diversity of time perception.*
**Keywords:** *phraseological units, time, Kyrgyz language, Russian language, linguistic culture, concept of time, intercultural communication*

## Введение

**Фразеологизмы со значением времени в кыргызском и русском языках.** Время — одна из фундаментальных категорий человеческого бытия и мышления, через которую человек осмысливает окружающий мир, упорядочивает жизненные события и выстраивает отношения с действительностью **[Арутюнова, 1999].** Понятие времени пронизывает все сферы жизни — от календарных ритуалов до внутреннего восприятия жизненного пути **[Верещагин, Костомаров, 2005]**. Язык, будучи зеркалом культуры, фиксирует эти представления, формируя особую картину мира, в которой отражается отношение народа ко времени **[Маслова, 2001].** Одним из выразительных средств языковой репрезентации времени являются фразеологизмы — устойчивые словосочетания, обладающие переносным значением и насыщенные культурно-семантическими компонентами **[Кунин, 1996]; [Мокиенко, 2007].** Фразеологизмы со значением времени не только передают объективные характеристики временных процессов — таких как быстротечность, неизбежность, цикличность, — но и выражают эмоционально-оценочные, этические и философские аспекты восприятия времени **[Белянин, 2000]; [Попова, Стернин, 2007].** В кыргызском и русском языках накоплено значительное количество фразеологических единиц, связанных с категорией времени. Эти выражения служат не только средством образной речи, но и отражают особенности менталитета, исторического опыта, уклада жизни и ценностных ориентаций соответствующих народов [**Жумалиева, 2012]; [Рахманкулова, 2018]; [Юнусова, 2015].** Так, в кыргызской фразеологии, сформированной на основе кочевого образа жизни, доминируют представления о времени как о естественном, гармоничном и цикличном процессе. В русском же языке, где большую роль сыграло оседлое хозяйство, европейское влияние и христианская культура, акцент часто делается на времени как на ресурсе, который требует рационального распределения и постоянной активности **[Сафонова, 2004]; [Киреева, 2011].**

Цель данной статьи — проанализировать фразеологические единицы со значением времени в кыргызском и русском языках, выявить их семантические особенности, проследить культурные коннотации, а также провести сравнительный анализ, позволяющий глубже понять специфику восприятия времени в двух языках и культурах.

**1. Фразеологизмы со значением времени в кыргызском языке.** В кыргызском языке фразеологизмы, связанные с временем, тесно переплетены с традиционным образом жизни кочевых народов, природными циклами и философией терпения **[Жумалиева, 2012].** Время часто воспринимается как нечто естественное и цикличное, что нельзя ускорить или остановить. Это отражается в пословицах, поговорках и устойчивых выражениях, в которых заложены глубокие представления о жизненном пути, ожидании, зрелости и своевременности действий **[Рахманкулова, 2018, Жусупова, 2012].** Эти выражения свидетельствуют о глубоком уважении кыргызского народа к времени как к цикличной, вечной силе, подчёркивают необходимость терпения, принятия и гармонии с природой **[Жусупова, 2012].**

Например, фразеологизм *«Убакыт – дарыгер» (Время – лекарь)* выражает веру в исцеляющую силу времени, в то, что боль и переживания со временем утихают. Выражение *«Ар нерсенин өз убагы бар» (У всего есть своё время)* подчёркивает важность терпения и умения ждать подходящего момента, а также гармонию между человеческой деятельностью и природными ритмами **[Юнусова, 2015].** Другие устойчивые выражения, такие как *«Убакыт учкан куштай» (Время — как летящая птица),* символизируют быстротечность времени, напоминают о ценности каждого момента и необходимости использовать время с умом. Многие из указанных выражений зафиксированы в «Большом киргизско-русском словаре» **К.К. Юдахина [Юдахин, 1965],** где подчёркивается их образность и устойчивое употребление в речи. Также популярно выражение *«Кечигип келген жоонун зыяны жок» (Поздно пришедший враг не опасен),* которое показывает отношение к времени в контексте угроз и ожиданий **[Жумалиева, 2012].** Фразеологизмы со значением времени в кыргызском языке не только описывают временные характеристики, но и служат средством выражения моральных норм, жизненной мудрости и коллективного опыта народа. Через них передаются знания о том, как правильно распределять время, как относиться к изменениям и как сохранять внутреннее спокойствие перед лицом неизбежного.

**Семантические группы кыргызских фразеологизмов о времени:**

- **Время как природный цикл и смена состояний:**

*«Күн батса — кеч кирет, өмүр өтсө — карылык келет»* — Солнце заходит — наступает вечер, жизнь проходит — наступает старость. Выражает смену этапов жизни и естественный ход времени.

*«Жаздын бир күнү — жылга татыбайт»* — Один весенний день дороже целого года. Подчеркивает ценность благоприятного момента.

- **Необратимость и быстротечность времени:**

*«Өткөн күн — өткөн суудай»* — Прошедший день как вода, утекшая и невозвратимая. Символизирует невозможность вернуть прошлое.

*«Кеткен кайрым — кайра келбейт»* — Ушедшее добро не возвращается **[Жумалиева, 2012].** Подчеркивает, что упущенные возможности не повторяются.

- **Терпение и ожидание своего часа:**

*«Ар бир иштин өз учуру бар»* — У каждого дела своё время. Учит терпению и умению ждать.

*«Убакыт учурун күтөт»* — Время ждёт своего часа. Подчеркивает, что всё происходит в нужный момент.

- **Смерть и вечность:**

*«Өмүр — суудай, бир жолу агат»* — Жизнь как вода, течёт один раз. Отражает философское отношение к жизни как мимолетному явлению **[Юнусова, 2015].**

Эти выражения свидетельствуют о глубоком уважении кыргызского народа к времени как к цикличной, вечной силе, подчёркивают необходимость терпения, принятия и гармонии с природой.

**Фразеологизмы о времени в кыргызском языке (без прямых эквивалентов в русском языке)**

*Өткөн күн — өткөн суудай* – прошедший день как утекшая вода, время уходит безвозвратно.

*Өз убагында жеткен мөмө ширин болот* – плод, созревший в своё время, бывает сладким (о важности своевременности).
*Жаздын бир күнү — жылга татыбайт* – один весенний день дороже целого года (в русском языке такой яркой образности нет).
*Таң атып, күн батканча – от рассвета до заката* (для описания короткого промежутка времени).
*Өмүр өткөн суудай* – жизнь как текущая вода, утекающая быстро и неуловимо.
*Убакыттын баасы жок* – у времени нет цены (как философский взгляд на бесценность времени).
*Ар бир иштин өз учуру бар* – у каждого дела есть своё время.

**2. Фразеологизмы со значением времени в русском языке**
В русском языке время чаще воспринимается как линейный ресурс, ограниченный и ценный, требующий рационального использования **[Добровольский, 1980]; [Сафонова, 2004].** Фразеологизмы отражают практическое, деятельное отношение к времени, акцент на скорости, эффективности и ответственности **[Попова, Стернин, 2007]; [Стернин, 2003].**
**Основные группы русских фразеологизмов:**
- **Время как ограниченный ресурс:**

*«Время не ждёт»* — необходимость действовать быстро, чтобы не упустить момент.
*«Дорого время»* — ценность времени и призыв к экономии.
- **Медлительность и её последствия:**

*«Тянуть кота за хвост»* — медлить, откладывать дело.
*«Волынить время»* — напрасно терять время, критика промедлений **[Кунин, 1996 [.**
**Изменчивость и непредсказуемость времени:**
*«Семь пятниц на неделе»* — о человеке, который постоянно меняет планы.
*«Ждать у моря погоды»* — надеяться на невозможное, зря ждать.
- **Важность выбора времени:**

*«Бить железо, пока горячо»* — использовать момент для достижения цели.
*«Семь раз отмерь — один раз отрежь»* — правильное использование момента **[Маслова, 2001].**
Русские фразеологизмы часто несут предостерегающий, практический характер, побуждают к активности, ответственности и экономии времени.

**Фразеологизмы о времени в русском языке (без прямых эквивалентов в кыргызском языке)**
*Время – деньги* – время ценно, его нельзя терять зря.
*Тянуть резину* – медлить, затягивать дело.
*Каждый кулик свое болото хвалит* – каждый защищает свои интересы (косвенно связано с ценностью времени и расстановкой приоритетов, такого образа в кыргызском языке нет).
*Время покажет* – надо подождать, только время даст ответ.
*Не откладывай на завтра то, что можно сделать сегодня* – призыв к действию здесь и сейчас, иначе будет упущено время.
*На все время, а делу час* – часто используется для критики лени и промедлений.

**3. Сравнительный анализ**

Анализ показывает, что в кыргызском языке время чаще воспринимается как естественный цикл, требующий терпения и принятия, тогда как в русском — как ресурс, который нужно использовать эффективно и с умом **[Стернин, 2003]; [Юнусова, 2015 ].**

| **Аспект** | **Кыргызский язык** | **Русский язык** |
|---|---|---|
| Восприятие времени | Цикличное, естественное, терпеливое | Линейное, ограниченное, ценно |
| Отношение к времени | Смирение, ожидание своего часа | Активность, рациональное использование |
| Основные образы | Природные циклы (солнце, вода, весна) | Ресурс, момент, часы |
| Функция фразеологизмов | Философское осмысление, воспитание терпения | Мотивирующая, предостерегающая |

Таким образом, фразеологизмы служат языковым отражением менталитета и культурных особенностей народов, формируя уникальную концептуализацию времени в каждом языке **[Маслова, 2001]; [Белянин, 2000].**

**Сравнительный анализ кыргызских и русских фразеологизмов с двусмысленностью**

| **Кыргызча идиома** | **Түз мааниси** | **Которулма мааниси** | **Русский эквивалент** | **Пример употребления (рус.)** |
|---|---|---|---|---|
| **Башын салбыратып жүрүү** | Голова опущена (опускать) | Уялып, капаланып жүрүү | "Опускать голову" | *Он опустил голову, когда услышал новости.* |
| **Эт бышмайынча, шорпого ашыкпа** | Мясо не сварилось, не торопись | Шашпа, всему своё время | "Поспешишь — людей насмешишь" | *Не торопись, всё придёт вовремя.* |
| **Кол куушуруп отуруу** | Руки сложены на груди | Ничего не делать, бездействовать | "Сидеть сложа руки" | *Нельзя сидеть сложа руки, нужно работать.* |
| **Көзү жетүү** | Увидеть своими глазами | Поверить, удостовериться | "Увидеть своими глазами" | *Я видел своими глазами, что он честный человек.* |
| **Жаачы шашса, жаасын сындырат** | Лучник сломает лук, если спешит | Ошибки из-за спешки | "Поспешишь — людей насмешишь" | *Спешка часто приводит к ошибкам.* |
| **Иштин башы оор, аягы жеңил** | Трудно начать, потом легко | Начать тяжело, потом всё наладится | "Тяжело в учении — легко в бою" | *Учиться трудно, но потом всё станет просто.* |
| **Тил тишке тийбейт** | Язык не касается зубов | Болтливый, говорит лишнее | "Язык без костей" | *Он язык без костей, всё подряд говорит.* |
| **Ич күйүү** | Жжение в животе | Зависть, недовольство | "Горько на душе" | *Он горько на душе из-за успехов друга.* |

## Заключение

Фразеологизмы со значением времени в кыргызском и русском языках отражают различное отношение к этому феномену, сформированное под влиянием исторических, культурных и философских факторов. В кыргызской культуре, укоренённой в кочевом мировоззрении и тесной связи с природой, время воспринимается как явление цикличное, текущее плавно и не поддающееся контролю. Это отношение формирует фразеологизмы, наполненные смыслом терпения, созерцательности и принятия естественного хода событий.

Русская же культура, особенно под влиянием урбанизации, индустриализации и европейской традиции рационализма, чаще трактует время как ограниченный ресурс, требующий бережного и осмысленного использования. Во фразеологизмах русского языка отчётливо прослеживается акцент на срочность, эффективность и ответственность: *"время — деньги", "дорогое время", "тянуть время".*

Таким образом, сопоставительный анализ фразеологических единиц с временной семантикой демонстрирует не только лингвистические различия, но и глубокие ментальные особенности народов. Эти различия становятся особенно значимыми в условиях глобализации, когда межкультурная коммуникация требует уважительного и осознанного подхода к иным концептам и системам ценностей. Изучение фразеологизмов позволяет не просто сравнивать языки, но и приобщаться к иной картине мира, открывая путь к более глубокому межкультурному взаимопониманию.

**Литература**


1. Кунин А.В. Курс фразеологии современного английского языка. — М.: Высшая школа, 1996. — 381 с.
2. Маслова В.А. Лингвокультурология. — М.: Академия, 2001. — 208 с.
3. Добровольский Д.О. Когнитивный подход к изучению фразеологии // Вопросы языкознания. — 1980. — №2. — С. 45–52.
4. Стернин И.А. Когнитивная лингвокультурология: основные понятия. — Воронеж: ВГУ, 2003. — 98 с.
5. Жумалиева А.Ж. Фразеологизмы в кыргызском языке: национально-культурная специфика. — Бишкек: Илим, 2012. — 164 с.
6. Верещагин Е.М., Костомаров В.Г. Язык и культура. — М.: Индрик, 2005. — 288 с.
7. Арутюнова Н.Д. Логика и лингвистика. Структура смыслов. — М.: Языки русской культуры, 1999. — 416 с.
8. Белянин В.П. Текст как культурный феномен. — М.: Логос, 2000. — 352 с.
9. Сафонова В.В. Культурологическая лингвистика и межкультурная коммуникация. — М.: Владос, 2004. — 224 с.
10. Попова З.Д., Стернин И.А. Когнитивная лингвистика. — М.: Астрель, 2007. — 312 с.
11. Рахманкулова Г.М. Мировосприятие времени в кыргызской паремии. — Бишкек: КНУ, 2018. — 127 с.
12. Мокиенко В.М. Фразеология: мифы и реальность. — СПб.: Златоуст, 2007. — 248 с.
13. Киреева Л.М. Концепт времени в русском языке: лингвокультурный аспект. — М.: Литера, 2011. — 136 с.
14. Юнусова А.А. Категория времени в кыргызском языке. — Бишкек: Илим, 2015. — 142 с.
15. Юдахин К.К. Большой киргизско-русский словарь. — М.: Советская энциклопедия, 1965.
16. Жусупова Г.Ф. Кыргыз тилиндеги убакыт түшүнүгү жана анын лингвомаданияттык өзгөчөлүктөрү. — Бишкек: Илим, 2012. — 130 б.

**УДК 811.512.154.373.7:39**

# КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ ЖАНЫБАР АТАЛЫШТАРЫНА НЕГИЗДЕЛГЕН ФРАЗЕОЛОГИЗМДЕРДИН СЕМАНТИКАЛЫК, СТРУКТУРАЛЫК ЖАНА УЛУТТУК-МАДАНИЙ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**Каратаева Арзыгул Кадырбековна**
**магистрант**
**Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети**
**+996220651315**
**karataevaarzygul@gmail.com**

**Ахмедова Таңшоола Закиржановна**
**магистрант**
**Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети**
**+99771077844**
**Tanshomamatova2000@gmail.com**

**Хурибаева Элмира Гайдаровна**
**К. Ш. Токтомаматов атындагы ЭАУ,**
**Манас ш. Кыргыз Республикасы**
**+996773406575**
**huribaevaelmira@gmail.com**

**Аннотация.** *Бул илимий макала кыргыз тилиндеги жаныбар аталыштары катышкан фразеологизмдердин семантикалык, структуралык жана улуттук-маданий өзгөчөлүктөрүн ар тараптуу изилдөөгө арналган. Изилдөөдө жаныбар компоненттери аркылуу калыптанган туруктуу сөз айкаштарынын маанилей моделдери, метафоралык табияты жана символдук жүктөмдөрү чечмеленет. Жаныбарлардын кыргыз маданиятындагы орду, салт-санаадагы, дүйнө таанымдагы жана элдик түшүнүктөгү мааниси фразеологизмдердин образдуулугуна кандайча таасир этери да өзүнчө талданат. Макалада бул фразеологизмдердин грамматикалык түзүлүшү, компоненттердин өз ара байланышы жана тил системасындагы функционалдык ролу да каралат. Изилдөөнүн натыйжасында жаныбар аталыштары негизинде түзүлгөн фразеологизмдер кыргыз элинин менталитетин, этностук тажрыйбасын жана улуттук дүйнө картинасын чагылдырган өзгөчө лингвомаданий материал экендиги белгиленет. Макала тил илиминде фразеология, этнолингвистика жана маданий семантика багытында жүргүзүлгөн изилдөөлөргө теориялык жана практикалык салым кошот.*

**Негизги сөздөр:** *фразеологизмдер, зоофразеологизмдер, семантикалык өзгөчөлүктөр, структуралык түзүлүш, улуттук-маданий баалуулуктар, этнолингвистика, образдуулук, улуттук менталитет, символика, тилдик дүйнө тааным.*

# СЕМАНТИЧЕСКИЕ, СТРУКТУРНЫЕ И НАЦИОНАЛЬНО-КУЛЬТУРНЫЕ ОСОБЕННОСТИ ФРАЗЕОЛОГИЗМОВ, ОСНОВАННЫХ НА НАЗВАНИЯХ ЖИВОТНЫХ В КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ

**Каратаева Арзыгуль Кадырбековна**
**магистрант**
**Жалал-Абадский государственный университет им. Б. Осмонова**
**+996220651315**
**karataevaarzygul@gmail.com**

**Ахмедова Таңшоола Закиржановна**
**магистрант**
**Жалал-Абадский государственный университет им. Б. Осмонова**
**+99771077844**
**Tanshomamatova2000@gmail.com**

**Хурибаева Элмира Гайдаровна**
**Международный университет им. К.Ш. Токтомаматова**
**г. Манас, Кыргызская Республика**
**+996773406575**
**huribaevaelmira@gmail.com**

**Аннотация.** *Данная научная статья посвящена всестороннему исследованию семантических, структурных и национально-культурных особенностей фразеологизмов кыргызского языка, содержащих названия животных. В исследовании раскрываются смысловые модели устойчивых словосочетаний, сформированных с участием зоонимов, их метафорическая природа и символическая нагрузка. Особое внимание уделяется роли животных в кыргызской культуре, их значению в традициях, мировоззрении и народных представлениях, а также тому, как эти факторы влияют на образность фразеологизмов. В статье также рассматриваются грамматическая структура данных фразеологизмов, взаимосвязь их компонентов и их функциональная роль в системе языка. В результате исследования установлено, что фразеологизмы, основанные на названиях животных, представляют собой важный лингвокультурный материал, отражающий менталитет, этнический опыт и национальную картину мира кыргызского народа. Работа вносит теоретический и практический вклад в развитие фразеологии, этнолингвистики и культурной семантики.*

**Ключевые слова:** *фразеологизмы, зоофразеологизмы, семантические особенности, структурная организация, национально-культурные ценности, этнолингвистика, образность, национальный менталитет, символика, языковая картина мира.*

# SEMANTIC, STRUCTURAL AND NATIONAL-CULTURAL FEATURES OF PHRASEOLOGICAL UNITS BASED ON ANIMAL NAMES IN THE KYRGYZ LANGUAGE


**Karataeva Arzygul Kadyrbekovna**
**Master's student of B. Osmonov**
**Jalal-Abad State University**
**+996220651315**
karataevaarzygul@gmail.com

**Akhmedova Tanshoola Zakirzhanovna**
**Master's student of B. Osmonov**
**Jalal-Abad State University**
**+99771077844**
**Tanshomamatova2000@gmail.com**

**Khuribaeva Elmira Gaidarovna**
**International University named**
**after K.Sh.Toktomamatov**
**Manas s. Kyrgyzstan**
**+996773406575**
huribaevaelmira@gmail.com



**Abstract:** *This scientific article provides a comprehensive analysis of the semantic, structural, and cultural characteristics of Kyrgyz phraseological units based on animal names. The study examines the semantic models, metaphorical nature, and symbolic meanings embedded in stable expressions formed with zoonyms. Special attention is given to the role of animals in Kyrgyz traditional culture, worldview, and folk perceptions, showing how these cultural factors shape the imagery and expressive value of the phraseologisms. The article also explores the grammatical structure of such expressions, the interaction between their components, and their functional role within the linguistic system. The findings demonstrate that phraseological units containing animal names represent significant linguocultural material reflecting the mentality, ethnographic experience, and national worldview of the Kyrgyz people. The study contributes to the fields of phraseology, ethnolinguistics, and cultural semantics by offering both theoretical insights and practical implications.*



**Keywords:** *phraseology, zoophraseology, semantic features, structural structure, national-cultural values, ethnolinguistics, imagery, national mentality, symbolism, linguistic worldview.*

## Кириш сөз

**Теманын актуалдуулугу.** Кыргыз тилинин фразеологиялык системасы – элдин дүйнө таанымын, ой жүгүртүүсүн, маданиятын жана турмуштук тажрыйбасын өзгөчө формада чагылдырган тилдик катмар. Айрыкча жаныбар аталыштарына негизделген фразеологизмдер кыргыз элинин көчмөн маданияты менен ажырагыс байланышта калыптанган өтө бай жана образдуу тилдик көрүнүштөрдүн бири болуп саналат. Кыргыз этносу кылымдар бою жаратылыш менен тыгыз жашаган, мал чарбачылыгы негизги жашоо шарты болгон коом катары жаныбарларга байланышкан түшүнүктөрдү терең символика, улуттук ишенимдер, баалуулуктар жана менталдык өзгөчөлүктөр аркылуу кабылдаган. Мунун натыйжасында жаныбарлардын аттары катышкан фразеологизмдер тилдин гана эмес, бүтүндөй этномаданий мейкиндиктин көркөм чагылышы болуп калган. Жаныбар аттары менен түзүлгөн фразеологизмдердин семантикалык өзгөчөлүктөрүн изилдөө – элибиздин дүйнө таанымын, улуттук психологиясын жана ой жүгүртүүсүнүн метафоралык моделдерин терең түшүнүүгө мүмкүндүк берет. Анткени мындай фразеологизмдерде сөздүн түз мааниси уникалдуу образдар менен айкалышып, элдин турмуштук көз карашын, мүнөздүк баалуулуктарын жана социалдык мамилелерге болгон баамын чагылдырган көркөм жана символдук маанилерди пайда кылат. Структуралык жактан алганда да зоофразеологизмдер кыргыз тилинин грамматикалык моделдеринин өзүнчө бир динамикалык бөлүгү болуп, туруктуу айкаштардын түзүлүү механизмдерин жана алардын синтаксистик кызматын изилдөөгө шарт түзөт. Бул – фразеологизмдердин пайда болуу жолун, алардын ички формасын жана грамматикалык өзгөчөлүктөрүн терең талдоого мүмкүнчүлүк берет. Мындан тышкары, глобалдашуу шартында улуттук тилдерге, айрыкча этномаданий өзгөчөлүктөрдү чагылдырган фразеологиялык катмарга өзгөчө көңүл буруу зарыл. Жаныбар аталыштарын камтыган фразеологизмдер – кыргыз элинин тарыхый аң-сезимин жана маданий кодун сактап туруучу баалуу тилдик булак. Алардын улуттук-этникалык маңызын изилдөө, алар аркылуу элдин руханий дүйнөсүн ачып берүү – бүгүнкү күндө өзгөчө мааниге ээ илимий багыт. Демек, жогоруда айтылган турмуштук, лингвистикалык жана маданий факторлор жаныбар аталыштарына негизделген фразеологизмдерди изилдөөнү заманбап тил илиминде актуалдуу маселе катарыизилдөөнүн негизги себеби болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн максаты:** Кыргыз тилиндеги жаныбар аталыштарын камтыган фразеологизмдердин семантикалык мазмунун, структуралык түзүлүшүн жана улуттук-маданий маңызын комплекстүү түрдө изилдеп, алардын кыргыз элинин тилдик дүйнө таанымындагы, этномаданий кодундагы ордун аныктоо.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

**1.** Теориялык негиздерди аныктоо, зоофразеологизмдердый жыйноо: Кыргыз фразеологиясынын, этнолингвистиканын жана зоонимдердин лингвистикалык изилденишине байланышкан илимий булактарды жалпылоо. Жазма жана оозеки тил материалдарынан зоонимдер катышкан фразеологизмдерди чогултуу жана классификациялоо.

**2.** Зоофразеологизмдерге семантикалык, курамдык талдоо жүргүзүү: Туруктуу сөз айкаштарындагы жаныбар аталыштарынын түз жана кыйыр маанилеринин, образдык-сөзмө маанилеринин өзгөчөлүктөрүн аныктоо. Фразеологизмдердин грамматикалык модели, түзүлүү формалары, компоненттеринин байланышы жана синтаксистик кызматын талдоо.

**3.** Улуттук-маданий өзгөчөлүктөрүн, метафоралык жана символикалык маанилерди талдоо: Кыргыз элинин турмуш салты, ишенимдери, дүйнө таанымы жана этнопсихологиясы фразеологизмдерге кандайча чагылдырылганын аныктоо. Жаныбар образдары аркылуу түзүлгөн ассоциациялардын жана метафоралардын улуттук менталитеттеги ордун белгилөө.

**Изилдөөнүн объектиси — кыргыз тилиндеги жаныбар аталыштарын (зоонимдерди) камтыган фразеологизмдер**, алардын түзүлүшү, мааниси жана колдонулуш өзгөчөлүктөрү. Бул фразеологизмдер кыргыз элинин тилдик дүйнө таанымын, этномаданий баалуулуктарын жана образдык ой жүгүртүүсүн чагылдырган тилдик бирдиктер катары изилдөөнүн негизги объектин түзөт.

**Изилдөөнүн предмети** — зоонимдер катышкан фразеологизмдердин семантикалык мазмуну**,** структуралык-грамматикалык түзүлүшү**,** улуттук-маданий (этнолингвистикалык) өзгөчөлүктөрү**,** метафоралык жана символикалык маанилери**,** көркөм-образдык табияты**.** Башкача айтканда, фразеологизмдердин *ички формасы, маанилердин өнүгүүсү* жана *кыргыз этносунун руханий дүйнөсүн кантип чагылдырганы*.

## Изилдөөнүн методу жана методологиясы

**Изилдөөнүн методу жана методологиясы** изилдөө төмөнкү лингвистикалык жана этнолингвистикалык методдор аркылуу жүргүзүлөт.

**1. Түшүндүрмө-семантикалык метод:** Фразеологизмдердин түз жана кыйыр, символикалык жана метафоралык маанилерин чечмелөө, алардын семантикалык көлөмүн аныктоо.

**2. Структуралык талдоо методдору:** Фразеологизмдердин грамматикалык модели, компоненттердин байланышы, синтаксистик түзүлүшү жана типологиясы изилденет.

**3. Этнолингвистикалык метод:** Фразеологизмдердеги жаныбар образдарынын улуттук дүйнө тааным, салт-санаа, ишенимдер жана менталитет менен байланышын аныктоо.

**4. Контексттик анализ:** Фразеологизмдердин реалдуу колдонулушун көркөм адабияттан, фольклордон, оозеки сүйлөмдөрдөн жана медиаматериалдардан талдоо**.**

**5. Дескриптивдик метод:** Изилденген материалдарды системалаштыруу, классификациялоо, сыпаттоо.

## Изилдөөнүн илимий жаңылыгы

Кыргыз тилиндеги жаныбар аталыштарына негизделген фразеологизмдер биринчи жолу комплекстүү түрдө үч багытта — семантикалык, структуралык жана этнолингвистикалык аспектиде системалуу талдоого алынат. Зоонимдердин катышуусу менен түзүлгөн фразеологизмдердин ички формасы, алардын образдык-семиотикалык табияты жана кыргыз этносуна мүнөздүү дүйнө таанымдык моделдер конкреттүү мисалдар аркылуу жаңы илимий негизде ачылып берилет. Жаныбар аталыштарынын фразеологизмдердеги метафоралык жана символикалык маанилери биринчи жолу кыргыз менталитети менен түздөн-түз байланышта этнолингвистикалык интерпретацияда каралат. Кыргыз тилиндеги зоофразеологизмдер тематикалык жана функционалдык өзгөчөлүктөрүнө жараша жаңы типологиялык классификацияга салынат. (Мисалы:

жаныбардын мүнөзүнө байланышкан фразеологизмдер, социалдык мамилелерди чагылдырган фразеологизмдер, адамдын сапатын сүрөттөгөн ж.б.)

Кыргыздын көчмөн турмушу, мал чарбачылыгы, ишенимдери жана элдик түшүнүктөр фразеологизмдерде кандайча чагылдырылганы этномаданий мазмунда биринчи жолу терең анализден өтөт. Кыргыз тилиндеги зоофразеологизмдердин семантикалык кеңдиги, көп маанилүүлүгү жана контекстке жараша өзгөрүү динамикасы жаңы лингвистикалык материалдар аркылуу аныкталат. Зарыл учурда түрк тилдериндеги окшош фразеологизмдер менен салыштыруу жүргүзүлүп, кыргыз тилинин өзүнчө улуттук-этникалык өзгөчөлүктөрү жаңычыл өңүттөн көрсөтүлөт. Фразеологизмдердин көркөм адабияттагы жана оозеки сүйлөмдөгү иштеш өзгөчөлүктөрү жаңы контексттик материалдар аркылуу баяндалат.

## Иштин теориялык жана практикалык мааниси

### 1. Иштин теориялык мааниси.

Бул изилдөө кыргыз тил илиминде фразеология, этнолингвистика жана семасиология тармактарын жаңы эмпирикалык материалдар жана илимий жыйынтыктар менен толуктайт. Айрыкча жаныбар аталыштарына негизделген фразеологизмдерди комплекстүү — семантикалык, структуралык жана этномаданий аспектиде изилдөө төмөнкү теориялык баалуулуктарды түзөт:

**Фразеологиянын теориялык базасын кеңейтет**, анткени кыргыз тилиндеги зоофразеологизмдер толук масштабда системалаштырылып, алардын түзүлүш жана маанилик механизмдери жаңы илимий негизде чечмеленет.

**Жаныбар аталыштарынын образдуу-семиотикалык табияты** (символдор, метафоралар, улуттук дүйнө таанымдын чагылуусу) жогорку деңгээлде талданып, кыргыз фразеологиясынын ички мыйзам ченемдүүлүктөрүн түшүнүүгө салым кошот.

**Кыргыз этнолингвистикасын толуктайт**, себеби фразеологизмдер аркылуу кыргыз менталитети, көчмөн маданияттагы символдор, жаныбар түшүнүктөрү жана этнопсихологиялык моделдер илимий негизде ачып берилет.

**Тилдин дүйнө таанымдык функциясын (linguistic worldview)** изилдөөдө жаңы методикалык ыкмаларды сунуштайт.

**Туруктуу сөз айкаштарынын түзүлүү формаларынын модели** такталып, кыргыз фразеологиясынын структуралык типологиясын тереңдетет.

**Изилдөө натыйжалары тилдин метафоралык системасын** жана улуттук символдордун тилдеги ордун теориялык жактан далилдөөгө мүмкүндүк берет. Демек, бул эмгек кыргыз тил илиминде фразеологиялык жана этнолингвистикалык изилдөөлөрдүн методологиясын байытып, келечектеги жаңы академиялык сүрөттөмөлөргө негиз түзөт.

## Иштин практикалык мааниси

Изилдөөнүн натыйжалары кыргыз тилин практикалык колдонуу тармактары жана билим берүү системасы үчүн да жогорку деңгээлде маанилүү. Атап айтканда, **окуу куралдарын, окуу программаларын жана фразеология боюнча сөздүктөрдү түзүүдө** материал катары пайдаланууга болот. Мисалы, фразеологизмдердин түшүндүрмө сөздүгүн түзүүдө зоофразеологизмдер боюнча жаңы семантикалык талдоолор колдонулушу мүмкүн.

**Орто жана жогорку билим берүүдө кыргыз тили фразеологиясын окутууда** даяр методикалык материал катары пайдаланууга болот.

**Фольклор, адабият таануу, антропология жана тарых багыттары үчүн кошумча изилдөө булагынын** ролун аткарат. Анткени фразеологизмдер – улуттук тарыхый аң-сезимдин жана руханий коддун чагылыштары.

**Илимий долбоорлорго жана типологиялык салыштырма изилдөөлөргө**, айрыкча түрк тилдеринин фразеологиясын салыштырмалуу үйрөнүүдө маанилүү материал берет. Кыргыз тилин үйрөнгөн чет элдик студенттер үчүн **улуттук-маданий компонентти өздөштүрүүдө** чоң практикалык жардамчы болуп саналат. **Маданий мурасты сактоо жана популярдаштыруу** иштеринде (энциклопедия, медиа, онлайн-платформалар) колдонууга болот, анткени зоофразеологизмдер элдин маданий кодунун ажырагыс бөлүгү.

**Көркөм чыгармачылыкта** (поэзия, проза, котормо иштери, сахна чыгармалары) образ түзүүдөгү улуттук лексикалык ресурстарды байытып, авторлорго жаңы мүмкүнчүлүктөрдү берет.

**Негизги бөлүм: Зоофразеологизмдердин семантикалык өзгөчөлүктөрү**

Кыргыз элинин тил маданияты кылымдар бою көчмөндүк турмуштун, жаратылыш менен тыгыз байланыштын жана этномаданий баалуулуктардын негизинде калыптанып келген. Кыргыз тилиндеги фразеологизмдер — элдин логикалык ой жүгүртүүсүн, дүйнө таанымын, эстетикалык көз карашын чагылдырган көркөм каражаттардын эң бай жана маанилүү катмары. Алар жөн гана сөз айкаштары эмес, терең тарыхый, маданий жана социалдык мазмунга ээ тилдик бирдиктер. Фразеологизмдердин өзгөчө бир чоң катмары — жаныбарлардын аттары катышкан туруктуу сөз айкаштары. Бул табигый көрүнүш, анткени кыргыздардын турмушу илгертен мал чарбачылыгы, айлана-чөйрөдөгү жаныбарлар дүйнөсү жана жаратылыш кубулуштары менен түздөн-түз байланышкан. Жаныбарлардын өзгөчөлүктөрү, мүнөздөрү, жүрүм-туруму көркөм ой жүгүртүүнүн негизги булактарынын бири болуп келген. Кыргыздар кылымдар бою жарым көчмөн жана көчмөн жашоо образын аркалаган. Мал чарбачылыгы экономикалык негиз гана эмес, маданий баалуулуктардын, салт-санаанын, дүйнө таанымдын маанилүү бөлүгү болгон. Ошондуктан жаныбарлардын образдары элдин тилдик коруна да кеңири сиңип, фразеологиялык фондду байыткан. Ар бир жаныбар кыргыз элинин аң-сезиминде белгилүү бир символду түшүндүрөт: жолборс, бука, арстан — күч, эрдик, кайрат маанисинде берилсе; үй жаныбарлары кой, эчки, уй — жумшактык, туруктуулук, адаттуулук маанисин чагылдырат. Ал эми жырткыч жаныбарлар карышкыр, түлкү — айлакерлик, коркунуч, сактык образдарын чагылдырат. Адамдарга эң жакын болгон жылкы — эркиндик, рухий күч, улуттук идеал деген маанилерди берген фразеологизмдерде колдонулат. Мына ушул образдар фразеологизмдердин негизги семантикалык булактары болуп кызмат кылат [10:42].

Семантика – бул сөздөрдүн жана фразеологиялык бирдиктердин маанисин изилдейт. Жаныбарлардын аталыштары кыргыз фразеологиясында көп учурда чыгармачыл салыштыруулар, образдуу маанилер жана символикалык маанилерди жеткирүү үчүн колдонулат [10:19]. Мисалдар: «Эшектей иштөө» – сөзмө-сөз «эшектей иш кылуу», башкача айтканда айыл-чарбасында оор иштердин баарын эшек менен жасашат, ошондуктан бул фразеологизмдин мааниси кужүрмөн эмгек дегенди билдирет. «Бүркүт

көздүү» – адамдын назик жана ээрчип байкаган көзгө ээ экенин билдирет. Тактап айтканда, көзү курч, алысты көрө билген адамдар үчүн колдонулат**.** «Чочкодай ачкөз» – ашыкча берекесиз, керексиз нерсени жеп жаткан адамды сүрөттөйт. Бирок, бул маани жалаң гана тамак жегенде эмес, дүйнө таанымы тар, бардык тараптан ач адамды түшүндүрөт. Демек, семантикалык жактан жаныбарлардын жүрүм-туруму, мүнөзү жана жашоо образы адамдардын сапаттарын сүрөттөөдө метафоралык ролду ойнойт.

## 2. Зоофразеологизмдердин структуралык өзгөчөлүктөрү

Фразеологиялык бирдиктер структурасы боюнча сөз айкалыштары, салыштырма, метафора, эпитеттер аркылуу түзүлөт [5]. Кыргыз тилиндеги жаныбар аталыштарына негизделген фразеологизмдер төмөнкү структуралык формаларды алат:

Салыштыруу формасы: «Жолбун сымал» – сөзмө-сөз «жолбундай», мааниси: карапайым, жөнөкөй инсан. «Арыстандай күчтүү» – адамдын физикалык күчү же эрдиги жөнүндө айтууда колдонулат.

Метафоралык формасы: «Түлкү сыяктуу айлакер» – адамдын акылдуу, бирок айлакер экенин билдирет. «Бүркүттүн канаты» – бийик максатка жетүү мүмкүнчүлүгүн же эркиндикти сүрөттөйт.

Эпитеттик формасы: «Чочкодой ачкөз» – ашыкча берекесиздик, ыксыз тамакты сүйүү. Андан сырткары Койдой жоош – тынч, зыянсыз, түлкүдөй айлакер – куу, амалкер, жолборстой кайраттуу – эр жүрөк сыяктуу салыштыруулар да кенен кездешет.

Демек, Структуралык жактан, мындай фразеологизмдер сөздүн маанисин күчөтөт жана образдуу мүнөз берет, аларды сөзмө-сөз эмес, метафоралык мааниде колдонуу зарыл.

## 4. Улуттук-маданий өзгөчөлүктөрү

Зоофразеологизмдер кыргыз тилинин **улуттук маданий тажрыйбасын** чагылдырат. Алар кыргыздын турмушу, салттары, аңчылык жана мал чарбачылык маданияты менен тыгыз байланыштуу. Малдын адам турмушундагы мааниси ар бир фразеологизмдин түзүлүшүнө таасир эткен. Мисалы, «ат жалында өсүү», «мал-жан аман болсун» сыяктуу сөздөр социалдык турмуштун көргөзмөсү [11]. Андан сырткары, кыргыз маданиятында ат эң жогорку символдордун бири. Ошондуктан атка байланышкан фразеологизмдер абдан көп: ат жалында өсүү, ат көтөрбөс жүк, ат чабым жер, «Жылкы мүнөз» – жакшы мааниде: токтоо, сымбаттуу адам; «Жылкы жүрүш» – жай жүрүү же салабаттуу кыймыл ж.б.

**Дагы башка жаныбарлар менен байланышкан мисалдарды келтирели, «Бүркүт көздүү»** – бүркүт кыргыз эли үчүн сыймыктуу аңчы жаныбар, көз менен байкоо жөндөмүн символдоштурат. **«Жолбун ит»** – көчмөн турмушта иттин коргоо жана эскертүү милдети бар, ошондой эле «жолбун» адамы кам көрүлбөгөн, өз алдынча инсанды символдоштурат. **«Түлкү сыяктуу айлакер»** – аңчылык маданиятынан келип, айлакерликти жана тиричилик көндүмүн чагылдырат.

Жыйынтыктап айтканда, улуттук-маданий жактан, бул фразеологизмдер кыргыздын жашоо образы, аңчылык жана мал чарбачылык турмушу, ошондой эле адамдардын мүнөзүн баалоо системасы менен байланыштуу.

## Корутунду

«Кыргыз тилиндеги жаныбар аталыштарына негизделген фразеологизмдердин семантикалык, структуралык жана улуттук-маданий өзгөчөлүктөрү» темасы боюнча жүргүзүлгөн изилдөө кыргыз элинин тили, ой жүгүртүүсү жана этномаданий дүйнөтаанымы өз ара тыгыз байланыштуу экенин айкын көрсөттү. Жаныбар аталыштары катышкан туруктуу сөз айкаштары бир эле тилдик бирдик катары эмес, улуттун салт-санаасы, мифтик түшүнүктөрү, чарбачылык турмушу, психологиялык кабыл алуусу жана дүйнөнү интерпретациялоо өзгөчөлүгү тууралуу баалуу маалымат ташыган көркөм-таанып-билүүчү катмар болуп саналат.

Семантикалык жактан алганда, бул фразеологизмдер көбүнчө **каармандык, мүнөз, жүрүм-турум, эмоция жана социалдык мамилелерди** баалоодо метафоралык моделдерге таянары аныкталды. Жаныбарлардын табигый касиеттерине байланыштуу туулган образдар («кой мүнөз», «жылан жүрөк», «итче эмгектенүү», «арстандай тайманбастык») кыргыз этносунун түшүнүк дүйнөсүндөгү универсалдуу жана улутка мүнөздүү белгилерди айкалыштырат.

Структуралык талдоо болсо, жаныбар компоненттүү фразеологизмдердин көпчүлүгү **туюнтма мүнөздөгү туруктуу сөз айкаштары, салыштыруучу конструкциялар, этик-баалоочу түзүлүштөр жана метафоралык этиштик бирдиктер** түрүндө кездешерин көрсөттү. Алардын түзүлүшү салыштырмалуу туруктуу болуп, компоненттердин орун алмашуусу же алмашуусу маанини өзгөртүп жибере турганы белгилүү болду.

Улуттук-маданий аспектиде бул фразеологизмдер кыргыз элинин **кочкор, жылкы, бөрү, ит, уй, төө сыяктуу** мал чарбачылыгы менен байланышкан негизги жаныбарларга берген өзгөчө маани-мазмунун чагылдырат. Ошондой эле айрым фразеологизмдер архаикалык мифологиялык түшүнүктөрдү («ажыдаардай каардануу») жана көчмөн турмуштун тажрыйбалык байкоолорун сактап калган.

Жалпысынан алганда, жаныбар аталыштарына негизделген фразеологизмдер кыргыз тилинин образдуулугун, эмоциялык-экспрессивдик күчүн арттырып, улуттун маданий кодун сактап берүүчү маанилүү тилдик мурас катары бааланат. Алардын семантикалык, структуралык жана маданий табиятын ар тараптан изилдөө кыргыз фразеологиясынын мазмунун терең түшүнүүгө жана келечектеги лингвомаданий изилдөөлөр үчүн илимий негиз түзүүгө чоң салым кошот.

## Колдонулган адабияттардын тизмеси:

1. Абдувалиев И., *Кыргыз тилинин кесиптик лексикасы.* – Бишкек: Кыргызстан, 1999.
2. Абдылдаев Э. «Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки». – Фрунзе: Илим, 1973.
3. Абдылдаев Э. Кыргыз фольклорунун тарыхынын. Фрунзе — 1983-ж. Толугураак https://bilim.akipress.org/lib/book:348/abdyldaev-e-kyrgyz-folklorunun-taryhynyn-frunze-1983g//?f=cp
4. Абрамзон С. М.. Очерк культуры Киргизского народа. Фрунзе — 1946г. толугураак https://bilim.akipress.org/lib/book:308/s-m-abramzon-ocherk-kultury-kirgizskogo-naroda-frunze-1946g//?f=cp

5. Бакирова Г. Фразеологизмдердин контактылуу жана дистактылуу жайгашкан компоненттеринин синтаксистик кызматы. http://www.science-journal.kg/media/Papers/ivk/2016/2/ivk-2016-N2-192-195.pdf.pdf

6. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Ред.: Э.Абдулдаев, Д.Исаев. – Фрунзе: Мектеп, 1969. -775 б

7. Кыргыз эл табышмактары, жаңылмачтары, калптары /Түз.: Ж.Мукамбаев, Ж.Таштемиров. – Фрунзе: Мектеп, 1971. – 195 б.

8. Лазутин С.Г. Метафора в загадках //Поэтика русского фольклора. – М.: 1981. С 98-99.

9. Осмонова Ж. Кыргыз тилинин фразеологиясы. - Каракол.: ЫМУ, 2007.

10. Сапарбаев А. Кыргыз тилинин лексикологиясы жана фразеологиясы. Жогорку окуу жайларынын филол. фак. студенттери үчүн окуу китеби. — Б.: «Кыргызстан — Сорос» фонду, 1997.— 328 б.

11. Эгембердиев Р. Кыргыз тилиндеги фразеологизмдер (Табияты жана семантикасы). - Бишкек.: БГУ, 2007.

12. Юдахин К.К. *Кыргызча-орусча сөздүк.* – Фрунзе: Кыргыз Совет Энциклопедиясынын башкы редакциясы, 1985

**УДК: 37.091.33**

**Батырова Ы. М.**

# ПЕДАГОГИКАЛЫК ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮДӨ ИНСТРУМЕНТАЛДЫК КОМПЕТЕНЦИЯЛАРДЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖОЛДОРУ

**Батырова Ы. М.**

# ПУТИ РАЗВИТИЯ ИНСТРУМЕНТАЛЬНЫХ КОМПЕТЕНЦИЙ В ПЕДАГОГИЧЕСКОМ ВЫСШЕМ ОБРАЗОВАНИИ

**Batyrova Y. M.**

# WAYS TO DEVELOP INSTRUMENTAL COMPETENCES IN PEDAGOGICAL HIGHER EDUCATION

**Аннотация.** *Макалада педагогикалык жогорку билим берүү системасында инструменталдык компетенцияларды өнүктүрүүнүн заманбап ыкмалары каралат. Билим берүүнү санариптештирүү жана модернизациялоо шарттарында болочоктогу педагогдун натыйжалуу кесиптик ишмердүүлүккө даярдыгын камсыз кылуучу универсалдуу көндүмдөрдүн жыйындысы катары "инструменталдык компетенциялар" түшүнүгүнүн маңызы ачылат. Аларды калыптандыруунун негизги багыттары аныкталат: билим берүү программаларын модернизациялоо, окутуунун активдүү жана интерактивдүү методдорун колдонуу, санариптик жана медиакомпетенттүүлүктү өнүктүрүү, студенттердин илимий-изилдөө жана долбоордук иштерге катышуусу, ошондой эле практикалык багытталган окутуу. Кесиптик жактан маанилүү көндүмдөрдү жана көндүмдөрдү калыптандыруу үчүн шарттарды түзүүдө окутуучунун жана билим берүү чөйрөсүнүн ролу баса белгиленет. Жаңы типтеги - мобилдүү, креативдүү жана өзүн-өзү өнүктүрүүгө даяр педагогду даярдоонун маанилүү шарты катары инструменталдык компетенцияларды өнүктүрүүгө комплекстүү мамиле кылуунун зарылдыгы жөнүндө тыянак чыгарылды.*

**Ачкыч сөздөр:** *инструменталдык компетенциялар, педагогикалык билим берүү, кесиптик даярдык, санариптештирүү, компетенттүүлүк мамиле, билим берүү чөйрөсү, өзүн-өзү өнүктүрүү, окутуунун интерактивдүү ыкмалары, кесиптик көндүмдөр, инновациялык ишмердүүлүк.*

**Аннотация.** *В статье рассматриваются современные подходы к развитию инструментальных компетенций в системе педагогического высшего образования. Раскрывается сущность понятия «инструментальные компетенции» как совокупности универсальных умений, обеспечивающих готовность будущего педагога к эффективной профессиональной деятельности в условиях цифровизации и модернизации образования. Определяются основные направления их формирования: модернизация образовательных программ, применение активных и интерактивных методов обучения, развитие цифровой и медиакомпетентности, участие студентов в научно-исследовательской и проектной деятельности, а также практико-ориентированное обучение. Подчеркивается роль преподавателя и образовательной среды в создании условий для формирования профессионально значимых умений и навыков. Сделан вывод о необходимости комплексного подхода к развитию инструментальных компетенций как*

*важнейшего условия подготовки педагога нового типа - мобильного, креативного и готового к саморазвитию.*

**Ключевые слова:** *инструментальные компетенции, педагогическое образование, профессиональная подготовка, цифровизация, компетентностный подход, образовательная среда, саморазвитие, интерактивные методы обучения, профессиональные умения, инновационная деятельность.*

**Annotation.** *The article discusses modern approaches to the development of instrumental competencies in the system of pedagogical higher education. The article reveals the essence of the concept of "instrumental competencies" as a set of universal skills that ensure the future teacher's readiness for effective professional activity in the context of digitalization and modernization of education. The main directions of their formation are determined: the modernization of educational programs, the use of active and interactive teaching methods, the development of digital and media competence, the participation of students in research and project activities, as well as practice-oriented learning. The role of the teacher and the educational environment in creating conditions for the formation of professionally significant skills is emphasized. The conclusion is made about the need for an integrated approach to the development of instrumental competencies as the most important condition for the training of a new type of teacher - mobile, creative and ready for self-development.*

**Keywords:** *instrumental competencies, teacher education, professional training, digitalization, competence approach, educational environment, self-development, interactive teaching methods, professional skills, innovative activity.*

**Кириш сөз.** Заманбап коом педагогго предметтик билимге ээ болуу гана эмес, аны санариптик, коммуникативдик, изилдөө жана уюштуруу куралдарынын кеңири спектрин колдонуу менен практикада натыйжалуу колдоно билүү зарылчылыгы менен байланышкан жаңы талаптарды коюп жатат. Ушуга байланыштуу кесиптик компетенциялардын структурасында педагогдун кесиптик мобилдүүлүгүнүн жана инновациялык ишине даярдыгынын негизин түзүүчү инструменталдык компетенциялар өзгөчө орунду ээлейт. Инструменталдык компетенциялар-бул педагогго билимди реалдуу шарттарда колдонууга, заманбап технологияларды колдонууга, сынчыл ой жүгүртүүгө, билим берүү процессинин башка катышуучулары менен өз ара аракеттенүүгө жана негиздүү чечимдерди кабыл алууга мүмкүндүк берүүчү универсалдуу көндүмдөрдүн жана көндүмдөрдүн жыйындысы.

## 1. Инструменталдык компетенциялардын маңызы жана мааниси

**Инструменталдык компетенцияларга төмөнкүлөр кирет:**

- ✓ когнитивдик жөндөмдөр-маалыматты талдоо, чечмелөө жана уюштуруу жөндөмү;
- ✓ маалыматтык-коммуникациялык жөндөмдөр-санариптик технологияларды, аралыктан окутуу каражаттарын жана мультимедианы билүү;
- ✓ коммуникативдик көндүмдөр - окуучулар, кесиптештер, ата-энелер менен натыйжалуу өз ара аракеттене билүү;
- ✓ уюштуруучулук жөндөм-педагогикалык иш-аракеттердин натыйжаларын пландаштыруу, ишке ашыруу жана баалоо жөндөмү;

✓ өзүн - өзү жөнгө салуу жана өзүн-өзү окутуу-кесиптик жактан туруктуу өнүгүүгө даярдык.

Инструменталдык компетенцияларды калыптандыруу болочоктогу педагогго кесиптик ийкемдүүлүккө, адаптацияга жана билим берүү маселелерин чечүүгө инновациялык мамиле кылууга жөндөмдүүлүктү камсыз кылат.

**2. Мугалимдердин билим берүүсүндөгү заманбап чакырыктар жана тенденциялар**

Заманбап педагогикалык билим берүүгө санариптештирүү, ааламдашуу жана компетенттүүлүк мамилени киргизүү процесстери таасир этет. Бул педагогикалык ЖОЖдордо окутуунун мазмунун жана технологиясын кайра карап чыгууну талап кылат.

**Негизги тенденциялардын катарына төмөнкүлөр кирет:**

✓ билим парадигмасынан ишмердик парадигмасына өтүү;
✓ санариптик билим берүү платформаларын жана электрондук ресурстарды киргизүү;
✓ студенттердин долбоордук жана илимий-изилдөө иштерин өнүктүрүү;
✓ "ТКК" көндүмдөрүн - сынчыл ой жүгүртүү, креативдүүлүк, коммуникация жана кооперация көндүмдөрүн калыптандырууга багыттоо.

Бул өзгөртүүлөр инструменталдык компетенцияларды активдүү өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзөт, бирок билим берүү мекемелери тарабынан аң-сезимдүү мамилени талап кылат.

**3. Педагогикалык университетте инструменталдык компетенттүүлүктү өнүктүрүүнүн негизги жолдору**

**3.1. Билим берүү программаларын модернизациялоо**

Компетенттүүлүккө багытталган окуу пландарын киргизүү зарыл, анда ар бир дисциплина билим берүүгө гана эмес, конкреттүү инструменталдык көндүмдөрдү калыптандырууга да багытталган. Мисалы, педагогиканы изилдөөдө-МКТны изилдөөдө педагогикалык кырдаалдарды талдоо көндүмдөрүн өнүктүрүү-сабактарды долбоорлоонун санариптик инструменттерин өздөштүрүү.

**3.2. Активдүү жана интерактивдүү окутуу ыкмалары**

Долбоордук окутуу, кейс-метод, кесиптик кырдаалдарды моделдөө, дискуссиялар, тренингдер сыяктуу технологияларды колдонуу Студенттердин аналитикалык жана коммуникативдик жөндөмдөрүн өнүктүрүүгө, ошондой эле белгисиздик шартында чечим кабыл алуу жөндөмүнө өбөлгө түзөт.

**3.3. Санариптик чөйрө жана медиа компетенттүүлүк**

Окуу процессине санариптик инструменттерди (окуу платформалары, интерактивдүү доскалар, виртуалдык лабораториялар) интеграциялоо студенттерге заманбап технологияларды өздөштүрүүгө гана эмес, алардын педагогикалык колдонулушун үйрөнүүгө да мүмкүндүк берет. Бул маалыматтык-коммуникациялык компетенттүүлүктү калыптандырат - Заманбап педагогдун инструменталдык көндүмдөрүнүн негизги компоненттеринин бири.

**3.4. Илимий-изилдөө жана долбоорлоо ишмердүүлүгү**

Студенттердин илимий конференцияларга, илимий долбоорлорго, педагогикалык эксперименттерге катышуусу кесиптик маселелерди талдоо, синтездөө, аныктоо жана чечүү көндүмдөрүн өнүктүрөт. Иштин мындай түрлөрү кесиптик өсүш үчүн зарыл болгон чагылдыруучу компетенттүүлүктү калыптандырат.

**3.5. Практикага багытталган окутуу**

Инструменталдык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү үчүн абдан маанилүү шарты теориясы жана практикасы менен тыгыз байланыш болуп саналат. Педагогикалык практика кесиптик сыноо мейкиндиги катары курулушу керек, анда студент уюштуруучулук, коммуникативдик жана технологиялык көндүмдөрдү практикалайт, кайтарым байланыш алат жана өзүнүн ишмердүүлүгүнө өзүн-өзү баа берет.

**3.6. Жеке билим берүү Траекториялары**

Жекелештирилген окутууга өтүү студенттердин кызыкчылыктарын, каалоолорун жана даярдык деңгээлин эске алат. Жеке мамиле инструменталдык компетенциялардын негизги аспектилери болгон жоопкерчиликти, өзүн - өзү жөнгө салууну жана өзүн-өзү өнүктүрүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

## 4. Окутуучунун жана билим берүү чөйрөсүнүн ролу

Педагогикалык окуу жайдын окутуучусу студенттердин кесиптик өсүшүнүн фасилитатору болуп калат. Анын милдети-өнүктүрүүчү билим берүү чөйрөсүн түзүү, өз алдынча таанып-билүү активдүүлүгүн стимулдаштыруу жана рефлексия маданиятын калыптандыруу.

Билим берүү уюмдары менен өз ара аракеттенүү да чоң мааниге ээ, анда студенттер заманбап педагогикалык тажрыйбаларды байкап, талдап, инновациялык долбоорлорго катышып, алардын инструменталдык жөндөмдөрүнүн натыйжалуулугун баалай алышат.

## Жыйынтыктоо

Педагогикалык жогорку билим берүүдө инструменталдык компетенцияларды өнүктүрүү Заманбап педагогду даярдоонун стратегиялык багыты болуп саналат. Бул анын кесиптик ийгилигинин шарты гана эмес, бүтүндөй билим берүү тутумунун атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн негизи.

Бул компетенцияларды натыйжалуу калыптандыруу окуу программаларын модернизациялоону, окутуунун активдүү методдорун киргизүүнү, санариптик сабаттуулукту өнүктүрүүнү, практикалык даярдоону күчөтүүнү жана билим берүү процессин жекелештирүүнү камтыган комплекстүү ыкманын шартында мүмкүн.

Келечекте инструменталдык компетенцияларды өнүктүрүү жаңы типтеги - мобилдүү, инновациялык, өзүн-өзү өнүктүрүүгө жана санариптик коомдо натыйжалуу өз ара аракеттенүүгө жөндөмдүү педагогду калыптандырууга өбөлгө түзөт.

## Колдонулган адабияттар:


1. Барпыбаев Т., Токтомамбетова Ж. Педагогикалык ишмердүүлүктөгү компетенттүүлүк мамиленини инновациялык багыттуулугу.-Известия вузов.2024.-№1.- 291-294 б.б. https://elibrary.ru/item.asp?id=69230761

2. Тыныбекова Ч.А. Маалыматтык технологиялар студенттин чыгармачылыгынын өнүгүүсүнүн фактору катары..Известия вузов.-2022.-№1.212-216 б.б. https://elibrary.ru/item.asp?id=49523000

3. Ажыкулов С.М. Болочок мугалимдердин компьютердик технологияны колдонуу ишмердүүлүгү. Известия ВУЗов Кыргызстана, № 3, 2023.-194-198 с. [Электронный ресурс] https://elibrary.ru/item.asp?id=54828250

4. Батырова Ы.М. Башталгыч мектеп окуучуларынын үй тапшырасын уюштуруунун атайын программасы // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - № 4, 2024. 119-123-беттер [Электронный ресурс] http://www.science-journal.kg/ru/journal/1/2022/8/
5. Батырова Ы.М., Нарматова Н. Т. Болочок мугалимдерди кесиптик даярдоодо компетенттүү мамиле кылуу. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - № 4, 2024. 123-127-беттер[Электронный ресурс] http://www.science-journal.kg/ru/journal/1/2022/8/
6. Зимняя, И. А. Ключевые компетенции как результативно-целевая основа компетентностного подхода в образовании / И. А. Зимняя. — М.: Исследовательский центр проблем качества подготовки специалистов, 2004. — 42 с.
7. Хуторской, А. В. Ключевые компетенции и образовательные стандарты / А. В. Хуторской // Интернет-журнал «Эйдос». — 2002. — № 2. — URL: https://eidos.ru/journal/2002/0423.htm (дата обращения: 31.10.2025).
8. Черникова, И. В. Формирование профессиональных компетенций будущего педагога в условиях цифровой образовательной среды / И. В. Черникова // Вестник педагогических инноваций. — 2022. — № 3. — С. 45–52.

УДК 303.425

**Халматов К. А., Талантбек кызы Д.**

# ПРОФЕССОР Э. Ж. СУЛАЙМАНОВДУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ: КАЛЫПТАНУУ ЖОЛУ ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮГӨ КОШКОН САЛЫМЫ

**Халматов К. А., Талантбек кызы Д.**

# ПЕДАГОГИЧЕСКАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ ПРОФЕССОРА Э. ДЖ. СУЛАЙМАНОВА: ПУТЬ СТАНОВЛЕНИЯ И ВКЛАД В СИСТЕМУ ОБРАЗОВАНИЯ

**Khalmatov K. A., Talantbek kyzy D.**

# PEDAGOGICAL ACTIVITY OF PROFESSOR E. J. SULAIMANOV: THE PATH OF FORMATION AND CONTRIBUTION TO THE EDUCATION SYSTEM

**Аннатоция.** *Бул илимий макалада кыргыз коомунун көрүнүктүү этнограф-окумуштуусу, тарых илимдеринин кандидаты, профессор Эртабылды Жолдошевич Сулаймановдун педагогикалык ишмердүүлүгүнүн негизги этаптары жана анын жогорку билим берүү системасындагы орду изилденген. Изилдөөнүн актуалдуулугу катары XX кылымдын экинчи жарымындагы жана XXI кылымдын башындагы кыргыз этнография илиминин жана педагогикасынын калыптанышын бир инсандын илимий-педагогикалык жолу аркылуу чагылдыруу зарылчылыгы менен түшүндүрүлөт.Макалада окумуштуунун билим алуу жолу Жалал-Абаттагы А.С. Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайынан башталып, М.В. Ломоносов атындагы Маскөө мамлекеттик университетинин тарых факультетинин этнография кафедрасында уланганы терең талдоого алынат. Автор Э.Ж. Сулаймановдун адис катары калыптанышында советтик этнографиялык мектептин алптары, өзгөчө академик Ю.В. Бромлей сыяктуу инсандардын таасири зор болгонун белгилейт. Макаланын негизги бөлүгүндө профессордун Ош мамлекеттик университетиндеги (1987–2005-жж.) жана Жалал-Абат мамлекеттик университетиндеги (2005-жылдан бери) көп кырдуу ишмердүүлүгү каралат. Анын окутуучулуктан тартып, декандык жана кафедра башчылык кызматтарга чейинки жолу, ошондой эле университеттерде тарыхчы адистерди кесипкөй катары тарбиялоого кошкон салымы тарыхый маалыматтар менен тастыкталган. Изилдөөнүн жыйынтыгында Э.Ж. Сулаймановдун 150дөй илимий эмгектеринин, анын ичинде студенттер үчүн колдон түшкүс курал болгон "Этнография" (2010) окуулугунун мааниси ачып берилет. Профессордун жаш илимпоздорго берген адистик кеңештери жана насаатчылыгы анын педагогикалык мектебинин ишмердигинин түзөөрү илимий макалада талдоого алынган.*

**Ачкыч сөздөр**: *Э.Ж. Сулайманов, педагог, ишмердүүлүк, этнография, билим берүү, насаатчылык, илимий мурас, жогорку мектеп, мугалим, окутуучу, доцент, профессор.*

**Аннотация.** *В данной научной статье исследуются основные этапы педагогической деятельности и место в системе высшего образования видного этнографа кыргызского общества, кандидата исторических наук, профессора Эртабылды Жолдошевича Сулайманова. Актуальность исследования обусловлена необходимостью отражения процесса становления кыргызской этнографической науки и*

*педагогики во второй половине XX и начале XXI веков через призму научно-педагогического пути одной личности. В статье глубоко анализируется образовательный путь ученого, начавшийся в Джалал-Абадском педагогическом училище им. А.С. Пушкина и продолжившийся на кафедре этнографии исторического факультета Московского государственного университета им. М.В. Ломоносова. Автор отмечает значительное влияние гигантов советской этнографической школы, в частности академика Ю.В. Бромлея, на становление Э.Ж. Сулайманова как специалиста. В основной части статьи рассматривается многогранная деятельность профессора в Ошском государственном университете (1987–2005 гг.) и Джалал-Абадском государственном университете (с 2005 г. по настоящее время). Историческими данными подтвержден его путь от преподавателя до должностей декана и заведующего кафедрой, а также его вклад в профессиональную подготовку историков в университетах. В результате исследования раскрывается значение около 150 научных трудов Э.Ж. Сулайманова, включая учебник «Этнография» (2010), ставший незаменимым пособием для студентов. В научной статье анализируется деятельность его педагогической школы, основой которой являются профессиональные советы и наставничество профессора для молодых ученых.*

**Ключевые слова:** *Э.Ж. Сулайманов, педагог, деятельность, этнография, образование, наставничество, научное наследие, высшая школа, учитель, преподаватель, доцент, профессор.*

**Annotation.** *This scientific article examines the main stages of the pedagogical activity and the role in the higher education system of the prominent ethnographer of Kyrgyz society, Candidate of Historical Sciences, Professor Ertabyldy Joldoshevich Sulaimanov. The relevance of the research is explained by the need to reflect the formation of Kyrgyz ethnographic science and pedagogy in the second half of the 20th and early 21st centuries through the scientific and pedagogical path of a single individual. The article provides a profound analysis of the scientist's educational journey, which began at the A.S. Pushkin Jalal-Abad Pedagogical College and continued at the Department of Ethnography of the Faculty of History at Lomonosov Moscow State University. The author emphasizes the significant influence of the giants of the Soviet ethnographic school, particularly Academician Yu.V. Bromley, on the development of E.J. Sulaimanov as a specialist. The main part of the article reviews the multifaceted activities of the professor at Osh State University (1987–2005) and Jalal-Abad State University (from 2005 to the present). His career path, from lecturer to the positions of dean and head of department, as well as his contribution to the professional training of history specialists in universities, is supported by historical data. As a result of the study, the significance of approximately 150 scientific works by E.J. Sulaimanov is revealed, including the textbook "Ethnography" (2010), which has become an indispensable tool for students. The scientific article analyzes the functioning of his pedagogical school, formed by the professor's professional advice and mentorship provided to young scientists.*

**Keywords:** *E.J. Sulaimanov, educator, activity, ethnography, education, mentorship, scientific heritage, higher school, teacher, lecturer, associate professor, professor.*

**Кириш сөз.** Кыргызстандын эгемендүүлүк жылдарында жогорку билим берүү тутумунда сапаттуу кадрларды даярдоо жана улуттук илимий мектептерди

калыптандыруу маселеси өзгөчө актуалдуулукка ээ болду. Бул жараянда фундаменталдуу билимге ээ, теория менен практиканы айкалыштырган окумуштуу-педагогдордун орду өтө чоң. Мына ушундай инсандардын бири – Кыргызстан эле эмес чет өлкөлөрдө да белдүү этнограф окумуштуусу, тарых илимдеринин кандидаты, профессор Эртабылды Жолдошович Сулайманов. Анын илимий-педагогикалык жолу XX кылымдын экинчи жарымындагы советтик этнографиялык мектептин классикалык салттарын сактоо жана аны эгемендүүлүк доорундагы жогорку мектептин талаптарына ылайык өнүктүрүү менен мүнөздөлөт.

Профессор Э.Ж. Сулаймановдун педагогикалык ишмердүүлүгүнүн тамыры анын терең илимий даярдыгында жатат. М.В. Ломоносов атындагы Масква мамлекеттик университетинин тарых факультетинин этнография кафедрасында алган таалими жана дүйнөлүк деңгээлдеги академик Ю.В. Бромлей сыяктуу илимпоздордун сабактарын угуусу анын келечектеги жогорку квалификациялуу окутуучу катары калыптанышына зор рол ойногон. Бул фундамент кийинчерээк Кыргызстандын түштүк чөлкөмүндөгү ири окуу жайларында - Ош мамлекеттик университетинде жана Жалал-Абад мамлекеттик университетинде көптөгөн жылдар бою үзүрлүү эмгектенүүгө өбөлгө түздү.

Бул макалада Э.Ж. Сулаймановдун жөнөкөй окутуучулуктан баштап, кафедра башчысы, декан сыяктуу жетекчилик кызматтарды аркалоодогу педагогикалык тажрыйбасы жана анын студенттер үчүн жараткан "Этнография" окуу китебинин илимий-методикалык мааниси талдоого алынат. Изилдөөнүн предмети катары окумуштуунун насаатчылык ишмердүүлүгү жана анын кыргыз этнография илимине кадрларды даярдоодогу кошкон реалдуу салымы каралат. Автордун пикиринде, бир инсандын өмүр жолу аркылуу региондогу тарыхый билим берүүнүн өнүгүү динамикасын чагылдыруу заманбап тарыхнаама үчүн маанилүү илимий мааниге ээ деп эсептейбиз.

**Материалдар жана ыкмалар.** Бул изилдөөнүн материалдык негизин профессор Э.Ж. Сулаймановдун өмүр жолуна жана илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүнө арналган архивдик маалыматтар, анын калемине таандык 150дөй илимий эмгектер, монографиялар жана окуу куралдары түзөт. Негизги булак катары окумуштуунун 2010-жылы жарык көргөн «Этнография» аттуу окуу китеби, кандидаттык диссертациясынын автореферАты жана «Кыргыз Совет Энциклопедиясындагы» макалалары колдонулган. Ошондой эле, Т.К. Чоротегин сыяктуу замандаштарынын жана кесиптештеринин эскерүүлөрү, Жалал-Абад мамлекеттик университетинин (ЖАМУ) жана Ош мамлекеттик университетинин (ОшМУ) кадрдык архивдери изилдөөнүн фактологиялык базасын байытты.

Изилдөөдө тарых илиминин объективдүүлүк жана тарыхыйлуулук принциптерине негизделген комплекстүү методология колдонулду. Негизги методдор катары тарыхый-биографиялык метод колдонулуп, профессордун окуучулук мезгилинен тартып, бүгүнкү күнгө чейинки педагогикалык ишмердүүлүгүнүн этаптарын хронологиялык ырааттуулукта калыбына келтирүү үчүн жакшы шарт жаратып берди. Илимий-метрикалык талдоо болсо, окумуштуунун жарыяланган эмгектеринин санын, сапатын жана алардын жогорку билим берүүдөгү маанисин баалоо максатында пайдаланылды. Ошондой эле системалык мамиле ыкмасы колдонулуп, Э.Ж. Сулаймановдун педагогикалык тажрыйбасын советтик жана эгемендүү Кыргызстандын жогорку мектебинин өнүгүү контекстинде бирдиктүү система катары кароого мүмкүндүк берди.

Оозеки тарых (Oral History) методу кесиптештеринин жана шакирттеринин эскерүүлөрүн анализдөө аркылуу анын насаатчылык образын жана илимий мектебин мүнөздөө үчүн колдонулган.

Колдонулган методдордун айкалышы профессордун педагогикалык мурасын терең жана ар тараптуу ачып берүүгө шарт түзөт десек жаңылбайбыз.

**Талкуулар жана тыянактар.** Профессор Э.Ж. Сулаймановдун педагогикалык ишмердүүлүгүн талдоодо, анын советтик классикалык билим берүү системасы менен эгемендүү Кыргызстандын жогорку мектебинин ортосундагы алтын көпүрө экенин көрүүгө болот. Профессор Э.Ж.Сулаймановдун кыргыз коомуна кошкон агартуучулук жана илимий ишмердүүлүгүнүн орду жогору экендигине карабастан, анын эмгектери, өзү тууралуу маалыматтар социалдык тармактарда өтө аз кездешкендигин белгилөө менен анын өмүр баянына да кыскача токтоло кетүүнү туура деп эсептейбиз.

2024-жылы профессордун 75-жылдык юбилейи илимий чөйрөдө жогорку деңгээлде белгиленип, «Кыргызстан этнографы Сулайманов Эртабылды Жолдошевич 75 жашта» [1]- деген атылышта китеп жарык көргөн. Бул китепте профессордун 75 жылдык тарыхы ошол тарыхтын башатын тузгөн өмур баяны да баяндалат.

Ал эми профессордун өмүр жолу менен сыймыктанган кесиптештери: «Ал элет жергесинде туулуп өскөн. Анын кичи мекени - Кыргызстандын түштүгүндөгү азыркы Жалал-Абад облусунун Ноокен районуна караштуу Шайдан айыл өкмөтүнүн курамындагы Жаңы-Турмуш (азыркы Алма) айылы. Бул мурдагы тепкедей кыштак Шайдан-Сай өзөнүнөн батышыраакта, Ноокен (мурдагы Ленин) районунун борбору Масы кыштагынан эки чакырымдай түндүк-чыгышта жайгашкан. Азыркы тапта, албетте, Алма айылы кеңейип, кыйла чоң эле кыштакка айланган. Эртабылды агайыбыз 1949-жылы 11-октябрда дал ушул Алма айылында жарык дүйнөгө келген. Ата-теги жана таялары кыргыздын мундуз уруусунан болот.

Анын атасы Жолдош Сулайман уулу (1922–2012) менен энеси Үрүниса (1922–2011) жалпы он бир балалуу болушкан, бирок алардын төртөө кызамык сыяктуу оорулардын айынан чарчап калып, жети бала торолуп өскөн. Эртабылды - эки эжесинен кийинкиси (уулдардын улуусу). 2011-жылы энеси Үрүниса дүйнө салды. Кийинки жылы атасы Жолдош Сулайман уулу 90 жаштын чайын ичип жатып, байбичесинин артынан кетти. Бирок алар Эртабылды агайыбыздын жана башка уул-кыздарынын далай жакшылыктарына күбө болуп, чөбөрө-кыбыраларын көрүп калышты. Эртабылды агай Алма айылдагы чакан сегиз жылдык мектепте окуду (азыр ал – Абдыразак Сатаров атындагы бакыйган ири орто мектеп). Өзүнүн биринчи мугалими – мээримдүү Айдарали Орозбаев агай болгонун, математика, геометрия сабактарын дасыккан педагог Абдыразак Сатаров бергендигин Эртабылды агай айтып калат. Элетте, албетте, балдар 5-класстан тартып пахтачылык иштерине милдеттүү катышаар эле. Бул оор жумуш сабырдуулукка, талыкпастыкка жана мээнеткечтикке да тарбиялайт эмеспи. Эртабылды сегиз жылдыкты бүтүргөндөн кийин педагогдук кесипке эртелеп ээ болууну чечти. Ал Жалал-Абад шаарындагы А.С.Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайында (1963–1967-жж.) таалим алган. Бир чети, атайын педагогикалык окуу жайында окуунун өзү Эртабылды агайга батылдыкты берди. Ал өз окуусун андан ары ошол кездеги Советтер Биримдигинин борборунда улантууну чечти. Анын далай теңтуштары Ош менен Бишкекти гана көздөшкөн эмеспи. Агайдын этнограф адис катары телчигишине анын 1967–1974-

жылдары Маскөө шаарындагы М.В.Ломоносов атындагы Маскөө мамлекеттик университетинин тарых факультетинде окуганы жана мында этнография кафедрасында таалим алганы зор рол ойногонун баса белгилей алабыз. Бул жылдарда Маскөө турмушу кыйла либерал болчу. Расмий нукка шайкеш келбеген ойлору менен таанымал айдыңдар да арбын эле. Бир эле мисал айтсак, Эртабылды агай студент кезинде эле айтылуу Лев Николаевич Гумилёв (1912–1992) менен баарлаша алган. Зээндүү кыргыз студенттин бул ойготкуч түркологу жана географ менен китепканаларда жанаша отурган учурлары да болгон. Дагы бир өңүттү салыштырып айта кетсек, эгерде Бишкек (мурдагы Фрунзе) шаарында Кыргыз мамлекеттик университетиндеги (азыркы Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети; КУУ) тарыхчы студенттер этнография жана жалпы эле тарых илимдери жаатында өп-чап адабиятка ээ болушса, ал эми Маскөө университетинин жана ал кездеги В.И.Ленин атындагы СССР Мамлекеттик китепканасынын (азыркы Орусия мамлекеттик китепканасынын) китептер кампасы өзүнчө эле мухит болчу. (Албетте, ал кезде коммунисттик цензуранын чыпкасынан өткөн китептер гана жалпы окурмандарга сунушталганын, бирок айрым “самиздаттык”, б.а. нускалары мыйзамсыз басылган чыгармалар Маскөөдө тымызын таркатылып тургандыгын эскертпей кете албайбыз)» [2]- деп Э.Ж.Сулаймановдун өмүр жолун илимий өңүттө талдап, гезит беттерине, социалдык тармактарга жарыялап келген маалыматтарынын маанилүүлүгүн белгилей кетели.

1987–2005-жылдар аралыгында Э.Ж. Сулайманов Ош мамлекеттик университетинде үзүрлүү эмгектенип, окутуучулуктан тартып факультеттин деканына чейинки кызматтык жолду басып өткөн. Бул мезгил ичинде ал ата мекендик жана чет элдик жогорку квалификациялуу тарыхчы адистерди даярдоо процессине, ошондой эле билим берүү ишин башкарууга олуттуу салым кошкон. Профессор Э.Ж. Сулайманов педагогикалык ишмердүүлүгү менен катар илимий-уюштуруучулук иштерди да ийгиликтүү айкалыштырып келген. Ал 1994–2001-жылдары Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Түштүк филиалынын Коомдук илимдер институтунда Тарых бөлүмүнүн башчысы, ал эми 1999–2001-жылдары аталган институттун директору болуп эмгектенген. Бул анын аймактагы фундаменталдуу тарых жана этнография илиминин өнүгүшүнө институционалдык деңгээлде кошкон салымын тастыктайт. Анын далили катары кесиптештеринин маалыматын мисал келтирсек: «Жогорку окуу жайында эмгектенген илимпоз-педагогдордун бир өзгөчөлүгү (башка кесиптерден) алардын лектордук чеберчилигинде, лекцияны жогорку деңгээлде өткөргөнүндө. Чебер лектор студенттин эсинде калат, андан үлгү алат, айрымдары мыкты лекторду кумир тутушат. Мен «мыкты лектор» ким экендигин Эртабылды агай менен кошо иштеп жүрүп гана түшүнө баштадым. Факультетте ачык сабактар өтүлчү. Адатта Эртабылды агай: «Аудиторияны аралап басып жүрүп, жай салмактуу сүйлөп, ар бир темага жараша түзүп алган «карточкаларын» анда-санда карап коюп, маңыздуу да, жандуу да сабак өтчү. Кунт коюп угушкан студенттерди, сабактын бүтүшүн каалабаган курс, тайпа, жымжырттык өкүм сүргөн аудиторияны көп байкачуумун. Эртабылды агайдын «Этнография» сабагы да студенттердин арасында аңыз кеп катары айтылып келүүдө» [3,5-б.]- деген пикири профессордун педагогикалык чеберчилигинен кабар берип турат.

2005-жылы Э.Ж. Сулайманов Жалал-Абад мамлекеттик университетине (ЖАМУ) илимий-педагогикалык ишмердүүлүгүн улантуу үчүн атайын чакырылган. Ал 2011-жылга чейин Социалдык-гуманитардык факультеттин "Жалпы тарых" кафедрасын жетектеп,

аталган окуу жайдын тарыхый билим берүү багытын түптөөгө жана өнүктүрүүгө зор салым кошкон. Учурда ал "Тарых" кафедрасынын профессору катары жаш адистерди даярдоо жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү багытында үзүрлүү эмгектенип келет.

Жарты кылымга созулган үзүрлүү педагогикалык ишмердүүлүгүндө Э.Ж. Сулайманов миңдеген жогорку квалификациялуу адистерди даярдоо менен бирге, ата мекендик билим берүү системасынын өнүгүшүнө зор салым кошкон. Анын насаатчылыгы астында көптөгөн студенттердин жана магистрлердин илимий-изилдөө иштери ийгиликтүү корголуп, окумуштуунун өзүнө мүнөздүү илимий мектебинин калыптанышына шарт түзгөн.

2024-жылы профессор Э.Ж. Сулаймановдун 75 жылдык юбилейи илимий коомчулукта кеңири белгиленип, анын жарты кылымдан ашуун убакыттан берки үзүрлүү эмгеги жогорку окуу жайынын жетекчилиги тарабынан жогору бааланды. Учурдагы Ош мамлекеттик университетинин ректору, профессор К.Кожобековдун: «Сиздин көп жылдык илимий-педагогикалык эмгегиңиз жана этнография тармагындагы зор салымыңыз Кыргызстандын илим чөйрөсүндө терең из калтырып, өсүп келе жаткан жаш муундарга да чоң үлгү болуп келе жатат....ОшМУдагы көп жылдык ишмердүүлүгүңүздүн натыйжасында бир катар мыкты тарыхчыларды, изилдөөчүлөрдү жана мугалимдерди даярдоодо зор салым коштуңуз» [3]- деген куттуктоосу профессордун педагогикалык өмүр жолунун баалуу жана барктуу экендигин айгинелеп турат. Бул иш-чара окумуштуунун ата мекендик билим берүүгө жана этнография илимине кошкон салымынын деңгээлин, ошондой эле анын академиялык чөйрөдөгү бийик кадыр-баркын дагы бир ирет тастыктады.

Учурда профессор менен бирге иштешип жаткан кесиптештери да анын педагогикалык чеберчилигин жогору баалашып, бир катар илимий макалаларын Э.Ж.Сулайманов таанууга багытташкан. Алардын катарында К.А.Халматов [4], доцент Ж.А.Дуйшеев [5], доцент Г.Т.Токтогулованын инсан таануу маселесине токтолуусу [6].

## Корутунду

Жыйынтыктап айтканда, изилдөөнүн натыйжасында профессор Э.Ж. Сулаймановдун педагогикалык ишмердүүлүгү боюнча төмөнкүдөй корутундуларга келдик:

1. Профессионалдык калыптануусу: Э.Ж. Сулаймановдун педагогикалык пайдубалы Жалал-Абад педагогикалык окуу жайында түптөлүп, Масква мамлекеттик университетинин жогорку илимий мектебинде бекемделген. Бул анын кийинчерээк эл аралык деңгээлдеги стандарттарды ата мекендик билим берүүгө киргизүүсүнө шарт түзгөн.

2. Институционалдык салымы: Окумуштуу ОшМУ жана ЖАМУ сыяктуу ири университеттерде жетекчилик кызматтарды (кафедра башчысы, декан) аркалоо менен, бул окуу жайлардын тарых факультеттеринин илимий-педагогикалык потенциалын көтөрүүгө зор салым кошкон.

Илимий-методикалык мурасы: Анын 150дөн ашуун илимий эмгектери жана атайын студенттер үчүн даярдалган «Этнография» окуулугу кыргыз тилиндеги окуу-методикалык адабияттардын алтын фондун түзөт.

Коомдук жана мамлекеттик таанылуу: Профессордун көп жылдык үзүрлүү эмгеги мамлекет тарабынан бааланып, 2023-жылы «Илимдин мыктысы» төш белгиси менен сыйланганы анын педагогикалык кадыр-баркынын далили болуп саналат.

Насаатчылык мектеби: Э.Ж. Сулайманов - бүгүнкү күндө кыргыз этнографиясынын мурасын сактоочу жана аны кийинки муунга өткөрүп берүүчү устат-аксакал. Анын насааттары жана кесипкөйлүгү азыркы тапта да жаш изилдөөчүлөр үчүн илимий каармандыктын өрнөгү катары кызмат кылууда.

Жыйынтыктап айтканда, Э.Ж. Сулаймановдун педагогикалык ишмердүүлүгү - бул илим менен билимдин ажырагыс биримдигинин үлгүсү. Анын эмгеги кыргыз таануу илиминин гана эмес, жалпы эле жогорку мектептин тарыхында маанилүү орунду ээлейт.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Кыргызстан этнографы Сулайманов Эртабылды Жолдошевич 75 жашта// Түзүүчүлөр: В.Э.Анарбекова, Г.Т.Токтогулова, Г.Э.Чыныкеева, Г.А.Анарбоева. Жалал-Абад, 2024.-150-б.

2. Чоротегин, Т. К. Эртабылды агай – кыргыздын мээнеткеч этнографы [Электрондук ресурс] / Т. К. Чоротегин // Азаттык үналгысы. – 2024. – 21-окт. – Кирүү режими: https://www.azattyk.org/a/etnograf_ertabyldy_sulajmanov-75-cashta_2024_chorotegin/33167841.html (кайрылган күнү: 10.03.2026).

3. Алымбаев Ж.Б. Мыкты адис, чебер лектор/Акыйкат №46 (1715), 20-ноябрь, 2024-жыл.

4. Халматов, К. А. Профессор Э.Ж. Сулайманов жана анын жараткан эмгектери / К. А. Халматов // Вестник Жалал-Абадского государственного университета. – 2024. – No. 3-2(62). – P. 150-156. – EDN BFCSZG.

5. Дуйшеев, Ж. А. Рецензия на труды профессора Э.Ж. Сулайманова / Ж. А. Дуйшеев // Вестник Жалал-Абадского государственного университета. – 2024. – № 3-1(61). – С. 61-66. – EDN NFPJWZ.

6. Жамунун тарыхындагы профессор Ш.М.Ниязалиевдин орду // Bulletin Jalal-Abad State University. – 2013. – No. 1(27). – P. 36-38. – EDN GICCIT.

**Авторлор тууралуу маалыматтар**

**Халматов Кудратбек Абдувохобович** – Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Жалал-Абад шаары, Кыргыз Республикасы, т.и.к., ага окутуучу, 0552404460. *kudrat-73@mail.ru*

**Сведения об авторах**

**Халматов Кудратбек Абдувохобович** - Жалал-Абадский государственный университет имени Б. Осмонова, город Джалал-Абад, Кыргызская Республика,
к.и.н., старший преподаватель, 0552404460, kudrat-73@mail.ru

**Information about the authors**

**Khalmatov Kudratbek Abduvokobovich** - Jalal-Abad State University named after B. Osmonov, Jalal-Abad city, Kyrgyz Republic, Ph.D., Senior Lecturer, 0552404460, kudrat-73@mail.ru

## Авторлор тууралуу маалыматтар

**Талантбек кызы Динара** - Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Манас шаары, Кыргыз Республикасы, контакт:+996700487198, почта: dinara6483@icloud.com

## Сведения об авторах

**Талантбек кызы Динара** Джалал-Абадский государственный университет имени Б.Осмонова, город Манас, Кыргызская Республика, магистрант, контакт: +996700487198, почта: dinara6483@icloud.com

## Information about the authors

**Talantbek kyzy Dinara** - Jalal-Abad state university named after B.Osmonov, Manas city, Kyrgyz Republic, master's student, contact: +996700487198, email: dinara6483@icloud.com

**УДК 303.425**

**Халматов К. А., Талантбек кызы Д.**

# ПРОФЕССОР Э. Ж. СУЛАЙМАНОВДУН ИЛИМИЙ-ТЕОРИЯЛЫК МУРАСЫ: КАЛЫПТАНУУ ЭТАПТАРЫ ЖАНА ИЗИЛДӨӨ БАГЫТТАРЫ

**Халматов К. А., Талантбек кызы Д.**

# НАУЧНО-ТЕОРЕТИЧЕСКОЕ НАСЛЕДИЕ ПРОФЕССОРА Э. Ж. СУЛАЙМАНОВА: ЭТАПЫ СТАНОВЛЕНИЯ И НАПРАВЛЕНИЯ ИССЛЕДОВАНИЙ

**Khalmatov K. A., Talantbek kyzy D.**

# SCIENTIFIC AND THEORETICAL HERITAGE OF PROFESSOR E. J. SULAIMANOV: STAGES OF FORMATION AND RESEARCH DIRECTIONS

**Аннотация.** *Бул илимий макалада белгилүү этнограф-окумуштуу, тарых илимдеринин кандидаты, профессор Эртабылды Жолдошович Сулаймановдун илимий-теориялык мурасы, анын калыптануу этаптары жана изилдөө багыттары комплекстүү түрдө талданат. Профессордун илимий жолу XX кылымдын экинчи жарымындагы классикалык советтик этнографиялык мектептин алптарынан таалим алуу менен башталып, бүгүнкү күндө кыргыз таануу илиминин өнүгүшүнө зор салым кошуп келет. Анын илимий көз караштарынын эволюциясы М.В. Ломоносов атындагы Москва мамлекеттик университетинин тарых факультетиндеги этнография кафедрасында жана СССР Илимдер академиясынын Н.Н. Миклухо-Маклай атындагы Этнография институтундагы аспирантуралык жылдары менен тыгыз байланыштуу. Бул мектептерде ал Ю.В. Бромлей, С.А. Токарев, С.М. Абрамзон жана Б.А. Рыбаков сыяктуу дүйнөлүк деңгээлдеги окумуштуулардын методологиясын өздөштүргөн. Макалада Э.Ж. Сулаймановдун илимий изилдөөлөрүндөгү негизги багыттар - кыргыздардын салттуу чарбачылыгы, темир иштетүү өнөрүнүн тарыхы, Түркстан элдеринин этностук-маданий карым-катнаштары жана демографиялык жараяндар кеңири чагылдырылган. Окумуштуунун талаа экспедицияларынан топтолгон материалдарды, архивдик документтерди жана археологиялык маалыматтарды айкалыштырган уникалдуу синтездик усулу анын илимий тыянактарынын тактыгын камсыз кылганы белгиленет. Өзгөчө анын кыргыздардын темир иштетүү салтындагы Түштүк Сибирь түрк элдери менен болгон этногенетикалык байланыштарды ачып көрсөткөн эмгектерине басым жасалат. Андан сырткары, профессордун «Кыргыз Совет Энциклопедиясына» кошкон салымы, терминологиялык стандарттарды иштеп чыгуудагы ролу жана Осмонаалы Сыдык уулунун кол жазмаларын которуудагы булак таануучулук ишмердүүлүгү каралат. Жыйынтыгында, 150дөн ашык илимий эмгектин автору болгон Э.Ж. Сулаймановдун мурасы кыргыз этнология илиминин теориялык жана практикалык базасын чыңдаган баалуу казына экени корутундуланат. Макала этнографтар, тарыхчылар жана жогорку окуу жайлардын окутуучулары үчүн илимий колдонмо катары кызмат кылат.*

**Ачкыч сөздөр**: *Э.Ж. Сулайманов, окумуштуу, илимпоз, этнография, этнограф, насаатчылык, илимий мурас, этнология, окутуучу, котормо, доцент, профессор.*

**Аннотация.** *В данной научной статье комплексно анализируется научно-теоретическое наследие, этапы становления и направления исследований известного ученого-этнографа, кандидата исторических наук, профессора Эртабылды Жолдошовича Сулайманова. Научный путь профессора начался с обучения у корифеев классической советской этнографической школы второй половины XX века и по сей день вносит огромный вклад в развитие кыргызстановедения. Эволюция его научных взглядов тесно связана с годами учебы на кафедре этнографии исторического факультета Московского государственного университета им. М.В. Ломоносова и аспирантуры в Институте этнографии им. Н.Н. Миклухо-Маклая АН СССР. В этих школах он освоил методологию таких ученых мирового уровня, как Ю.В. Бромлей, С.А. Токарев, С.М. Абрамзон и Б.А. Рыбаков.В статье широко отражены основные направления научных исследований Э.Ж. Сулайманова: традиционное хозяйство кыргызов, история железоделательного ремесла, этнокультурные связи народов Туркестана и демографические процессы. Отмечается, что его уникальный синтетический метод, сочетающий материалы полевых экспедиций, архивные документы и археологические данные, обеспечил точность его научных выводов. Особое внимание уделяется его трудам, раскрывающим этногенетические связи в традициях обработки металла кыргызов с тюркоязычными народами Южной Сибири. Кроме того, рассматривается вклад профессора в «Кыргызскую советскую энциклопедию», его роль в разработке терминологических стандартов и источниковедческая деятельность по переводу рукописей Осмонаалы Сыдык уулу. В заключение делается вывод, что наследие Э.Ж. Сулайманова, автора более 150 научных трудов, является ценным сокровищем, укрепившим теоретическую и практическую базу кыргызской этнологической науки. Статья служит научным пособием для этнографов, историков и преподавателей высших учебных заведений.*

**Ключевые слова:** *Э. Ж. Сулайманов, ученый, исследователь, этнография, этнограф, наставничество, научное наследие, этнология, преподаватель, перевод, доцент, профессор.*

**Annotation.** *This scientific article provides a comprehensive analysis of the scientific and theoretical heritage, stages of formation, and research directions of the renowned ethnographer, Candidate of Historical Sciences, Professor Ertabyldy Joldoshovich Sulaimanov. The professor's scientific journey began with training under the giants of the classical Soviet ethnographic school in the second half of the 20th century and continues to make a significant contribution to the development of Kyrgyz studies today. The evolution of his scientific views is closely linked to his years of study at the Department of Ethnography of the Faculty of History at Lomonosov Moscow State University and his postgraduate studies at the N.N. Miklukho-Maklai Institute of Ethnography of the USSR Academy of Sciences. In these institutions, he mastered the methodology of world-class scholars such as Yu.V. Bromley, S.A. Tokarev, S.M. Abramzon, and B.A. Rybakov.The article extensively covers the primary directions of E.J. Sulaimanov's scientific research: traditional Kyrgyz economy, the history of ironworking, ethnocultural relations of the peoples of Turkestan, and demographic processes. It is noted that his unique synthetic method, which combines field expedition materials, archival documents, and archaeological data, ensured the accuracy of his scientific conclusions. Special emphasis is placed on his works revealing ethnogenetic links in the metalworking traditions of the Kyrgyz*

*with the Turkic-speaking peoples of Southern Siberia.Furthermore, the professor's contribution to the "Kyrgyz Soviet Encyclopedia," his role in developing terminological standards, and his source-study activities in translating the manuscripts of Osmonaaly Sydyk uulu are examined. In conclusion, it is summarized that the heritage of E.J. Sulaimanov, the author of more than 150 scientific works, is a valuable treasure that has strengthened the theoretical and practical foundations of Kyrgyz ethnological science. The article serves as a scientific guide for ethnographers, historians, and higher education lecturers.*

**Keywords:** *E.J. Sulaimanov, scientist, scholar, ethnography, ethnographer, mentorship, scientific heritage, ethnology, lecturer, translation, associate professor, professor.*

**Кириш сөз.** Заманбап кыргыз тарыхнаамасында жана этнография илиминде фундаменталдуу изилдөөлөрдүн сапатын жогорулатуу, өзгөчө советтик илимий мектеп менен эгемендүүлүк доорундагы жаңыча көз караштардын ортосундагы сабакташтыкты камсыз кылуу актуалдуу маселелердин бири болуп саналат. Бул жараянда терең илимий базага ээ, эл аралык деңгээлдеги изилдөө борборлорунда такшалган окумуштуулардын илимий-теориялык мурасын талдоо өзгөчө мааниге ээ. Мына ушундай залкар инсандардын бири - белгилүү этнограф-окумуштуу, тарых илимдеринин кандидаты, профессор Эртабылды Жолдошов Сулайманов. Анын илимий жолу XX кылымдын экинчи жарымындагы классикалык советтик этнографиялык мектептин алптарынан таалим алуу менен башталып, бүгүнкү күндө кыргыз таануу илиминин калыптанышына зор салым кошуп келет. Профессор Э.Ж. Сулаймановдун илимий-теориялык мурасынын калыптануу этаптары анын Москва мамлекеттик университетинин тарых факультетиндеги этнография кафедрасында алган билими жана СССР Илимдер академиясынын Н.Н. Миклухо-Маклай атындагы Этнография институтундагы аспирантуралык жылдары менен тыгыз байланыштуу. Бул мезгилде ал академик Ю.В. Бромлей сыяктуу дүйнөлүк деңгээлдеги окумуштуулардын дарстарын угуп, методологиялык жактан такшалган. Профессордун изилдөө багыттары кыргыздардын салттуу чарбачылыгы, атап айтканда, металл иштетүү өнөрүнүн тарыхынан башталып, Түркстан чөлкөмүндөгү элдердин этностук-маданий карым-катнаштарын, демографиялык жараяндарды жана руханий дүйнөнү камтыйт.

Бул макалада Э.Ж. Сулаймановдун илимий-теориялык көз караштарынын эволюциясы, анын бир катар илимий эмгектеринин, анын ичинде илимий макалаларынын мааниси талдоого алынат. Автордун пикиринде, профессордун илимий мурасын изилдөө - бул бир гана инсандын өмүр баянын таануу эмес, бул жалпы эле аймактык этнография илиминин өнүгүү динамикасын жана келечектеги багыттарын аныктоо болуп саналат.

**Материалдар жана ыкмалар.** Бул изилдөөнүн материалдык-теориялык негизин профессор Э.Ж. Сулаймановдун илимий-агартуучулук ишмердүүлүгүн чагылдырган

тарыхый маалыматтар, анын калемине таандык илимий эмгектер, анын ичинде он чакты монография, илимий макалалар жана баяндамалар түзөт. Негизги булак катары окумуштуунун кыргыздардын салттуу металл иштетүү ыкмаларына арналган кандидаттык диссертациясынын авторефераты (1983), «Этнография» (2010) окуу китеби жана «Кыргыз Совет Энциклопедиясындагы» оригиналдуу макалалары алынды. Ошондой эле, Т.К. Чоротегин сыяктуу замандаштарынын илимий эсселери жана ОшМУ менен ЖАМУнун кадрдык архивдери изилдөөнүн фактологиялык базасын камсыз кылды.

Изилдөөдө тарых илиминин объективдүүлүк жана тарыхыйлуулук принциптерине негизделген комплекстүү методология колдонулду. Иштин максатына жетүү үчүн тарыхый-генетикалык метод колдонулду. Окумуштуунун илимий көз караштарынын калыптануу эволюциясын анын ММУдагы студенттик жылдарынан тартып, бүгүнкү күнгө чейинки этаптарын ырааттуу изилдөөгө мүмкүндүк берди.

Илимий-метрикалык жана мазмундук талдоо профессордун жарыяланган эмгектеринин тематикалык багыттарын (металл иштетүү, демография, маданияттар аралык байланыш) классификациялоо жана алардын илимий баалуулугун аныктоо үчүн колдонулду.

Системалык мамиле Э.Ж. Сулаймановдун илимий мурасын советтик этнографиялык мектептин жана эгемендүү Кыргызстандын илимий чөйрөсүнүн ажырагыс бөлүгү катары карап, анын жалпы тарыхнаамадагы ордун баалоого шарт түздү.

Компаративдик (салыштырмалуу) усулу агайдын ММУдагы жана Фрунзедеги (Бишкек) тарыхый билим берүүнүн, китепканалык базалардын өзгөчөлүктөрүн жана алардын адистин калыптанышына тийгизген таасирин салыштыруу үчүн пайдаланылды.

Колдонулган булактардын жана методдордун айкалышы профессордун илимий-теориялык мурасын терең жана ар тараптуу ачып берүүгө илимий негиз түзөт.

**Талкуулар жана тыянактар.** Профессор Э.Ж.Сулаймановдун илимий ишмердүүлүгүн талдоодо бир катар бөлүктөргө бөлүп кароо максатын көздөдүк.

Биринчи бөлүктө Э.Ж.Сулаймановдун илимий изилдөөлөрүнүн методологиялык негиздерин карайлы. Замандаштарынын сөзү менен айтканда: «Бир чети, атайын педагогикалык окуу жайында окуунун өзү Эртабылды агайга батылдыкты берди. Ал өз окуусун андан ары ошол кездеги Советтер Биримдигинин борборунда улантууну чечти. Анын далай теңтуштары Ош менен Бишкекти гана көздөшкөн эмеспи. Агайдын этнограф адис катары телчигишине анын 1967-1974-жылдары Маскөө шаарындагы М.В.Ломоносов атындагы Маскөө мамлекеттик университетинин тарых факультетинде окуганы жана

мында этнография кафедрасында таалим алганы зор рол ойногонун баса белгилей алабыз» [1] деп илимге багытталган жолундагы алгачкы кадамдарын мыкты талдаган.

Ал эми Э.Ж.Сулаймановдун бир мезгилдеги бир учурдагы студенти, азыркы учурдагы кесиптеши: «Убагында Сулайманов Эртабылды Москва шаарындагы жогорку окуу жайда окуп, С.М. Абрамзон, Б.А. Рыбаков, С.А. Токарев, Г.Е. Марков, С.П.Поляков сыяктуу белгилүү тарыхчы-этнографтардан билим алган. Агайдын баштапкы тарыхый-этнографиялык иликтөөлөрү, илимий чыгармачылыгынын пайдубалы ушул көрүнүктүү этнографтардын жетекчилиги астында башталган» [2] - деп жогорудагы маалыматты далилдеп турат.

Чынында, дүйнөлүк этнографиялык изилдөөлөрдүн башатында Э. Тайлор, Л. Морган, Б. Малиновский, К. Леви-Стросс жана М. Мид сыяктуу классиктер менен бирге, орус мектебинин өкүлдөрү С. Токарев, Ю. Бромлей жана Н. Миклухо-Маклай сыяктуу залкар илимпоздор турса, кыргыз этнографиясын илимий негизде изилдөөдө Б. Солтоноев, Н. Аристов жана С. Абрамзондун эмгектери өзгөчө орунду ээлеп, алар кыргыз тарыхынын жана маданиятынын катмарларын терең ачып беришкен. Бул илимий жолду К. Мамбеталиева, И. Молдобаев, А. Асанканов жана О. Каратаев өңдүү ата мекендик изилдөөчүлөр улантып, кыргыз этнологиясынын заманбап маселелерин кеңири алкакта иштеп чыгышкан. Ошону менен бирге, Реми Дор, Ху Чженхуа жана Астай Бутанаев сыяктуу чет элдик окумуштуулардын салымдары кыргыз таануу илиминин эл аралык деңгээлде таанылышына жана этностук баалуулуктардын ар тараптуу иликтенишине шарт түзгөн.

Этнография илиминин классиктеринин салтын улап, кыргыз этнологиясында өз ордун тапкан окумуштуулардын бири Эртабылды Сулаймановдун илимий мурасын баса белгилөө абдан маанилүү. Анын изилдөөлөрү кыргыз этнографиясын теориялык жана практикалык деңгээлде байыткан.

Этногшрафия демекчи ушул терминдин маанисине азыноолак токтоло кетели. Илимпоздордун пикирине ылайык: «Этнография-тарых илиминин бир бөлүгү, элдерди, этносторду жана башка формацияларды, алардын келип чыгышын (этногенезин), составын, отурукташкандыгын, материалдык жана рухий маданиятын (сүрөттөө илими) изилдейт. Этнология – түрдүү этностордун калыптануу жана өнүгүү процесстерин, алардын өзгөчөлүгүн, маданий өзүн-өзү уюштуруу формаларын, алардын жамааттык жүрүмтурумунун мыйзам ченемдүүлүктөрүн жана социалдык чөйрөдөгү инсандардын ортосундагы мамилелерди изилдөөчү илим (теориялык илим)» [3, 16] болуп саналап, азыркы учурда маанилеш термин катары колдонулуп келүүдө. Ушул аныктамдана

белгилүү болгондой, профессор Э.Ж.Сулайманов илимдин ушул багытына салым кошуп, кыргыз этнографиясынын казынасын байыткан.

Этнография илиминин дүйнөлүк классиктеринин жана кыргыз илимпоздорунун тажрыйбасын терең өздөштүргөн Э.Ж. Сулаймановдун илимий мурасын өзгөчө баса белгилөө зарыл. Окумуштуу өз изилдөөлөрүндө талаа экспедицияларынан топтолгон жандуу материалдарды, архивдик документтерди жана археологиялык маалыматтарды бир бүтүн катары айкалыштырган комплекстүү усулду колдонгон. Мындай синтездик мамиле ага кыргыз этносунун, өзгөчө түштүк аймактагы калктын калыптаныш тарыхын жана маданий генезисин так аныктоого мүмкүндүк берген. Анын илимий тыянактары салттуу турмуш-тиричилик менен социалдык институттардын эволюциясын заманбап методологиялык негизде терең ачып берет. Жыйынтыгында, Э.Ж. Сулаймановдун фундаменталдуу эмгектери ата мекендик этнология илиминин булактык базасын байытып, анын эл аралык деңгээлдеги кадыр-баркын көтөрүүгө зор салым кошту десек болот.

Эми экинчи бөлүктө профессор Э.Ж.Сулаймановдун илимий изилдөө багыттарына токтололу. Илим коомдун кыймылдаткыч күчүнүн бири экендигине токтолгон академик ар бир өлкөнүн социалдык-экономикалык өсүшү илим менен билимдин жетишкендиктерин коомдук турмушта канчалык деңгээлде колдоно билгенине түздөн-түз көз каранды экендигине, өткөн кылымдын 20-70-жылдарында кыргыз илими мамлекеттин түптөлүшүндө жана өнүгүүсүндө ири бурулуштарды жасап, ата мекендик окумуштуулар өлкө тарыхына өчпөс из калтырышкандыгына, мына ушундай илимий салтты татыктуу улап, кыргыз этнографиясынын теориялык жана практикалык базасын чыңдоого зор салым кошкон инсандардын бири - профессор Э.Ж.Сулайманов экендигине, анын илимий изилдөөлөрү менен уникалдуу усулдары кыргыз илиминин алтын фондунан татыктуу орун алгандыгына токтолуп: «...этнограф окумуштуулардын арасында таланттуу жана ар тараптан терең ойлонуп илим изилдеген окумуштуу-этнограф Э.Сулаймановдун академиялык илимде өзүнүн орду бар. Анын илимий эмгегинин баалуулугунун бири, эң биринчилерден болуп кыргыз этнография илиминде кыргыздардын темирди иштетүүдөгү салттуу жолдорун гана көрсөтпөстөн, ал жүрүмүн түштүк Сибирдеги түрк тилдүү элдер менен болгон окшоштугун тапканга аракет кылган жана аларды ийгиликтүү жарыкка алып чыккан. Ошону менен бирге темирди иштетүүдөгү жалпылыктарды ачып көрсөтүү менен кыргыздардын Түштүк Сибирдеги түрк тектүү элдер менен болгон этногенетикалык байланышын тапкандыгында. Окумуштуунун ушул жетишкендигин, окумуштуулар ушул мезгилге чейин терең баалап келишет. Ал өзүнүн эмгектери жана илимге кылган мамилеси менен академиялык окумуштуу болуп калыптанган жанга

азыркы мезгилге чейин ошондой мүнөзгө ээ» [3,86] - деп агайдын эмгегин абдан мыкты талдаган маалыматы биз үчүн абдан маанилүү.

Профессор Э.Ж.Сулайманов белгилүү окумуштуу, профессор Б.Х.Кармышеванын жетектөөсү астында кыргыздардын салттуу коомдогу темирди иштетүү салтын ар тараптан терең изилдеп, 1980-жылдардын башында кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү жактаган. Белгилүү окумуштуу ошол илимий изилдөөсүн өзүнчө монография кылып чыгарып, кыргыз кол өнөрчүлүгүн тарыхый өңүттө талдап, илимий чөйрөгө сунуштаган [4].

Кийинки маалыматка таянсак: «Ар бир илимий конференция болобу, илимий талкуу болобу «предметтик» мааниде сүйлөп, тарыхый фактыларга таянып, өзүнүн аргументин келтирип, маселенин түпкү маани-маңызын ачып берүүгө аракет жасайт. Бул касиет илимпоздор үчүн – маанилүү жагдай, жакшы сапат» [5] - деп окумуштуунун илимий чөйрөдөгү ордун мүнөздөп берген.

Окумуштуунун илимий жолу Кыргыз Совет Энциклопедиясынын калыптанышы менен тыгыз байланышта болуп, ал энциклопедия үчүн кыргыз турмушуна таандык 20дан ашык фундаменталдуу макалаларды даярдаган. Тарых илимдеринин кандидаты Э.Ж. Сулайманов ат жабдыктарынан баштап, салттуу устачылыкка жана этностук түшүнүктөргө чейинки макалаларды терең илимий негизде, бирок окурманга түшүнүктүү тилде иштеп чыккан [6]. Анын энциклопедиядагы бул эмгектери кыргыз этнографиялык терминологиясынын стандарттарын түзүүгө алгачкы кадам болгондугун белгилей кетели.

Профессор Э.Ж.Сулаймановдун бир учурдагы студенти, окумуштуу Ж.А.Дуйшеевдин: «Убагында Сулайманов Эртабылды Москва шаарындагы жогорку окуу жайда окуп, С.М. Абрамзон, Б.А. Рыбаков, С.А. Токарев, Г.Е. Марков, С.П.Поляков сыяктуу белгилүү тарыхчы-этнографтардан билим алган. Агайдын баштапкы тарыхый-этнографиялык иликтөөлөрү, илимий чыгармачылыгынын пайдубалы ушул көрүнүктүү этнографтардын жетекчилиги астында башталган» [7] – дегени жогорудагы маалыматтарды толуктап турат.

Эми илимий жетишкендиктер менен катар эле илимий котормолор менен алектенгендиги тууралуу маалыматтарга да токтололу. Филология багытынын илимпозу И.Абдувалиевдин маалыматына көңүл бурсак: «...Ошентип, Эртабылды экөөбүз котормочулук жаатындагы чыгармачылык ишке биргелешип кириштик. Кол жазмалар араб тамгалары менен Орто Азияда колдонулуп жүргөн эски турки тилинде жазылыптыр, бул чагатай тили деп аталган адабий тилдин үлгүсү да болуш керек....Кантсе да жогорку окуу жайын бүтүрүп иштеп жүргөн, илимий мекеменин илимий кызматкери Табыкемде мындай иштерди кылбаганы менен илимий макалаларды жазып жүргөн тажрыйбасы бар

болуп, колжазмалардагы таптакыр «тааныш эмес» болуп калган сөздөрдүн тыбыштык жагын болжолдоп таап, маанисин да болжолдоп бир мааниге жакындатабыз да, котормонун текстин көбүнчө ал ийге келтирип жазып, ошентип, Осмонаалы Сыдык уулунун «Тарыхы кыргызийа», «Тарыхы Шабданийа» деген колжазмаларын которуп чыгып Институтка тапшырдык» [3, 100-101-бб.] - деген маалыматы профессор Э.Ж.Сулаймановдун котормо жаатындагы да эмгеги бар экендигин айгинелеп турат.

Мындан тышкары Э.Ж.Сулайманов кыргыз элине гана эмес, Борбордук Азия этносторуна арналган эки жүзгө жакын илимий темадагы этнографиялык эмгектерди жарыкка чыгарды деген автордун: «Алардын арасында усулдук-педагогикалык этнографиялык эмгектерди жаратып, жаш тарыхчыларды, этнографтарды жана изилдөөчүлөрдү даярдоодо ири эмгекти жаратып келет» [3,86] - деген пикирин А.З.Жапаров: «Окумуштуу бул институттун Орто Азия жана Казахстан бөлүмү менен тыгыз байланышта болуп, Т.А.Жданко, Б.Х.Кармышева, В.Н.Басилов, Н.Лобачевалар менен пикир алмашып турган. Аспирант Э.Ж.Сулайманов 1975-жылы июль-август айларында Нарын областынын Ат-Башы, Кара-Суу, Кара-Коюн, Пограничник, Ача-Кайыңды, Талды-Суу, Өзгөрүш, Ак-Муз (Ат-Башы району), Эчки-Башы, Жаңы-Талап (Тянь-Шань району), Казарман, Сары-Булуң, Табылгыты, Атай, Ленин (Тогуз-Торо району), Ош областынын Сумбула, Искра, Исфана (Лейлек району), Бел-Өрүк, Кыргыз-Ата, Тельман, Ятан (Ноокат району), Шайдан, Жаңы-Турмуш, Могол, Сейди-Кум (Ленин району) айыл-кыштактарында кыргыздардагы эркектердин көркөм кол өнөрчүлүгү тууралуу этнографиялык материалдарды топтоо максатында талаа изилдөөлөрүн жүргүзгөн. Экспедициянын жүрүшүндө негизинен 70-80 жаштагы 30 дан ашык респондент (алардын көпчүлүгү атагы чыккан кол өнөрчүлөр, усталар болгон) менен маектешип, 20дай фотопленкага сүрөт тартып алган» [3, 113] - деп агайдын дасыккан, иштерман этнограф экендигин белгилейт.

**Корутунду**. Жыйынтыктап айтканда, профессор Эртабылды Жолдошов Сулаймановдун илимий ишмердүүлүгүн жана теориялык мурасын талдоо, анын заманбап кыргыз этнография илиминдеги орду өзгөчө фундаменталдуу экенин көрсөтөт. Окумуштуунун илимий жолу Москва мамлекеттик университети жана СССР Илимдер академиясынын Этнография институту сыяктуу дүйнөлүк деңгээлдеги борборлордо калыптанып, Ю.В. Бромлей, С.А. Токарев жана С.М. Абрамзон сыяктуу залкар илимпоздордун методологиялык мектебинен сугарылган.

Изилдөөнүн жыйынтыгында профессордун илимий мурасынын төмөнкүдөй негизги багыттарын бөлүп көрсөтүүгө болот:

Методологиялык комплекстүүлүк: Э.Ж. Сулайманов өз изилдөөлөрүндө талаа экспедицияларын, архивдик документтерди жана археологиялык маалыматтарды бир бүтүн катары айкалыштырган синтездик усулду ийгиликтүү колдонгон. 1975-жылы Нарын жана Ош облустарынын ондогон айылдарында жүргүзгөн кеңири алкактагы талаа изилдөөлөрү анын иштерман этнограф экенин айгинелейт.

Металл иштетүү жана этногенетикалык байланыштар:

Окумуштуу кыргыздардын салттуу темир иштетүү өнөрүн иликтөө аркылуу кыргыздардын Түштүк Сибирдеги түрк тилдүү элдер менен болгон этногенетикалык окшоштуктарын жана тарыхый байланыштарын илимий негизде далилдеп чыккан.

Энциклопедиялык жана терминологиялык салым:

Кыргыз Совет Энциклопедиясы үчүн жазылган 20дан ашык фундаменталдуу макалалары кыргыз этнографиялык терминологиясынын стандарттарын түзүүдөгү алгачкы жана маанилүү кадамдардан болгон.

Булак таануу жана котормочулук:

Окумуштуу эски түрк (чагатай) тилиндеги кол жазмалар менен иштеп, Осмонаалы Сыдык уулунун «Тарыхы кыргызийа» жана «Тарыхы Шабданийа» сыяктуу баалуу эмгектерин которууга катышуу менен булак таануу илимине да салым кошкон.

Жалпысынан алганда, профессор Э.Ж. Сулаймановдун 150 дөн ашык илимий эмгеги, анын ичинде «Этнография» (2010) окуу китеби жана монографиялары кыргыз таануу илиминин алтын фондунан орун алды. Анын илимий мурасы советтик этнографиялык мектеп менен эгемендүү Кыргызстандын илимий мейкиндигинин ортосундагы сабакташтыкты камсыз кылган маанилүү көпүрө болуп саналат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Чоротегин, Т. К. Эртабылды агай – кыргыздын мээнеткеч этнографы [Электрондук ресурс] / Т. К. Чоротегин // Азаттык үналгысы. – 2024. – 21-окт. – Кирүү режими: https://www.azattyk.org/a/etnograf_ertabyldy_sulajmanov-75-cashta_2024_chorotegin/33167841.html (кайрылган күнү: 10.03.2026).

2. Халматов, К. А. Профессор Э.Ж. Сулайманов жана анын жараткан эмгектери / К. А. Халматов // Вестник Жалал-Абадского государственного университета. – 2024. – No. 3-2(62). – P. 150-156. – EDN BFCSZG.

3. Кыргызстан этнографы Сулайманов Эртабылды Жолдошевич 75 жашта// Түзүүчүлөр: В.Э.Анарбекова, Г.Т.Токтогулова, Г.Э.Чыныкеева, Г.А.Анарбоева. Жалал-Абад, 2024.-150б.

4. Сулайманов Э.Ж. Традиции обработки металлов у киргизов АН Кирг. ССР. Ин-т истории.-Фрунзе: Илим, 1982.-102с.

5. Алымбаев Ж.Б. Мыкты адис, чебер лектор/Акыйкат №46 (1715), 20-ноябрь, 2024-жыл.

6. Кыргыз Совет Энциклопедиясы. Фрунзе. Том I. 1976; Том IV. 1979; Том V. 1980; Том VI. 1980.
7. Дуйшеев, Ж. А. Рецензия на труды профессора Э.Ж. Сулайманова / Ж. А. Дуйшеев // Вестник Жалал-Абадского государственного университета. – 2024. – № 3-1(61). – С. 61-66. – EDN NFPJWZ.

**Авторлор тууралуу маалыматтар**

**Халматов Кудратбек Абдувохобович** – Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Жалал-Абад шаары, Кыргыз Республикасы, т.и.к., ага окутуучу, 0552404460. *kudrat-73@mail.ru*

**Сведения об авторах**

**Халматов Кудратбек Абдувохобович** - Жалал-Абадский государственный университет имени Б. Осмонова, город Джалал-Абад, Кыргызская Республика,
к.и.н., старший преподаватель, 0552404460, *kudrat-73@mail.ru*

**Information about the authors**

**Khalmatov Kudratbek Abduvokobovich** - Jalal-Abad State University named after B. Osmonov, Jalal-Abad city, Kyrgyz Republic, Ph.D., Senior Lecturer, 0552404460, kudrat-73@mail.ru

**Авторлор тууралуу маалыматтар**

**Талантбек кызы Динара** - Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Манас шаары, Кыргыз Республикасы, контакт:+996700487198, почта: dinara6483@icloud.com

**Сведения об авторах**

**Талантбек кызы Динара** - Джалал-Абадский государственный университет имени Б.Осмонова, город Манас, Кыргызская Республика, магистрант, контакт: +996700487198, почта: dinara6483@icloud.com

**Information about the authors**

**Talantbek kyzy Dinara** - Jalal-Abad state university named after B.Osmonov, Manas city, Kyrgyz Republic, master's student, contact: +996700487198, email: dinara6483@icloud.com

**УДК 37091.33**

**Исакалиева М. Т., Мурзалиев К. А.**

# МЕХАНИКАНЫ ОКУТУУДА КОЛДО ЖАСАЛГАН ПРИБОРЛОРДУН ДИДАКТИКАЛЫК МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ ЖАНА МААНИСИ

**Исакалиева М. Т., Мурзалиев К. А.**

# ДИДАКТИЧЕСКИЕ ВОЗМОЖНОСТИ И ЗНАЧЕНИЕ САМОДЕЛЬНЫХ ПРИБОРОВ В ПРЕПОДАВАНИИ МЕХАНИКИ

**Isakalieva M. T., Murzaliev K. A.**

# DIDACTIC CAPABILITIES AND SIGNIFICANCE OF HOMEMADE DEVICES IN TEACHING MECHANICS

**Аннотация**: *Бул макалада мектепте механиканы окутуу процессинде колдо жасалган приборлорду (окуу куралдарын) колдонуунун дидактикалык потенциалы жана анын окуу-тарбия процессине тийгизген комплекстүү таасири талданат. Изилдөө көрсөткөндөй, колдо жасалган приборлор окуучулардын сабакка кызыгуусун жана ички мотивациясын арттырууда, абстракттуу теориялык билимди практикалык көндүмдөр менен байланыштырууда жана алардын техникалык-чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүүдө негизги ролду ойнойт. Макалада колдо жасалган приборлордун көргөзмөлүүлүк, активдештирүү жана мотивациялоо сыяктуу дидактикалык функциялары каралып, алардын эффективдүүлүгү Максвелл маятнигинин колго жасалган үлгүсүнүн мисалында илимий-методикалык жактан негизделген.*

**Ачкыч сөздөр**: *Механиканы окутуу, колдо жасалган приборлор, дидактикалык функциялар, көргөзмөлүүлүк, активдүүлүк, практикалык көндүмдөр, Максвелл маятниги, энергиянын сакталуу закону.*

**Аннотация:** *В данной статье анализируются дидактический потенциал и комплексное влияние самодельных приборов (учебных пособий) на учебно-воспитательный процесс при преподавании механики в школе. Исследование показывает, что самодельные приборы играют ключевую роль в повышении интереса и внутренней мотивации учащихся к предмету, в связывании абстрактных теоретических знаний с практическими навыками, а также в развитии их технико-творческих способностей. В статье рассматриваются такие дидактические функции самодельных приборов, как наглядность, активизация и мотивация. Их эффективность научно-методически обоснована на примере самодельной модели маятника Максвелла.*

**Ключевые слова:** *Преподавание механики, самодельные приборы, дидактические функции, наглядность, активность, практические навыки, маятник Максвелла, закон сохранения энергии.*

**Abstract:** *This article analyzes the didactic potential of using homemade devices (teaching aids) in the process of teaching mechanics in school, and its comprehensive impact on the educational process. The research indicates that homemade devices play a key role in enhancing students' interest and internal motivation, connecting abstract theoretical knowledge with practical skills, and developing their technical and creative abilities. The article examines the*

*didactic functions of homemade devices, such as visualization, activation, and motivation, and their effectiveness is scientifically and methodologically substantiated using the example of a homemade model of Maxwell's Pendulum.*

**Keywords:** *Mechanics teaching, homemade devices, didactic functions, visualization, activity, practical skills, Maxwell's Pendulum, law of conservation of energy.*

**Кириш сөз.** Физика илими дүйнөнү таанып-билүүдө жана технологиялык прогрессте фундаменталдуу ролду ойнойт. Анын мектеп курсу окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн, анализ жүргүзүү көндүмдөрүн жана илимий дүйнө таанымын калыптандырууда негизги орунду ээлейт. Өзгөчө, физиканын негизи болгон механика бөлүмүн окутууда, окуучулардын абстракттуу теориялык билимдерди (закондор, формулалар) реалдуу физикалык кубулуштар менен байланыштыра албоосу эң олуттуу дидактикалык көйгөйлөрдүн бири бойдон калууда.

*Теория менен практиканын ажырымы*: Салттуу окутуу процессинде механиканын принциптери (мисалы, Ньютон закондору, энергиянын сакталуу закону) көбүнчө математикалык формулалар аркылуу гана берилип, окуучулар бул закондордун күнүмдүк турмуштагы же техникадагы колдонулушун элестете алышпайт. Бул "билимдин формалдуулугуна" жана предметке болгон кызыгуунун төмөндөшүнө алып келет.

*Мектептердеги материалдык-техникалык базанын көйгөйү*: Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү мекемелеринде типтүү окуу жабдыктарынын жетишсиздиги же эскирип калышы олуттуу көйгөй жаратат. Заманбап кымбат баалуу приборлорду сатып алууга көпчүлүк мектептердин мүмкүнчүлүгү жок. Натыйжада, окуу эксперименти жана демонстрациялар толук кандуу өткөрүлбөй, бул физика сабагынын сапатына терс таасирин тийгизет.

*STEAM интеграциясынын зарылдыгы*: XXI кылымдын талабына ылайык, окуучулардын инженердик-техникалык жана чыгармачылык жөндөмдөрүн өнүктүрүү, аларды STEAM (Science, Technology, Engineering, Arts, Mathematics) билим берүүсүнө тартуу маанилүү. Мындай көндүмдөр теориялык билимди практикалык долбоорго айлантуу аркылуу гана натыйжалуу өнүгөт.

**Материалдар жана ыкмалар.** Жогорудагы көйгөйлөрдү эске алуу менен, колдо жасалган приборлорду (үй шартындагы жөнөкөй жана арзан материалдардан жасалган окуу куралдарын) мектептеги физика сабагына интеграциялоо актуалдуу методикалык маселе болуп эсептелет. Макаланын максаты – механика бөлүмү боюнча колдо жасалган физикалык приборлорду колдонуунун дидактикалык мүмкүнчүлүктөрүн (көргөзмөлүүлүк, активдүүлүк, мотивация) талдоо жана алардын билим берүү процессиндеги эффективдүүлүгүн Максвелл маятнигинин колдо жасалган үлгүсүнүн мисалында илимий-методикалык жактан негиздөө.

Илимий методологияда, өзгөчө дидактика жана физиканы окутуу методикасында, колдо жасалган приборлорду колдонуу идеясы бир нече негизги теориялык принциптерге таянат. Орус педагогикасынын классиги К.Д. Ушинский да көргөзмөлүүлүктүн маанисин баса белгилеп, ал окуучунун ой жүгүртүүсүн конкреттүү образдардан абстрактуу түшүнүктөргө алып бараарын белгилеген [2]. Механиканы окутууда колдо жасалган приборлор дал ушул көргөзмөлүүлүк принцибин толук ишке ашырат, анткени абстрактуу кыймылдарды жана күчтөрдү (мисалы, сүрүлүү, инерция, энергия ж.б.) көз менен көрүүгө жана кол менен сезүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Ал эми колдо жасалган приборлорду жасоо жана аларды колдонуу процесси Л.С. Выготскийдин "ишмердүүлүк теориясына" (теория деятельности) негизделет [1]. Бул теорияга ылайык, окуучунун билими пассивдүү кабыл алынбайт, тескерисинче, ал өзү ишмердүүлүккө катышканда гана натыйжалуу өздөштүрүлөт. Ошондой эле, заманбап методикада колдо жасалган приборлор STEAM билим берүүнүн бир бөлүгү катары каралууда, анткени алар окуучулардын долбоорлоо, кураштыруу жана илимий талдоо көндүмдөрүн айкалыштырат [3].

**Изилдөөнүн натыйжасы.** Колдо жасалган приборлор (же үй шартында жасалган эксперименттик жабдуулар) – бул окуучулар же мугалимдер тарабынан өз алдынча жетекчилик астында жасалган, физикалык кубулуштарды же башка илимий түшүнүктөрдү көрсөтүү (демонстрациялоо), ченөө же изилдөө үчүн колдонулуучу окуу каражаттары. Алар окуучулардын чыгармачылыгын жана илимий-техникалык көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган практикалык окуу куралдары болуп саналат.

Физика боюнча колдо жасалган приборлор билим берүүдө бир нече маанилүү дидактикалык функцияларды аткарат:

*Көргөзмөлүүлүк.* Механиканын негизги закондору көбүнчө математикалык формулалар аркылуу берилет. Колдо жасалган жөнөкөй приборлор (мисалы, жипке илинген жүк, арабачалар, маятниктер) абстрактуу түшүнүктөрдү конкреттүү кыймылдар жана көрүнүштөр аркылуу көрсөтүүгө мүмкүндүк берет. Бул окуучулардын материалды кабыл алуусун жеңилдетет.

*Активдүүлүк*. Колдо жасалган приборлорду сабакта демонстрациялоо же аларды лабораториялык иште колдонуу окуучуларды пассивдүү угуучулуктан активдүү изилдөөчүлүккө өткөрөт. Окуучу өзү жараткан курал менен иштегенде, ал өзүн эксперименттин автору катары сезип, билимди өздөштүрүү процессине тереңирээк киришет.

*Мотивация жана чыгармачылык*. Колдо жасалган приборлорду колдонуунун эң маанилүү дидактикалык артыкчылыктарынын бири – бул окуучулардын предметке болгон кызыгуусун кескин жогорулатуу. Окуучу колго жасалган прибордун ийгиликтүү иштешин көргөндө, ал өзүнүн эмгегинин натыйжасын сезет. Бул канааттануу жана ийгилик сезими механиканы андан ары изилдөөгө болгон ички мотивацияны күчөтөт. Приборлорду жасоо процесси – бул чыгармачылык долбоорлоо. Окуучулар алгач физикалык кубулуштун принцибин түшүнүп, андан кийин аны ишке ашыруунун эң жөнөкөй жана эффективдүү жолдорун (материалдарды тандоо, конструкцияны оптималдаштыруу, каталарды оңдоо) издешет. Мисалы, арзан материалдардан жөнөкөй трибометрди (сүрүлүүнү өлчөөчү прибор) жасоо аркылуу, окуучулар механикалык түзүлүштүн экономикалык, илимий жана техникалык талаптарын бир эле учурда эске алууну үйрөнүшөт.

*Теориялык билимди практикалык көндүмдөр менен байланыштыруу.* Механиканы окутуунун негизги кемчилиги – теориялык формулалар менен реалдуулук ортосундагы ажырым. Колдо жасалган приборлор бул ажырымды жоюуда негизги байланыштыруучу көпүрө катары кызмат кылат.

Механиканын негизги фундаменталдык закондорунан бири болгон энергиянын сакталуу законун түшүндүрүүдө жана демонстрациялоодо Максвелл маятниги эң көрүнүктүү куралдардын бири болуп саналат. Анын колдо жасалган үлгүсү бул принципти окуучуларга жөнөкөй жана жеткиликтүү кылат. Максвелл маятниги – бул

сабак учурунда потенциалдык энергиянын, кинетикалык энергиянын (алга умтулуу жана айлануу) жана инерция моментинин өз ара байланышын көрсөтүүгө мүмкүндүк берүүчү классикалык демонстрациялык курал.

Максвелл маятнигинин колдо жасалган үлгүсүн (диск, өзөк жана жиптерден турган жөнөкөй түзүлүш) мектеп физика сабагында колдонуу төмөнкүдөй окутуу-тарбиялоо натыйжаларын көрсөттү.

Колдо жасалган маятник жардамы менен физикалык кубулуштарды абстрактуу формулаларсыз түшүнүүгө мүмкүндүк берет *(көргөзмөлүүлүк принциби).*

- Потенциалдык энергия кинетикалык энергия айлануусу: жогорку чекиттен бошотулган диск ылдый түшкөндө, анын потенциалдык энергиясы $E_p$ эки түрдүү кинетикалык энергияга $E_k$ (алга умтулуу жана айлануучу) айланат. Бул көрүнүш теориялык түшүнүктөрдү конкреттештирет.
- Энергиянын конверсиясы: диск эң төмөнкү чекитке жеткенде, ал энергияны айлануу түрүндө сактап калып, инерция күчүнүн эсебинен кайра жогору көтөрүлөт. Бул процесстин үзгүлтүксүздүгү механикалык энергиянын сакталуу законунун визуалдык жактан далилдейт.

Маятникти өз колу менен чогултуу жана анын иштешин текшерүү процесси окуучулардын *активдүүлүгү, мотивация жана чыгармачылык* аспектилерин бириктирет.

- Окуучулар маятниктин кыймылынын ылдамдыгын, жиптин узундугун же дисктин салмагын өзгөртүү менен эксперименттерди жүргүзүшөт. Алар пассивдүү угуучу эмес, активдүү изилдөөчүгө айланышат.
- Маятникти колдо жасап, аны иштетүүгө болгон жеке кызыгуу мотивацияны арттырат. Окуучулар келип чыккан көйгөйлөрдү (мисалы, жиптин чырмалышын) чечүү жолдорун издеп, үлгүнү жакшыртууга аракет кылып (чыгармачылык), бул кубулушка тереңирээк киришет.

Бул тажрыйба *теориялык билимди практикалык көндүмдөр менен байланыштыруу* принцибин ишке ашыруунун эң сонун үлгүсү болуп саналат.

- Окуучулар Максвелл маятнигинин айлануусунун теориялык формуласын колдонуп, практикалык ченөөлөр (маятниктин көтөрүлүү бийиктиги, түшүү убактысы) аркылуу инерция моментин эксперименталдык жол менен эсептеп чыгарышат.
- Бул көндүмдөр теориянын жөн гана жатталуучу материал эмес, колдонулуучу билим экенин далилдейт. Натыйжада, окуучулар: ченөө жүргүзүү, каталарды талдоо, эксперименттин шарттарын өзгөртүү жана жыйынтыктарды интерпретациялоо сыяктуу маанилүү илимий көндүмдөргө ээ болушат.

Максвелл маятнигинин колдо жасалган үлгүсү көргөзмөлүүлүктү камсыз кылуу менен бирге, окуучуларды активдүүлүккө, мотивацияга жана чыгармачылыкка үндөйт. Эң негизгиси, ал энергиянын сакталуу закону сыяктуу татаал физикалык теорияны ченөө жана эсептөө сыяктуу практикалык көндүмдөр менен ийгиликтүү байланыштырат.

Колдо жасалган приборлорду механиканы окутууга интеграциялоо – бул заманбап билим берүүнүн эффективдүү методикалык куралы. Алар окуучулардын көргөзмөлүүлүк аркылуу түшүнүүсүн жеңилдетип, активдүүлүккө жана чыгармачылыкка үндөйт.

Максвелл маятнигинин мисалы көрсөткөндөй, колдо жасалган үлгүлөр энергиянын сакталуу закону сыяктуу татаал физикалык теорияны ченөө жана эсептөө сыяктуу практикалык көндүмдөр менен ийгиликтүү байланыштырат. Мындай ыкма окуучулардын

физикага болгон туруктуу кызыгуусун жана илимий-техникалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө шарт түзөт. Ошондуктан, мугалимдерге колдо жасалган приборлорду сабак процессинде активдүү колдонуу сунушталат.

### Колдонулган адабияттар


1. Выготский, Л.С. Педагогическая психология. – Москва : Педагогика, 1991.
2. Ушинский, К.Д. Избранные педагогические сочинения. – Москва : Просвещение, 1974.
3. Салиева, А. С. Физиканы окутууда STEAM технологиясынын орду. Илимий-методикалык журнал, 2(15), 45-50-б.
4. Смирнов, А.В. Оборудование школьного физического кабинета : учебное пособие для студентов педагогических вузов. – Москва, 2015. – 244 с.
5. Анциферов, Л.И. Самодельные приборы для физического практикума в средней школе : пособие для учителя. – Москва : Просвещение, 1985. – 128 с.
6. Бекбоев, И. Сабак жана окутуунун методдору. Мектеп мугалимдери, ЖОЖдун окутуучулары, аспиранттар жана изденүүчүлөр үчүн. – Бишкек : Улуу Тоолор, 2020. – 108 б.


### Авторлор жөнүндө маалымат:


**Мурзалиев Каныбек Акматбекович** - Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Жалал-Абад шаары, Кыргыз Республикасы, улук окутуучу.
**Исакалиева Мимоза Толонбаевна -** Б.Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Жалал-Абад шаары, Кыргыз Республикасы, магистрант.

**Мурзалиев Каныбек Акматбекович** - Жалал-Абадский государственный университет им. Б.Осмонова, г. Жалал-Абад, Кыргызская Республика, старший преподаватель.
**Исакалиева Мимоза Толонбаевна -** Жалал-Абадский государственный университет им. Б.Осмонова, г. Жалал-Абад, Кыргызская Республика, магистрант.

**Murzaliev Kanybek Akmatbekovich** - Jalal-Abad State University named after B. Osmonov, Jalal-Abad, Kyrgyz Republic, senior lecturer.
**Isakalieva Mimoza Tolonbaevna -** Jalal-Abad State University named after B. Osmonov, Jalal-Abad, Kyrgyz Republic, master's student

## РАЗДЕЛ. ХИМИЧЕСКИЕ НАУКИ

**УДК 546.3. 546.712**


**Маматураимова Н. А.**
**химия илимдеринин кандидаты,**
**илимий жетекчи,**
**Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Манас шаары**
**Кыргыз Республикасы**

**Абдымалик к. Г.**
**магистрант,**
**Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Манас шаары**
**Кыргыз Республикасы**

**Шабданова Г.**
**магистрант,**
**Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети, Манас шаары**
**Кыргыз Республикасы**


# МАРГАНЕЦТИН (II) ХЛОРИДИНИН L - ЛИЗИН МЕНЕН АРАКЕТТЕНҮҮСҮ


**Аннотация.** *Макалада марганец (II) хлоридинин суу чөйрөсүндө L-лизин менен өз ара аракеттенүүсүн, ошондой эле синтезделген* $MnCI_2{\cdot}C_6H_{14}N_2O_2$ *жана* $MnCI_2{\cdot}2C_6H_{14}N_2O_2$ *комплекстүү бирикмелеринин физика-химиялык касиеттерин изилдөөнүн натыйжалары берилген. Синтезделген комплекс элементтик анализдөө, ИК-спектроскопиялык методдун жардамы менен анализденди жана алардын медициналык маанисине баа берилди.*



**Негизги сөздөр:** *Марганец (II) хлориди, L-лизин, микроэлемент, координациялык кошулма, комплекс түзүүчү, лиганд, эригичтик, элементардык анализ, ИК-спектрлер.*



**Маматураимова Н. А.**
**кандидат химических наук,**
**научный руководитель,**
**Жалал-Абадский государственный университет имени Б. Осмонова, г. Манас,**
**Кыргызская Республика**

**Абдымалик к. Г.**
**магистрант,**
**Жалал-Абадский государственный университет имени Б. Осмонова, г. Манас,**
**Кыргызская Республика**

**Шабданова Г.**
**магистрант,**
**Жалал-Абадский государственный университет имени Б. Осмонова, г. Манас,**
**Кыргызская Республика**

# ВЗАИМОДЕЙСТВИЕ ХЛОРИДА МАРГАНЦА (II) С L-ЛИЗИНОМ

**Аннотация.** *В статье представлены результаты исследования взаимодействия хлорида марганца (II) с L-лизином в водной среде, а также физико-химических свойств синтезированных комплексных соединений* $MnCl_2{\cdot}C_6H_{14}N_2O_2$ *и* $MnCl_2{\cdot}2C_6H_{14}N_2O_2$*. Синтезированные комплексы были проанализированы с использованием элементного анализа и метода ИК-спектроскопии, а также дана оценка их медицинской значимости.*

**Ключевые слова:** *хлорид марганца (II), L-лизин, микроэлемент, координационное соединение, комплексообразователь, лиганд, растворимость, элементный анализ, ИК-спектры.*

**Mamatyraimova N. A.**
**Candidate of Chemical Sciences,**
**Scientific Supervisor,**
**Jalal-Abad State University named after B. Osmonov, Manas city, Kyrgyz Republic**

**Abdymalik kyzy G.**
**Master's student,**
**Jalal-Abad State University named after B. Osmonov, Manas city, Kyrgyz Republic**

**Shabdanova G.**
**Master's student,**
**Jalal-Abad State University named after B. Osmonov, Manas city, Kyrgyz Republic**

# INTERACTION OF MANGANESE (II) CHLORIDE WITH L - LYSINE

**Abstract.** *The article presents the results of studies of the interaction of manganese (II) chloride with L-lysine in an aqueous medium, as well as the physico-chemical properties of the synthesized complex compounds* $MnCI_2{\cdot}C_6H_{14}N_2O_2$ *and* $MnCI_2{\cdot}2C_6H_{14}N_2O_2$*. The synthesized complex was analyzed using the method of elemental analysis, IR spectroscopy and evaluated for their medical significance.*

**Keywords:** *Manganese (II) chloride, L-lysine, trace element, coordination compound, complexing agent, ligand, solubility, elemental analysis, IR spectra.*

**Кириш сөз.** Марганец (II) хлориди жана L-лизин, биологиялык системалардын маанилүү компоненттери, ошондуктан химия жана биотехнологияда катуу кызыгуунун объектилери болуп саналат. Марганец хлоридинин L-лизин менен өз ара аракеттенүүсүн изилдөө медицинада чон мааниге ээ, анткени жаңы биологиялык активдүү кошулмаларды синтездөөгө болот.

L-лизин, ракты дарылоо жана жалпы ден соолук үчүн жогорку потенциалы бар маанилүү аминокислота, зат алмашуунун жана иммунологиялык процесстердин негизги микронутриенти болгон марганец хлориди менен биригип, уникалдуу физика-химиялык касиеттери бар татаал кошулмаларды түзөт. Ошол эле учурда, L-лизин организмде маанилүү ролду ойнойт, бардык белоктордун пайда болушуна катышат жана жалпы ден-

соолукту чыңдайт. Организм лизинди өз алдынча синтездей албайт жана анын сырткы камсыздоосуна көз каранды. L-лизиндин жетишсиздиги өсүү жана ткандарды калыбына келтирүү басаңдашы, сөөк жана кемирчектин күчүн жоготуу, муундардын кыймылдуулугунун чектелиши, кан тамырлардын начарлашы жана ферменттердин жана гормондордун деңгээлинин төмөндөшүнө алып келиши мүмкүн. Демек, лизиндин организмде жетиштүү деңгээлин кармап туруу адамдын ден соолугу үчүн чоң мааниге ээ жана кан тамыр жана таяныч-кыймыл аппаратынын көйгөйлөрүнүн пайда болуу коркунучун азайтат, сөөктүн морттугунан жана атеросклероздон коргоону күчөтөт [1].

Мындан тышкары, марганец, маанилүү микроэлемент, ошондой эле организмде негизги ролду ойнойт, зат алмашуу жана иммунологиялык процесстерге катышат. Марганецтин ферменттердин активдүүлүгүнө жана ген транскрипциясына таасир тийгизүү жөндөмдүүлүгү жаңы фармакологиялык активдүү кошулмаларды синтездоого жол ачат [2].

L-лизин менен марганецтин комплекстеринин пайда болушу уникалдуу касиеттери бар биологиялык активдүү кошулмалардын пайда болушуна алып келиши мүмкүн: антиоксиданттык коргоо, ракка каршы активдүүлүк, сөөктүн бекемдигине жана L-лизин менен комплекстери анын сиңирилишин жана организмде жана зат алмашуу процессинде - белоктордун синтезинде жана метаболизминде колдонууну жакшыртууга жардам берет [3-6].

**Изилдөөнүн натыйжасы.** Макаланын максаты марганец хлоридинин L-лизин менен өз ара аракеттенүүсүн жана синтезин изилдөөгө, синтезделген комплекстүү кошулмалардын түзүлүшүн жана касиеттерин талдоого, ошондой эле алардын медициналык жана биотехнологиялык колдонуу үчүн маанисин баалоого багытталган. Бирикмелердин өз ара аракеттенүү механизмдерин түшүнүү бул теманы актуалдуу кылып, жаңы дары-дармектерди жана дарылоонун жана ден соолукту сактоонун инновациялык ыкмаларын иштеп чыгууга алып келет

L-лизиндин марганец (II) хлориди менен тең салмактуу эритмедеги өз ара аракеттенүүсүн изилдөө негизинде, биз эки жаңы кристаллдык формадагы комплекстүү бирикмелерин алдык: 1:1 $MnCI_2{\cdot}C_6H_{14}N_2O_2$ жана 1:2 катышында $MnCI_2{\cdot}2C_6H_{14}N_2O_2$. Синтезделген комплекстер, алардын каныккан эритмелеринен бөлүнүп алынып, абада кургатылды, андан кийин көмүртектин, суутектин, азоттун, хлордун жана тиешелүү металл катиону – марганецтин курамына химиялык анализ жүргүзүлгөн (1-таблица).

Таблица 1. – Баштапкы жана алынган кошулмалардын элементардык анализинин маалыматтары

| Бирикмелер | Эсептелген / табылган, масс. % | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | Me | C | N | CI | H |
| L- $C_6H_{14}N_2O_2$ | - | 49,3<br>49,25 | 19,16<br>19,10 | - | 9,65<br>9,52 |
| $MnCI_2{\cdot}C_6H_{14}N_2O_2$ | 20,20<br>20,17 | 26,49<br>26,43 | 10,30<br>10,25 | 26,07<br>26,02 | 5,19<br>5,14 |
| $MnCI_2{\cdot}2C_6H_{14}N_2O_2$ | 13,14<br>13,10 | 34,46<br>34,42 | 13,40<br>13,36 | 16,95<br>16,85 | 6,75<br>6,72 |

$MnCI_2 \cdot C_6H_{14}N_2O_2$ – каймак түстөгү кристаллдар, $MnCI_2 \cdot 2C_6H_{14}N_2O_2$ – кызгылт кристаллдар (Сүрөт 1.), сууда жакшы эрийт жана этанолдо бир аз эрийт. Бөлүнгөн кошулмалардын тазалыгын химиялык анализ аркылуу ырастап, алардын физика-химиялык касиеттерин да изилдедик. Кошулмаларды аныктоо жана мүнөздөө үчүн комплекстердин органикалык эриткичтерде жана сууда эригичтиги, кристаллдардын салыштырма салмагы аныкталган, молекулалык жана салыштырма көлөмдөрү эсептелген, ошондой эле эрүү температурасы аныкталган (2-таблица), ИК-спектрлери изилденген.


а)

б)

Сүрөт 1. Синтезделген бирикмелердин кристаллдары $MnCI_2:C_6H_{14}N_2O_2$ (а) и $MnCI_2:2C_6H_{14}N_2O_2$ (б)

Таблица 2 – L-лизиндин жана алынган комплекстүү бирикмелердин физика-химиялык константалары

| Бирикмелер | Молекул.масса, г/моль | Салыштырмалуу масса, г/см$^3$ | Молекул. колом, см$^3$/моль | Салыштырмалуу колом, см$^3$/г | $T_{эруу}$, °С | Органикалык эриткичтерде эригичтиги, % | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | $CCl_4$ | Бензол | Гексан | Бутанол-1 |
| L-$C_6H_{14}N_2O_2$ | 146,19 | 1,293 | 101,4 | 0,774 | 223,9 | А.э. | Эб | А.э. | А.э. |
| $MnCI_2 \cdot C_6H_{14}N_2O_2$ | 272,03 | 1,136 | 115,4 | 0,881 | 285,1 | А.э. | Эб | А.э. | А.э. |
| $MnCI_2 \cdot 2C_6H_{14}N_2O_2$ | 418,22 | 1,429 | 278,9 | 0,670 | 200,2 | Э | Эб | А.э.. | Эб |

L-лизиндин жана бөлүнүп алынган комплекстердин индивидуалдуулугун ырастоо жана L-лизин молекуласынын координациялоо ыкмасын аныктоо үчүн ИК-спектрлер талданды. Изилденген бардык комплекстердин ИК-спектрлери уникалдуу жана баштапкы туздардын жана лиганддын ИК-спектрлеринен айырмаланат, бул комплекстердин өздөрүнүн индивидуалдуулугун көрсөтүп турат.

Донордук карбоксил жана амин топторун камтыган L-лизин молекуласынын комплекстүү түзүлүшүн эске алуу менен ар кандай түзүлүштөгү координациялык бирикмелердин пайда болушун күтүүгө болот.

Металл-лиганд байланыштарынын жана аларды байланыштырган топтордун бар экендиги жөнүндө маалыматтарды алуу үчүн биз ИҚ спектрлерин изилдедик. Калий бромидинин гранулдаштырылган үлгүлөрү үчүн ИҚ спектрлери SPECORD M-80 спектрофотометринде 4000–500 см$^{-1}$ диапазонунда жазылды.

L-лизин аминокислотасынын эркин молекуласынын инфракызыл спектрлери деталдуу [7,8] эмгектерде изилденген жана L-лизин молекуласынын атомдорунун топторунун термелүүсүнө жыштыктарды негиздүү дайындоо жасалган.

Марганец (II) хлориди менен өз ара аракеттенишүү L-$C_6H_{14}N_2O_2$ молекуласындагы функционалдык топтордун термелүү жыштыгында олуттуу өзгөрүүлөргө алып келет, бул карбонил топтору (C=O), амин топтору ($NH_2$) жана карбоксил топтору (COO-) аркылуу координациялоону көрсөтөт. $MnCl_2$ 2L-$C_6H_{14}N_2O_2$ (1:2) учурда координациянын эффектиси айкынырaак болуп, эки L- $C_6H_{14}N_2O_2$ молекуласы менен комплекстешүүнү көрсөтөт.

**3-таблица. L-$C_6H_{14}N_2O_2$, лизин кошулмаларынын жана $MnCI_2$• $C_6H_{14}N_2O_2$, $MnCI_2$•2 $C_6H_{14}N_2O_2$ комплекстеринин ИҚ спектриндеги термелүү жыштыктары (500-4000 $см^{-1}$ диапазону)**

| Термелүү жыштыктарын мааниси | L-$C_6H_{14}N_2O_2$ $см^{-1}$ | $MnCI_2 \cdot C_6H_{14}N_2O_2$ $см^{-1}$ | $MnCI_2 \cdot 2C_6H_{14}N_2O_2$ $см^{-1}$ |
|---|---|---|---|
| ν(C=O) | 1870 | 1700,6 | 1650,4 |
| δ(CO) | 1443,23 | 1340,2 | 1300,4 |
| ν($NH_2$) | 1017,76 | 1220,8 | 1350,4 |
| δ($NH_2$) | 1663,92 | 1638 | 1615 |
| νas($COO^-$) | 1443,25 | 1660 | 1640 |
| νs($COO^-$) | 1442,34 | 1392 | 1420 |
| δ(OH) | 3051,5 | 3145 | 3285 |
| ν(OH) | 3443,2 | 2618 | 3200 |




Сүрөт 1. L-$C_6H_{14}N_2O_2$, MnCI2•$C_6H_{14}N_2O_2$, $MnCI_2$•2$C_6H_{14}N_2O_2$, кошулмаларынын ИҚ жутуу спектрлери (500-4000 $см^{-1}$ диапазону)

Ошентип, препаративдик ыкма менен марганецтин (II) хлоридинин L-лизин менен болгон комплекстүү бирикмелери $MnCI_2$•$C_6H_{14}N_2O_2$, $MnCI_2$•2$C_6H_{14}N_2O_2$ синтезделген. Бул комплекстер биологиялык активдүү кошулмалар болгондуктан медицинада дары катары колдонулушу мүмкүн. Комплекстик бирикмелердин ИК-спектрлеринин озгоруусун

талдоо, изилденген комплекстерде борбордук металл атому марганец менен лизиндин молекулалары амин тобундагы ($NH_2$) азот жана карбоксил тобундагы (СОО-) кычкылтек атомдору аркылуу бидентаттык координацияларын көрсөтөт деген тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет.

## Колдонулган адабияттар


1. Аминокислоталар / Липкин В.М., Родионов И.Л.// Улуу орус энциклопедиясы: [35 томдо] / башкы ред. Ю. С. Осипов. - М.: Улуу Орус Энциклопедиясы, 2004-2017.
2. Марганец / Зимина Г. В. // Улуу орус энциклопедиясы [Электрондук ресурс]. — 2017.
3. Овчинников Ю. А. «Биоорганикалык химия» М: Просвещение, 1987. -815 б., б. 25.
4. Березов Т.Т., Коровкин Б.Ф. Аминокислоталардын классификациясы // Биологиялык химия. — 3-бас., кайра каралган жана кеңейтилген. – М.: Медицина, 1998. — 704 б. — ISBN 5-225-02709-1.
5. Збарский И. Б., Симакова Р. А., Будковская Н. Г. Аминокислоталар // Улуу медициналык энциклопедия: 30 томдо. / башкы. ред. Б. В. Петровский. — 3чу бас. — М. : Советтик энциклопедия, 1974. — Т. 1: А — Антибиоз. — 576 б.
6. Химиялык энциклопедия / Редкол.: Кнунянц И.Л. ж.б. — М.: Советтик энциклопедия, 1990. — Т. 2 (Даф-Мед). — 671 б. — ISBN 5-82270-035-5.
7. Харитонов Ю.Я. Координациялык бирикмелердин кээ бир класстарынын ИК жутуу спектрлерин изилдоо. В сб. «Органикалык эмес химиядагы термелүү спектрлери» жыйнагында, М.: Наука, 1971. – б.154-171.
8. Накамота К. Органикалык эмес жана координациялык бирикмелердин инфракызыл спектрлери. –М.: Мир, 1966. –б. 254-255.

УДК 7642:543(54.07)

Болотбеков Азирет Орозбаевич
окутуучу,
Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университети
Жалал-Абад, Кыргыз Республикасы
Aziko.9405.kg@mail.ru

## ШАМПУН КАРАЖАТЫНДАГЫ ХЛОРИДДЕРДИ АНЫКТОО

**Аннотация.** *Бул макалада жуучу косметикалык каражат шампундун курамындагы хлориддерди аныктоо методдору изилденди жана анализ жүргүзүлдү. Дүкөндөрдө жана базарларда сатылуучу шампундарга эксперимент жүргүзүлдү жана жыйынтыктар чыгарылды. Шампундун курамындагы хлориддерди аныктоо методдорун талдоо үчүн адабияттардан жана интернет булактарынан маалыматтар топтолду. Экспериментте колдонулган титрлөө методу эң жөнөкөй жана оңой метод болуп саналат, бул метод адамдын организмине терс таасир берүүчү каражаттарды аныктоодо илимий изилдөө иштерин жүргүзүүгө негиз боло алат.*

**Ачкыч создөр:** *хлориддер, натрий, туз, күмүштүн нитраты, боёктор, титрлөө, косметика, шампун.*

Болотбеков Азирет Орозбаевич,
преподователь,
Жалал-Абадский государственный университет имени Б. Осмонова
Жалал-Абад, Кыргызская Республика
Aziko.9405.kg@mail.ru

## ОПРЕДЕЛЕНИЕ ХЛОРИДОВ В ШАМПУНЯХ

**Аннотация.** *В данной статье изучены и проанализированы методы определения хлоридов в составе моющих косметических шампуней. Был проведен эксперимент на шампунях, продающихся в магазинах и на рынках, и подведены итоги. Для анализа методов определения хлоридов в шампунях были собраны данные из литературы и интернет-источников. Используемый в эксперименте метод титрования является наиболее простым и легким, и этот метод может быть положен в основу проведения научных исследований по определению реагентов, оказывающих негативное влияние на организм человека.*

**Ключевые слова:** *хлориды, натрий, соль, нитрат серебра, краски, титрования, косметика, шампунь.*

Bolotbekov Aziret Orozbayevich,
teacher,
Jalal-Abad State University named after B. Osmonov
Jalal-Abad, Kyrgyz Republic
Aziko.9405.kg@mail.ru

# DETERMINATION OF CHLORIDES IN SHAMPOO

**Abstract:** *In this article, methods for determining chlorides in the composition of washing cosmetic shampoos have been studied and analyzed. An experiment was conducted on shampoos sold in stores and markets, and the results were summed up. To analyze the methods for determining chlorides in shampoos, data were collected from the literature and Internet sources. The titration method used in the experiment is the simplest and easiest, and this method can be used as the basis for conducting scientific research to determine reagents that have a negative effect on the human body.*

***Key words:*** *chlorides, sodium, salt, silver nitrate, paints, titration, cosmetics, shampoo.*

**Киришүү.** Азыркы мезгилде косметикалык каражаттарды даярдоо ар түрдүү компоненттер колдонулат, ар бир компонент өзүнө тийешелүү белгилүү бир кызмат аткарат. Бир эле косметикалык каражат 10-20 компененттен жасалышы мүмкүн: негизги курамы май, беттик активдүү заттар (эмульгаторлор), гель пайда кылуучулар, суспензиялоочулар, коюлантуучулар (парафин, момдор, полимерлер), боёктор, биологиялык активдүү заттар (антимикробтордук препараттар, витаминдер, актиоксиданттар), жеңил учуучу заттар жана башка ушул сыяктуулар [1].

**1. Косметикалык каражаттар.**

Функциясы боюнча косметикалык каражаттарды негизенен төмөнкү жети топко бөлүүгө болот: жуучу, тазалоочу, азыктандыруучу, нымдаштыруучу, коргоочу, декоративдик, космецевтикалык (биологиялык активдүү, даарылоочу) каражаттар.

Азыркы күндө да өз маанисин жоготпой колдонулуп келе жаткан кадимик самын эскирген жуучу каражат болуп саналат, ал май кислоталарынын жогорку туздарынан жасалат. Байыркы мезгилде эле адамдар жаныбарлардын майларын жыгачтын күлү менен гидролизге учуратуу жолу менен самынды алууну билишкен [2]. Кийинки мезгилдерде самынды алууда койдун же чочконун майын кайнак сууда жууп андан кийин ага щелочтордун суудагы эритмесин кошушукан. NaCl дин кошуу менен самындын курамындагы органикалык эмес туздарды жана глицеринди тазалашкан. Натрийдин туздарын колдонууда кадимки катуу самынды алууга болот. Ал эми май кислоталарынын калийдик туздары сууда жакшы эрийт, косметика жана гигиенада колдонулуучу гелдерди пайда кылат. Азыркы мезгилде жуучу косметикалык каражаттар денени ар түрдүү булгануулардан тазалоочу каражаттарды өзүнө камтыйт. Аларга суюк кремдер, шампунь, лосьон, тоник, гель жана спрейлер кирет [1].

**2. Косметикалык каражаттардын курамы.**

Туздар шампундарды жасоодогу эң негизги компоненттердин бири болуп саналат. Тузду кошкондо шампунь коюу, гел пайда кылуучу структурасына ээ болот. Бирок туздун көлөмү дозасынан ашыкча боло турган болсо баштын тээрисине терс тассирин тийгизет, чач катуу болуп түшө баштайт. Ошондуктан ар бир каражатты өндүрүүдө курамындагы туздун көлөмүнө өзгөчө көңүл бурулат [2].

Мисалы, прелесть BIO шампунун курамы: суу, натрийдин сульфаты, кокамид ДЕА, натрийдин хлориди, глицерин, жыт бергичтер, боёктор, нетанол, линалол жана башкалар.

Курамында кайсыл заттар бар экендигин жазылган бирок, канча санда кошулгандыгын таңгакта көрсөтулгөн эмес ошондуктан анын курамындагы натрийдин хлоридинин санын аныктоо керек.

Мамлекеттик стандарттын талабы боюнча бардык жуучу каражаттардын курамында хлориддердин саны жалпы массанын 6% нан ашпоосу керек ГОСТ 31696-2012.

**3. NaCl дун организмдеги таасири.**

Адамды организми өз алдынча натрийди иштеп чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес, NaClди организмге тамак-аш аркылуу кирет. NaCl ди организмде дем алдыруучу жана тамак-аш сиңирүү процесстеринде кызмат аткарат. Натрийдин хлориди адамдын денесинин жалпы массасынын 250 граммын түзөт. Натрийдин хлориди кандын жана булчуңдарда да кездешип ташуучу кызматты аткарат. Адам күнүнө 10-20 мл/г натрийди кабыл алып туруусу зарыл.

Организмдеги хлориддердин ашыкча болуусу төмөндөгүдөй ооруларга алып келет:

- Дем алуу органдарынын, көздүн, тээри бездеринин жана тамак-аш сиңирүүчү органдардын сезгенишине;
- Ашказандын секретордук иштөөсүн бузат;
- Тамак сиңирүүнү кыйындатат;
- Туздук-суу балансын бузат;
- Кан айлануу системасындагы оорулардын пайда болуу коркунучун жаратат;
- Жүрөк –кан тамыр оорулары пайда болот;

**II Бөлүм. Эксперименталдык бөлүк.**

**Ар түрдүү маркадагы шампундардын курамындагы хлориддерди аныктоо.**

Биз үлгүлөрдүн курамындагы аныктоо үчүн титрлөө методун колдондук. Ал үчүн ар бир изилдеенүүчү шампундарды калийдин хроматынын катышуусунда күмүштүн нитратынын эритмеси менен тирлөө методун колдонуп хлориддердин санын аныктадык.

***Анализдин жүрүшү.*** Түбү жалпак 100 мл колбага 2-5 г изилденүүчү шампундан куюп (каталык 0,05 г дан ашпоо керек) аны 50 мл дистирленген сууда эритебиз да метил кызыл индикаторунан 2 тамчы тамчылатылат. Эгерде эритме сары түскө ээ боло турган болсо анда, аны кочкыл кызыл түскө келгенге чейин азот кислотасынын эритмеси менен нейтралдаштырабыз. Андан кийин 2,5 мл калийдин хроматынын эритмесинен кошуп, концентрациясы 0,1моль болгон күмүштүн нитратынын эритмеси менен титрленет күрөн түс пайда болгондо титрлөө токтотулат. Анализденип жаткан заттагы натрийдин хлоридинин массалык үлүшү төмөнкү формула менен эсептелет:

$$X = \frac{V * 0.584}{m}$$ (формула 1).

Мында: V- титрлөө үчүн кеткен күмүштүн нитратынын көлөмү; m-анализденип жаткан шампундун массасы; 0,584- натрийдин хлоридин кайра эсептөө үчүн алынган коэффициент.

Эсептөөлөр так болушу үчүн анализди үч жолу жүргүзүп арифметикалык орточо санды алуу керек жана алардын ортосундагы айырмачылык 0,1% дан ашпоо керек.

**Жыйынтык.**

Алыныган эксперименталдык жыйынтыктар жана эсептөөлөр төмөнкү таблицада көросөтүлгөн:

| Аталышы | V, см³ | | | Массалыки үлүшү X, % | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | V1 | V2 | V3 | X1 | X2 | X3 | X орточо | ГОСТ боюнча |
| **Clear** | 3,5 | 3,8 | 3,4 | 4,0 | 3,8 | 4,4 | 4,1 | 6% |
| **Hedan Sholders** | 4,6 | 4,1 | 4,3 | 5,3 | 4,7 | 5,0 | 5,0 | |
| **Прелесть BIO** | 8,0 | 8,8 | 8,1 | 9,3 | 10,2 | 9,4 | 9,6 | |

Изилдөөнүн негизинде жогоруда аталаган шампундардын курамындагы хлоридердин саны стандартка жооп бере тургандыгы аныкталды алардагы хлориддердин саны 6%дан ашпайт. Күнүмдүк жашоодо жогорудагы үч маркадагы шампундарды колдонуу сунушталат.

**Колдонулган адабияттар**


1. Эбель, А.О. Влияние кинетики формирования поверхностного слоя на пенообразующую способность композиций ПАВ / А.О. Эбель и др. // Вест. Казан. гос. технол. ун-т. – Казань, 2005. – 56 с.
2. Адамцевич, Н.Ю. Разработка состава шампуня на основе исследования свойств водных растворов смеси ПАВ / Н.Ю. Адамцевич, Ж.В. Бондаренко // Труды БГТУ. – 2012. – 236-238 с.
3. М.А. Туленбаева., Ж. К. Камалов., Ч. Ш. Исмаилова “Практикум по аналитической химии” [Текст] // для студенттов ВУЗа Б., 2010.
4. Ү. Асанов, Т. Т. Кудайбергенов, К. Р. Рысмендеев “Жалпы химия” ” [Текст] // для студенттов ВУЗа Б., 1998.

## РАЗДЕЛ. ТЕХНИЧЕСКИЕ НАУКИ

**УДК: 532:551.48:621.2:577.4**

**Баялиева Жамиля Аскаровна**
**Кандидат технических наук**
**Кыргызский национальный аграрный университет имени К.И. Скрябина**
**720005, ул. Медерова, 68, г. Бишкек, Кыргызская Республика**

**Имашев Максат Кыдырмышевич**
**Магистрант**
**Кыргызский национальный аграрный университет имени К.И. Скрябина**
**720005, ул. Медерова, 68, г. Бишкек, Кыргызская Республика**

# ОСОБЕННОСТИ СТРОИТЕЛЬСТВА БАССЕЙНА СУТОЧНОГО РЕГУЛИРОВАНИЯ В КЫРГЫЗСТАНЕ

**Аннотация:** *Бассейны суточного регулирования (БСР) — важнейшие инженерно-гидротехнические сооружения водохозяйственной инфраструктуры, предназначенные для регулирования водного режима в пределах суток, аккумулирования притока воды и обеспечения стабильного водоснабжения сельскохозяйственных систем. В Кыргызской Республике строительство, реконструкция и эксплуатация таких объектов находятся в фокусе государственной политики для преодоления сезонного дефицита воды и повышения устойчивости аграрного сектора.*

**Ключевые слова:** *бассейны суточного регулирования, поступающая вода, аккумулирование, глобальное потепление, обьемы воды, водопользование, геологические риски, строительство и эксплуатация.*

**Баялиева Жамиля Аскаровна**
**Техника илимдеринин кандидаты**
**К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети**
**720005, Медеров көчөсү 68, Кыргыз Республикасы, Бишкек**

**Имашев Максат Кыдырмышевич**
**Магистрант**
**К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университети**
**720005, Медеров көчөсү 68, Кыргыз Республикасы, Бишкек**

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ КҮНҮМДҮК ЖӨНГӨ САЛУУ БАССЕЙИНИН КУРУЛУШУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**Аннотация:** *Күндүзгү жөнгө салуу резервуарлары (DRRs) – суу ресурстарын башкаруу инфраструктурасынын маанилүү инженердик жана гидравликалык курулуштары болуп, суу режимдерин бир күндүн ичинде жөнгө салууга, суу агымдарын топтоого жана айыл чарба системаларына туруктуу суу менен камсыздоону камсыз кылууга арналган. Кыргыз Республикасында мындай объектилерди куруу, реконструкциялоо жана эксплуатациялоо сезондук суу тартыштыгын жеңүүгө жана*

*айыл чарба тармагынын туруктуулугун жогорулатууга багытталган мамлекеттик саясаттын негизги багыты болуп саналат.*

**Негизги сөздөр:** *күнүмдүк жөнгө салуу резервуарлары, агып кирүү, сактоо, глобалдык жылуулук, суу көлөмдөрү, сууну пайдалануу, геологиялык тобокелдиктер, курулуш жана эксплуатация.*

**Baialieva Jamila Askarovna**
**Candidate of Technical Sciences**
**Kyrgyz National Agrarian University named after K.I. Scriabin**
**720005, st. Mederova, 68, Bishkek, Kyrgyz Republic**

**Imashev Maksat Kydyrmyshevich**
**Master's student**
**Kyrgyz National Agrarian University named after K.I. Scriabin**
**720005, st. Mederova, 68, Bishkek, Kyrgyz Republic**

## FEATURES OF THE CONSTRUCTION OF A DAILY REGULATION RESERVOIR IN KYRGYZSTAN

**Abstract:** *Daily regulation reservoirs (DRRs) are critical engineering and hydraulic structures of water management infrastructure designed to regulate water regimes within a day, accumulate water inflows, and ensure stable water supply to agricultural systems. In the Kyrgyz Republic, the construction, reconstruction, and operation of such facilities are the focus of state, policy to overcome seasonal water shortages and increase the sustainability of the agricultural sector.*

**Keywords:** *daily regulation reservoirs, inflow, storage, global warming, water volumes, water use, geological risks, construction and operation.*

